Предпринимательская деятельность на современном этапе все больше находится в зависимости от экономической информации. От качества такой информации зависит получение прибыли в результате принимаемых решений, в том числе определения круга клиентов, поставщиков и возможных партнеров. При этом большое значение придается полноте, достоверности и прозрачности информации. Самым значимым источником такой информации являются финансовая отчетность.

В результате своей деятельности любое предприятие осуществляет какие-либо хозяйственные операции, принимает те или иные решения. Каждое такое действие находит отражение в бухгалтерском учете.

В бухгалтерском учете отчетность является его завершающим этапом, на котором происходят обобщение накопленной учетной информации и представление ее в виде, удобном для заинтересованных лиц. Предприятие любой организационно-правовой формы обязано составлять бухгалтерскую отчетность на основе данных синтетического и аналитического учета.

Финансовая отчетность служит одним из важнейших источников информации об условиях и результатах деятельности организации, доступных различным группам пользователей. Однако в полной мере выполнять эту функцию она может лишь в том случае, если отвечает основным качественным характеристикам: достоверности, полноте, существенности, нейтральности.

Финансовая отчетность представляет собой совокупность данных, характеризующих результаты финансово-хозяйственной деятельности предприятия за отчетный период, полученный из данных бухгалтерского и других видов учета. Она представляет собой средство управления предприятием и одновременно метод обобщения и представления информации о хозяйственной деятельности.

Отчетность выполняет важную функциональную роль в системе экономической информации. Она интегрирует информацию всех видов учета и представляется в виде таблиц, удобных для восприятия информации объектами хозяйствования.

Методологически и организационно отчетность является неотъемлемым элементом всей системы бухгалтерского учета и выступает завершающим этапом учетного процесса, что обуславливает органическое единство формирующихся в ней показателей с первичной документацией и учетными регистрами.

Информация о хозяйственных операциях, произведенных экономическим субъектом за определенный период времени, обобщается в соответствующих учетных регистрах и из них переносится в сгруппированном виде в бухгалтерскую отчетность. Такая процедура обобщения учетной информации необходима в первую очередь самому предприятию и связана с необходимостью уточнения, а в ряде случаев и корректировки дальнейшего курса финансово-хозяйственной деятельности конкретного предприятия.

Информации о финансовых отчетах предприятий очень необходимо к внешним пользователям. К пользователям финансовой отчетности относятся инвесторы, работники, заимодавцы, поставщики и прочие торговые кредиторы, покупатели, органы государственного управления, общественность. Они пользуются финансовой отчетностью, чтобы удовлетворить свои различные информационные потребности.

К числу внешних пользователей бухгалтерской информацией, прежде всего, относятся:

-кредиторы, временно предоставляющие компании ссуду в обмен на некий доход (выраженный в процентах или фиксированной сумме); они заинтересованы в информации, позволяющей им определить, будут ли своевременно осуществляться выплаты по кредиту;

-инвесторы, вкладывающие в компанию свой капитал с определенной долей риска в целях получения дохода на него. Инвесторы также нуждаются в информации, на основе которой они будут решать, целесообразно ли покупать, держать на руках или продать свои акции данной компании, анализировать способности фирмы увеличить стоимость акций и выплачивать дивиденды на них.

В соответствии с мировой практикой инвесторы и кредиторы рассматриваются как основные пользователи, в чьих интересах компании обязаны представлять финансовую информацию.

Работники компании и представляющие их группы (профсоюзы) заинтересованы знать следующее:

-стабильность и прибыльность деятельности компании — их работодателя;

-способность предприятия своевременно выплачивать зарплату, производить пенсионные начисления и прочие выплаты и обеспечить трудоустройство.

Руководство компании получает информацию, позволяющую принимать решения по всему спектру вопросов управления фирмой: стратегическое и тактическое планирование, составление смет, управление финансовыми средствами компании в краткосрочном и долгосрочном плане и т.д. Однако, по содержанию и форме представления эта информация существенно отличается от данных, необходимых для оценки прибыльности, финансовой стабильности и других показателей, интересующих инвесторов, кредиторов и других пользователей, непосредственно не занятых управлением компанией.

Задача подготовки информации, как для внутренних, так и для внешних пользователей реализуется в системе бухгалтерского учета — основной информационной системе компании. Обычно различают управленческий и финансовый учет. Управленческий учет охватывает все виды учетной информации, которая измеряется, обрабатывается и передается для внутреннего пользования руководством компании. Руководству компании может

потребоваться внутренняя информация (отчеты), представленная самыми разными способами, наилучшим образом подходящими для внутренних управленческих нужд.

Информация финансового учета для внешних пользователей, заключенная в финансовой отчетности должна быть единообразной, чтобы все участники рыночного процесса понимали ее одинаковым образом. Поэтому составление финансовой отчетности общего назначения - это процесс, жестко регламентированный стандартными принципами и правилами.

Таким образом, информация финансовой отчётности пользуется внешними пользователями, заинтересованными юридическими и физическими лицами: поставщиками, покупателями, настоящими и потенциальными кредиторами, кредитными учреждениями, налоговыми и статистическими органами - а также для экономического анализа в самой организации. В результате бухгалтерские отчёты способствуют информированности служащих об управленческих планах и политике, побуждают работающих в организации действовать в соответствии с общими целями и задачами.

Всё это позволяет конкретизировать цели учёта и отчётности на уровне предприятия, которые в общем можно определить, как оценку:

-платёжеспособности предприятия (обеспеченности его кредиторской задолженности, ликвидности и т. п.)

-рентабельности;

-степени ответственности лиц, занятых хозяйственной деятельностью в рамках предоставленных им полномочий - по распоряжению средствами производства и рабочей силой.

Все эти цели достигаются при помощи информационного моделирования. Наиболее общей моделью, которая оберегает имущество предприятия, его обязательства, и фонды на определенный момент времени, является бухгалтерский баланс, отчёт о прибылях и убытках и некоторые др. формы отчётности документально связывают предприятие с «внешним лицом», т.е. сторонними юридическими и физическими лицами.

Данные финансовой отчётности используются на уровне общества для статистических сводок, сопоставлений, а также для взаимоотношений с бюджетом.

Исходя из финансовой отчётности изменяющееся решения о распределении инвестиционных ресурсов, определяется экономическая политика в регионах, выявляется влияние хозяйственных процессов на социальное положение отдельных членов общества и др. В последние годы в связи с осуществлением рыночных реформ был выполнен ряд методологических и организационных работ, необходимых для внедрения системы национальных счетов (СНС) в учётную практику. Бухгалтерская отчётность формируется в рамках конкретного предприятия на микроуровне.

Освоение государственной программы перехода на международные стандарты в области бухгалтерского учёта и статистики должно обеспечить постепенную разработку наиболее значимых показателей СНС. Хотя СНС возникла намного позднее бухгалтерского учёта, она восприняла его многие общие принципы, например, принцип двойной записи каждой операции, разграничение между активами и пассивами, оценки отдельных статей доходов и расходов и т.д. Эта общность состоит в том, что в конечном итоге целью обеих систем учёта и отчётности является обеспечение информации для принятия решений, связанных с управлением экономикой и повышением её эффективности, хотя и на разных уровнях.

В бухгалтерских отчётах не допускается никаких подчисток и помарок. В случаях исправления ошибок делаются соответствующие оговорки, которые заверяют лица, подписывающие отчёт, с указанием даты исправления.

Одним из непременных требований к бухгалтерской отчётности в рыночной экономике являются её открытость для всех заинтересованных пользователей. Постановлением Правительства от 5 декабря 1991 года №35 установлено, что коммерческую тайну предприятия и предпринимателя не могут составлять: учредительные документы, дающие право заниматься предпринимательской деятельностью. Сведения по установленным формам отчётности и иные сведения, необходимые для проверки правильности исчисления

и уплаты налогов и др. платежей, сведения о численности, составе работающих, их заработной плате и условиях труда, несоблюдении условий труда.

И, кроме того, публикуемая бухгалтерская (финансовая) отчётность подлежит обязательной аудиторской проверке и подтверждению её достоверности независимым аудитором.

Основным нормативным документом, регламентирующим организацию бухгалтерского учёта и отчётности, является Закон Кыргызской Республики «О бухгалтерском учете» от 29.04.02 г. № 76, статьи которого конкретизируются в стандартах, дающих рекомендации о ведении учёта на отдельных его участках по видам операций и специфическим видам деятельности предприятия. К системе нормативного регулирования бухгалтерского учёта и отчётности относится также законодательные акты и решения правительства, затрагивающие вопросы бухгалтерского учёта. К ним относятся: Гражданский кодекс Кыргызской Республики. - Б.: от 08 мая 1996 г. № 15. В соответствии закона КР «О бухгалтерском учете» каждый хозяйствующий субъект в конце отчетного периода должны составить финансовую отчетность. Составление финансовой отчетности общего назначения регламентируется МСФО. Две стандарты МСФО 1 «Представление финансовой отчетности» и МСБУ 7 «Отчет о движении денежных средств» - устанавливают общие принципы составления и представления финансовой отчетности, рекомендации по ее структуре, минимальные требования к содержанию. Компания, финансовая отчетность которой составляется в соответствии с МСФО, должна раскрывать этот факт. Финансовая отчетность не должна представляться как соответствующая МСФО, если она не соответствует всем требованиям каждого стандарта. Недопустимо, чтобы одни статьи отчетности оценивались в соответствии с МСФО, а другие - нет. Это требование не может быть заменено ни раскрытием применяемой учетной политики, ни примечаниями и пояснительными материалами.

Финансовая отчетность, составленная в соответствии с МСФО, как минимум должна содержать:

-бухгалтерский баланс;

-отчет о прибылях и убытках;

-отчет о движении денежных средств;

-отчет о нераспределенной прибыли;

-пояснительную записку к финансовым отчетам.

Отчетный период - период, за который компания должна составлять финансовую отчетность. В соответствии с законом КР «О бухгалтерском учете» это период с 1 января по 31 декабря включительно.

Элементы финансовой отчетности

Финансовая отчетность отражает финансовые результаты операций и других событий, объединенные в широкие категории в соответствии с их экономическими характеристиками. Эти категории называются элементами финансовой отчетности. К элементам финансовой отчетности являются активы, обязательства, капитал, доходы и расходы. Каждому виду финансового отчета соответствуют определенные элементы. Например, балансовым элементам относятся активы, обязательства и собственный капитал. Элементам отчета о прибылях и убытках являются доходы и расходы. Для того, чтобы информация была удобна пользователям для принятия решений, в представляемой финансовой отчетности они могут разбиваться на подклассы. Например, активы могут классифицироваться как текущие и долгосрочные; текущие, в свою очередь, разделяются на денежные средства, товарно - материальные запасы и т.д. Обязательства могут разделяться на краткосрочные и долгосрочные, капитал - на обыкновенные акции и привилегированные. Степень детализации при разделении элементов на классы должна, с одной стороны, отвечать потребностям пользователей информацией, а с другой стороны не создавать излишних, не существенных для данной компании, статей отчетности.

Таким образом, элементами, характеризующими финансовое положение компании, отраженное в бухгалтерском балансе, являются активы, обязательства и капитал.

Элементами, связанными с измерением результатов деятельности в отчете о прибылях и убытках, являются доходы и расходы.

В соответствии МСФО статьи финансовой отчетности должны быть соответствующим образом признаны и оценены.

Термин «признание», применяемый в МСФО, означает процесс включения в финансовую отчетность объекта бухгалтерского учета, который подходит под определение одного из элементов, и отвечает критериям (условиям) признания. Признание состоит в словесном описании объекта, и его отражении в виде денежной суммы в балансе или отчете о результатах финансово-хозяйственной деятельности.

Объект учета, подходящий под определение элемента финансовой отчетности, должен признаваться (то есть включаться в отчетность) если:

-существует вероятность того, что любая экономическая выгода, ассоциируемая с ним, будет получена или утрачена компанией;

-объект имеет стоимость или оценку, которая может быть надежно измерена.

Возможны ситуации, когда статья, которая соответствует одному из критериев признания, может быть не признана вследствие несоответствия другому критерию.

Пример: Компания возбуждает судебный иск против поставщика за убытки на сумму 125 000 с., понесенные компанией вследствие использования в процессе производства непригодных материалов, полученных от поставщика. Ожидаемые поступления от иска подходят под определения актива и отвечают условию вероятности для целей признания. Однако, проблема возникает при оценке величины иска, т. к. судебный иск может быть отклонен или признан судом не в полном размере (например, поставщик докажет, что компания сама заказала непригодный материал, или неправильно использовала его). Такое событие хозяйственной жизни раскрывается в пояснительной записке и в финансовых отчетах не отражается объект учета не признается) до вынесения решения суда и до тех пор, пока не проверена возможность взыскания.

Оценка - это процесс определения денежных сумм, по которым элементы финансовой отчетности должны признаваться и вноситься в баланс и в отчет о прибылях и убытках. Для этого требуется выбрать конкретный метод оценки.

МСФО предусматривает несколько методов оценки, которые применяются к различным объектам учета в разной степени и разной комбинации. Суть этих методов, а также возможность их применения к оценке тех или иных объектов учета определена соответствующими стандартами.

## Литература


1. Закон КР от 29.04.2002 г. №76 «О бухгалтерском учете»
2. Донцова Л.В. Анализ бухгалтерской отчетности. – М.: ДИС, 2011.
3. Бердникова Т.Б. Анализ и диагностика финансово-хозяйственной деятельности предприятия – М.: Инфра – М, 2009.
4. Ефимова О.В. Финансовый анализ. – М.: Бухгалтерский учет, 2010.
5. Ковалева В.В. Анализ хозяйственной деятельности предприятия. – М.: Проспект, 2012.
6. Остапенко В.М., Мешков В.С. Финансовое состояние предприятия: оценки и пути улучшения // Экономист. 2012. №3.
7. Палий В.Ф. Финансово-экономический анализ предприятия. – М.: Финансы и статистика, 2011.

***Кадырбекова Ч.К.,*** *к.э.н., доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Хамзаева А.М.,*** *к.э.н., доцент*
*ОшТУ*
***Абдыганиев У.,*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАРДЫ САНАРИПТЕШТИРӨӨНӨН ЧЕТ ӨЛКӨЛӨК ЖАНА АТА МЕКЕНДИК ТАЖРЫЙБАСЫ

**Аннотация**

Макалада мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн санариптештирүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы изилденди. Изилдөөнүн натыйжасында мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү процесстерин системалаштыруу жана оптималдаштыруу, мындай кызматтарды көрсөтүү жана алуу мөөнөттөрүн жана чыгымдарын кыскартуу жана аларды көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында санариптик платформаларды жана сервистерди кийирүү зарылдыгы негизделди. Мамлекеттик кызматтар системасын санариптештирүүнүн позитивдүү жана негативдүү таасирлери аныкталды.

**Өзөктүү сөздөр**: мамлекеттик кызматтарды санариптештирүү, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ), санариптик технологиялар, санариптик мамлекеттик башкаруу.

**Аннотация**

В статье исследован зарубежный опыт цифровизации государственных услуг. По результатам исследования обоснована необходимость внедрение цифровых платформ и сервисов в целях систематизации и оптимизации процессов предоставления государственных услуг, сокращения сроков и затрат на оказание и получение таких услуг и повышения качество их предоставления. Выявлены позитивные и негативные последствия цифровизации сферы государственных услуг.

**Ключевые слова**: цифровизация государственных услуг, кинформационно-коммуникационные технологии, цифровые технологии, цифровое государственное управление.

Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө адамзаттын жашоо турмушунун бардык тараптарына санариптик технологиялар жигердүү кирип жаткан азыркы шарттарда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн санариптик реформалоо маселеси актуалдуу маселелердин катарына кирди. Санариптик трансформация процесси Кыргызстанда да уланууда. Электрондук технологиялар мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун көтөрүү, экономиканы өнүктүрүү, ачык-айкындуулукту жана сапатты жогорулатуу сыяктуу бир топ артыкчылыктарга ээ.

Учурда көпчүлүк өлкөлөрдө санариптештирүү боюнча улуттук программалар ишке ашырылууда. Улуттук экономикаларды санариптештирүү боюнча алдыңкы өлкөлөргө Кытай, Сингапур, Улуу Британия, БАЭ, Жаңы Зеландия, Эстония, Гонконг, Япония, Израиль, Түштүк Корея, Дания ж.б. кирет. Кытай өзүнүн «интернет плюс» программасында санариптик технологияларды салттуу технологиялар менен интеграциялоодо, Канада Торонтодо ИКТ-хаб түзүүдө, Түштүк Корея «Креативдүү экономика» программасында киши капиталын, ишкердикти өнүктүрүүгө жана ИКТ жетишкендиктерин жайылтууга, ал эми Дания мамлекеттик секторду санариптештирүүгө багыт алууда. Германияда калктын 10% жакыны экономиканын жогорку технологиялуу тармактарында эмгектенип, жогорку технологиялуу долбоорлорду каржылоодо мамлекет чечүүчү ролду ойнойт. Сингапур ИКТ драйвери болуп саналган «Акылдуу экономиканы» калыптандырууда жана жарандардын күнүмдүк турмушуна санариптештирүүнүн кийирүү аркылуу жашоонун сапатын жогорулатууну көздөөдө.

Эл аралык уюмдар тарабынан Санариптик экономика жана социалдык индекс (Digital Economy and Society Index - DESI), Электрондук өкмөт EGDI («E–Government Survey: E–Government for the People» сыяктуу рейтингдер аныкталат. Электрондук өкмөттүн өнүгүү индекси (The UN Global E-Government Development Index) - бул жарандарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү үчүн МКТны пайдаланууга мамлекеттик ттүзүмдөрдүн даярдыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздөгөн комплекстүү көрсөткүч. Аны баалоодо төмөнкү негизги үч түзүүчү боюнча теңдештирилген индекстин негизинде бардык өлкөлөрдүн рейтинги

аныкталат: онлайн кызмат көрсөтүүлөр индекси, телекоммуникациялык инфраструктура индекси жана киши капиталы индекси. Аталган көрсөткүч боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн ичинен биринчи орунда Дания, экинчи орунда Түштүк Корея, үчүнчү орунда Эстония турат [1].

Бүткүл дүйнөлүк банктын мамлекеттик башкарууну санариптештирүү боюнча Gov Tech Maturity Index 2022 рейтингинде алдыңкы үчилтикке Түштүк Корея, Бразилия жана Сауд Аравиясы кирген [2]. Мында мамлекеттик булут жана башка платформалар сыяктуу негизги мамлекеттик системалардын өнүгүү деңгээли мамлекеттик кызматтардын өнүгүүсү жарандар үчүн электрондук сервистердин жеткиликтүүлүгү, санариптештирүү мамлекеттик институттары, инновациялык саясат, стратегиялар жана мыйзамдар, өкмөттүн ачыктыгы сыяктуу индикаторлор бааланат.

Алдыңкы тажрыйбалардын анализи жарандардын жана мамлекеттин ортосундагы электрондук өз ара аракеттенүү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү процессин системалаштырууга жана оптималдаштырууга, аларды көрсөтүүнүн мөөнөттөрүн жана мамлекеттик аппаратты камсыздоого чыгымдарды кыскартууга жана алардын сапатын көтөрүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле калктын мамлекетке болгон ишенимин жогорулатуунун куралы катары кызмат кылат деп тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет экендигин көрсөттү [3].

Кызматтарды санариптештирүү жаатында Эстониянын тажрыйбасы алгылыктуу. Азыркы учурда эстониялык «X-road» маалымат тутуму 20 өлкөдө колдонулуп жатат. Эсептөөлөр Эстониядагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы жыл сайын 1 млрд еврого жана 800 иш мезгилине чейин үнөмдөөгө мүмкүндүк түзөрүн көрсөткөн.

Эстонияда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн 99% онлайн форматта көрсөтүлөт; «X-road» тутумуна 1000ден ашуун коммерциялык уюмдар жана 487 мамлекеттик мекемелер кошулган; 2 600 маалымат кызматтар бар; жылына 1 миллиард өз ара аракеттенүү же маалымат алмашуу жүрөт; жарандарынын 70% интернетти дайыма колдонот.

Кыргызстан үчүн санариптештирүү жаатында ЕАЭБ өлкөлөрүнүн тажрыйбасын иликтөө өзгөчө маанилүү жана илимий жактан кызыгуу жарататат. Россия Федерациясынын ИДПсында санариптик экономика 3,9% түзөт. Бул көрсөткүчтүн АКШ, Кытай, Европа өлкөлөрүндөгү деңгээлинен дээрлик 3 эсе аз [4].

Россия Федерациясында мамлекеттик кызматтар чөйрөсүн санариптештирүүнүн багыттарын укуктук-ченемдик бекемдөө калктын арасында кызматтарды электрондук форматта алууну жайылтуунун фактору болуп калды десек болот. Негизги ченемдик документтерге РФнын өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-апрелинде кабыл алынган №313 «РФнын «Маалыматтык коом» мамлекеттик программасын кабыл алуу жөнүндө» токтомун, РФнын өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-ноябрында кабыл алынган №2036 «РФда 2014-2020-жылдарга жана 2025 жылга чейинки перспективага маалыматтык технологиялар тармагын өнүктүрүү стратегиясын бекитүү жөнүндө» буйругун, РФнын Президентинин 2017-жылдын 9-майындагы №203 «РФда 2017-2030-жылдарга маалыматтык коомду өнүктүрүү стратегиясы жөнүндө» жарлыгын кошууга болот.

РФнын Президентинин «РФны 2024-жылга чейинки өнүктүрүүнүн улуттук максаттары жана стратегиялык маселелери жөнүндө» жарлыгында өлкөнүн социалдык-экономикалык жана илимий-технологиялык өнүгүүсүн, демографиялык өсүүнү, калктын жашоосунун сапатын жогорулатууну, жашоо үчүн комфорттуу шарттарды түзүүнү камсыз кылуу максатында аткарыла турган иш-чаралардын чечүүчү багыттарынын бири катары «экономикага жана социалдык чөйрөгө санариптик технологияларды кийирүүнү ылдамдатуу» каралган. Бул жана башка документтерде санариптик технологиялар экономикалык өнүгүүнүн темптерин ылдамдатуунун жана жарандардын жашоосунун сапатын жогорулатуунун шайманы экендиги белгиленген. «Санариптик мамлекеттик башкаруу» федералдык долбоорун ишке ашыруунун натыйжасында 2024-жылы бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды онлайн жана проактивдүү режимде көрсөтүүгө жетишүү; турмуштук кырдаалдар боюнча 25 санариптик «суперсервистерди»

кийирүү; мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ведомстволор аралык юридикалык жактан маанилүү электрондук документ жүгүртүү менен камтылуу үлүшүн 90%га жеткирүү, жарандардын 60%ынын санариптик өздүгүн тастыктоочу күбөлүк алышы сыяктуу көрсөткүчтөр пландалган.

Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 12-декабрындагы токтому менен «Санарип Казакстан» мамлекеттик программасы бекитилген, аны кабыл алуунун негизги максаты маалыматтык технологияларды пайдалануунун эсебинен экономиканын өнүгүү темптерин ылдамдатуу жана калктын жашоосунун сапатын жакшыртуу, ошондой эле Казакстандын экономикасын өнүгүүнүн жаңы, санариптик экономиканы калыптандырууну камсыздоочу траекториясына өткөрүү үчүн шарттарды түзүү болуп саналат. Программаны ишке ашыруунун 5 негизги багыттарынын арасында «санариптик мамлекетке» өткөрүү, б.а. мамлекеттин функцияларын калкка жана бизнеске кызмат көрсөтүү инфраструктурасы катары өзгөртүп түзүү да бар. Өлкөнү толук санариптик трансформациялоону ишке ашыруу үчүн экономиканын секторлорун санариптик бизнести калыптандыруу максатында санариптештирүү багытында 23 ири долбоор каралган. Изилдөөчүлөр негизги көйгөйлөр катары мамлекеттик кызматтарды электрондук форматка өткөрүү үчүн керек болгон ИТ-адистердин жетишсиздигин, региондор араындагы санариптик теңсиздикти белгилешет. Мамлекеттик кызматтарды оптималдаштыруу жана автоматташтыруу мүмкүнчүлүктөрү Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отурумдарында каралып, анын сунуштамаларынын негизинде 556 мамлекеттик кызматтар боюнча жол карталары бекитилген, 189 мамлекеттик кызмат боюнча бизнес-процесстер оптималдаштырылган, тагыраак айтканда талап кылынган документтердин саны 30%га азайтылып, аларды көрсөтүү мөөнөттөрү 3 эсе кыскарган. 100дөн ашык мамлекеттик кызматтарды алуу жеңилдетилген, аларды бир жолку сыр сөз менен электрондук санариптик колтамгаларды колдонбостон алууга болот. Кызматтарды алуучуну аутентификациялоонун кошумча дагы 2 жолу киргизилген, алар - QR–кодду сканерлөө жана биометрикалык идентификациялоо.

Казакстандын Govmobile мобилдик тиркемесинде 73 мамлекеттик кызмат жана сервис жеткиликтүү, алардын арасынан жарандарды жашаган жери боюнча каттоого алуу, медициналык уюмду бекитүү, үчүнчү жактар тарабынан тактамаларды алуу, ошондой эле психоневрологиялык, наркологиялык жана кургак учукка каршы уюмдардан тактама алуу, дарыгерди үйгө чакыруу жана кабыл алуусуна жазылуу, салыктарды жана административдик жазаналарды төлөө көбүрөөк колдонулууда. Казакстанда 2020-жылы мамлекеттик кызматтардын 90% онлайн форматка которулган [5].

Кыргызстан электрондук өкмөттүн өнүгүү деңгээли боюнча БУУга кирген 193 өлкөнүн ичинен 83-орунду, Ал эми Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичинен 2-орунду ээлеген. Өлкөбүз мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле адам факторун азайтуу жана мамлекеттик органдардагы коррупциялык түзүүчү элементин жокко чыгаруу максатында маалыматтык технологияларды ишке киргизүүгө жогорку маани берип жатат. Мамлекеттик башкарууну санариптештирүүнүн негизги натыйжасы мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды алууда жөнөкөй жарандар жана ишкерлер үчүн шарттарды жакшыртуу болууга тийиш.

Негизги ченемдик документтерге Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 19-июлундагы №127 «Электрондук башкаруу жөнүндө» Мыйзамы, КРнын Президентинин «Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформацияны андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, «Санарип Кыргызстан 2019-2023» концепциясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы № 525 "Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын пайдалануунун эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтому саналат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы № 114 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Жарлыгы менен өлкөнүн санариптик доордо туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылган санариптик трансформацияны ишке ашыруу үчүн ресурстарды бириктирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

караштуу Санариптик өнүктүрүү министрлиги түзүлгөн.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийлик органдарынын жана коммерциялык уюмдардын ортосунда маалыматтарды коопсуз алмашууну камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Түндүк» мамлекеттик мекемеси түзүлгөн. Түндүк" тутуму иш алып барып жаткан программалык камсыздоо Кыргыз Республикасына Эстония тарабынан 2016-жылы берилип, 2016-жылдын 14-октябрында ведомстволор ортосунда пилоттук режимде иштеп баштаган, 2018-жылдын апрелинде "Түндүк" системасы толук кандуу ишке киргизилген. Бүгүнкү күндө бардык мамлекеттик органдар "Түндүккө" туташтырылып, 15 тактама (анын ичинен 10у социалдык жөлөк пул алууну жеңилдетүү үчүн) автоматташтырылган, 205 мамлекеттик органда электрондук документ жүгүртүү системасы ишке киргизилген.

"Түндүк" МИнин сайтынан алынган маалыматтарга таянсак, мекеме өткөн жылы көрсөтүлгөн сервистердин саны 1028, иштетилген транзакциялардын саны 858 млн болуп, мамлекеттик электрондук кызмат порталында колдонуучуларга 1605350 кызмат көрсөтүлгөн (сүрөт).




**Сүрөт. Түндүк электрондук кызматтар порталынын негизги көрсөткүчтөрү**
**Булагы: https://portal.tunduk.kg/ сайтынан скриншот**

Порталда бүгүнкү күндө СПЭУда 148 кызмат бар, анын ичинен 97 ыкчам кызматтар. Эң популярдуу электрондук мамлекеттик кызматтардын катарына Катталган кыймылсыз мүлк жөнүндө маалымат, COVID-19га каршы эмдөөдөн өткөндүгү тууралуу күбөлүк берүү, Нике тууралуу Жарандардын катталган жери боюнча маалымат, Пенсиялык топтоо боюнча маалымат, Камсыздандыруу боюнча маалымат камсыздандырылган адамдын камсыздандыруу төгүмдөрү (эмгек акысы жөнүндө маалымат), Иштеген жеринен маалымкат («е-Кызмат») кирген.

КРнын жарандары мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталынын «Tunduk» мобилдик тиркемесин колдоно алышат, бул онлайн режимде кызмат алуу; кызмат көрсөтүүлөргө арыз берүү; мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга акы төлөө менен электрондук кызмат көрсөтүүлөргө тез жетүү мүмкүндүгүн берет. «Tunduk» мобилдик тиркемеси Play Market жана App Store тиркемелеринде жеткиликтүү.

Республикада бардык айыл өкмөттөрүн «Санарип Аймак» системасына кошуу, билим берүү мамлекеттик органдарын жана социалдык коргоо системасын снариптештирүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу тездик менен жүрүүдө.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө санариптик технологияларды колдонуунун мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжалуулугунун артышы, кызмат көрсөтүүлөрдүн

сапатынын жогорулашы, алардын өз убагында көрсөтүлүшү, стандартташтырылышы, башкаруу чечимдеринин натыйжалуулугунун жогорулашы, жарандарга мамлекеттик жардамдын жеткиликтүүлүгү, убакыт чыгымдарынын бир топ кыскарышы сыяктуу оң натыйжалары олуттуу жана анык экендигине карабастан, окумуштуулар санариптик технологияларды пайдалануу менен кызматтарды көрсөтүүнү кийирүүдө жана ишке ашырууда бир нече олуттуу көйгөйлөрдү белгилешет. Алсак, мамлекеттик кызматтардын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген факторлорго аймактар аралык санариптик теңсиздикти, маалыматтык коопсуздук демамлекеттик кызматтардын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген факторлорго аймактар аралык санариптик теңсиздикти, инновациялык инфраструктуранын жетишсиз өнүгүү деңгээлин, каражаттын жана адистердин жетишсиздигин, маалыматтык коопсуздук деңгээлинин төмөндүгүн, киберкылмыштуулуктун өсүшүн, ведомстволор аралык интеграциянын чабалдыгын белгилөөгө болот [6, 6-б.; 7, 407-б.; 8, 23-б].

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда белгиленген көйгөйлөргө карабастан, санариптик технологиялардын мамлекеттик кызматтарды ишке ашырууну камсыз кылууда, алардын сапатын жогорулатуу жана жалпы эле жашоо деңгээлин жогорулатууда потенциалы жогору экендиги талашсыз.

## Колдонулган булактардын тизмеси


1. Рейтинг стран по уровню развития электронного правительства [Электрондук ресурс]. – Жеткиликтүүлүк режими: https://nonews.co/directory/lists/countries/e-government
2. https://datacatalog.worldbank.org/search/dataset/0037889/govtech-dataset
3. Бородаенко Н.В. Цифровые платформы и сервисы как инструмент цифровизации государственных и муниципальных услуг / Н.В. Бородаенко, Т.П. Монакова // Оригинальные исследования. – 2022. – Т.12. – №1. – С. 26–32
4. Тюшняков, В.Н. Цифровая трансформация процесса предоставления государственных и муниципальных услуг / В.Н.Тюшняков, И.А.Тюшнякова // Фундаментальные исследования. – 2021. – №12. – С. 203–208, с. 205
5. Цифровизация в Казахстане: преимущества перевода государственных услуг в электронный формат [Электрондук ресурс]. –Жеткиликтүүлүк режими: https://www.inform.kz/ru/cifrovizaciya–v–kazahstane–preimuschestva–perevoda–gosuslug–v–elektronnyy–format
6. Эскиндаров М.А., Масленников В.В., Масленникова О.В. Риски и шансы цифровой экономики в России / /Финансы: теория и практика. –2019.–Т.23.–№5(113).–С.6–17
7. Зарафетдинова Э.Р. Развитие систем цифровых услуг в государственном управлении / Э.Р. Зарафетдинова, Т.В. Матягина // Синергия наук. – 2022. – №70. – С. 407–415.
8. Митрофанов В.А., Шахова О.С. Цифровые платформы государственных услуг: проблемы, возможности, иллюзии // Вестник университета. – 2018. – №7. – С. 23–29.

***Омошев Т.Т.,*** *п.и.к., профессор*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Тажибаева Ж.К.,*** *п.и.к., доцент*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Сулайманова Д.К.,*** *э.и.к., профессор*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# ЖАШТАРДЫ АДЕПТӨӨЛӨККӨ ТАРБИЯЛООДОГУ КАРЫМ-КАТНАШТЫН ТААСИРИ

**Аннотация**

Бул макалада психологиялык негиз катары карым-катнаш анын түрлөрү мамилелик негиздер камтылды. Бүгүнкү күндө жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоодо психологиялык аспектилер карым-катнаш, мамиле, жөндөмдүүлүк, мүнөз, темперамент, негизги орунда турат.

**Түйүндү сөздөр:** коммуникация, перцепция, адаптация, вербал, мимика, пантомимика, жест, монолог, диалог, визуал, экстролингвистика, мотив, стресс.

# ВЛИЯНИЕ ВЗАИМООТНОШЕНИЯ В ВОСПИТАНИИ НРАВСТВЕННОСТИ МОЛОДЕЖИ

**Аннотация**

В данной статье в качестве психологической основы общения включены его виды релияционных основы. Сегодня психологические аспекты общения, отношения, способности, характер, темперамент играют ключевую роль в воспитании нравственности подрастающего поколения.

**Ключевые слова**: коммуникация, перцепция, адаптация, вербал, мимика, пантомимика, жест, монолог, диалог, визуал, экстролингвистика, мотив, стресс.

# THE INFLUENCE OF RELATIONSHIP IN THE EDUCATION OF MORALITY OF YOUTH

**Annotation**

This article includes its types of relational basis as the psychological basis of communication. Today, the psychological aspects of communication, relationships, abilities, character, temperament play a key role in educating the morality of the younger generation.

**Key words:** communication, perception, adaptation, verbal, facial expressions, pantomime, gesture, monologue, dialogue, visual, extralinguistics, motive, stress.

Жаштарды бугүнкү күндүн талабына ылайык тарбиялоо үчүн инсандык сапаттарга калыптандыруу маселеси келип чыгууда.

Адамдын калыптагышында жаштарды инсан катары тарбиялоодо мамиле түзүү, карым-катанаштын негизги аспектилерин тарбиялоого камтуу маселелери актуалдуу бойдон калууда .

Адамдардын карым-катнашы дифференциалдык мүнөзгө ээ. Ар бир жеке адам түрдүү сандагы адамдар менен катнашып, түрдүү байланышта болуп ишмердүүлүккө ээ болушат. Карым-катнашка болгон муктаждык эрте жаштан башталат. Бала ымыркай курактан баштап эле карым-катнашка муктаж болот жана алгачкы күндөн эле ата-эненин көңүл буруусун талап кылат. Психологиялык изилдөөлөр боюнча бала эмоционалдык контактан ажыраса өнүгүү этабынан ажырай башталарын далилдешкен.

Ал эми  чоң адамдар бала менен төрөлгөндөн баштап карым-катнашын үзсө баланын психикасына терс таасирин тийгизет. Адам чөйрөнүн таасиринде оң жана тес сапаттарга ээ болот. Германиялык окумуштуу М.Меде өспүрүм балага эксперимент жүргүзгөн.

Экспериментте өспүрүмдү жалгыз отургузуп токко болгон “чыдамдуулугун” аныктоо максаты коюлган. Токтун күчү өспүрүм чыдаганга чейин көбөйтүлүп, ал чыдай албай калган учурда жанына бейтааныш балагы  чакырганда баланын көңүлү бир аз алаксып калган. Эксперименттин экинчи этабында жанына досу чакырылган бул мезгилде токко болгон чыдамдуулук  30% га жогорулаган.

Адам башка адамдар менен тыгыз мамиледе болгондо өзүн аларга салыштырат, алардай болууга же алардын оң сапаттарын өздөштүрүүгө аракеттенет.

Жаштар карым катнаштын негизги аспектилери болгон коллектив группа, микрогруппаларда обьективдүу субьективдүу шарттарда калыптанышат.

Карым–катнаштын эрежесине кайрылып кетсек:

Карым-катнаш-адамдык мамилелерди чындыкка айланышын туюндурган түшүнүк. Ал адамдардын жылуулукка, тамакка, активдүүлүккө, коопсуздукка болгон кеңири түшүнүк болуп эсептелет.

Карым-катнаштын табиятын А.С.Выготский, С.Л.Рубинштейн, А.Н.Леонтьев жана башка психологдор ар түрдүу изилдешкен.

Алар карым-катнашты “билдирүү” “ички сезимди түшүнүү” ”өз ара аракеттенүү” “өз ара аракеттенүү” “бири бирин түшүнүшүү” жана башка каражаттар менен негиздеп түшүдүрүшкөн.







КАРЫМ-КАТНАШТЫН КАРАЖАТТАРЫ
Карым-катнаштын каражаттары – бул карым-катнашты ишке ашыруучу инструменттер.
Алар 2 топко бөлүнөт:
Вербалдык каражаттар (сөз жана кептин жардамы менен ишке ашат).
Вербалдык эмес каражаттар (кыймыл-аракет, мимика, пантомимика, жест аркылуу ишке ашат).


КАРЫМ-КАТНАШТЫН ТҮРЛӨРҮ
Коомдук баарлашуу же карым-катнаш (общественное общение).


КАРЫМ-КАТНАШТЫН КАРАЖАТТАРЫ
Вербалдык каражаттарга төмөндөгүлөр кирет: диалог, монолог, жазуу.
Вербалдык эмес каражаттарга: визуалдык, акустикалык, ольфактордук, экстралингвистикалык каражаттар кирет.


КАРЫМ-КАТНАШТЫН КАРАЖАТТАРЫ
Вербалдык эмес баарлашуунун ольфактордук каражаттарына адамдын жана айлана-чөйрөнүн жыттары тиешелүү.
Вербалдык эмес баарлашуунун акустикалык каражаттарына үндүн бийиктиги, темпи, тону, ритми, интонация, пауза, дикция кирет.
Вербалдык эмес баарлашуунун экстралингвистикалык каражаттарына күлүү, ыйлоо, жөтөлүү, үшкүрүү кирет.


КАРЫМ-КАТНАШТЫН КАРАЖАТТАРЫ
Вербалдык эмес баарлашуунун визуалдык каражаттары: баштын, дененин кыймылы, поза, аралык, жеке мейкиндик, визуалдык контакт, кызаруу, тердөө, кубарып кетүү, жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөр, сырткы келбет, кийген кийими, макияж, чач жасалгасы, тамеки, очки, татуировка, сакал ж.б.


КОММУНИКАЦИЯ
Коммуникация – бул инсандар ортосунда өз ара маалымат алмашуу.

Албетте, тилди экинчи тил катары үйрөтүүнүн өзү балага башка элдин маданиятын үйрөтүү менен барабар, анткени тил- элдин маданиятын алып жүрүүчү каражат, ал аркылуу балдар элдин духун, маданиятын кабыл алат. Ошону менен катары, тилди экинчи тил катары окутууда практикалык максат алдыга чыгат . Тилди практикалык жактан үйрөтүүнүн өз да маданият аралык баарлашуу (коммуникация) маданиятынын негиздерин үйрөтүү менен барабар.

Чийме менен түшүндүрүп көрөлү:




Демек, тил үйрөтүп жатып, сабакта мугалим түрдүү улут өкүлдөрү болгон балдарды улут аралык, маданият аралык, байланышуу маданиятына үйрөнүүнү ишке ашырат экен.

1954-жылы американлык окумуштуулар Э.Холла менен Д.Тратердин “Культура как коммуникация” аттуу китеби жарык көргөн . Авторлор бул китебинде биринчи ирет “**Маданият аралык коммуникация”** деген терминди сунуш кылышкан. Алардын оюу боюнча “маданият аралык баарлашуу – бул, адамдар арасындагы өзгөчөлүү көрүнүш”. Бул идея кийинчерээк Э.Холланын “Не мой язык” (1959) аттуу белгилүү китебинде андан ары өркүндөтүлүп , маданият менен коммуникациянын ( баарлашуунун, мамилешүүнүн , сүйлөшүүнүн) тыгыз байланышын абдан ачып көрсөтүптүр. Адамдын маданияты менен крммуникациясынын байланышы туурасындагы идеясын өркүдөтүү менен окуумуштуу баланы сөзсүз түрдө маданиятка үйрөтүү зарылдыгын көрсөтүп: “эгер маданият үйрөтүүгө боло турган нерсе болсо, анда ал окутула турган нерсе”- деп жазган экен. Ошентип, Холл алгач ирет маданият аралык баарлашуу идеясын илимий изилдөөнүн объектиси эмес, өз алдынча окуу катары да сунуш кылынган .

Чындыгында Америкада бул идея турмушка ашуу жолуна 1960-жылдан аша баштаган, адегенде ал атайын окуу предмети катары ЖОЖдордо окутула баштаган. Бара-бара маданият аралык баарлашууга үйрөтүүнүн мазмуну такталып. тереңдей баштайт да, улут аралык маданиятынын практикалык үйрөтүү башталат.

Жаштарды тарбиялоодо карым-катнаштын таасири чоң жана анын негизинде ыймандуулукка адептүүлүккө багыт берилет.

## Колдонулган адабияттар

1. Адам психологиясы .К.Миңбаев. ОШ 2000.
2. Социальная психология. Г.М.Андреева.
3. Хрестоматия по психология. М, Проссвещение, 1977.
4. Курс лекций по психологии Ковалев В.Г М.Педагогика 1977.
5. Соковин В.М. о природе человеческого обшение.

***Нурдинова Ж.Д.**, ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Мамбеталиева Г.М.**, ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Чыныбек кызы А.**, магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН МААНИСИ

**Аннотация**

Бул макалада азыркы кезде эң зарыл болгон тарбиялардын бири эстетикалык тарбия жөнүндө жана анын коомдун өнүккөн,руханий жактан бай инсандарын тарбиялоодо орду чоң экендигине көнүл бурдуруу менен, кенже класстын балдарына тарбия берүү экендигине токтолгум келди. Макаланын негизги өзөгүн кенже класстын балдарына сабактан тышкаркы учурда курчап турган жаратылыштын ар түрдүү мисалында эстетикалык сулуулукту көрө билүүсүнө, ага аяр мамиле жасоо менен жан дүйнөсү таза инсанды калыптандырууга болорун ,коомдун келечегин түзүүдө руханий жактан бай, мекенин сүйгөн патриот инсандарды тарбиялоо болорун ачып көрсөтүлдү. Эстетикалык тарбиянын башка багыттарынын ичинен курчап турган дүйнөнү окутуу менен сабактан тышкаркы убакта балдарга ушул тарбия берүүнү колго алуу, келечектеги өлкөбүздүн эн сонун жарандарын калыптандууга болоорун айткым келди.

**Негизги сөздөр:** эстетикалык тарбия, инсан, кенже класстын окуучулары, жаратылыш, сулуулук, класстан тышкаркы иштер.

# ЗНАЧЕНИЕ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЯМ НАЧАЛЬНОГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

**Аннотация**

В этой статье речь идет о воспитании детей младшего школьного возраста, уделяя особое внимание тому факту, что в настоящее время одним из наиболее необходимых видов воспитания является эстетическое воспитание и что оно играет важную роль в воспитании развитых, духовно богатых личностей общества. Основное внимание в статье уделено тому, чтобы дети младших классов во внеурочное время могли видеть эстетическую красоту на различных примерах окружающей их природы и бережным отношением к ней можно было сформировать духовно богатых, патриотов любящих свою родину личностей будущего общества. Среди других направлений эстетического воспитания я хотел бы отметить, что, обучая окружающий мир и занимаясь этим воспитанием детей во внеурочное время, можно формировать прекрасных граждан нашей страны будущего.

**Ключевые слова:** эстетическое воспитание, личность, младшие школьники, природа, красота, внеурочные работы.

# THE IMPORTANCE OF AESTHETIC EDUCATION IN PRIMARY SCHOOL

**Annotation**

This article deals with the education of primary school children, paying special attention to the fact that currently one of the most necessary types of education is aesthetic education and that it plays an important role in the education of developed, spiritually rich personalities of society.

The main attention in the article is paid to the fact that the children of the lower grades during extracurricular time could see the aesthetic beauty on various examples of the nature surrounding them and by careful attitude to it it was possible to form spiritually rich, patriots loving their homeland personalities of the future society. Among other areas of aesthetic education, I would like to note that by teaching the world around us and doing this education of children outside of school hours, it is possible to form wonderful citizens of our country of the future.

**Keywords:** aesthetic education, personality, primary school students, nature, beauty, extracurricular activities.

Бүгүнкү күндө коомдун эстетикалык жана руханий жактан өнүккөн инсанга болгон муктаждыгынын өсүшү менен коомубуздун азыркы абалынын ортосундагы карама-каршылыкты чечүү зарылдыгы келип чыгууда. Мындай зарылчылыкты чечүүдө эстетикалык тарбия берүү маанилүү ролду ойнойт. Адамдын дүйнөгө болгон эстетикалык мамилеси өмүр бою калыптанат жана өнүгөт. Бирок, эстетикалык өнүгүү үчүн бардык жашоо мезгилдери бирдей мааниге ээ эмес. Көптөгөн педагогдор кенже мектеп курагында эстетикалык тарбиянын өзгөчө маанисин көрсөтүшкөн. Бул курактагы балдардын өзгөчөлүктөрү алардын

эстетикалык маданиятынын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Акыркы изилдөөлөр көрсөткөндөй, окуучулардын эстетикалык өнүгүүсүндөгү кемчиликтер көбүнчө орто жана орто мектепте системалуу иштөөдө да орду толгус. Эстетикалык билим берүү тарбиялоонун маанилүү компоненти болуп саналат. Ал сулуулукту жана гармонияны кабылдоо аркылуу эстетикалык сезимдерди, кызыкчылыктарды жана табитти өнүктүрүүнү камтыйт. Эстетикалык сезимдер эстетикалык таасирлердин тажрыйбасы аркылуу калыптанат (мисалы: ырахаттануу, толкундануу ж.б.). Эстетикалык сезимдер ар кандай формада болот. Сезимдердин булагы баарынан мурда искусство чыгармалары: адабият, живопись, музыка жана башкалар. Жана дал ушул искусство аркылуу адамзаттын руханий тажрыйбасын өткөрүп берүү, муундар ортосундагы байланышты калыбына келтирүүгө салым кошкон негизги нерсе болуп саналат.

Маанилүү нерсе, искусство баланы зордук-зомбулук жана ырайымсыздык идеяларынын таасиринен коргогон "коргоочу кур" катары иштейт. Искусство окуучуларда курчап турган дүйнөнүн толук сүрөтүн түзүүгө жардам берет, ар кандай турмуштук кырдаалдарда туура чечим кабыл алууну жеңилдетет. Эстетикалык билим берүү жана билим берүү педагогикадан билимди, көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү өнүктүрүү педагогикасына өтүүдө өзгөчө маанилүү ролду ойной баштайт. Эстетикалык принцип окуучулардын жашоосунун бардык тарабын камтыйт жана алардын окуу процессинде ролу чоң экендигин билебиз. Адамдарга эстетикалык билим берүү боюнча ар кандай себептердин таасири педагогиканын эстетикалык билим берүү теориясы жана практикасы боюнча көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденген. Эстетикалык тарбия берүү теориясын иштеп чыгууга М.А.Верб, С. А. Герасимов, Д.Б. Кабалевский, Б. Т. Лихачев, С. С. Макаренко, В. А. Сухомлинский жана В. Н. Шацкий жана башка педагогдор чоң салым кошушкан. Демек эстетикалык билим берүү маселелери педагогикалык иш жүргүзгөн адистердин кызыгуусун жаратып келет. Мисалы, П. Л. Каптерев педагогикалык эмгектеринде адамдын эстетикалык өнүгүүсүнүн табиятынын маңызын ачып берген. Анын ою боюнча "Эстетикалык таасирлердин өткөргүчтөрү болуп тышкы сезүү органдары кызмат кылат, башкача айтканда сезүү органдарынан башка эч нерсе тышкы сулуулукту кабыл албайт. Демек, баланын алгачкы өнүгүүсүнүн маанилүү жагы-бул сезүү органдарынын өнүгүшү болуп эсептелет»деген. Балдарга эстетикалык тарбия беруу иш аракетинде - эстетикалык билим берүүнү баланы окутуп тарбиялоо,өнүктүрүү үчүн жумшалган башка аракеттерден бөлүп кароого болбойт. Баланын эстетикалык өнүгүүсү сезүү органдарынын өнүгүү процесстери, акыл-эс жана адеп-ахлактык өнүгүү менен бирге болушу керек. Ошону менен бирге, адам рухунун башка аспектилеринин өнүгүшүнө көңүл буруу керек. Буга балдардын жаратылышка карата таасирленүүсүн ойготуу, жаратылыштан ырахат алуу жөндөмүн ойготуу өбөлгө түзөт.

Дегеле "Эстетикалык тарбия" деген эмне , ал кандай түшүнүк дегенге кайрылалы. Эстетикалык тарбия берүү-бул, биринчи кезекте жаратылыштагы, эмгектеги, коомдук мамилелердеги кооз нерселерди эстетикалык идеалдын позициясынан кабыл алууга жана баалоого, ошондой эле эстетикалык ишмердүүлүккө болгон муктаждыкты сезүүгө жөндөмдүү чыгармачыл активдүү инсанды калыптандыруу болуп эсептелет. Эстетикалык билим берүүдө окуучулардын чындыгында кооз нерсе искусстводогу кооздуктун булагы экендигин, ал эми дүйнөгө болгон эстетикалык мамиле сулуулуктун мыйзамдары боюнча чыгармачылыкка умтулуу экендигин түшүнүүсүнө жетишүү өтө маанилүү. Туура уюштурулган эстетикалык тарбия окуучунун өзүн-өзү актуалдаштырууга, инсандын ар тараптуу жана эркин өнүгүүсүнө кеңири мүмкүнчүлүк берет. Эстетика-инсандын тышкы дүйнөнү көркөм өздөштүрүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөчү илим. Эстетика чындыкты кабыл алуунун жана трансформациялоонун маңызын жана формаларын, коомдун өнүгүшүндөгү искусствонун ролун кененирээк сүрөттөйт. Эстетикалык мектептеги билим берүүнүн максаты-сулуулукту кабылдоого жана түшүнүүгө үйрөтүү. Дени сак инсан чыныгы сулуулук менен көрксүздүктү айырмалай алат, гармониялуу өнүккөн адам курчап турган дүйнөдөгү сулуулукту байкап, ага кайдыгер калбайт. Дал ушул жөндөмдөрдү балдарда өстүрүү маанилүү. "Эстетика" түшүнүгүн 18-кылымдын ортосунда илимий колдонууга

киргизген немец философ-агартуучусу Александр Готлиб Баумгартен (Эстетика, 1750) болгон. Грекчеден которгондо сезимталдык, сезимталдык кабыл алуу дегенди түшүндүрөт. Баумгартен эстетиканы оз алдынча философиялык илим деп бөлүп караган. Орус окумуштуусу Д.Б.Лихачев эстетикалык тарбияны ушундайча аныктаган: «Бул сулуулукту кабылдоого, сезүүгө, баалоого жана көркөм баалуулуктарды жаратууга жөндөмдүү чыгармачыл инсанды калыптандыруунун максаттуу процесси» деген. Бул аныктама жетилген инсанга тиешелүү аныктама, бирок, жаш курагы жетилген гана адамдар эмес башталгыч мектепте, ал тургай, жаш курактагы балдар дагы айлана-чөйрөнун, жаратылыштын кооздугун көрүп ага таасирлене алат.

Эстетика боюнча кыскача сөздүктө эстетикалык тарбия берүү - адамдын жашоодогу, жаратылыштагы жана искусстводогу кооз жана улуу нерселерди кабыл алуу, туура түшүнүү, баалоо жана жаратуу жөндөмүн өркүндөтүү жана өркүндөтүүгө багытталган иш-чаралардын тутуму катары каралат. Тарбиянын бул түрү жөнүндө көптөгөн аныктамалар бар, демек бул тарбия бир гана калыптанган инсанга гана тиешелүү болбостон, жаш жеткинчектер, мектеп жашындагы балдардын өнүгүүсүнө да таасир этүүчү негизги тарбиянын түрү болуп саналат. Эстетикалык тарбиянын көп багыттары бар.Алардын бири курчап турган дүйнөнүн эстетикасы. Эстетиканын бул түрү баланы курчап турган жана ал дайыма байкай турган дүйнө. Баланын жашоосунун алгачкы жылдарынан баштап мектепте гана эмес, үйдө да күнүмдүк жашоодо да жаратылыштын эстетикасына көңүл буруу керек. Бул деген балдардын кооз нерселерге сезимтал мамиле жасап, аларга ээ болгусу келгендигине байланыштуу. Курчап турган дүйнөнүн эстетикасын эстетикалык тарбиялоонун каражаты кылган үч эреже бар: сулуулукта жашоо, сулуулукту байкоо, айланадагы сулуулукту сактоо жана ошол сулуулукту өз айланасына жасоо же түзүү.

Ошондуктан, башталгыч класстын балдарына билим ,тарбия берүүдө алардын айлана – тегерегиндеги чөйрөнү түзүү өтө чоң мааниге ээ экендигин эске алышыбыз керек деп ойлойм. Башкача айтканда баланын чөйрөнүнүн эстетикасын сезе билүү сезимин өрчүтүү педагогикалык процессти жүргүзүүнү жакшыртат.

Башталгыч мектеп- бул кенже мектеп курагы окуу мезгилине туура келген калыптануу мезгили. Мектепке жаны келген кенже мектеп окуучусу таптакыр башка адамдардын мамилелер тутумундагы мейкиндикке келет, ал окуу,билим алуу менен байланышкан түздөн-түз милдеттерди алат жана өз алдынчалуулукка көнө баштайт.

Окуучунун аң-сезиминде конкреттүү адеп-ахлактык , жүрүм-турумдук эталондор коюлат, ал алардын маанисин жана зарылдыгын түшүнө баштайт. Адамзаттын айланасында жаратылыштын кооздугун сезүү жаш өспүрүмдөрдө өзгөчө эмоционалдык-психикалык абалдарды, жашоого конкреттүү көңүл буруу, кызыгуу, ойлонуу, эс тутум касиеттерин курчутат.Тарбиянын бул түрүн берип, окуучулар эстетикалык жактан тарбияланган инсан болушунда тарбия берүү институту катары мектептин милдеттери кандай экендигин талдап көрөлү. Менин оюмча, мектептин негизги милдети билимдүү,руханий жактан бай, камкор, боорукер адамды тарбиялоо болуп эсептелет. Мектеп окуучуларынын билимди өздөштүрүүсү албетте анын коомдо ийгиликтүү өнүгүшү үчүн, ой жүгүртүүсү үчүн да зарыл. Эстетикалык тарбия инсандардын руханий резервдерин ачуунун маанилүү каражаты катары аныктайбыз.Азыркы кезде башталгыч класстын мугалими үчүн бул миссияны аткаруу оңой эмес. Ошондуктан мугалим ал миссияны аткаруу үчүн өтө чоң мээнет жана аракет кылуусу керек,анткени жаш муунга туура тарбия берүүдөн өлкөнүн келечеги көз каранды.Эстетикалык тарбия берүүнүн негизги приоритеттүү факторлорунун бири болуп искусство да эсептелинет, анткени анын тарбия берүүдө чон таасир этүү күчү бар. Бул тарбия балада эмоционалдык чөйрөнү, образдуу ой жүгүртүүнү, көркөм жана чыгармачылык жөндөмдү калыптандырат. Кенже мектеп курагы-бул онтогенездин эмоционалдуулук, элестүү ой жүгүртүү, чыгармачыл элестетүү мезгили болуп саналат.

Бул мезгил мектеп окуучуларынын физикалык, психикалык, инсандык өнүгүүсү үчүн өтө маанилүү, себеби ошону менен калыптанган инсандын ишенимдүү келечеги чагылдырылат.Искусство дүйнөсүндө кенже класстын окуучулары өздөрүн нукура

кадимкидей сезишет башкача айтканда алар өз сезимдер, каалоолорун, кыялдарын эркин билдиришет, ички карама-каршылыктарды, деструктивдүү эмоцияларын чече алышат жана көркөм жана музыкалык жөндөмүн өрчүтө алат. Искусствонун керемет күчү улуу-ал ден соолукту чыңдоочу күчкө ээ. Ушуга байланыштуу биз башталгыч мектепте эстетикалык тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн салттуу көз караштарын кайра карап чыгуу жана кеңейтүү максатка ылайыктуу деп эсептеймин. Мектептерде музыка, сүрөт, кол эмгек сабактарына көбүрөөк көңул буруп,ар түрдүү чыгармачылык кружокторду жандандыруу керектигин баса белгилегим келет. Мисалы жаш жеткинчектерди ырдатуу,бийлетүү алардын көздөрүнөн канчалык бактылуулук сезимдерди жаратканын байкасак болот. Ошондой эле ар түрдүү кружокторго катышкан балдарда өздөрүнө болгон ишеним күчөйт жана чон адамдар, өз теңдүү курбу-курдаштары менен мамиле түзүү мүмкүнчүлүктөрү ачылат.Бул сапаттар жаш жеткинчектин жетүүлүүсү үчүн өтө чоң мааниге ээ экендигин айткым келди.

Ошондой эле кенже мектеп окуучуларынын көркөм табитин калыптандыруу үчүн балдарды жаратылыш чөйрөсүнүн эстетикасы менен максаттуу жана системалуу тааныштыруу керек. Ал үчүн балдарга жандуу жана жансыз жаратылыштын объектилерине сабактан тышкаркы учурда байкоо жүргүзүүнү уюштуруп, эстетикалык билим берүүнүн мазмунун ачып көрсөтүүгө болот.

Сабактан кийинки же сабактан тышкаркы байкоолор жеткинчектерге жаратылыштагы коoздуктун чоң спектрин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Биринчи кезекте-бул, албетте, гүлдөр жана жалпысынан өсүмдүктөрдүн гүлдөшү. Мунун баарын жылдын жаз-жай мезгилинде байкоого болот.

Гүлдөр илгертен бери жаратылыштын эң сонун предмети деп эсептелген. Атактуу окумуштуу Карл Линней атүгүл убакытты бир саатка чейин аныктай турган гүл саатын да жараткан. Анда окумуштуу гүлдөрдүн так ачылуу убактысына карап отургузуп,эн сонун композиция жасаган. Балдар гүлдөрдү байкоо менен жапайы жаратылыш жөнүндө билим гана албастан, өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен гүлдөрдүн ар түрдүүлүгүн көрө алат. Демек бул нерсе менен жаратылыштын элементтери кандай кооз жана сулуу экендигин көрсөткөн.

Мектеп практикасында ар кандай өсүмдүктөрдүн гүлдөшүнө байкоо жүргүзүүнү колдонсо болот. Белгилүү болгондой, алгач ак гүлдүү өсүмдүктөр гүлдөйт, андан кийин спектр сары, андан кийин көк. Балага белгилүү бир спектрди байкоо тапшырмасын берүү менен анын белгилүү бир өсүмдүктөр жөнүндө билимин кеңейтүүгө жана системага киргизүүгө болот, ошондой эле бул баланын курчап турган дүйнөгө эстетикалык көз карашын калыптандыруунун натыйжалуу жолу. Мисалы, бала менен "сары" бакча түзсө болот. Сары палитра үчүн мындай гүлдөр: нарцисс, ирис, күн карама жана хризантема жакшы жарашат. Бул түстөрдүн негизинде карталарды жасоо жана "сары түстөгү спектрди алуу үчүн гүлдөрдүн катарын толуктаңыз"деген тапшырманы сунуштоого болот. Ошондой эле, бир түстөгү, бир түрдөгү, бирок ар кандай сорттогу өсүмдүктөрдү өстүрүү менен дагы эстетикалык тарбия берүүгө жетишүүгө болот.

Гүлдөр гүлдөгөн жерде сөзсүз түрдө чаңдаштыруучу курт–кумурскалар бар. Гүлдөрдүн сулуулугу көпөлөктөрдүн сулуулугу менен салыштырууга болот. Көпөлөктөрдүн мисалында, биринчиден, табияттагы симметрияны, экинчиден, курт–кумурскалардын түркүн түсүн көрсөтсө болот, бул да баланы эстетикалык тарбиялоодогу кадам болуп саналат. Көпөлөктөрдү байкоо менен Кенже класстын окуучусу сулуулукту жана назиктикти көрө алат, жаратылышка тыкан жана сарамжалдуу болууга үйрөнөт.

Кийинчерээк, байкоолордон кийин бала жаратылышта байкаган түстөрдү кайра жаратышы үчүн симметриялуу жасалгалоо ыкмасын колдонсо болот. Бул үчүн балдарга жарымы гана боелгон көпөлөктүн сүрөтү берилет, экинчи жарымын өздөрү боеш керек.

Эстетикалык тарбияны жансыз жаратылышты байкоолорунун натыйжасында да жүргүзүүгө болот. Мисалы, жамгырдан кийинки Асан-Үсөндүн пайда болушу, өз аймагындагы суулуу өзөндөргө тигилип кароо менен анын жаркыраганын көрүү. Сууну узак убакыт бою көз чаптырбай караса болот жана бул чындык, анткени суунун үстүнкү ташкыны,ар бир шагыл көрүнүп турган таза, тунук суу баланын көңүлүн буруп, анын жан

дүйнөсүндө эң жагымдуу сезимдерди көпкө калтыра алат. Ошол сезимдерин балдар байкоо күндөлүктөрүнө жазышып жана фотосүрөттөр аркылуу сактап калууа болот.

Чынында эле Чыгыш өлкөлөрүнө кайрылсак, мисалы Япония өлкөсүндө башталгыч мектепте эстетикалык тарбия берүү курчап турган дүйнөнүн кооздугуна ой жүгүртүү аркылуу сиңирилгенин байкайбыз. Назик кызгылт гүлдөр менен капталган бутактары менен белгилүү жапон сакурасы Японияда сулуулуктун символу болуп саналат.

Жапондор курчап турган жаратылышка байкоо жүргүзүүнүн негизинде философияга жана тарбияга көп көңүл бурушат. Эгерде биз алардын тажрыйбасын өлкөбүзгө которууга аракет кылсак, анда байкоо жүргүзүү аркылуу мектеп окуучуларына эстетикалык тарбия берүүдө ийгиликке жетебиз. Биз балдар менен бирге өрүк же алма бактарынын гүлдөрүнүн акырындык менен гүлдөшүн байкай алабыз. Бул учурду гүлдөрдүн улам ачылышын алар суротко тартып же камерага тартып алса , акырында өтө сонун палитра же видео жаралат.Иштин аягында биз гүлдөрдүн толук циклинин даяр сүрөтүн алабыз, бул өзүнчө сонун көрүнүш. Эгерде бул нерсе баланын өзүнүнүн аракети менен жасалса , анда курчап турган дүйнөнүн бул сүрөттөрү анын жан дүйнөсүндө кандай гана сонун из калтырганы, анын сезимдери кандайча козголгону жөнүндө өтө коп сөз кылууга болот.

Ошентип, курчап турган дүйнө менен таанышуу процессинде башталгыч класстардын окуучуларын эстетикалык тарбиялоо үчүн жандуу жана жансыз жаратылышка ар кандай байкоолорду, экскурсияларды өткөрүүнү, жандуу жаратылыштын бурчунда иштөөнү ж. б. колдонсо болот деген тыянак чыгарууга болот.. Бирок, биздин мектеп окуучулары жашаган аймактын өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек, бул Мекенибиздин жаратылышынын кооздугун "ачууга" жана натыйжада ага аяр мамиле кылууга өбөлгө түзөт.

Демек мен макаламдын аягында муну менен эмнени айткым келди, жаш жеткинчектерге эстетикалык тарбия берүүдө балдарды искусство дүйнөсүнө аралаштыруу керектигин, көркөм сүрөт, музыка,бий, театр,кол эмгек жана башка эстетикалык сезим жаратуучу сабактарды көбөйтүү,класстан тышкаркы сабактарды да көңүл чордонуна алып, айлана-чөйрөгө балдардын көңүлүн бурдуруу менен,аларда жаратылышка болгон сүйүү сезимин ойготуу, ага аяр мамиле жасоо жана келечекте жан дүйнөсү таза,сулуулукту сезе билген, көрө билген инсанды тарбиялоого болот дегим келди. Бул учун башталгыч класстын мугалиминин орду өтө чон жана мугалим өзү балдарга ушундай тарбия берүүдө жана сезимдерди жаратууда сезимтал жана жаратман болушу керек. Ошону менен бирге балдарда Мекенине болгон сүйүүнү калыптандыруу, патриоттуу жана өлкөсү үчүн жан аябас инсандарды тарбиялоого болоруна ишенем.

## Колдонулган адабияттар


1. Бабаев Д., Акматов К. Педагогика Бишкек 2017
2. Лихачев Б.Т. Теория эстетического воспитания школьников. – М., 1985.
3. И.А. Кушаева Основы эстетического воспитания / Под. Ред.. М., 1986
4. Т.С.Комарова Школа эстетического воспитания 2009
5. И.Подласый Педагогика . Книга 3. 2022

***Куватов А.,*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФЕРГАНА ӨРӨНҮН ЧЕК АРАЛАРЫН ДЕЛИМИТАЦИЯЛОО ЖАНА ДЕМАРКАЦИЯЛООНУН УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын чек ара мыйзамдарын талдоого, кошуна өлкөлөр менен мамлекеттик чек ара масеселерин чечүүнүн укуктук жагдайларын белгилөөгө көңүл бурулган.

Бул кошуна өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелердин ажырагыс бөлүгү, аймактык дооматтарды чек аралардагы араздашууну жоюу үчүн негизги шарттардын бири, чек араларды аныктоо жана андан кийин чек ара линияларын белгилөөнү аяктоосу болуп саналат. Мамлекеттин жана жарандарыбыздын кызыкчылыктарын коргоо үчүн мамлекеттик комиссия түзүлгөн, ал толугу менен делимитация жана деморкация иштери так аткарылса гана максатка жете алышы белгиленди.

Макалада авторлор негизги принцип катары – кошуна тараптардын бири-бирине колдоо көрсөтүп, талаштуу аймактар маселелерин мамлекеттик деңгээлде, тактап айтканда мыйзамдуулуктун жана мамлекеттердин кызыкчылыктарын урматтоого таянып чечүү зарылдыгын белгилешет.

**Негизги сөздөр:** чыр-чатактар, делимитация, демаркация, жергиликтүү калк, эл аралык келишимдер, чек ара саясаты.

# THE BOUNDARIES OF THE FERGANA VALLEY OF THE KYRGYZ REPUBLIC LEGAL ISSUES OF DELIMITATION AND DEMARCATION

**Annotation**

This article focuses on the analysis of the border laws of the Kyrgyz Republic, establishing the legal conditions for solving state border issues with neighboring countries.

It is an integral part of the relations between neighboring countries, one of the main conditions for the elimination of territorial claims on the borders is the determination of the borders and the completion of the demarcation of the border lines. A state commission was established to protect the interests of the state and our citizens, and it was noted that it can achieve its delimitation, demarcation goals only if it fully fulfills its duties.

In the article, the authors point out the need for the neighboring parties to support each other and solve the issues of disputed territories at the state level, namely, based on respect for the rule of law and the interests of the states.

**Key words:** conflicts, delimitation, demarcation, local population, international agreements, border policy.

Советтер Союзу кулагандан кийин анын курамынан тараган эгемендүү республикалар, он беш өлкөнүн чек ара аймагында жайгашкан дээрлик бардык аймактар чек аралардын так бөлүнбөгөндүгүнөн улам кризистик абалга туш болушкан.

Ушул убакка чейин айрым чек ара тилкелеринин так аныкталбагандыгы жергиликтүү калктын бейпил жана бейкапар жашоосуна жана мамлекеттин коомдук-саясий өнүгүүсүнө белгилүү бир тоскоолдуктарды жаратууда. Фергана өрөөнүндө тез арада чечүүнү талап кылган чек ара маселелери жаралган. Бул көйгөйлөрдү чечүүнүн кечеңдеши Борбордук Азиядагы стабилдүүлүккө жана жакшы коңшулук мамилелерге терс таасирин тийгизүүдө. Бул талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди чечүү үчүн региондогу өлкөлөрдүн өкмөттөрү, анын ичинде Кыргызстандын Министрлер Кабинети эл аралык жана ички саясий зор мааниге ээ болгон жана чек ара маселелерин тез арада чечүүгө олуттуу таасирин тийгизген ар кандай аракеттерди көрүүдө.

Кыргыз Республикасы өз ара урматтоонун, көз карандысыздыктын, аймактык бүтүндүктүн жана мамлекеттик чек аралардын кол тийбестигинин эл аралык декларациялардын жана принциптеринин негизинде чек ара саясатын ишке ашырат жана көпчүлүк бөлүгүндө эл аралык келишимдерге ылайык мамлекеттик чек араларды бөлүштүрүүгө макулдугун ырастайт.

Эл аралык укуктун нормаларына ылайык, чек ара саясатын ишке ашырууда коңшу мамлекеттер менен өз ара пайдалуу жана ар тараптуу кызматташууну колдонуу зарыл. Негизги өзөк эки кызыктар тараптар үчүн эң алгылыктуусу чек ара маселелерин эч кандай зордук-зомбулуксуз жана басмырлоосуз, тынчтык жолу менен чечүү болуп саналат. Проблемаларды чечүү тараптардын тең тааныган бир документтин жоктугу менен гана эмес, ошондой эле олуттуу Мамлекеттик чек аранын бир канча жери толуу болгондугунан улам барууга кыйын жана дээрлик өтүүгө мүмкүн болбогон аймактарды толук кандуу чечүүгө

тосколдук кылат. Кыргызстандын негизги функциясы бул - аныктала элек чек ара маселелери боюнча коопсуздукту камсыз кылуу милдети болуп эсептеленет.

**Делимитация** (delimitatio–чек араны орнотуу) – чектеш мамлекеттердин ортосундагы чек ара сызыгынын жер бетиндеги ордун так аныктоо. Делимитация эл аралык келишимде белгиленет жана ага тиркелген картада графикалык жактан сүрөттөлөт. Делимитация татаал жана жай жүргөн процесс. Анда чектеш мамлекеттер мамлекеттик чек ара сызыгын тактоо, аныктоо жана бекитүү боюнча саясий макулдашууга жетишүүсү зарыл. Делимитация жүргүзүү жөнүндөгү саясий макулдашуу биргелешкен коммюнике, билдирүү, меморандум жана башка саясий документтерде жарыяланат. Мисалы, кыргыз-кытай чек арасы боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү 1989-ж. Совет-Кытай, 1992-ж. Кыргыз-Кытай биргелешкен коммюникесинде бекитилген. Чек ара маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө пикир келишпестиктер болуп калса, чечилбеген учурда аны жөнгө салуу үчүн дипломаттык ортомчулук, арбитраждык, эл аралык сотту калыстыкка тартууга эл аралык укуктун жоболору жол берет. Чек араны делимитациялоонун негизинде демаркация жүргүзүлөт.

Чек араны демаркациялоо -мамлекеттик чек араны атайын чек ара белгилери менен белгилөө. Чек араны демаркациялоо паритеттик башталышта түзүлүүчү биргелешкен комиссиялар тарабынан чек араны делимитациялоо жөнүндө документтердин (келишим, атайын картаны тиркөө менен мамлекеттик чек ара сызыгынын баяндамасы) негизинде жүзөгө ашырылат.

Демаркациялоо боюнча иштер учурунда жерди топографиялык сүрөткө тартуу же аэрофотосүрөткө тартуу жүргүзүлөт, анын негизинде чек ара тилкесинин ири масштабдуу топографиялык картасы түзүлөт, чек ара белгилери (мамылар, зым тосмолор ж.б.) орнотулат жана алардын топографиялык координаттары аныкталат. Чек араны демаркациялоо боюнча бардык аракеттер жөнүндө атайын документтер түзүлөт: чек ара сызыгынын өтүшүн жана чек ара белгилерин баяндоо менен протоколдор (протоколдорго бул белгилердин схемалары жана фотосүрөттөрү тиркелет). Чек ара белгилери өзүм билемдик менен жылдырылбайт жана тараптар аларды тийиштүү абалда кармоого милдеттүү.

Азыркы кырдаал донордук уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүн кескин түрдө кыскартат. Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн бардык чараларды көрүп, мамлекеттик чек ара маселерин ачык талкуулоо үчүн шарттарды түзүп, кеңири коомдук маалымат менен делимитациялоо аракетерин жүргүзүү керек.

Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарын чыңдоо, улуттук коопсуздукту, аймактык бүтүндүгүн жана мамлекеттик чек аранын кол тийбестигин камсыз кылуу, калктын жашоо сапатын жана иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасында бир нече укуктук-ченемдик актылар кабыл алынган [1].

Негизги маселе -алардын аткарылышында. Бул иштердин алкагында карама-каршы пикирлерге карабастан, чек ара коопсуздугун камсыздоо көйгөйлүү бойдон калууда.

Эки тараптуу талаш-тартыштар жана аймактык маселелер Орто Азияда алдыңкы планга чыкты. Бул талаш-тартыштарды жана кыйынчылыктарды да баалабай коюуга болбойт, алар ички жагдайлардан пайда болуп, чек ара коопсуздугун камсыз кылууну кыйындатат. Ички факторлор бир нече көйгөйлөрдү камтыйт: делимитация маселесин саясатташтыруу, жогорку кызмат адамдарына шилтеме жасоо менен ар кандай «соодалашуулар», коопсуздук жана ошондой эле чек арадагы көмүскө экономика жаатындагы уюмдар.

Учурда аткарылышы керек болгон делимитация Фергана өрөөнүндөгү чек аралар бардык жагынан өтө түйшүктүү жараян, анткени бул жерде жашаган жергиликтүү калктын жарым-жартылай же толук бөлүнүшүнө алып келет. Демек, регионалдык амбициялардан улам тоскоолдуктар жаралат лидерлер жана аймактык деңгээлде бийлик үчүн күрөшөт [2].

Чек ара талаштары совет доорунда эле башталган. Маселен, 1974, 1982 жана 1989-жылдары Ворухка жакын жайгашкан кыргыз-тажик айылдарынын тургундарынын ортосунда жаңжал болгон. Анан да жер-сууга байланыштуу түшүнбөстүктөр пайда болду. «Тажикстан менен чек ара боюнча сүйлөшүүлөрдү үч этапка бөлүүгө болот. Биринчиси 2002-жылдан 2010-жылга чейин созулган. Анан дагы [чек арада] өзгөчө олуттуу чыр-чатактар болгон жок,

анткени алар тоолуу аймактардагы чек ара сызыгын, тагыраагы Чоң-Алай районундагы (Ош облусу) чек ара тилкесин такташты.

Фергана өрөөнүндөгү чек аралындын толук такталбагандыгынан улам чыкан чырчатактардын куралдуу кагылышууга алып келүү коркунучу дагы эле жоюлган эмес. Кыргызстандын Фергана өрөөнүндө жайгашкан анклаф жашоочуларынын жылдан жылга көбөйүүсүнөн улам жарандарыбыз ортосунда биргеликте колдонулган ичүүчү суу, сугат суусу жана жайытардын жетишсиздигинин андан сырткары чек ара тилкеси такталбагандыгынын айынан жай жана күз мезгилинде чыр чыгуусуна алып келүүдө. Аталган көрүнүштөрдү алдын алуу үчүн мамлекеттик бийлик коңшу өлкөлөр менен биргеликте жигердүү иш алып баруу зарылдыгы талашсыз. Бул талаш-тартыштарды чечүү үчүн көптөгөн эки тараптуу жана көп тараптуу конференциялар жана саммиттер өткөрүлгөн менен көйгөйлөр күтүлгөн денгээлде чечилген эмес.

Мамлекеттик чек араны делимитациялоодогу жана демаркациялоодогу чечилбеген маселелер өлкөнүн бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыздоого байланышкан көптөгөн проблемаларга өбөлгө түзөт, региондогу саясий туруктуулуктун көптөгөн проблемаларынын негизинде жатат, жер жана суу маселелери, чек ара аймагындагы этностордун кызыкчылыктары боюнча чек ара чыр-чатактарын жаратат [3].

Мамлекеттик чек араны демаркациялоого, делимитациялоого жана кайра демаркациялоого, мамлекеттик чек ара режими жана чек ара маселелери боюнча кызматташууга байланыштуу эл аралык келишимдердин долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу, бул жааттагы ведомстволор аралык мүнөздөгү келишимдерди түзүү, чек ара саясатын ишке ашыруу жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу мамлекеттик чек араны кайтаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары болуп эсептелинет. Бирок ар бир мамлекеттик орган, жергиликтүү бийлик, ички иштер органдары жана ар бир жаран аталган көйгөйлөрдү чечилүүсүн женилдетүүгө өз салымын кошуусу зарыл деп эсептейбиз [4].

Чек ара аймагын өнүктүрүүнү стимулдаштыруу мамлекеттик коопсуздук саясатынын маанилүү багыттарынын бири болууга тийиш. Чек ара аймактары ар түрдүү экономикалык абалда жана бардыгы эле мамлекеттик колдоого муктаж эмес. Алардын арасында өнүккөн аймактар жана кризистик аймактар бар. Ошого карабастан, мындай аймактарга көрсөтүлүүчү жардам материалдык мазмунга, субсидиялар жана башка финансылык жеңилдиктер, кошумча укуктарга ж.б. ээ болушу керек.

Чек арага жакын аймактардын көбү транспорттук жана чек ара инфраструктурасын өнүктүрүүдө артта калган. Чек арага жакын аймактардагы кризистин географиялык себептери бар, бул алардын өлкөнүн аймагында жайгашкан перифериясында чагылдырылган. Ал эми жападан жалгыз панацея - интеграцияга жана чек аралар менен "күрөшкө" жол (декларативдик эмес, чыныгы жалпы мейкиндик). Ар кандай интеграциялык коомчулук ар дайым ички тоскоолдуктарды азайтуу жана ошого жараша үчүнчү өлкөлөр үчүн алардын салыштырмалуу өсүшүн билдирет [5].

## Колдонулган булактар


1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө мыйзам. (КР 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 , 2021-жылдын15-январындагы № 5, 2022-жылдын 18-январындагы №4 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
2. Катаржина Чернезка. Мамлекеттик чек аралар: Кыргызстандын чек ара коопсуздугунун ички аспектилери. № 4.2011 аналитикалык билдирүү . (https://osce- academy. net/upload/file/K_Czerniecka.pdf )
3. «Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө» мыйзамды ишке ашыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
4. 2012-жылдын 20-мартындагы № 186 токтому. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/92970?cl=ky-kg
5. "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө " Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2015-жылдын 16-майы № 98)
6. Артыкбаев Г.У. К вопросу о правовом регулировании приграничных территорий кыргызской Республики. НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ № 8, 2014.

***Самиева Ж.Т.,*** *б.и.д., доцент*
*Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети*
***Абдибаитова А.А.,*** *б.и.к., доцент*
*Баткен мамлекетик универститети*
***Журсунбек кызы С.,*** *магистрант*
*Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети*

# ЧАУВАЙ КЕН МАССИВИНИН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨСҮНӨ ЭКОЛОГИЯЛЫК МОНОТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

**Аннотация**

Бул макаланын максаты болуп Чаувай кен массивининкалдыктарынын курамын аныктоо болуп саналат. Бизди курчаган чөйрөгө сымап жана башка булгоочу заттар сымап өндүрүүчү өндүрүштүн кайсы бир этабында түшүшү мүмкүн. Чаувай кен массивини иштетип жаткан мезгилде да, азыр да экологиялык отчеттордо маалыматтарды ачык берилген эмес. Коомчулук Чаувайдагы атмосферадагы, топурактагы, суудагы өлчөөлөрдө, булгоочу заттар жөнүндөгү маалыматтарды ушул мезгилге чейин билишген эмес. Негизинен сымаптын чен өлчөм концентрациясын абада - 0,0003 мг/м$^3$, сууда – 0,0005 мг/дм$^3$, топуракта- 2,1 мг/кг деп кабыл алышса, изилдөөлөрдүн жыйыньыгында бул көрсөткүчтөр эселеп көп көрсөттү. Калдыктардын курамындагы заттар топурактагы, суудагы организмдер аркылуу адамдын ден соолугуна зыян келтиргенин белгилеп, келечекте ошол аймакта жашоо коркунучу жаралышын белгиленди. Биотага терс таасирин тийгизип, ошол аймакта сымаптын концентрациясы көбөйүү менен миграциясы күчөп, башка аймактарга да таасиринин күчөшү белгиленет. Жаныбарларга, өсүмдүктөргө жана адамдарга калдыктардын терс таасиринин тийүүсү, кыртышта мүмкүн болгондон жогоруденҳгээлде топтоло берүүсү белгиленет.

**Негизги сөздөр:** кен массив, сымап, экология, булгоочу заттар,суу, топурак, аба

# ПРОВЕДЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО МОНИТОРИНГА ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ РУДНОГО МАССИВА ЧАУВАЙ

**Аннотация**

Целью данной статьи – является определить состав отходов от общего количества массива. В окружающей среде вокруг нас ртуть и другие загрязняющие вещества могут попасть на любую стадию производства ртути. Во время работы массива Чаувай и после прекращения работ информация об отходах полностью не приводилась в отчетах. Общественность не знала информацию о количесчтвах выбросах в атмосфере, в почве, воде. За допустимую концентрацию ртути в воздухе – 0,0003 мг/м$^3$, в воде - 0,0005 мг/м$^3$ и 2,1 мг/м$^3$ в почве$^3$. Но по результатам наших исследований эти показатели намного превышают. Вследствие чего может вызвать угрозу здоровья населения. Отмечается также негативное воздействие на биоту, миграция которой увеличивается с увеличением концентрации ртути в этом регионе, усиливается в других регионах. Негативное воздействие отходов на животных, растениях и населению, продолжают накапливаться радиактивные вещества в почве на более высоком уровне, чем это допустимо.

**Ключевые слова:** массив, ртуть, экология, загрязняющие вещества, вода, почва, воздух.

# CONDUCTING ENVIRONMENTAL MONITORING OF THE ORE DEPOSIT ENVIRONMENT THE CHAUVAI ARRAY

**Annotation**

The purpose of this article is to identify the composition of the waste of the overadition of overall array. In the environment around us, mercury and other pollutants may fall at any stage of mercury production. Chauvaila is not translated in the process of processing the mineral array, and the environmental reports are still not open. The public did not know information about the atmosphere, in the soil, measurements of water, measurements, measurements in the Chauvai, the water. The main concentration of mercury was made in the air - 0,0003 mg, 0,0005 mg, and 2.1 mg of the soil, as well as 2.1 mg / kg. The scale of the waste was caused by damage to the health of the soil, the body, and the threat of life in the country in the future. It is noted that the negative impact on biota, whose migration increases with increasing mercury concentrations in this region, is also increasing in other regions. It is noted that the negative impact of waste on animals, plants and humans continues to accumulate in the soul at a higher level than is possible.

**Key words:** ore arrave, mercury, ecology, pollutants, water, dust, air, air.

Айлана чөйрө үчүн коркунучтуу калдыктардын катарына мурдагы Чаувай заводунун чыгындылары, Рудник (5 га), металлургиялык шлактар –күйгөн калдыктар (Чилтанда 3 га), Чат-Мазарда 46,5 га (азыркы күндө - ОсОО “Чаувай-Кен”) кирет.

Кыргызстандын аймагында негизинен сымап, сурьма, алтын жана баалуу металлдардын кендери өнөр жайлык мааниге ээ [6].

Чаувай кен массивинин калдыктарынын курамын аныктап, анынкурамындагы экологияга уу таасирин тийгизген затты изилдөө учурдун талабы. Алардын ичинен чөйрөгө терс таасирин тийгизүүчү негизги фактор болуп, калдыктар эсептелинет [1,7].

Белгилеп кетсек, ушул мезгилге чейин Чаувай кен массивинин калдыктарынын заттык курамы, айлана-чөйрөгө жана кишинин ден соолугунатерс таасирин заттарга атайын изилдөө жүргүзүлгөн эмес, ошондуктан, бул темада изилдөө актуалдуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Чаувай кен массивининкалдыктарынын негизги түрлөрүнүн айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин комплекстүү баалоо жана терс таасирин төмөндөтүү жолдорун сунуштоо.

**Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү керек:**

Чаувай кен массивинин калдыктарынын курамындагы таасир этүүчү негизги факторду аныктоо жана мүнөздөө.

Чаувай заводу бөлүп чыгарган калдыктын түрлөрүнүн топурак, суу,аба жана өсүмдүк үчүн коркунучтуулугун анализдөө.

Биринчи жолу жаратылыштык - техногендик объектерге илимий изилдөө жүргүзүлдү. Чаувай тоо кенөндүрүшүнүн АЧ таасир эткен негизги фактору сымап элементи экендиги табылды жана баа берилди. Күйгөн калдыктын топуракка тийгизген таасири июль айында күчөшү такталды. Топурактын химиялык курамында сымап көп, сурьма жана мышьяк бир аз санда топтолгондугу биринчи жолу такталды.

Изилдөө процессинде алынган материалдар токой чарбачылыгы жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча Мамлекеттик агенстводо, Кадамжай аймактык экологдор коомунда, Чаувай кен массивинин калдыктарынын зыяндуулукклассын баалоого негиз болду.

Жумушта аныкталган чыныгы маалыматтар: кенди кайра иштетүүдө колдонулган технологиялардын эффектүүлүгүн баалоо жана калдыктарды экинчилик сырье сапатында колдонуу; региондук жана локалдык системада комплекстүү экологиялык мониторинг жүргүзүү; Чаувайдын айлана – чөйрөсүнүн абалы жөнүндө жылына бир жолу доклад даярдап туруу; кен массивинин калдыктарынын экологияга терс таасирин билинерлик даражада азайттуу үчүн, кен массивинин калдыктарынын таасири жөнүндөгү маалыматты ыкчам жаратылышты коргоо органдарына жана өндүрүшкө билдирип туруу, уюштурулган техникалык иш чараларды такай алып баруу.

**Чаувай сымап кени** – Баткен областынын Кадамжай районунун Уч-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Чаувай айылында Борду тоо кыркасынын күңгөй бетинде орун алган. Анын ачылыш тарыхы боюнча 3 – жолу ачылып өз ишмердүүлүгүн улантууда. Азыркы учурда Кытай Эл Республикасынан инвестор тартылып, фабрика курулган ОсОО «Чаувай-Кен».

Сымаптын буусу өтө уулуу жана оор ууланууну пайда кылат. Сымап атмосферага өнөр жайлар иштей элек мезгилде, жаратылыш булактарынан негизинен эмиссия жолу менен түшүп турган. Эмиссия–бул айлана – чөйрөгө бөлүнүп чыгарылган таштандылар менен калдыктар. Башкача айтканда сымаптын бууланушу температурасы кадимки $18^0$С туура келгендиктен бууланган сымап эмиссия болуп саналат. Өнөр жайлар иштегенден баштап, (1850-ж. жак.) атмосферадагы сымаптын кармалышы 2-4 эсе көбөйдү [20].

Бизди курчаган чөйрөгө сымап жана башка булгоочу заттар сымап өндүрүүчү өндүрүштүн кайсы бир этабында түшүшү мүмкүн. Чаувай кен массивини иштетип жаткан мезгилде да, азыр да экологиялык отчеттердо маалыматтарды ачык бербейт. Коомчулук Чаувайдагы атмосферадагы, топурактагы, суудагы өлчөөлөрдө, булгоочу заттар жөнүндөгү маалыматтарды ушул мезгилге чейин билишпейт. Негизинен сымаптын чен өлчөм концентрациясын абада - 0,0003 мг/м$^3$, сууда – 0,0005 мг/дм$^3$, топуракта 2,1 мг/кг деп кабыл алышса, изилдөөлөрдө бул көрсөткүчтөр менен салыштырсак эселеп көп көрсөттү.

Кызыл-Кыя ооруканасынын оорулар боюнча 2015-жылкы маалыматына таянсак:

-Бөлүп чыгаруу системасы – 14,2% (149 киши)

-Жүрөк кан тамыр системасы – 9,2% (96 киши)
-Дем алуу системасы – 8,8% (92 киши)
-Тамак сиңирүү системасы – 6,8% (71 киши)
-Эндокриндик системасы – 12,2% (127 киши)

Ооругандардын ичинен өлгөндөрдүн негизги себеби болуп жүрөк кан тамыр системасы жана эндокриндик оорулар негизги ролду ойнойт.

Тоолуу Чаувайда эл чачыранды жайгашкандыгына карабастан, кенди казып алууда территориясынын көп бөлүгүнө антропогендик күчтүн терс таасири тийип, табигый жаратылыштык геосистеманын абалыны начар жаккаөзгөрткөн. Кендин калдыктары бир эле адам баласы эмес, ошол чөлкөмдө өскөн өсүмдүктөргө жана жашаган жаныбарлардын организмине терстаасирин тийгизип, кайталангыс өзгөрүүлөрдү пайда кылып жаткандыгы жөнүндө ойлор пайда болду. Адам баласы жашаган чөйрөсүндөгү абанын, суунун, топурактын булганышы аң сезимдүү түрдө тынбай жүргүзүлүп, аны жакшы жакка өзгөртүү үчүн ийгиликтүү иш чара уюштурулбай жаткандыгы өтө өкүнүчтүү. Организмге терс таасирин тийгизген химиялык заттар: сымапжана анын түрдүү кошулмалары, түрдүү чаңдар жаныбарлар жана адамдын дем алуу органдарынын көптөгөн ооруларын жана түрдүү аллергиялык көрүнүштөрдү пайда кылгандыгы статистикадан көрүнүп турат. Техногендик факторлордун таасири өзүбүз жашаган Чаувай өндүрүштүк аймактарда да даана байкалат. Чаувай сымап фабрикасындагы өндүрүштүн жүрүшүндө бирэле алынып жаткан сымаптын организмге тийгизген таасиринен башка, аны өндүрүү жолундагы түрдүү колдонгон химикаттардын калдыгы, алардын ачык асман астында жатышы, жердин, топурактын, абанын жана агып жаткансуулардын курамында жүрүшү ал аймакта жашаган тирүү организмге түрдүүтерс көрүнүштөрдү пайда кылып жаткандыгы менен байланышат. Заводдун чегинен агып чыккан арыкчалар аркылуу агып жаткан ууланган суулар топтолуп барып айылдын жыш жашаган элинин эшиктеринен агып өтүп, андан ары айылдан кийинки чакан айылдарга чейин жеткендиги белгилүү болду. Ал суулардан адамдан башка түрдүү жаныбарлар ичип, анын боюндаөскөн чөп өсүмдүктөрү менен тамактанышат. Агып жаткан суулардын топтому майда көлчөктөргө жайылат, көлмөлөрдүн айланасы камышзарларга айланып калган. Көлмөлөрдө сууда жашоочу жаныбарлар жана алар таштаганикралар айрыкча амфибиялар көнөк баштары жашап келет. Чаувай фабрикадан чыккан суулар труба аркылуу №27 штольняга ташталган. Фабриканын инженеринин айтымында жер кыртышынан өтүп суу тазаланып чыгат деп түшүндүрдү. Тазаланган суулары канчалык тазаланганы белгисиз эле, ошол тегеректе үй шартында пайдаланууга алынган. Байытуучу фабрикадагы бул көрүнүш бир топ жылдардан бери кайталанып жүргөндүгү белгилүү. Бирок, мамлекеттик органдар аркылуу эч кандай чара көрүлбөйт. Кен массивинин калдыктарында сымаптын калдыктары, мышьяк, сурьма бар. Бул элементтердин ичинен сымап жана анын туздары чектен жогору болгондуктан, организмдер үчүн уулуу экендиги белгилүү. Анын органикалык бирикмелери да аз изилденген.

Жергиликтүү экологдор, химиктер, мамлекеттик эмес экологиялык фонддор өндүрүштүн өнүгүшүнө каршы эмес. Биздин бир гана сунушубуз - өндүрүштөр терең экологиялык экпертизадан өтсө, коопсуздук техникасын сактаса, чөйрөнү тазалоочу техникалык каражаттар курулса, зыяндуулукту азайтса болот. Сууну, биз дем алып жаткан абаны (атмосфераны), территорияларды, ар кандай өндүрүүчү ишканаларды, жаратылышты булгоочу химиялык уулуу заттардын ичинен сымап өзгөчө орунду ээлейт. Бардык өлкөлөрдө сымап уулуу, булгоочу элементтердин тизмегинде 1- класстагы коркунучтуу заттарга кирет. Сымаптын адамга тийгизген таасири негизинен аба, тамак аш азыктары, ичүүчү суу аркылуу болот. Тери аркылуу же булганган сууга жуунуу да уулландырышы мүмкүн. Сымап өтө уулуу зат. Мындан сырткары сымап ар кандай конструкциялык материалдарга мамилеси агресивдүү келет. Ал коррозияга алып келет жана ар кандай турмуштук, өндүрүүчү, транспорттук объектилердин кыйратат. Экосистеманын сымап жана анын кошулмалары менен булганышын, ар түрдүү чөйрөдө (сууда, топуракта, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн организминде) таралышын жана сымап жана анын кошулмаларынын экологияга тийгизген

таасирин аныктоо менен ага тиешелүү профилактикалык чараларды көрүү – иштин негизги максаты (1- табл.).

1-таблица. **Исфайрам-Сай суусунун бассейнинде сымаптын орточо саны, (1л мкг/л)**

| Анализ алынган суунун орду | Жаан-чачын суусу | Аралашмада | Сууда |
|---|---|---|---|
| Чаувайдагы суу | 1,08 | 3,4 | 1,6 |
| Чаувайдын оозунда | 1,67 | 8,1 | 3,7 |
| Чаувайдан 10 км төмөндө | 1,34 | 3,3 | 2,0 |
| Чаувайдагы шахтынын жанындагы сууда | 340,1 | 16,8 | 20,5 |
| Уч-Коргондо | 1,03 | 2,4 | 2,8 |
| Кувасайда | 0,50 | 1,7 | 2,4 |
| Ферганада | 0,30 | 2,0 | 3,1 |

Металлдык сымаптын парлары жогорку басымда каныгат жана тиричилик чөйрөсүндөгү шартта жогорку ылдамдыкта бууланып, адам жашоосунда коркунуч жаратуучу «сымап атмосферасын» пайда кылат. Ал эми жабык чөйрөдө сымаптын бууларын чаңдар, ар түрдүү материалдардын сырткы катмарлары жутуп алат. Сымаптын атомдору көмүртектин атомдору менен бекем байланышты түзүп, сымаптын органикалык бирикмелерин пайда кылат. Мисалы: метилсымап – тирүү организмдерге өтө зыяндуу.

Өлкөнүн стратегиялык милдеттеринин бири – калктын ден соолугунун абалы жана калктын орточо жашын узартуу болуп саналат. Азыркы мезгилде көп өлкөлөрдө техногендик жана антропогендик таасир айлана-чөйрөгө коркунуч пайда кылып, калкка экологиянын зыяны тийип жатат. Кыргызстанда мындай аймакка баалуу металлдар өндүрүлгөн өнөр жай жайгашкан аймактарды киргизсе болот. Аларга: түштүктөн Айдаркен, Кадамжай, Чаувай кен өнөр жай жайгашкан Баткен областын киргизсе болот.Чаувай кенинин калдыктарынын таасирин азайтуу максатын ишке ашыруу үчүн илимий–техникалык программаларды иштеп чыгуу, аны ишке ашыруу үчүн усулдарды ойлоп таап, мыкты технологияларды табуу үчүн конкурстар, иш-чаралар өткөрүү керек: «КРдагы экологиясы начар аймактагы калктын денсоолугун чыңдоо жана социалдык жактан коргоо, медициналык жактан камсыздандыруу, экологиянын терс таасирин минималдаштыруучу илимий- усулдук иштелме иштеп чыгуу».

Химиялык, спектралдык жана сүрөттөп изилдөө ыкмасын колдонуу менен көп өсүмдүктөрдү изилдөө ыңгайлуу. Изилдөөнүн объектери катары экологиялык жактан булганган жердеги суу, топурак, аба, өсүмдүктөр жана жашаган калкты алса изилдөө ыкчам жүрөт. Изилдөө предмети экологиялык жактан булганган жерде жашагандардын ден соолугунун абалы; жашап жана иштегендерге коркунуч шарттарынын факторлору; Изилдөөнүн негизги багыттары: социологиялык, экологиялык.

**Экологиялык изилдөөлөрдүн объектилери.** Чаувай тоо кен массивинин калдыктары жайгашкан аймакты изилдөө. Илимий изилдөө Баткен областынын Кадамжай районунун Чаувай айылынын Чаувай тоо кен массивинин калдыктары жайгашкан аймакта 2014-2018-жылдарда жүргүзүлдү (1-сүрөт).




**1-сүрөт.** Чаувайдын физика-географиялык абалы

Чаувай айылынын тоо рельефин эске алуу менен, Чаувай кен массивинин калдыктарынын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин изилдөөнү жанамониторинг өткөрүү үчүн шарттуу түрдө үчкө бөлүп алдык (2-сүрөт):

1. Борду тоо кыркасындагы кен массивинин 1942-1995-жылдарда топтолгон күйгөн калдыктардагы (огарки)

2. Чаувай айылындагы тургундардын орточо жашоо жашын жана ушул өрөөндө жайгашкан коңшу айылдардын тургундарынын (2014-2018-жылдар) орточо жашоо жашын салыштыруу.




**2-сүрөт.** Чаувай кен массивинин калдыктарынын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин изилдөөнү жана мониторинг өткөрүүнүн схемасы.

Бул күйгөн калдыктардын жайгашкан жерине калктын турак жайлары өтөжакын. Эл жашаган жер менен аралыгы 3 км араң чыкты. Эл чарбачылык иштерине колдонгон суу анын оң жагынан өтөт. Жандыктар ушул суудан ичкендиктен бул сууну да изилдөө максатка ылайыктуу болду.



**3-сүрөт.** Чаувай заводунун жанындагы күйгөн калдык (огарки).



**4-сүрөт.** Чилтанда топтолгон күйгөн калдык

Толубай тоо кыркасында жайгашкан Рудниктеги ККты жана Чилтан айылында жайгашкан ККты изилдедик. ГОСТ 17.2.3.01-86 НД боюнча тандоожүргүзүлдү. Консервациялоо усулу болгон жок (3, 4 – сүрөт).

СССР мезгилинде Чаувай шаар тибиндеги айылда иштеген ишканалардын ичинен сымапты бөлүп алуучу завод айына 3,5 – 4 тонна сымапөндүрүп турган. Завод иштеп чыккан чыгындыларды ачык асман астына таштоо, техникалык түзүлүштөрдүн жөнөкөй жана төмөнкү деңгээлде болгондугуна байланыштуу күйгөн калдыктардын (огаркинин) курамында оорметаллдар толук алынбай калган [16].




**5-сүрөт.** 1980-жылдан 1991-жылга чейин өндүрүлгөн сымаптын динамикасы.

Чаувайда ККдын курамында сымап калган, ал эми сурьма жогорку температурада күйгөн. Сымап табигый шартта тирүү организмге таасирин тийгизбейт деп эсептешкен. Ошондой эле руда казылып алынган шахтылар менен штольнялар ошол жер үчүн жердин көчүү коркунучун пайда кылган. Жер кыртышына да чоң өзгөрүүлөр пайда болгон. Кен массивинин калдыктарынын курамындагы металлдар айлана – чөйрөгө өз таасирин берип жатат. Сымап, биотанын оптималдуу температурасында суюк жана буу абалында кездешүүчү жалгыз металл. Биосферада жогорку миграциялануучу өзгөчө касиетке ээ [9,11,18].

2-таблица.**Чаувайда ОсОО "Чаувай Кен" ишканасынын 2014-2018-жылдар аралыгындагы өндүргөн сымаптын саны, кг**

| Айлар | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | орточо |
| 2014-жыл | | | | | | | | | | | | |
| 31 | 28 | 30 | 28 | 31 | 34 | 32 | 34 | 31 | 29 | 31 | 31 | 30.83 |
| 2015-жыл | | | | | | | | | | | | |
| **30** | **29** | **31** | **29** | **31** | **32** | **33** | **33** | **33** | **30** | **31** | **32** | 31.16 |
| 2016-жыл | | | | | | | | | | | | |
| **31** | **30** | **31** | **31** | **32** | **33** | **32** | **34** | **31** | **31** | **31** | **31** | 31.15 |
| 2017-жыл | | | | | | | | | | | | |
| **28** | **27** | **31** | **30** | **31** | **34** | **32** | **33** | **34** | **30** | **31** | **31** | 31 |
| 2018-жыл | | | | | | | | | | | | |
| **22,5** | **31** | **32,5** | **33** | **34** | **34** | **34** | **33** | **34** | **33** | **32** | **32** | 32.08 |

Кен массивинин калдыктары Чаувай айылынын Борду тоо кыркасынын түштүк капталында 78 жыл ичинде топтолгон. Ал мурдагы иштеп, азыркы күндө ишин токтоткон заводдун жанында жана андан 3,7 км төмөндө КК формасында топтолгон. КК менен эл жашаган жердин аралыгы чыгыш жагынан 2,6 км, түштүгүнөн 3 км, батышынан 1 км ди

түзөт. ККдын көлөмү гигант көлөмдө. Анын үстүнө 1995-жылдын 27-августунан баштап завод калдык төкпөй калган. Азыркы күнгө чейин ККдын үстүндө чөп өскөн эмес. ККтын жана ташталган пароданын түштүгүнөн 1,3 км аралыктан Чаувай суусуагып өтөт (6 - сүрөт).



**6-сүрөт.** Күйгөн калдыктар менен суунун ортосундагы автомобиль жолу суунун, топурактын, абанын, өсүмдүктөрдүн курамындагы сымаптын санын аныктоого.

Бул калдык жайгашкан территорияларда өсүмдүктөр жакшы өсө албаган, сейрек бадалдар жана жапайы чие, ит мурун жана арча өскөн жерлерда бар. Жаныбарлары да бул таштанды жайгашкан жерде аз кездешет. Улуужылан, чаян, музоо баштар көп кездешет. Сымап-сурьма руднигинин түндүгү Катран-Тоо, түштүгү Ярунтуз менен курчалган. Фабрика курулуп жаткан жердин бийиктиги 1710 – 1747 м туура келет. Жай 500 дөн 1000 – 1100 м чейин июлда орточо температура 24-27$^{0}$ С түзөт. Кышы салыштырмалуу суук, январь айындагы орточо температура -3$^{0}$С түзөт. 236 күн анча суук болбойт. Бир жылда жаан чачындын саны 300-330 мм. Вегетациялык мезгил 201-215 сутканы түзөт. 1000-1800 м бийиктикте жаан – чачындын жылдык суммасы 400 м ашпайт. Көпчүлүк жаан-чачын жылдын суук мезгилине туш келет. Март айында жаан-чачын көп жаайт (3-табл.).

3-таблица. **Чаувай кен массивиндеги абанын температурасынын эсептелиши**

| Метеостанцияны наталышы | Абсалюттук минимум | Абсалюттук максимум | Эң суук беш күндүк | Кышкы суук | Ысытуучу каражаттарды колдонуунун узактыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Караван | -26$^{0}$С (X,I.II) | 41$^{0}$С (VII) | -13$^{0}$С | -7$^{0}$С | 146 |

4-таблица.**Абанын орточо айлык жана жылдык температурасы**

| Метеостан-циянын аталышы | Айлар | | | | | | | | | | | | Бир жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII | IX | X | XI | XII | |
| Караван | -3,9 | -1.1 | 5,3 | 12,3 | 17,6 | 21,9 | 24,7 | 23,4 | 18,4 | 11,1 | 4,4 | -0,2 | 11,1 |

Атмосферанын жапы циркуляциясы жергиликтүү тоонун ички аба агымыменен өз ара аракеттенишип, шамалдын режимин пайда кылат. Пайда болгоншамал – чыгыштык-33%, (шамал розасы боюнча). Штиль – 12 %. Шамалдын ылдамдыгы, орточо жылдык кайталоо бул жерде 5%-5м/с түзөт. Өткүн негизинен жапыс жагына тиешелүү. Декабрь айында 2000 м бийиктикте кар каптоосу пайда болуп, февраль-март айларында ээрип кетет. Жылдын ичинде 56 күн кар каптоосу турат. Кар каптоосу туруксуз кыштын кайталанышы 39%ды түзөт.

**Жыйынтыктар:**

1.Жылдар иштешинин натыйжасында кенди алуу көп калдыктарды калтырып, артүрдүү деңгээлде жаратылышка өз таасирин тийгизип, ошол калган таштандыларды жок кылуу көйгөйлөрү жаралды.

2.Авторлордун маалыматтары боюнча, сымап кенинин калдыктары биринчи класстагы коркунучтуу калдыктарга кирет. Калдыктардын курамындагы заттар топурактагы, суудагы организмдер аркылуу адамдын ден соолугуна зыян келтиргенин белгилеп, келечекте ошол аймакта жашоо коркунучу жаралышын белгилешет.

3.Биотага терс таасирин тийгизип, ошол аймакта сымаптын концентрациясы көбөйүү менен миграциясы күчөп, башка аймактарга да таасиринин күчөшү белгиленет. Жаныбарларга, өсүмдүктөргө жана кишиге калдыктардын терс таасиринин күчөшү, кыртышта мүмкүн болгондон жогоруденгээлде топтоло берүүсү белгиленет. Оор металлдар сымап, сурьма, мышьяктын жаратылышта таралышы, алардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жана суудагы, топурактагы, абадагы концентрациясы изилденбеген, бул региондо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн зарылдыгы, калдыктардын курамындагы оор металлдардын таасири жөнүндө маалыматтарды тактоо,изилдөө керектиги белгиленген.

## Адабияттар


1. Абдибайитова, А.А. Влияние горных массивов на окружающую среду[Текст] / А.А.Абдибайитова // Научно-теоретический журнал Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. №11, 2015.39-41-б.
2. Абдибайитова, А.А. Экологические проблемы в произведении Жусупа Баласагына «Благодатное знание» [Текст] / А.А.Абдибайитова, М.М.Тайиров // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. №3, 2017. 83- 85-б.
3. Абдибайитова, А.А. Исследования отходов рудных массивов в Чаувае.[Текст] / А.А. Абдибайитова // Вестник ОшГУ. – Ош. №5, 2017.-6-9-б.
4. Абдибайитова, А.А. Атомно-абсорбционные исследования отходов рудных массивов в Чаувае [Текст] / А.А. Абдибайитова, А.К.Мадумаров // Территория науки. – Воронеж. №1, 2018. 56-62-б.
5. Абдибайитова, А.А. Радиация отходов рудных массивов в Чаувае[Текст] / А.А. Абдибайитова // Научно-теоретический журнал ИзвестияВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. №3, 2018. 38-40- б.
6. Антонович, В. П. Определение различных форм ртути в объектахокружающей среды [Текст] / В. П. Антонович, И. В. Безлуцкая // Журнал Аналит. химии. – 1996. – Т51. №1. 116-120-б.
7. Баев, С.А. Исследование и разработка технологии переработки сурьмяных кеков [Текст]: автореф. дис. канд. тех. наук: 05.17.01 / С.А.Баев. – Ташкент, 1994. – 25 с.
8. Безель, В.С., и др. К вопросу оценки последствий загрязнения водных экосистем промышленными выбросами ртути [Текст] / В.С.Безель, Ю.Г.Андрияшкин, М.Н. Коршун // Количественные методы в экологии позвоночных. – Свердловск: Ур НЦ РАН. 1983.155-б.
9. Гремячих, В.А. Труды государственного природного заповедника «Рдейский» / Министерство природных ресурсов и экологии РФ, ФГБУГосударственный природный заповедник «Рдейский» / В.А.Гремячих, В.Т.Комов, Л. Ф.Завьялова //–Великий Новгород, 2013.– Вып. 2.84-108-б.
10. Дженбаев, Б.М. Геохимическая экология наземных организмов [Текст] / Б.М. Дженбаев – Бишкек: «Илим», 2009. – 242 с.
11. Ефимова, Н.В. Опасность ртутного загрязнения и принципы здорового безопасного питания на территориях с повышенной ртутной нагрузкой (Приангарье) [Текст] / Н.В. Ефимова – Иркутск–Ангарск: 2004, 48- б.
12.Заключительный отчет. Сбор информации и исследования в области молочного животноводства Кыргызстана. – Б.: 2013 -206
13. Зырин, Н.Г. Спектральный анализ почв, растений и др. биологических объектов [Текст] / Н.Г. Зырин - М.: Изд-во Моск. ун-та, 1977. – 334 с.
14. Зырин, Н. Г. Распределение ртути по профилю почв равнинной части Северной Осетии, Водные ресурсы [Текст] / Н.Г. Зырин // – М.: 2011. –Т.38 №6. 733-739-б.
15. Кулбаев, Б. Чаувай айылындагы Б. Кулбаев орто мектебинин музей материалдары [Текст]. – Чаувай музейинин арх. д. II.
16. Методические рекомендации по применению Классификации запасов месторождений и прогнозных ресурсов твердых полезных ископаемых [Текст]. Ртуть. Москва, 2007г.
17. Никифоров, Н.А. Ртутно-сурьмяное оруденение Южного Тянь-Шаня [Текст]. / Н.А.Никифоров – Фрунзе: «ИЛИМ», 1969, 239-б.
18. Тайиров, М.М. Түштүк Кыргызстанда көйгөйлүү райондорунда жашаган элдердин ден соолугуна радондук фактордун тийгизген таасирин баалоо жана мониторинг жүргүзүү [Текс] / М.М.Тайиров, У.К.Мамытбеков, А.Ж.Кошуев //Научно-теоретический журнал Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. №10, 2019. II бөлүм, 65-70- б.

***Усенов Н.Н.,** магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН НЕГИЗГИ УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИНИН КОНСТИТУЦИЯЛЫК КЕПИЛДИКТЕРИ

**Аннотация**

Мамлекеттин негизги мыйзамы – Кыргыз Республикасынын Конституциясында адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп саналат деген позиция жарыяланган. Жарандын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо «мамлекеттин, анын бардык органдарынында бекитилген.

**Негизги сөздөр**: мыйзам, мамлекет, коргоо, адам, укук, жаран, кепилдик, сапат, бийлик, ресурс.

# КОНСТИТУЦИОННЫЕ ГАРАНТИИ ОСНОВНЫХ ПРАВ И СВОБОД ЧЕЛОВЕКА И ГРАЖДАНИНА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация**

Основной закон государства – Конституция Кыргызской Республики – декларирует положение о том, что человек, его права и свобода являются высшей вольностью. Признание, участие и «защита права и свободы гражданина – обязанность государства, установлены во всех его органах.

**Ключевые слова:** закон, государство, защита человека, право, гражданин, гарантия, качество, власть, ресурс.

# CONSTITUTIONAL GUARANTEES OF FUNDAMENTAL RIGHTS AND FREEDOMS OF MAN AND CITIZEN IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Annotation**

The basic law of the state - the Constitution of the Kyrgyz Republic - declares the position that a person, his rights and freedoms are the highest value. Recognition, observance and “protection of the rights and freedoms of a citizen is the duty of the state, all its bodies.

**Key words**: law, state, protection, person, right, citizen, guarantee, quality, power, resource.

Укуктар жана эркиндиктер жөнүндөгү жобо Конституцияда биринчилерден болуп жарыяланганы бекеринен эмес. Бул институтту жайгаштыруу жана мамлекеттик бийлик органдарынын бүткүл системасына түздөн-түз таасирин тийгизет. Ошентип, Конституцияда укуктарды жана эркиндиктерди жарыялоонун негизин түзгөн принциптердин бири жалпы принциптердин да, конкреттүү укуктардын жана эркиндиктердин да өзүнчө кепилдиги болуп саналат. Бирок бул укуктарды жарыялоо, эгерде Конституцияда аларды ишке ашырууга жана коргоого кепилдик бере турган көрсөтмөлөр болбосо, декларативдик болмок. Мындан тышкары, Конституциянын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бекемдеген жана кепилдеген жоболору мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган ченемдик актыларда иштелип чыккан. «Эркиндиктер жана адам укуктары жарактуу. Алар абсолюттук жана ажыратылгыс деп таанылат, мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маанисин жана мазмунун аныктайт, мыйзам жана сот тарабынан корголот» (13-берене).

Ушул берененин жоболору адамдын өз укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруудагы ар кандай жүрүм-туруму (15, 17, 19-статьялар менен чектөөлөрдү эске алуу менен - башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбастан) мыйзамдуу жана өзгөчө мамилени талап кылбайт деп көрсөтөт. жоболор. Бирок бул мындай актылардын кереги жок дегенди билдирбейт — анын үстүнө бир катар учурларда Конституциялык мыйзамдарды чыгаруунун зарылчылыгы түздөн-түз камсыз кылынат. Мисалы, жерге жеке менчик укугун жарыялаган 4-статья: «Жер жана башка жаратылыш ресурстары менчиктин жеке, муниципалдык жана башка формаларында болушу мүмкүн. Жердин жана жаратылыш ресурстарынын менчик ээлеринин алардын укуктарын ишке ашыруунун чектери жана тартиби жана аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам тарабынан аныкталат» (4-статьянын 5-пункту).

In this article we are talking about innovative processes in the education system, which is currently relevant. We will focus on the concepts of innovation and their importance in education, as well as on the types of innovation carried out in our country and the world. The requirement for innovation, the development of new educational technologies along with traditional teaching and the appeal to the works of national teachers-innovators convince us that only with the innovation of the educational system it is possible to create a scientific future in the country

**Keywords:** innovation, education, upbringing, crisis, innovative technologies,pedagogy

Азыркы мезгилде билим берүүдөгү инновациялык процесстерди өнүктүрүү объективдүү мыйзам ченемдүүлүк болуп саналат, бул: адам болуунун бардык чөйрөлөрүндө маалыматтык технологияларды интенсивдүү өнүктүрүү: жалпы адамзаттык баалуулук аспектинин борбору болгон билим берүүнүн заманбап философиясынын мазмунун; окуу-тарбиялоо процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүнүн гуманисттик багытталган мүнөзүн жаңылоо: тарбиялануучуну чыгармачыл инсан болуп калыптандырууга багытталган кесиптик иши үчүн педагогдун активдүүлүгүн жана жоопкерчилигин, жаңы социалдык - экономикалык шарттарда кабыл алууга даярдыгын жана жигердүү ишин жогорулатуу зарылдыгы.Ушуга байланыштуу педагогдун инновациялык ишмердиги өзгөчө мааниге ээ.

Кесиптик-педагогикалык билим берүүнү жаңыртууда жана өнүктүрүүдө инновациялык процесстердин жана инновациялык ишмердүүлүктүн мазмунун жана ролун бирдиктүү жана адекваттуу изилдөө педагогикалык инноватиканын негиздерине кайрылуу жана заманбап билим берүүдөгү инновациялардын өзгөчөлүктөрүн толугураак карап чыгуу зарылдыгын шарттайт.

Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн ою боюнча, акыркы жылдары көп айтылып, жазылып келген жана дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө тигил же бул формада өзүн көрсөтүп келе жаткан дүйнөлүк билим берүү кризиси, анын прагматикалык жактан түшүнүктүү экономикалык кайтарымы жагынан билим берүүнүн натыйжалуулугунун жетишсиздигинен гана эмес,

дүйнөлүк билим берүү кризисинин чыныгы маңызы азыркы билим берүүнүн цивилизациялык мейкиндиктин глобалдык көйгөйлөрүнө каршы алсыздыгында жана натыйжасыздыгында турат.

Инновациялык процесстерди изилдөөчүлөр, билим берүүдөгү кризистик абалдан чыгуу үчүн, билим берүү процессин уюштуруунун мазмунун, формаларын жана ыкмаларын өзгөртүү, принципиалдуу жаңы технологиялык билим берүүнү камсыздоону түзүү аркылуу гана убакыттын чакырыгына жооп берип, бул системаны өнүктүрүүнүн анык ресурсу боло аларын белгилешет.

Педагогиканын тарыхында "инновациялык" жана "салттуу окутуу" терминдерин илимпоз-дидактиктер 1978-жылы Рим клубуна берген докладында сунушташкан, алар алгач салттуу окутуу принциптеринин заманбап коомдун инсандык жана анын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү талаптарына шайкеш эмес экендигине коомчулуктун көңүлүн бурушкан. Орус окумуштуулары В.Е. Шукшунов, В.Ф. Взятышев жана Л.И. Романкова системалаштыргандай салттуу жана инновациялык окутуунун негизги белгилери төмөнкү мисалда келтирилген.

Салттуу жана инновациялык окутуунун белгилери:

Салттуу окутууда:

-XVII – XIX кылымдарда калыптанып калган, дүйнө жөнүндө объективдүү чыныгы билимди алууга басым жасаган илимий рационалдуулуктун классикалык тиби өзөк болуп саналат

-дүйнөнүн механикалык жана детерминисттик сүрөтү калыптанып, негизинен технократтык ой жүгүртүү маданиятын аныктайт жана колдойт

-окутуунун жана маселени чечүүнүн даяр ыкмаларына таянган, көбүнчө биртиптүү мугалимге жообу белгилүү болгон билим берүүнүн ыкмаларынын басымдуу болушу

-билим берүүнүн мазмунунун социалдык-гуманитардык жана илимий-техникалык курамынын жасалма (формалдуу) байланышы, руханият менен кесипкөйлүктүн үзүлүшү

Инновациялык билим берүүнүн белгилери:

-таанып-билүүчү жана учурдагы субъектти камтыган илимий рационалдуулуктун классикалык эмес жана постклассикалык түрлөрүнүн киргизилиши жана үстөмдүк кылуусу, ал эми илим-билим берүү жашоонун социалдык шарттарынын жана анын социалдык иш аракетинин контекстинде каралат

-системалык ой жүгүртүү маданияты калыптанат; адам - коом - жаратылыш мамилелерин шайкеш келтирүүгө багытталган дүйнө тааным калыптанат

-чыгармачыл жаратман ишмердүүлүктүн методологиясын өздөштүрүүгө багытталган окутуунун мазмуну жана методдору, адамдын инновациялык нерселерди жаратуу , ал эмес окутуучу билбеген жөндөмүн калыптандыруу

-адеп-ахлакты, руханиятты, социалдык жоопкерчиликти кесипкөйлүктүн фактору катары калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп саналат.

Инновациялык окутуунун белгилерин талдоо менен белгилеп кетүүчү нерсе бул, негизги мааниси боюнча "инновация" түшүнүгү жаңычылдыкды жаратуу жана жайылтуу гана эмес, ушул жаңыланууга байланышкан кайра түзүүлөргө, иш аракеттин өзгөрүүлөрүнө, ой жүгүртүү стилине да тиешелүү экендигин белгилей кетсек болот. Ошондуктан, билим берүүдө педагогикалык жаныланууну изилдеп окутуу инновациялык тажрыйбаны сүрөттөп айтуу менен гана чектелбеген татаал дисциплиналар аралык кубулуш катары үйрөнүү зарылчылыгы келип чыгат.

Ошентип, коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө инновациялык ишмердүүлүктү изилдөө азыркы учурда актуалдуу болуп баратат.

Билим берүү системасында инновацияларды өздөштүрүү, кеңейтүү жана киргизүү маселелерин чечүүдө, педагогикалык инновациянын предмети болуп жаңы дисциплиналар аралык илимий багыт катары билим берүүнүн эволюциясы үчүн келечектүү , анын өнүгүшүнө, ошондой эле көп маданияттуу мейкиндиктин өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген актуалдуу жана системалуу уюштуруучу инновациялык процесстер эсептелет. Инновация

(лат. – жаңы) жаңылык дегенди билдирет. Билим берүүдөгү инновациялар-педагогикалык технологияларды өркүндөтүү процесси, окутуунун методдорунун, ыкмаларынын жана каражаттарынын жыйындысы. Ар бир мекеменин билим берүү ишмердүүлүгүнүнүн маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Педагогикалык инновациялар-бул педагогика жаатындагы жаңылыктар, билим берүү чөйрөсүнө туруктуу элементтерди (инновацияларды) киргизген, анын айрым компоненттеринин да, бүтүндөй билим берүү тутумунун да мүнөздөмөлөрүн жакшырткан максаттуу прогрессивдүү өзгөртүү. Педагогикалык инновациялар билим берүү системасынын өздүк ресурстарынын эсебинен (өнүгүүнүн интенсивдүү жолу), ошондой эле кошумча булактардын (инвестицияларды) – жаңы каражаттарды, жабдууларды, технологияларды, капиталдык салымдарды ж.б. тартуунун эсебинен (өнүгүүнүн экстенсивдүү жолу) ишке ашырылышы мүмкүн.

Педагогикадагы инновациялык өзгөрүүлөр төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлүшү керек:

-билим берүү мекемелерин өнүктүрүүнүн концепцияларын жана стратегияларын иштеп чыгуу;

-билим берүү мекемелерин жана жалпысынан билим берүү системасын башкарууну өркүндөтүү;

-билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу;

-азыркы замандын талаптарына жооп берген адистердин компетенцияларын калыптандыруу;

-билим берүү процессинин жаңы моделдерин долбоорлоо жана тарбиялоонун жаңы технологияларын иштеп чыгуу;

-педагогикалык кадрларды даярдоону жакшыртуу жана алардын квалификациясын тынымсыз жогорулатып туруу;

-ден соолукту сактоого, чындоого арналган окутуунун технологияларын иштеп чыгуу;

-билим берүү процессине жана окуучулардын өнүгүүсүнө мониторинг жүргүзүү;

-жаңы муундагы окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу ж. б.

Демек ушул багыттар боюнча мамлекетибизде ар түрдүү иш аракеттер жүргүзүлүп жатат десем жаңылышпайм. Президентибиздин жарлыгына ылайык тарбия- билим берүүгө өгөчө көңүл бурулуп, түрдүү программалар иштелип жатат. Ушул багытта өлкөбүдүн окумуштуу педагогдору да өз аракеттерин жасап, окутуунун жана тарбиялоонун формаларын сунуштап жатышат. Гапыр Мадаминов агайыбыздын бул багыттагы жазган "Дасторкон үстүндөгу университет", "Энелер сиздер үчүн","Энелер мектеби"жана башка китептери, Дүйшөн Шаматовдун "Билим бакыт канаты",Абдураимова З.С. "Педагогиканы окутуунун технологиялары" жана башка өлкөбүздөгү көрүнүктүү педагог-окумуштууларыбыздын эмгектерин айта алабыз. Ошондой эле Тимоти Д.Уолкердин "Финдердей окуталы", "Сингапур билим берүү системасы:Парадокстардын күчү" Эн Пак Ти, "А.Токтомаметов "Канткенде мыкты мугалим боло алам" эмгектерин кошуп кетүүгө болот. Ушул эмгектерден билим берүүдө көптөгөн жаңылануунун формаларын алуу менен мыкты насаатттарды алууга болот.

Билим берүүгө мониторинг жүргүзүүдө PIZA программасын пайдалануу бул да болсо жаңылычыл окутууга шарт түзүүчү программа экендиги, окутууда жаңы ыкмаларды колдонуу менен билим алуучулардын билим сапатын жогорулатуу азыркы замандын бирден бир талабы экендигин тушүнүү, биз бир гана билим берүүнү жакшы жогорку сапатка жеткирүү менен гана дүйнө агымына кошула ала тургандыгыбызга жана өлкөнүн келечеги билимдүү, илимдүү жаштарда гана экендигине ынануубуз керек. Жогоруда айтылгандарды жалпылап, азыркы педагогикалык инноватикада инновация педагогикалык ишмердүүлүктү жаңыртуунун бүтүндөй теориялык, технологиялык жана методологиялык концепциясы катары чагылдырылып, анын көрсөтүлгөн деңгээлге чыгышын камсыз кылат, бул максатка жаңы нерсени киргизүүнүн каражаты жана процесси, окутуунун жана тарбиялоонун методдору жана формалары, педагогдун жана окуучунун ишин уюштуруу керек. Инновация-бул билим берүү чөйрөсүнө туруктуу элементтерди (инновацияларды) киргизген, айрым бөлүктөрдүн, компоненттердин жана бүтүндөй билим берүү тутумунун мүнөздөмөлөрүн

жакшырткан максаттуу өзгөртүү болуп саналат. Педагогикалык инновациялардын критерийлери болуп жаңылык, оптималдуулук, натыйжалуулук, концептуалдуулук, системалуулук, гумандуулук, салт менен улантуучулук, илимий жана илимий-методикалык камсыздоонун жетиштүүлүгү, ишке ашыруу жана жайылтуу шарттарынын комплекси катары инфраструктуранын болушу саналат.

## Адабияттар

1. Г.Мадаминов “Дасторкон үстүндөгу университет” Б:2021
2. Г.Мадаминов “Энелер сиздер үчүн”Б:2023
3. Г.Мадаминов”Энелер мектеби”Б: 2021
4. Т.Д.Уолкер “Финдердей окуталы”
5. З.С.Абдураимова “Педагогиканын окутуунун технологиялары”
6. КРнын Билим берүү закону.

***Кулушова М.К.,*** *окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Атабаева А.Б.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Мамбеталиева Г.М.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Жумабаева Г.И.,*** *окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ –УЛУТТУК КӨРКӨМ СӨЗДҮН УСТАТЫ

**Аннотация**

Т.Сыдыкбеков –кыргыз маданиятындагы залкар инсан, эң көп роман жазган жазуучу, өзүнөн кийин өсүп келе жаткан таланттуу жаштардын чыгармачылыгын колдоп келген,жол көрсөткөн улуу устат.

**Ачкыч сөздөр:** жазуучу, роман, залкар, устат, чыгарма.

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ-МАСТЕР НАЦИОНАЛЬНОГО ХУДОЖЕСТВЕННОГО СЛОВА

**Аннотация**

Т.Сыдыкбеков-выдающаяся личность в кыргызской культуре, писатель, написавший больше всего романов, великий мастер, поддерживающий и направляющий творчество талантливой молодежи, растущей после него.

**Ключевые слова**: писатель, роман, величественный, наставник, произведение.

## TYGOLBAY SYDYKBEKOV IS A MASTER OF THE NATIONAL ARTISTIC WORD

**Annotation**

T.Sydykbekov is an outstanding personality in Kyrgyz culture, a writer who has written the most novels, a great master who supports and guides the creativity of talented young people growing up after him.

**Keywords:** Writer, composition, novel, majestic, mentor.

Кыргыз элинин тарыхындагы кыргыз эли деп күйүп-бышкан, жаштыгын, болгон талант, дараметинин баарысын өзүнүн улутуна арнаган саналуу инсан, атактуу жазуучулардын бири Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгы мамлекеттик деңгээлде белгиленип, ар кандай иш-чаралар өткөрүүлүдө. Жазуучуну ниети ак, калыс, элдин баарына жакшылык гана каалаган жайдары мүнөз, айкөл жылдыздуу, нарк-салабаттуу инсан катары билебиз. Сыдыкбеков өзүнүн “Жол ” деген автобиографиялык чыгармасында “Мен он үч адамдын ордуна келгенмин”,-деп айтат. Түгөлбайга чейин апасы Айымкан жана атасы Сыдык он үч баласынан ажырашат. Жазуучу балалык кезинде сүткө күйүп бир өлүмдөн калат,кийин 1927-жылы жүрөгүндө тешик барэкендиги билинет. 1932-жылы кеч күздө кургак учук оорусуна кабылып, оозунан кан агып, эти жок сөөк болуп калган учурларында көргөн дарыгер анын жашап кетишине көзү жетпей баш чайкаган. Ошол оорулардын баарын жеңип 85 жыл өмүр сүрүп,кыргыз эли үчүн,тили үчүн,улут үчүн опол тоодой кызмат кылды.

Өзүнүн балалык кездеги эң биринчи чыгармасы жөнүндө минтип айтканы бар: Бир күнү Пушкиндин китебин окуп отурсам, классташтым Молдокасым: "Ушундай орус тилиндеги чоң китепке да сенин тилиң өтчү беле", - деп мыскылдайт. Буга намыстанган мен: "Мындай китепти өзүм да жазам", - деп, ошондон улам "Капкакбай" деген поэма-жомокту мелдеше кетип жазып таштадым, сөз ылгап, ырдын кооздугун, көркөмдүк касиеттерин териштириш кайда. Туш келди "соктура" берип, беш-алты күндүн ичинде эки дептерди жомокко толтурдум", - дейт ал бул чыгармасынын жазылышы тууралуу. Мына ошентип ал акырындап адабий шыгын ойготот.

Атактуу алп жазуучудан кыргыз элине үч керээз же осуят калган деп айтсак болот.

**Биринчиси** -сен өзүңдүн ким экендигиңди ,тарыхыңды бил.Өзүңдүн тарыхыңды билбесең келечегиң жок.

**Экинчиси-** эне тилди сакта.Эне тилиң жок болсо улутуң жок. .Кыргыз тили түрк тилдүү элдердин эң байыркысы.Бул тилде “Манас” баштаган канчалаган эпостор,дастандар жазылган.Сыдыкбеков кыргыз тилинин лексикасына чет тилден сөздөрдүн киришине каршы экендигин билдерген.Ал сөздөрдүн ордуна кыргыздын нукура, азыр колдонуудан чыгып архаизм,историзм болуп кеткен сөздөрдү колдонсо боло тургандыгын,адабий көркөм тилди башка тилден кирген сөздөр менен булгабаш керек деген көз карашын айткан.

**Үчүнчү эң негизги осуяты-** интеллигенттерге,жазуучуларга болгон.

Өз элиңе, улутуңа кызмат кыл.

Бул киши жазуучу катары да,тотолитардык системанаын учурунда ушул системага баш ийбей,өзүнүн улутун,элин баарынан бийик койгон инсан катары элибиздин эсинде калды.Буга далил катары 1967-71-жылдары **“Освобождение”**деген 4-5 сериялуу кинофильм тартылган.Жазуучу бул кинофильмде бир да кыргыздар жөнүндө маалымат жок экендигине ачуусу келип түз эле Москвага СКА га кат жазат.”Согушту жалаң эле орустар жеңген эмес,кыргыз элинен **360** миндей киши катышып**,90** миңден ашыгы каза болгон.**150** миндей адам орден медалдар менен сыйланган,**29** адам Даңк орденинин толук ээси,**73** жоокер Советтер союзунун баатыры болгон. Эмне үчүн бир да кыргыздын аты аталган эмес.Бул эмне кыргыз элин шылдыңдаганыңарбы?”-деп кат баргандан кийин Сыдыкбековду бюрого чакырышат.Ал жерде жазуучуга ар тараптан суроолорду беришип аябай айласын кетиришет.Ал тургай кемсинткен сөздөрдү айтууга чейин барышат.Сурак бир нече сааттарга созулуп Түгөлбай атабыз чыгып кетип бара жатканда артынан 2-секретарь болуп турган Макаренко келип ,өзүнүн машинасына отургузуп,үйүнө чейин жеткиргендигин эскерген.Макаренко адабиятка аябай кызыккан,баалаган,Маяковскийдин дээрлик баардык ырларын жатка билген киши болгон.

Ошол окуяга чейин жашыбы ,карысыбы Сыдыкбековдун алдынан кыя басып өтпөй,кол берип учурашып,кандай маселе болсо да сүйлөшүп жүргөн адамдар,жазуучуну көргөндө бурулуп басып кетишкен.”Бул киши СКАга жаман көрүнүп калган адам,аралашпайлы”,-деп угуза айтып,бир да киши келип учурашпай койду деп Сыдыкбеков эскерген.

Жазуучу тарыхый роман,балдарга арналган романдарды жазуу менен бирге өз чыгармачылыгында аялдар темасына да кайрылган.

Т.Сыдыкбеков 1982-жылы болуп өткөн адабий кечесинде мындай суроо берилген:”Аялдар турмушун чагылдырган”Зайыптар”,”Сыр ачуу”деген романдарыңыз бар,бул темага кайрылышыңызга эмне себеп болду?”.Жазуучу бул суроого мындай деп жооп берген:”Аялдар ошол адамдын энеси.Эгерде аял адамдын энеси болбосо адамдардын өзү да болбос эле.Ошондуктан бул турмушта кандай каат,кандай кыйын оор кездерде болбосун,мактанган эркектерден аялдар кайраттуу да,күчтүү да,тапкыч да.Ушул жашымда башымдан кыйла оор мезгилдерди өткөрдүм.Беш жаш кезимде биздин калкыбыз аарып-ачкан кезде бүтүн айыл келте менен ооруган учур болгон.Бир үйдө канча киши болсо ошонун баары ооруп жатып калган.Азамат эркектер онтоп башын көтөрө албай жатканда,келте менен ооруп жаткан аялдар белин бекем бууп,ооруп жаткандарга суу берген учурлар болгон.Же болбосо көчмөн турмушта азыркыдай чөп даярдап алуу жок жут болгондо кыштын күнүндө тескей-күнгөйдүн карын күрөп,малга чөптү ачууда эркектерден кем калышпай аялдар иштешти.Ата мекендик согуш болсун,жортуул болсун,бүгүнкү мезгил болсун бардык тармакта аялдардын милдети оор да,жоопту да.Мекемени алсак аял эркек экөө бирдей эле иштешет, үйгө келгенде аял эркектен артыгыраак иштейт.Бала багат,үйдү жөнгө салат,үй бүлөгө тамак-аш бышырат.Ушул жаганан алып караганда асыл зат,асылдык аялдарга берилген.Мен жаш кезимден аялдардын эмгегиндеги оор татаал,кыйла окуялар таасир эттиби? Ошондуктан аялдар темасына арнап **“Зайыптар”** деген романды жаздым. Кийин **“Сыр ачуу”** жазылды. Өмүр берсе дагы да бул темага кайрылам”,-деп айткан.

**“Зайыптар”** романы 1966-жылы китеп болуп чыккан. Эки китептен турган бул чыгарма биринчи китеби “Батийна”, экинчи китеби “Ашууда” деп аталат. Бул романда жазуучу кыргыз аялдарынын тагдырын, тагыраак айтканда , Октябрь төңкөрүшүнөн мурдагы жана Совет бийлиги учурундагы алардын коомдук –саясий, социалдык-турмуштук абалын

сүрөттөп көрсөткөн. Батийна-теңсиздиктин, адилетсиздиктин запкысын тарткан аялдардын бири. Совет бийлигинин тушунда ошол кордуктардан кутулуп, эл башкаруучу адамдын деңгээлине чейин өсүп жетилди. Ал эми Зууракандын образы аркылуу бүткүл кыргыз элинин урматтоосуна арзыган даңктуу кызылчачы Зууракан Кайназарованын өмүр жолун пайдаланган. Жазуучунун кичинекей ырыбы, же чоң роман, повесттериби, баарынын тең жазылуу тарыхы болгон.

Сыдыкбеков өзүнүн өмүр жолунда бактылуу өмүр кечирүү менен өмүр бою калемин колдон түшүрбөй, кыргыз көркөм адабиятына калтырып кеткен көптөгөн эмгектерин жазып,асыл кеңештерин айтып келди. Кыргыз тилинин улуулугун даңазалап, өрнөктүү өмүр сүрүп,миң жылга тете эмгек сиңирди. Ал жараткан прозалар экинчи өмүрү сыяктуу кыргыз эли менен түбөлүккө жашай берээрине ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Т.Сыдыкбеков: “Жол”автобиографиялык роман. -Ф.:Мектеп,1982-ж.
2. Т.сыдыкбекров: “Мен миң жыл жашадым”: Аян,аңгемелер,маектер,каттар. Ж.Медералиев, Б.: Акыл, 1998-ж.
3. Публицистикалар жана адабий макалалар. -Ф.: Кыргызстан,1982-ж.
4. Зайыптар-Үчилтик:1-2-китеп.-Ф.:Кыргызстан,1966-ж.

***Алиева А.А.,** магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУНУН МАҢЫЗЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

**Аннотация**

Аталган макалада интерактивдүү окутуунун маңызы жана методологиялык принциптери, интерактивдүү окутууну уюштуруунун негизги эрежелери жөнүндө баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** интерактивдүү окутуу, маалымат технологиялары, интерактивдүү окутуунун принциптери, компетенттүүлүк, дискуссия, оюн.

# СУЩНОСТЬ И МЕТОДИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ

**Аннотация**

В статье рассаматривается сущность и методологические принципы интерактивного обучения, основные правила организации интерактивного обучения.

**Ключевые слова:** интерактивное обучение, информационные технологии, принципы интерактивного обучения, компетентность, дискуссия, игра.

# ESSENCE AND METHODOLOGICAL PRINCIPLES OF INTERACTIVE LEARNING

**Abstract**

The article considers the essence and methodological principles of interactive learning, the basic rules for organizing interactive learning.

**Key words:** interactive learning, information technology, principles of interactive learning, competence, discussion, game.

Интерактивдүү билим берүү технологияларын колдонуу маселеси бүгүнкү күндө өтө актуалдуу маселелердин бири. Аларды окуу процессинде колдонуунун зарылчылыгы мамлекеттик билим берүү стандарттарында формулировкаланган. Интерактивдүү методдордун маңызын билүү жана аларды колдонууга даяр болуу маселелерин Ф.Б. Бурханов [1], белгилеп кеткен.

«Өз ара аракеттенүү» түшүнүгү (англис тилинен. Interaction – өз ара аракеттенүү) социологияда жана социалдык психологияда биринчи жолу пайда болгон. Демек, интерактивдүү окутуу – бул биринчи кезекте интерактивдүү окутуу, анын жүрүшүндө мугалим менен окуучунун өз ара аракети ишке ашат.

Интерактивдүү окутуунун маңызы – окуу процесси дээрлик бардык окуучулар окуу процессине катыша тургандай уюштурулуп, алар билгендерин жана ойлогон нерселерин түшүнүүгө жана ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Окуу материалын үйрөнүү, өздөштүрүү процессинде окуучулардын биргелешкен активдүүлүгү ар бир адамдын өзүнүн өзгөчө индивидуалдуу салымын кошуусун, билим, пикир, ишмердүүлүк ыкмалары менен алмашууну билдирет. Мындан тышкары, бул жакшы ниеттин жана өз ара колдоонун кырдаалында болот, бул жаңы билимдерди алууга гана мүмкүндүк бербестен, таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн да өнүктүрөт, аны кызматташуунун жана кызматташтыктын жогорку формаларына өткөрүп берет.

Интерактивдүү формалардын мүнөздүү, маанилүү белгиси өз ара аракеттенүү субъекттеринин өз ара багытталган активдүүлүгүнүн жогорку деңгээли, катышуучулардын эмоционалдык, руханий биримдиги болуп саналат.

Интерактивдүү методдорду колдонууда окуучу кабыл алуу процессинин толук кандуу катышуучусу болуп калат, анын тажрыйбасы тарбиялык билимдин негизги булагы катары кызмат кылат. Мугалим даяр билимди бербей, окуучуларды өз алдынча изденүүгө үндөйт. Сабактарды өткөрүүнүн салттуу формаларына салыштырмалуу интерактивдүү окутууда мугалим менен окуучунун өз ара аракети өзгөрүүдө: мугалимдин ишмердүүлүгү

окуучулардын активдүүлүгүнө орун бошотот, ал эми мугалимдин милдети – алардын демилгеси үчүн шарт түзүү.

Интерактивдүү окутуу интенсивдүү окутууда кеңири колдонулат. Бул методдорду өздөштүрүү жана колдонуу үчүн мугалим топтук өз ара аракеттенүүнүн ар кандай методикаларын билиши керек. Интерактивдүү окутуу өз ара түшүнүүнү, катышууну, байытууну камсыз кылат. Интерактивдүү методдор лекциялык сабактарды эч качан алмаштырбайт, бирок лекциялык материалды жогорку деңгээлде өздөштүрүүгө көмөктөшөт жана эң негизгиси пикирлерди, мамилелерди, жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандырат.

Интерактивдүү формаларды колдонууда мугалимдин ролу кескин өзгөрөт, ал борбордук орунда болбой калат, ал процессти гана жөнгө салат, жалпы уюштуруу маселелери менен алектенет, алдын ала зарыл болгон тапшырмаларды даярдайт жана топтордо талкуулоо үчүн суроолорду же темаларды түзөт, консультацияларды берет, белгиленген пландын аткарылышынын убактысын жана тартибин көзөмөлдөйт. Катышуучулар өздөрүнүн жана башка адамдардын социалдык тажрыйбасына кайрылышат, мында алар бири-бири менен баарлашууга, коюлган милдеттерди биргелешип чечүүгө, чыр-чатактарды жеңүүгө, жалпы тил табышууга, компромисске барууга аргасыз болушат.

Психологдор окуу процессиндеги карым-катнашта кабылдоонун тактыгынын жогорулагандыгын, эс тутумдун иштешинин натыйжалуулугун жогорулаткандыгын, инсандын көңүл буруу туруктуулугу, аны бөлүштүрүү жөндөмү сыяктуу интеллектуалдык жана эмоционалдык касиеттери кыйла интенсивдүү өнүгүп жаткандыгын; кабылдоодо байкоочулук; өнөктөштүн ишин талдоо, анын мотивацияларын, максаттарын көрүү жөндөмү жогорулагандыгын аныкташкан.

Баарынан эң маанилүүсү, сабактарды өткөрүүнүн интерактивдүү формалары:
-окуучулардын кызыгуусун ойготот;
-ар бир адамдын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт;
-ар бир окуучунун сезимдерине кайрылат;
-окуу материалын натыйжалуу өздөштүрүүгө көмөктөшүү;
-окуучуларга көп пландуу таасир тийгизет;
-кайтарым байланыш (аудиториянын жооп) жүзөгө ашырат;
-окуучулардын пикирлерин жана мамилелерин калыптандырат;
-жашоо көндүмдөрүн калыптандырат;
-жүрүм-турумдун өзгөрүшүнө көмөктөшүү.

Белгилей кетсек, бул үчүн эң маанилүү шарт − окутуучунун интерактивдүү тренингдерге катышуусунун жеке тажрыйбасы. Аларды оюнга жеке катышуу, "мээ чабуулу" же дебат аркылуу гана үйрөнүүгө болот.

Интерактивдүү окутууну уюштуруунун негизги эрежелери методикалык адабияттарда көп жолу жазылган [2,3,6].

*Биринчи эреже.* Бардык катышуучулар тигил же бул жол менен тартылышы керек. Ушул максатта, талкуу процессине бардык катышуучуларды тартуу үчүн технологияларды колдонуу пайдалуу.

*Экинчи эреже.* Катышуучулардын психологиялык даярдыгы жөнүндө кам көрүү керек. Кеп сабакка келгендердин баары эле эмес, эмгектин айрым формаларына түздөн-түз кошулууга психологиялык жактан даяр. Бул жагынан жылынуу, эмгекке активдүү катышуу үчүн тынымсыз шыктандыруу, өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу пайдалуу.

*Үчүнчү эреже.* Интерактивдүү технологияны колдонууда окуучулар көп болбошу керек. Катышуучулардын санына окутуунун сапаты түздөн-түз байланыштуу болушу мүмкүн. Катышуучулардын оптималдуу саны - 25 адам. Ушундай шартта гана чакан топтордо жемиштүү иштөөгө болот.

*Төртүнчү эреже.* Иштөө үчүн кабинеттерди бөлмөлөрдү даярдоо. Бөлмө катышуучуларга чоң жана кичине топтордо иштөө үчүн орун алмаштырууга оңой боло тургандай даярдалышы керек. Окуучулар үчүн физикалык ыңгайлуулук түзүлүшү керек.

Интерактивдүү окутуу – бул окуучулардын биргелешкен иш-аракеттери формасында ишке ашырылуучу окутуунун ыкмасы: окуу процессинин бардык катышуучулары бири-бири менен өз ара аракеттенишет, маалымат алмашат, көйгөйлөрдү биргелешип чечишет, кырдаалдарды имитациялайт, кесиптештеринин иш-аракеттерине жана өздөрүнүн жүрүм-турумуна баа беришет; көйгөйлөрдү чечүү үчүн иштиктүү кызматташтыктын чыныгы атмосферасына чөмүлүү.

Интерактивдүү окутуу методдорунун негизги өзгөчөлүгү – билим берүү мейкиндигинде окуучунун прогрессин объективдүү кылган пикирлердин болушу.

Интерактивдүү окутуу катышуучулардын өз тажрыйбасына, алардын өздөштүрүлүп жаткан аймак менен өз ара аракетине, өз алдынча чечимди издөөгө негизделет. Окуу процессинин башка логикасы пайда болот: теориядан практикага эмес, жаңы тажрыйбаны калыптандыруудан аны колдонуу аркылуу теориялык түшүнүүгө чейин. Окуу процессине катышуучулардын тажрыйбасы жана билими алардын өз ара үйрөнүүсүнүн жана өз ара байышынын булагы болуп кызмат кылат. Катышуучулар өздөрүнүн билимдерин жана тажрыйбасын бөлүшүү менен мугалимдин окутуу функцияларынын бир бөлүгүн алышат, бул алардын мотивациясын жогорулатып, окуунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшөт.

Акыркы он жылдыкта интерактивдүү сурамжылоолор пайда болду, телекөрсөтүү жана радиодо түз баарлашууну, көрүүчүлөр жана угармандар менен эркин пикир алмашууну камтыган программалар пайда болду жана аларга берүүлөрдүн айрым сюжеттик линияларына таасир этүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Көбүнчө «интерактивдүү окутуу» термини маалыматтык технологияларга, дистанттык билим берүүгө, интернет ресурстарын колдонууга, ошондой эле электрондук окуу китептерин жана маалымдамаларды, онлайн иштөө ж.б.

Заманбап компьютердик телекоммуникациялар катышуучуларга чыныгы өнөктөш менен интерактивдүү диалогго (жазуу же оозеки) кирүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле «реалдуу убакыт режиминде колдонуучу менен маалыматтык системанын ортосунда билдирүүлөрдү активдүү алмашууга» мүмкүндүк берет. Компьютердик окутуу программалары интерактивдүү куралдарды жана түзүлүштөрдү колдонуу менен колдонуучу менен компьютердин ортосундагы үзгүлтүксүз интерактивдүү өз ара аракеттенүүнү камсыздайт, студенттерге окуунун жүрүшүн башкарууга, материалды өздөштүрүү ылдамдыгын жөнгө салууга, мурунку этаптарга кайтууга ж.б.у.с.

Акыркы мезгилде окумуштуулардын жана практиктердин интерактивдүү окутууга болгон кызыгуусу бир кыйла өстү, бул *биринчи* кезекте дидактикалык процессти уюштуруунун негизинен жөнгө салуучу, алгоритмдик, программаланган формаларынан жана ыкмаларынан иштеп чыгуучу, көйгөйлүү, изилдөөчү, изденүүчү, когнитивдик мотивдердин жана кызыкчылыктардын төрөлүшүн, окууда чыгармачылык үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган.

*Экинчиден,* окуучуларды мотивациялоо проблемасын практикалык чечүүнүн зарылдыгы. Буга дидактикалык методдор менен гана жетишилбейт,ал педагогикалык карым-катнаштын эффективдүү формаларын колдонуу, ыңгайлуу, стимулдаштыруучу кырдаалды түзүү, окуучунун инсандыгын урматтоо аркылуу жетишилет.

*Үчүнчүдөн,* учурдагы компетенттүүлүк мамиле окуучуунун белгилүү бир билимди өздөштүрүүсүнө эмес, анын инсандыгын өнүктүрүүгө, компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган, бул иш-аракеттин жана баарлашуунун тиешелүү тажрыйбасы аркылуу гана мүмкүн болот. Негизги компетенттүүлүк – бул башкалардын ой-пикирин жана тажрыйбасын эске алуу менен максаттарды жана аракеттерди координациялоо, үйрөнгөндөрүн колдонуу жана аткаруу жөндөмдүүлүгү. Бул компетенттүүлүк иштин топтук интерактивдүү формаларында гана алууга болот.

Интерактивдүү окутуунун баалуулуктары төмөнкү жоболордо көрсөтүлөт: окуучунун инсандыгы бардык билим берүү стандарттарына жана программаларына караганда маанилүү; баалуулуктар мазмунга жана окутуу технологияларына караганда маанилүү;

негативге караганда позитив маанилүү; мазмунга караганда процесс маанилүү; сандан сапат маанилүү.

Интерактивдүү окутуунун баалуулуктары аны уюштуруунун негизги эрежелери, принциптери менен бекемделет:

-жөнөкөйлүк принциби – түшүнүктүү нерсе өздөштүрүлөт;

-комфорт принциби – коркуу, дискомфорт билим алуунга болгон кызыгууну кескин төмөндөтөт;

-карым-катнаш принциби;

-жыйынтыкка жетүү принциби.

Интерактивдүү окутуунун бардык түрлөрүн жана ыкмаларын төмөнкүдөй бөлүүгө болот:

-дискуссия: модерация, топтук талкуу, практикадан жагдайларды талдоо (кейс-стади), мээ чабуулу, синектика ыкмасы (негизги ыкма –аналогия);

-оюн: симуляция (моделди изилдөө), дидактикалык жана чыгармачыл оюндар, иштиктүү, ролдоштурулган оюндар;

-уюштуруучулук жана активдүүлүк (процесстин чыныгы катышуучуларын тартуу менен чечимди табууга багытталган) оюндар;

-сабактарды өтүүнүн тренингдик формалары.

Ошентип, салттуу окутуу ыкмаларын колдонуу биринчи кезекте окуучулардын билимине багытталган. Окуу процессинде интерактивдүү ыкмаларды колдонуу төмөнкү натыйжаларды берет:

-когнитивдик ишмердүүлүктү активдештирүү маселесин чечүү;

-билимди, көндүмдөрдү өнүктүрүү;

-баа берүүдөн коркуу сезимин азайтуу;

-инсанды өнүктүрүү: өзүнө жаңы, сапаттуу баа берүү, өз алдынчалыкты жана чыгармачылыкты өнүктүрүү;

-топту өнүктүрүү: өнөктөштүктүн негизинде жаңы жамаатты түзүү;

-мугалимдин тажрыйбасын жогорулатуу;

-мугалимдин физикалык ресурсун үнөмдөө.

Интерактивдүү окутууда улуулардын турмуштук жана кесиптик тажрыйбасын эске алышыбыз керек. А.П Панфилова белгилегендей. [4], профессионалдуулуктун өнүгүшү дайыма башка адамдар аркылуу өтөт. С.Д. Смирнов [7] бири-бири менен жана окуучулар менен баарлаша билүү, балким, билим берүү мекемесинин педагогикалык курамынын рейтингин, анын тарбиялык ишмердүүлүктө эң жакшы натыйжаларга жетүү жөндөмдүүлүгүн аныктоочу эң маанилүү фактор болоорун баса белгилеген.

Биз жогоруда интерактивдүү окутуунун маңызын жана анын метологиялык принциптерин кыскача берүүгө аракет жасадык.

## Адабияттар


1. Бурханова, Ф.Б. Внедрение инновационных активных и интерактивных методов обучения и образовательных технологий в российских вузах: современное состояние проблемы / Ф.Б. Бурханова, С.Е. Родионова // Вестник Башкирского университета. – 2012. – Т. 17. – № 4. – С. 1863 − 1875.
2. Зеер, Э.Ф. Инновации в профессиональном образовании: учеб.-метод. пособие / Э.Ф. Зеер, Д.П. Заводчиков. – Екатеринбург: Изд-во РГППУ, 2007.
3. Кларин, М.В. Интерактивное обучение – инструмент освоения нового опыта / М.В. Кларин // Педагогика. – 2000. – № 7. – С. 12 – 18.
4. Панфилова, А.П. Инновационные педагогические технологии: Активное обучение: учебное пособие / А.П. Панфилова. – М.: Академия, 2009. – 192 с.
6. Селевко, Г.К. Энциклопедия новых педагогических технологий / Г.К. Селевко В 2-х т. Т. 1. – М.: Народное образование, 2005.
7. Смирнов, С.Д. Педагогика и психология высшего образования: от деятельности к личности: учеб. пособие для студ. высш. пед. учеб. заведений.-М.:Академия,2003.-400с.

***Алиева А. А.,*** *магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ “СЫНЧЫЛ ОЙЛОМДУ ӨНҮКТҮРҮҮ” ТЕХНОЛОГИЯСЫН КОЛДОНУУ

**Аннотация**
Аталган макалада сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн технологиясынын стратегиялары жөнүндө баяндалат.
**Ачкыч сөздөр:** сынчыл ойлом,стратегия, кластер, зиг-заг, Билем-Билгим келет-Билдим (ББКБ).

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ТЕХНОЛОГИИ «РАЗВИТИЕ КРИТИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ» В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

**Аннотация**
В статье описаны стратегии развития критического мышления.
**Ключевые слова:** критическое мышление, стратегия, кластер, зигзаг, «Знаю. Хочу узнать. Узнал» (ЗХУ).

# USING THE DEVELOPMENT OF CRITICAL THINKING TECHNOLOGY IN THE EDUCATIONAL PROCESS

**Abstract**
The article describes the strategies for the development of critical thinking.
**Key words:** critical thinking, strategy, cluster, zigzag, “I know. I want to know. I found out "(ZHU).

“Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын стратегиялары республикабыздын аймагында кеңири колдонулуп келүүдө. Бул программа 1996-жылы америкалык педагогдор Дженни Стил,Керт Мередис,Чарльз Темпл тарабынан түзүлгөн. Анын негизинде сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүүнүн натыйжалуу ыкмалары жана жолдору камтылган. Бул программада берилген ыкмалардын негизинде интерактивдүүлүк жатат.

Билим берүү практикасында окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө чоң көңүл бурулуп жатат. Бирок окутуунун тажрыйбасы көрсөткөндөй, окуучулр өз оюн сын көз менен карап ишенимдүү, аргументтештирүү менен айтып бере албайт, алардын ой жүгүртүүсү далилсиз билдирүүлөр менен чектелип, эмоционалдуу айьып берүүлөргө негизделет.

Өз оюн аргументтештирүү менен сынчыл ой жүгүртүүгө жетүү үчүн – ар түрдүү пайдалуу интерактивдүү усулдарды колдонуу биринчи кадам болуп эсептелет.Мында окуучулардын оюн угуп, багыт берүү жаңы изилдөөлөргө түртүү менен бирге эле аларга жеке ойду таңуулабоо зарыл.

Сынчыл ойлом – акыйкатты ачып, чындыкка жеткире турган ишенимдүү жол.Негизи адам чындап түшүнө алса, туура чечим кабыл алууга жөндөмдүү болсо- бул сынчыл ойломдун аркасында жүзөгө ашат. Демек, өз алдынча ой жүгүртө алсак, ээрчибесек, ар нерсенин ак карасын өз акылыбызга таянып жетсек, чын менен жалганды ажырата алабыз. Бул педагогдор үчүн да, окуучулар үчүн да өзгөчө мааниге ээ.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, биз уккандрыбыздын 10% ке жакынын, окугандарыбыздын 20%ке чейинкисин, ролдорду аткаруу менен 30%, тайпада талаштартыш уюштуруу (дискуссия) 40%, көнүгүүлөр аткаруу менен 50%, башкаларды окутуу жана үйрөтүү аркылуу 60%, өзүбүз жасаган нерселердин 80%тин эсибизде сактап калабыз. Муну биздин педагогикалык тажрыйбалар да ырастайт.

Төмөндө биз Сынчыл ойлмдун стартегияларын карап чыгууну туура көрдүк:

**Стратегиянын аталышы: Кластер.**

Стратегия жөнүндө. Кластер – идеяларды чагылдыруудагы графикалык уюштуруучу.Кандайдыр бир темадагы идеяларды эркин жана бат чогултууга жардам берген педагогикалык стратегия. Ал бат унутулуп кала турган идеяларды графикалык сүрөттөө менен кагаз үстүнө белгилөөгө мүмкүндүк берет.

*Стратегиянын негизги кадамдары:*

Теманы тандап алуу жана аны доскага же дептерге жазуу

Бардык сөздөрдү, түшүнүктөрдү, ассоциацияларды анализдебей жана сындабай туруп жазуу. Идеялар теманын тегерегиндеги тегерекчелерге жазылып турат. Орфографияга жана башка жазууга тоскоолдук кылган факторлорго көңүл бурбоо.

Жазуу жүргүзүү процессинде түшүнүктөрдүн ортосунда байланыштарды түзүү.

Окуучулар жекече жасаган кластерлерин түгөйү менен талкуулашат жана андан кийин бүт топко таркатылат.Жазуу ишке берилген убакытидеялар түгөнгүчө жүргүзүлөт.

Кластердеги идеяларды, түшүнүктөрдү ассоциацияларга бириктирүү.

**Стратегиянын аталышы: Зиг-заг.**

*Стратегия жөнүндө.* Кабарлашып окутуунун түрү. Окуучулардын текстти бөлүк-бөлүгү менен окуусу жана бүт текстти кичи топтордо иштеп чыгуу. Окуучу окуучуну окуткан абал.

*Стратегиянын негизги кадамдары:*

1.Теманы тандап алуу жана аны бөлүктөргө бөлүү.

2.Окуучуларды кичи (кооперативдик) топторго бөлүү. Топтун мүчөлөрүнүн саны текст бөлүнгөн бөлүктөрдүн санына туура келүүсү керек.

Мисалы: 1,2,3,4 -номерлүү окуучулардан турган ар бир топ кооперативдик тгруппа болот.

А-кооперативдик группа: 1А,2А,3А,4А

Б-кооперативдик группа: 1Б,2 Б,3 Б,4 Б

А-кооперативдик группа: 1С,2С,3С,4С

D-кооперативдик группа: 1D, 2D, 3D, 4D

3.Эксперттик группа түзүү

a) эксперттик группа: 1А, 1Б, 1С, 1D

b) эксперттик группа: 21А, 2Б, 2С,2D

c) эксперттик группа: 3А, 3Б, 3С, 3D

d) эксперттик группа: 4А, 4Б, 4С, 4D

4. Ар бир топко бөлүнгөн тапшырмаларды таркатуу.

5. Алдыда турган иш боюнча көрсөтмө берүү.

6. Эксперттик группада иштөө.

7.Топто тапшырманы окуп үйрөнүү. Өз-өзүнүн кооперативдик тобуна барганда өздөштүргөндөрүн кантип, кандайча түшүндүрүп бере алуунун ыкмасын иштеп чыгуу.

8.Кооперативдик группага биригүү. Эксперттик топто окуп үйрөнгөн тапшырманы кезеги менен топтун мүчөлөрүнө түшүндүрүү.Окуучу окуучуну окутат. Топтун бардык мүчөлөрү тапшырманы толук өздөштүрүү керек.

9.Теманы жалпы топ боюнча талкуулоо жана жыйынтыктоо.

**Стратегиянын аталышы: Венндин диаграммасы.**

*Стратегия жөнүндө.* Фактыларды, кубулуштарды,идеяларды салыштыруу үчүн пайдаланылган эки бири-бирине жабышкан тегерек түрүндөгү схема.Тегерек диаграмма. Ар бир тегеректеги бош орундар айырмачылыктарды жазуу үчүн пайдаланылат; тегеректегилер кошулушкандагы түзүлгөн жалпы бөлүгү- эки салыштырылган кубулуштардагы (фактылардагы,түшүнүктөрдөгү ж.б.) жалпылыкты белгилөө үчүн англиялык логик Венндин атына аталган. Жекече жана топтук иште пайдаланса болот.

*Стратегиянын негизги кадамдары:*

Салыштырылуучу негизги параметрлерди тандоо

Венндин диаграммасынын үстүндө иштөө

Салыштыруунун жыйынтыктарын презентациялоо

**Стратегиянын аталышы: Билем-Билгим келет-Билдим (ББКБ).**

*Стратегия жөнүндө.* Маалымат менен иштөө стратегиясы,тема же проблема боюнча изилдөөнү өткөрүү.

*Стратегиянын негизги кадамдары:*

Мээ чабуулу. Биринчи тилкеге идеялпрды жазуу;

Жазылган идеяларды талкуулоо.

Экинчи тилкеге окуучулар эмнени билгилери келгендиги жөнүндө суроолорду жазуу.

Текстти окуу жана үчүнчү тилкеге суроолордун каршысына жоопторду жазуу, жаңы идеяларды жазуу.

Мурда каралган суроолордун төмөн жагына кайра пайда болгон суроолорду жазуу.

Кошумча адабиятта, эксперттер менен сүйлөшүүдө ж.б. кайра пайда болгон суроолорго жоопторду издөө.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| Бул тилкеге окуучулар тема же проблема боюнча эмне билсе, ошонун баары жазылат. | Бул тилкеге окуучулар жооп алгысы келген суроолор жазылат. Төмөн жагына текстти окугандан кийин пайда болгон суроолор жазылат. | Бул тилкеге каралган суроолордун каршы жагына туура келтирилип жооптор жазылат. Төмөн жагына жаңы идеялар жазылат. |

Сынчыл ойломдун стратегияларын окуу процессинде колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

## Адабияттар


1. Кларин М.В. Инновационные модели обучения в зарубежных поисках. М.: «Арена», 1994.
2. Основы критического мышления (междисциплинарная программа): обучение чтению и письму в рамках проекта «Критическое мышление». Пос. 1. / Сост. Дженни Л.Стил, Кертис С. Мередит, Чарльз Темпл, Скотт Уолтер.
3. Критическое мышление - углубленная методика: подготовлено в рамках проекта «Чтение и письмо для Критического мышления». Пос.V1. ./Сост. Дженни Стил, Курт Мередит, Чарльз Темпл.

***Арстанбекова Н.Б.,*** *п.и.к.,доцент*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Абдувахобова Д.,*** *магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЛОГИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮНҮН ӨНҮГҮШҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация**

Аталган макалада окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнүн педагогикалык маселелери жөнүндө айтылат.

**Ачкыч сөздөр:** ой жүгүртүү, сезүү, кабылдоо, иш аракет, анализ,синтез

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ РАЗВИТИЯ ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ СТУДЕНТОВ

**Аннотация**

В указанной статье говорится о педагогических вопросах развития логического мышления учащихся.

**Ключевые слова:** мышление, чувство, восприятие, деятельность, анализ, синтез.

# PEDAGOGICAL ISSUES OF STUDENTS' LOGICAL THINKING DEVELOPMENT

**Abstract**

This article refers to the pedagogical issues of the development of students' logical thinking.

**Key words:** thinking, feeling, perception, activity, analysis, synthesis.

Реалдуу дүйнөнүн предметтери жана кубулуштарынын касиеттерин таанып билүү сезүү жана кабылдоо сыяктуу негизги психикалык процесстер аркылуу ишке ашат. Ошондой эле алардын касиеттерин ой жүгүртүү аркылуу түшүнүүгө болот. Ой жүгүртүү – бул адамзаттын таанып билүүсүнүн жогорку баскычын түзгөн, объективдүү реалдуулукту чагылдырган психикалык процесс [1]

Демек, азыркы мектепте билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү экендиги айдан ачык. Ой жүгүртүүнүн аныктамасын биринчилерден берүү аракети И.М. Сеченовго таандык, ал ”адамдын ой жүгүртүүсү – бул чындык менен ”жолугушуу”, анын жүрүшүндө чындык таанып билинет” - деген генийалдуу божомолун айткан. И.М.Сеченовдун бул божомолу анын убагында андан ары өнүгө алган эмес, бирок ошого карабастан ой жүгүртүү – процесс деген сөз ага таандык [3].

Адамдын психикасынын башка бардык кубулуштарына салыштырганда, ой жүгүртүү эң жашыруун жана аны изилдөө кыйын. Окумуштуу психологдор өз изилдөөлөрүндө детерминизм принцибин жетекчиликке алышат, ал төмөнкүчө аныкталат: тышкы себептер ички шарттар аркылуу иштейт. С. Л. Рубинштейн ушул принципке таянуу менен гана психикалык кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого болот жана дал ушул принцип психологиялык теориянын өзөгү болушу керек дейт [2].

Ой жүгүртүүнүн ички шарттары жабык катары эмес, алардын тышкы таасири менен тыгыз байланышкан, анын өзгөчө шарттары катары иш-аракет кылат. Алар, мисалы, анализ, синтез жана жалпылоо сыяктуу ой жүгүртүү иштери таанып-билүү учурунда иш-аракеттин жана активдүүлүктүн деңгээли менен аныкталат. Ой жүгүртүүнүн тышкы шарттары катары (зарылчылык менен ой жүгүртүүнү пайда кылган шарттар) баарынан мурда ой жүгүртүүнүн объектисинин өзү, ошондой эле субъект менен объект өз ара аракеттенген чөйрө турат.

Ошентип, ой жүгүртүү процессинин маанилүү механизми болуп төмөнкүлөр саналат: «ой жүгүртүү процессинде объект бардык жаңы байланыштарга кошулат жана ошонун аркасында жаңы түшүнүктөрдө белгиленген жаңы касиеттеринде жана сапаттарында пайда болот; объекттен, ошентип, бардык жаңы мазмун чийилип кетет; ал ар бир жолу башка

тарапка бурулат, анда бардык жаңы касиеттер ачылат» [3]. Ой жүгүртүүнүн аталган механизми синтез аркылуу талдоо деп аталат, анткени объекттеги жаңы касиеттердин изоляциясы (анализи) изилденүүчү объекттин башка предметтер менен байланышы (синтези) аркылуу, б.а. аны башка предметтер менен жаңы байланыштарга киргизүү аркылуу жүргүзүлөт.

Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө арналган көптөгөн эмгектерде билимдин системалуулугун калыптандыруу шарттарын, окуучуларды мүмкүн болушунча көп фактылар менен куралдандыруу жолдорун, закон ченемдүүлүктөрүн ж.б. табууга басым жасалат. Бирок, бул жерде эки көз карандысыз, бирок бири-бири менен тыгыз байланышта экенин белгилей кетүү керек: терең жана туруктуу билимди калыптандыруу жана окуучуларды туура ойлоно билүүгө үйрөтүү. С.Л. Рубинштейн бул маселе боюнча ой жүгүртүүнү өнүктүрүү проблемасын билимди өздөштүрүү проблемасына баш ийдирүү туура эмес деп жазат [2].

Чындыгында, дээрлик эки маселе тең (окуучуларды билимдердин системасы менен куралдандыруу жана алардын акыл-эс өнүгүүсү, анын ичинде ой жүгүртүүнү өркүндөтүү) чогуу чечилет, анткени ой жүгүртүүнүн калыптанышы билимди өздөштүрүү жана колдонуу процессинде гана болот, бирок алардын ар бири өз алдынча мааниге ээ жана өзүнүн ишке ашыруу жолдору бар.

Биз окуучуларды акыл-эс ишмердигинин рационалдуу ыкмаларына, атап айтканда, логикалык ой жүгүртүү ыкмаларына (салыштыруу, жалпылоо ж.б.) окутуу акыл-эсти өнүктүрүүнүн маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат жана ал билимди калыптандыруу менен бир убакта ишке ашырылышы керек деген көз карашты карманабыз.

Ой жүгүртүү психологияда көйгөйлөрдү чечүү процесси катары каралат. Адам «адат же мурунку билим жетишсиз болгон жерде ойлоно баштайт». С.Л. Рубинштейн: «Ойлонуу көйгөйлүү кырдаалдан келип чыгат. Проблема өзүнчө маселе катарында берилген жана изделген шарттар жана талаптар жазылган бир маселе катары калыптанып калганда (табуу же аныктоо керек экенин көрсөтүү), ой жүгүртүүнүн бардык жүрүшү маселенин шарттарынын жана анын талаптарынын катышы менен аныкталат» [3].

А. Н. Леонтьевдин [1] эмгектеринде ой жүгүртүү негизинен адамдардын алдында дайыма пайда болгон маселелерди, көйгөйлөрдү чечүү катары чыгат. Маселелерди чечүү ар дайым адамга жаңы билим бериши керек. Тигил же бул маселени чечүү үчүн издеп жатканда, кээде абдан кыйын болушу мүмкүн, ошондуктан, ой иш - аракет, эреже катары, - багытталган басым, чыдамдуулук талап кылган активдүү иш-аракет [4].

А. В. Петровский ой жүгүртүүнү социалдык жактан шартталган, сөз менен тыгыз байланышкан жаңы нерсени издөөнүн жана табуунун психикалык процесси катары аныктайт. Ой жүгүртүү сезимдик таанып-билүүдөн практикалык иш-аракеттердин жардамы менен пайда болот жана анын чегинен ашып кетет [5].

Ой жүгүртпөй туруп, курчап турган дүйнөнү таанып билүү мүмкүн эмес. С. Л. Рубинштейн: «ой жүгүртүү, сезүү жана кабылдоону байланыштырат: салыштырат, айырмалайт; аныктоо жана түшүнүү алар аркылуу чындыкты, кубулуштардын маңызын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет» - деп белгилейт [2].

Л.С. Выготский, П. Я. Гальперин, В. В. Давыдов, Л.В. Занков, Н. Б. Истомина, П. Г. Лубочников, Р.С.Немов сыяктуу окумуштуулар, психологдор жана педагогдор, Л. Ю. Огерчук, С.Л. Рубинштейн, Н.Ф. Талызина, О.К. Тихомиров ж. б. изилденген логикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн спецификасын жана аны калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн изилдешкен.

Я.А.Коменский логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн көрсөтмөлүүлүктү колдонуу менен кыска жыйынтык менен окуучуларды тааныштыруу керек деп эсептейт. Тыянактар баланын турмуштук тажрыйбалары менен байланыштуу болушу керек, ошондо гана алар ага түшүнүктүү болот [6].

Венгердин оюу боюнча, адам кандайдыр бир маселени чечүүдө жасаган жолу. Бул чечим өткөн тажрыйбанын негизинде жүзөгө ашырылат, ал алгач түшүнүктөргө, андан кийин жыйынтыкка келет[7]. П.Г.Лубочников анализ, синтез, логикалык конструкцияларды куруу

ж.б. жардамы менен ой жүгүртүүдө образдар пайда болот деп эсептеген. Алар менен иштөөнүн натыйжасында адамда образдуу-логикалык ой жүгүртүү калыптанат, ал кийин абстракттуу-логикага өтөт [8].

Люблинская А.А.: «Адам көйгөйлүү кырдаалга туш болгондо, жетүү керек болгон максатты белгилеп, же аткаруу керек болгон талапты тактап, ошондой эле боло турган шарттарды аныктап, ойлоно баштайт, берилген нерсени табыш керек болгон нерсе менен байланыштырат, б. а. коюлган маселенин чечилишин издейт» - деп жазат. Бул, адатта, тиешелүү оозеки сигналга жооп катары пайда болот. Мындай сигнал ой жүгүртүү процесси башталган суроо. Ал кимдир бирөө тарабынан коюлушу мүмкүн же ой жүгүрткөн адамда болушу мүмкүн, бирок сурамжылоодо тапшырма түзүлөт. Маселе, тилде иштелип чыккан эмес, башкача айтканда, бир маселе катары адамдын алдында тура албайт, демек, аны чечүү жолдорун издөөгө түрткү бере албайт. Адам өзү билбеген нерсени түшүнбөсө, ага чейин болгон билимин колдоно албайт жана жашоосунда пайда болгон адаттан тыш жагдайды түшүнүү үчүн бир катар туура операцияларды ырааттуу колдоно албайт.

Айтылгандарды *жыйынтыктап жатып*, ой жүгүртүүнү мүнөздөлгөн негизги өзгөчөлүктөрдү белгилейбиз:

-ой жүгүртүү – объективдүү чындыкты таанып-билүүнүн социалдык жактан шартталган психикалык процесси;

-адам баласы даяр ой жүгүртүү ыкмалары менен төрөлбөйт, логикалык ой жүгүртүү жөндөмү анда адам логикасы камтылган объективдүү формалар менен байланышуу процессинде өмүр бою калыптанат, адамдар менен баарлашуудан тышкары логикалык ой жүгүртүү процесстери калыптанбайт” [9].

ой жүгүртүү сүйлөө менен тыгыз байланышта жана ар дайым жалпыланган; ой жүгүртүү билимди өздөштүрүү жана колдонуу процессинде гана пайда болот: «билим – ой жүгүртүүнүн баштапкы түрткүсү, негизги каражаты жана акыркы натыйжасы».

-ой жүгүртүү иш- аракет менен тыгыз байланышта: «аракет – ой жүгүртүүнүн негизги формасы» ой жүгүртүү көйгөйлүү, максаттуу мүнөзгө ээ; көрсөтмөлүү-таасирдүү, көрсөтмөлүү-элестетүүчү жана оозеки-логикалык ой жүгүртүүнү айырмалашат; логикалык ой жүгүртүүнүн негизги формалары түшүнүктөр, ырастоолор жана тыянактар; логикалык ой жүгүртүүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү – бул логикалык конструкцияларды колдонуу менен түшүнүктөрдү киргизүү процессинде оозеки жол менен гана жүзөгө ашырылат».

## Колдонулган адабияттар


1. Леонтьев, А. Н. Проблемы развития психики/ А. Н.Леонтьев. – М., 2001
2. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии – Спб: Питер Ком, 1998-688с.
3. И.М.Сеченов И.М. О предметном мышлении с физиологических позиций. http://relig-library.pstu.ru/modules. php?name=795
4. Зеньковский, В. В. Психология детства/ В. В. Зеньковский. - Екатеринбург, 2005.
5. Петровский, А.Г. Психология: Учебник для студ. высш. пед. учеб. Заведений/А. Г. Петровский, М. Г. Ярошевский. - М.: Издательский центр “Академия”, 2009.
6. Коменский Я.А. Великая дидактика. Москва: Педагогика, 1982.
7. Алексеева О.В. Логическая подготовка младших школьников при обучении математике. Диссертация кандидата педагогических наук. Москва, 2000.
8. Лубочников П.Г. Психологические механизмы развития образно-логического мышления младших школьников. Диссертация … кандидата педагогических наук. Красноярск, 2004.
9. Люблинская А.А. Очерки психического развития ребенка – М.: Просвещение, 1965-364с.

***Арстанбекова Н.Б.,** п.и.к.,доцент*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*
***Нургазыева А.Н.,** магистрант*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# ХИМИЯНЫ ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАРДЫ КОЛДОНУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Аннотация**

Бул макалада оюн технологияларынын психологиялык-педагогикалык негиздери жана химия предметин окутуунун алгачкы этаптарында айрым дидактикалык оюндарды колдонуунун усулдары көрсөтүлгөн.

**Ачкыч сөздөр:** оюн, оюн технологиясы, химия предмети, дидактикалык оюндар, усул.

# ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ И ВОЗМОЖНОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР ПРИ ОБУЧЕНИИ ХИМИИ

**Аннотация**

В данной статье показаны психолого-педагогические основы игровых технологий и методика использования некоторых дидактических игр на начальных этапах обучения предмету химии.

**Ключевые слова:** игра, игровая технология, предмет химии, дидактические игры, метод.

# PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL FEATURES AND POSSIBILITIES OF USING DIDACTIC GAMES IN TEACHING CHEMISTRY

**Abstract**

This article shows the psychological and pedagogical foundations of gaming technologies and the methodology for using some didactic games at the initial stages of teaching the subject of chemistry.

**Key words:** game, game technologies, subject of chemistry, didactic games, method.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасына коюлган талаптар окутуунун методдорун, каражаттарын өркүндөтүүнү талап кылууда.

Маалыматтын көбөйүшү, мектеп предметтеринин мазмунун тынымсыз толуктоо жана жаңылоо, айрым жаңы окуу китептеринин жана программалардын теориялык материалдар менен ашыкча жүктөлүшү мектеп окуучуларынан теорияларды, закондорду жана түшүнүктөрдү көбүрөөк өздөштүрүүнү талап кылат. Ошол эле учурда, көптөгөн байкоолор жана изилдөөлөр көрсөткөндөй, окуучулардын предметтерге, айрыкча химияга болгон кызыгуусу төмөндөйт.

Бул көйгөйдү, биздин оюбузча, окуу процессинде салттуу методдор жана ыкмалар менен бирге оюн технологияларын колдонуу менен чечүүгө болот.

Окуу процессинде дидактикалык оюндарды колдонуунун теориялык негиздери алгачкы жолу психология илиминде ар тараптан изилденген. Оюндун психологиясы боюнча фундаменталдуу изилдөөлөр белгилүү окумуштуу Д.Б. Эльконинге таандык. Ал «Оюндун психологиясы» аттуу эмгегинде: «Оюн окуучунун жаратылышы менен бир нерсе аркылуу үндөш, андыктан тарбиялоонун ар кандай системасында оюн өзгөчө орунга ээ», – деп белгилеген [6, 316-б.].

Оюн теориясын изилдеген өкүлдөрдүн бири улуу педагог Н.К. Крупская: «Оюн – бул өсүп жаткан окуучунун дене кыймылынын муктаждыгы. Оюнда окуучунун дене түзүлүшүнүн күч кубаты өнүгөт, денеси чымыр тарта баштап, демилгелүүлүгү, тапкычтыгы жана зээндүүлүгү өнүгөт. Балдардын уюштуруучулук жөндөмдөрү пайда болуп, кырдаалга жараша маани берүү жөндөмү, сабырдуулугу калыптанат», – деп жазган [2, 342-б.].

Ошондой эле А.С. Макаренко оюндун тарбиялык маанисин жогору баалаган: «Оюн окуучунун жашоосунда өзгөчө мааниге ээ, чоңдорго ишмердүүлүк, иш, кызмат кандай маанилүү болсо, окуучуга оюн дал ошондой. Оюнда бала кандай болсо, кийин чоңойгондо

иште да ошондой болот. Андыктан, келечекке тарбиялоо баарынан мурда оюн аркылуу өтөт», – деп жазган [1, 209-б.].

А.С.Макаренко оюн окуучунун жашоосунда өзгөчө мааниге ээ деп эсептеген: «Оюн окуучуга кубаныч тартуулайт. Бул – чыгармачылыктын кубанычы, же жеңиштин кубанычы, же эстетикалык кубаныч – сапат кубанычы болуп саналат» [1, 213-215-бб.].

Окуучудагы көптөгөн олуттуу иштер оюндун формасына ээ болот. Анда инсандын бардык тарабы камтылган: бала кыймылдайт, сүйлөйт, кабыл алат, ойлонот; оюн процессинде кыялдануу, эске тутуу активдүү иштейт, эмоционалдык жана кайратмандык көрүнүштөрү күчөйт. К.Д. Ушинскийдин ырастоосу боюнча: «Оюнда бала жашайт жана бул жашоонун изи чындык жашоонун изине караганда, тереңирээк жана да тарбиялоонун эң күчтүү каражаты», – деп белгилеген.

К.Д.Ушинский балдар оюндары социалдык чөйрөгө көз каранды экенин көрсөткөн. Ал оюндар бала үчүн изи жок болбойт, алар коомдогу адамдын жүрүм-турумун жана мүнөзүн аныктайт. Ошентип, оюнда башкарууга же баш ийүүгө көнүп калган бала чыныгы жашоодо да мындай нерсеге тез көнөт. К.Д. Ушинский бирге ойноого чоң маани берген, анткени аларда биринчи коомдук мамилелер башталат. Ал оюндагы балдардын өз алдынчалуулугун баалаган, мындан окуучуга оюндун терең таасирин байкаган, оюндарын балдардын көңүлүнө адеп-ахлактык мазмунду камсыз кылууга багыттоону зарыл деп эсептеген [5].

Оюндагы аракеттер сабактарда алган билим, билгичтик жана көндүмдөргө таянат, алар курчап турган чөйрөгө сынчыл көз караш менен өзүнө баа берүүнү, рационалдуу жана эффективдүү чечим кабыл алуу жөнүндө окуучуларды камсыздайт. «Окуучунун жан дүйнөсү өз алдынча иштеп жаткан оюн, бала үчүн ишмердүүлүк экендигин эч качан унутпашыбыз керек. Оюнда бир эле учурда умтулуу, сезимталдык жана элестүүлүк өнүгөөрүн ал биринчилерден болуп далилдеген. Окуучуну оюндан ажыратуу – аң-сезимдүү ишмердүүлүктөн ажыраткандай, ал үчүн өтө коркунучтуу жаза», – деп жазган К.Д. Ушинский [5, 489-б].

Улуу педагог В.А. Сухомлинский: «Оюн – өтө чоң жарык терезе, ал аркылуу окуучунун руханий дүйнөсүнө элестетүүлөрдүн, курчап турган айлана-чөйрө жөнүндө түшүнүктөрдүн жандуу агымы кирип турат. Оюн – бул бир нерсени билүүгө болгон умтулууну жана каалоону жандырып турган учкун болуп эсептелет. Оюн баланын жашоосунда кандай орунду ээлейт, аны биз өтө кунт коюп карашыбыз керек. Бала үчүн оюн – бул өтө олуттуу иш. Оюнда баланын алдында дүйнө ачылат, инсандын чыгармачылык жөндөмү өнүгөт. Оюнсуз толук кандуу аң-сезимдин өнүгүшү мүмкүн эмес», – деп жазган [4, 136-б].

Оюнга кызыктуу мүнөздөмөнү Г.К. Селевко берген: «Оюн – бул коомдук тажрыйбаны түзүүгө жана өздөштүрүүгө багытталган кырдаалдардын шартындагы ишмердүүлүктүн түрү. Анда жүрүм-турумду өз алдынча башкаруу өркүндөтүлөт жана жөнгө салынат» [3, 34-б.].

Ошону менен катар оюн технологияларын химиялык билим берүүдө колдонууда

Н.Е.Кузнецова, Б.П.Болотинская, Е.Г.Огородник, Т.К.Александрова, В.Е.Нефедова, Ж.В.Федорова, Е.Р.Макарова, Г.И.Штремплер ж.б. көңүл бурушкан.

Ошентип, оюндун келип чыгышы жөнүндөгү теорияларды талдоо, оюн – көп кырдуу көрүнүш, аны ишмердүүлүктүн өзгөчө формасы катары кароого болот. Оюндун дагы бир топ көрүнүштөрү таанып-билүүчүлүк жана тарбиялоо процессине педагогикалык жетекчилик кылууда билинет деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берди.

Жогорудагы аныктамада оюндун өзгөчөлүгү белгиленип көрсөтүлгөн. Эгер оюнга берилген аныктамага таянсак, оюн – бул шарттуу кырдаал экендигин моюнга алуу керек. Мындай мамиле ошол учурда реалдуу эмес ойдон чыгарылган болуп калат.

Төмөндө химиялык билим берүүдө орто мектептин 8-классында колдонулуучу дидактикалык тапшырмалардын айрым түрлөрүн сунуштайбыз.

**"Каталарды табуу"дидактикалык оюну.**

*Максаты:* "Жөнөкөй зат", "татаал зат" түшүнүктөрүн бекемдөө, окуучулардын көңүлүн буруусун өстүрүү, туура чечимдерди тез табуу жана туура эмес чечимдерди четке кагуу жөндөмүн өнүктүрүү.

*Атрибуттары:* Жөнөкөй жана татаал заттардын аттары жазылган карточкалар.

*Тапшырма:* Окуучулар үч командага бөлүнүшөт (класстагы парталардын карталарынын саны боюнча). Ар бир команда мугалимден бирден карточка алат. Мугалимдин сигналы боюнча, биринчи катарда отурган оюнчулар карточканын биринчи сабындагы жөнөкөй жана татаал заттардын туура келбеген аттарын таап, чийип салышат жана аны экинчи партадагы окуучуларга беришет, алар карточканын экинчи сабындагы каталарды оңдоп, андан ары өткөрүп беришет ж. б.

Бардык каталарды биринчи болуп туура таап, оңдогон команда жеңишке жетет. Оюн аяктаган соң жалпы жыйынтыктар талкууланат.

*Карточканын үлгүсү.*

| Жөнөкөй заттар | Татаал заттар |
|---|---|
| Кычкылтек, күмүш, күкүрттүн оксиди | Йод, жез, күмүштүн оксиди |
| Азот, күкүрттүү суутек, хлордуу суутек | Алюминий, кычкылтек, темирдин оксиди |
| Темирдин сульфиди, суутек, хлор | Күкүрт, натрийдин хлориди, суу |
| Кремнийдин оксиди, көмүртек, цинк. | Күкүрттүн оксиди, фтор, темир |
| Хром, кальций, алюминийдин оксиди | Күкүрттүү көмүртек, темирдин сульфиди, кремний |

**"Мени таанып бил" дидактикалык оюну.**

*Максаты:* Химиялык реакциялардын типтери жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү бекемдөө, окуучулардын көңүл буруусун жана эске тутуусун өстүрүү.

*Атрибуттары:* Химиялык реакциялардын теңдемелери жазылган карточкалар. Карточкада ар бир химиялык реакциянын типтеринен жазылышы керек.

*Тапшырма:* Доскада мугалим ар кандай типтеги химиялык реакциялардын аттарын жазат (кошулуу, ажыроо, алмаштыруу, алмашуу реакциялары) жана аларды төрт оюнчуга бөлүштүрөт. Столдо ар кандай типтеги химиялык реакциялардын теңдемелери жазылган карточкалар иретсиз жайгаштырылган. Ар бир окуучу бардык карточкалардын арасынан өзүнө керектүү типтеги химиялык реакциялардын теңдемелери жазылгандарды гана тандап, бул карточкаларды реакциянын түрү деп аталган тактага тиркеши керек. Ката кетирген окуучу берилген реакциянын түрүн аныктап, мисал келтирет.

**"15 кадам» дидактикалык оюну.**

*Максаты:* Химиялык элементтердин аттарын жаттоо жана аларды металлдарга жана металл эместерге, химиялык элементтердин айрым топторуна ж. б. бөлүү процессин активдештирүү.

*Тапшырма:* Окуучу мугалимдин буйругу боюнча 15 кадам шилтеп, ар бир кадамында химиялык элементти аташы керек. Оюнду аталыштардын тизмесин белгилөө менен татаалдаштырса болот (каалаган элементтер, металлдар же металл эместер, элементтер тобу ж.б.). Оюнга бир эле учурда 2 же 3 окуучу катыша алат (атаандаш командалардын саны боюнча). Ким ката кетирбестен, артка чегинбестен жана кайталабастан элементтердин атын атай билсе, ошол окуучу жеңүүчү деп табылат.

**"Мен ойлогон элементти болжоп жатам" дидактикалык оюну.**

*Максаты:* Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасындагы элементтерди табуу, окуучулардын эске тутуусун өстүрүү.

*Атрибуттары:* Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасы жана калькуляторлор.

*Тапшырма:* Мугалим окуучулардын биринен мезгилдик системанын каалаган химиялык элементин ойлоону суранат.

Андан кийин, алып баруучу ушул элементтин номери менен төмөнкү эсептөөлөрдү жүргүзүүнү сунуштайт (аралык жыйынтыктарды билдирбестен):

-элементтин номерин эки эселентүү;

-көбөйтүндүгө 5ти кошуу;

-сумманы 5ке көбөйтүү.

Акыркы жыйынтык алып баруучуга билдирилет, ал дароо оюнчу ойлогон элементти жарыялайт.

*Оюндун түшүндүрмөсү*. Мисалы, оюнда катар номери №25- элемент (марганец) элементи ойлонулсун дейли. 25 саны менен төмөнкү тиешелүү математикалык иш-аракеттерди жүргүзөбүз: 1) 25 · 2 = 50; 2) 50 + 5 = 55; 3) 55·5=275. Акыркы 275 саны алып баруучуга билдирилет, ал 275 санындагы акыркы цифраны жокко чыгарат ( б.а.27 саны чыгат) жана алынган сандан 2 санын кемитет (25 саны чыгат). Бул 25 саны оюндун башталышындагы катылган элементтин катар номери. Андан кийин, алып баруучу бул элементтин марганец экендигин атайт.

**“Дал келүүчүлүктү тап” дидактикалык оюну.**

*Максаты:* Оксиддер жөнүндөгү билимдерди жалпылоо.

*Атрибуттары:* Оксиддердин формулалары жана аталыштары бар карточкалар.

| Формулалар | Аталыштары |
|---|---|
| 1. $P_4O_{10}$ | а) күкүрттүн(IV) оксиди |
| 2. $CO_2$ | б) фосфордун (V) оксиди |
| 3.$SO_2$ | в) темирдин (II) оксиди |
| 4 .FeO | г) жездин (II) оксиди |
| 5.$K_2O$ | д) көмүртектин (IV) оксиди |
| 6.CuO | е) калийдин оксиди |

**“Кимиси ашыкча” дидактикалык оюну.**

*Максаты:* Окуучулардын көңүл буруусун, мезгилдик системадагы элементтердин белгилерин байкоо, билгичтиктерин өстүрүү.

*Атрибуттар:* Химиялык элементтердин символдору бар карточкалар.

| | | |
|---|---|---|
| Fe | Cl | Cl |
| Mg | C | Cs |
| He | N | Ca |
| Li | Na | Cu |
| Ag | Br | Zn |

Башкы белгиси: металл – металл эмес

| | | |
|---|---|---|
| Li | N | Se |
| K | P | S |
| Ca | C | J |
| Na | Bi | O |

Башкы белгиси – элементтердин белгилүү бир группага таандык экендиги «ашыкча» - кальций, углерод, йод

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Li | Be | B | C | P | O | F | He |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| K | Mg | Al | Si | N | S | Cl | Ar |

Жогоруда көрсөтүлгөн дидактикалык оюндарды окуу процессинде колдонуу аркылуу окуучулардын предметке болгон кызыгуусун, предметтин теориялык негиздерин ийгиликтүү өздөштүрүүгө жардам берет.

## Адабияттар

1. Макаренко, А.С. О воспитании. – М., 1990. – 215 с.
2. Крупская, Н.К. Педагогические сочинения. – М.: Изд-во АПН,
3. Селевко, Г.К. Современные образовательные технологии. – М.: Народное образование, 1998.
4. Сухомлинский, В.А. Избранные педагогические сочинения. – М., 1973. – Т. 1.
5. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические произведения. – М.: Просвещение, 1968. – 489 с.
6. Эльконин, Д.Б. Психология игры. – М.: Владос, 1999. – 360 с.

***Мамбеталиева Г.М.**, ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Сулайманова Д.К.,** э.и.к., доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# АТА-ЭНЕЛЕРДИН АЖЫРАШУУСУ БАЛДАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация**

Көпүрөлөр гана кооз ажырайт, адамдарда бул процесс өтө оор жана жагымсыз. Ажырашуу биздин жашообузда көптөн бери көнүмүш болуп калды. Көптөгөн жубайлар бир аз убакыт чогуу жашагандан кийин ажырашып кетишет. Эгерде жубайлардын балдары жок болсо, анда эч кандай көйгөй жаралбайт. Ал эми үй-бүлөдө бала болсо, кырдаал кыйла татаалдашат. Макалада ажырашуунун баланын психологиялык абалына терс таасирин кантип азайтуу керек маселеси каралат.

**Түйүндүү сөздөр**: үй-бүлө, апа, ата, бала, ажырашуу, сезим, таарыныч, ачуулануу ,азап, кырдаал, өзүн-өзү айыктыруу.

# РАЗВОД РОДИТЕЛЕЙ: ВЛИЯНИЕ НА ДЕТЕЙ

**Аннотация**

Красиво разводятся только мосты, у людей этот процесс проходит крайне болезненно и неприятно. Развод давно стал привычным явлением в нашей жизни. Многие семейные пары, прожив вместе некоторый промежуток времени, разводятся. Если у семейной пары нет детей, проблем, как правило, не возникает. А вот если в семье есть ребенок, ситуация значительно усложняется. Статья посвящена проблеме как свести к минимуму негативное влияние развода на психологическое состояние ребенка.

**Ключевые слова:** семья, мама, папа, ребенок, развод, чувство, обида, злость ,страдания, ситуация, самоисцеление.

# PARENTS' DIVORCE:INFLUENCE ON CHILDREN

**Abstract**

Only bridges are beautifully bred, this process is extremely painful and unpleasant for people. Divorce has long been a familiar phenomenon in our lives. Many married couples, having lived together for a certain period of time, get divorced. If a married couple does not have children, problems usually do not arise. But if there is a child in the family, the situation becomes much more complicated. The article is devoted to the problem of how to minimize the negative impact of divorce on the psychological state of the child.

**Keywords:** family, mom, dad, child, divorce, feeling, resentment, anger, suffering, situation, self-healing.

"Сүйгөн эки адам күтүлбөгөн жерден ажырашканда, кобунчо баланын кандай азап чегип жатканын чондор билишпейт – - Гельмут Фигдор.

Көпүрөлөр гана кооз ажырайт, адамдарда бул процесс өтө оор жана жагымсыз. Ажырашуу биздин жашообузда көптөн бери көнүмүш болуп калды. Көптөгөн жубайлар бир аз убакыт чогуу жашагандан кийин ажырашып кетишет. Эгерде жубайлардын балдары жок болсо, анда эч кандай көйгөй жаралбайт. Ал эми үй-бүлөдө бала болсо, кырдаал кыйла татаалдашат. Ажырашуу балдардын жашоосун кескин өзгөртөт. Кандай гана куракта болбосун, эгер бала менен баарлашууну өздөштүрсө, анда эмне болгонун, эмне үчүн болгонун, аны оңдоого болобу, түшүндүрууго аракет кылат. Ал эми бала канчалык жаш болсо, баланын табигый эгоцентризми ошончолук күчтүү болсо, ал ошол мезгилден женилирээк отот. Балаңыздын канча жашта экендиги таптакыр маанилүү эмес. Кандай болбосун, сиз андан үйдөгү терс атмосфераны жашыра албайсыз. Ар бир бала, жашына жана темпераментине, тарбиясына, динине, инсандыгына жана социалдык тепкичтеги ордуна карабастан, апасы менен атасын бирдей сүйөт. Ар бир бала үчүн ата-энеси менен байланышты жоготуу терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Демек, эгер бала сүйлөй алса, аны менен фактыларга таянып, түз же кыйыр айыптоолордон качуу, бул чечим үчүн жоопкерчиликти алуу менен сүйлөшүү керек.

Ата – энелердин негизги милдети-ажырашуунун баланын психологиялык абалына тийгизген терс таасирин азайтуу.

Эмоционалдык жактан дени сак баланын калыптанышы анын ата-энеси менен болгон мамилесинен көз каранды ажырашкан ата-энелердин 90% балдарынын ажырашканын укканда шок, оору, коркуу сезими пайда болот. Аталардын 50% ден ашыгы ажырашкандан үч жыл өткөндөн кийин балдарына барууну токтотушат.

Ата-эненин ажырашуусунун балдарга тийгизген таасири

Бала кезинде атасы менен жетиштүү баарлашуудан ажыраган балдар же жүрүм-турумдун түрүн үйрөнүшөт же эркектин жүрүм-турумуна бурмаланган көз карашты жаратышат жана эне аларга эмнени сиңирүүгө аракет кылып жатканын түшүнүшпөйт. Атасыз чоңойгон балдар азыраак жетилген жана максатсыз болушат, өздөрүн коопсуз сезишпейт, салмактуу эмес жана боор ооруу жөндөмүн өнүктүрүү кыйыныраак. Аларга аталык милдеттерин аткаруу кыйыныраак.

Атасыз тарбияланган кыздар эркектик түшүнүгүн анча ийгиликтүү калыптандырышпайт, келечекте күйөөлөрүн жана уулдарын түшүнүшпөйт, аял менен эненин ролун аткарышат. Атанын кызына болгон сүйүүсү анын өзүн-өзү аңдап билүүсүн, өзүнө болгон ишенимин өрчүтүү үчүн абдан маанилүү. Ал 6 жашка чейинки балдарга өзгөчө күчтүү таасир этет, алардын нормалдуу психологиялык өнүгүүсү үчүн биринчи кезекте туруктуулук керек.

Ата-энеси ажырашкандан кийин 3,5 – 6 жаштагы балдар көп учурда өзүн-өзү басынтышат

7 жаштан 8 жашка чейинки балдар, айрыкча атасына ачуулануу жана таарынуу сезимдерин башынан өткөрүшөт

10-11 жашында балдар мектеп жамаатындагы кароосуз калганын, таарынганын, ата-энесине ачууланганын жана үй-бүлөлүк көйгөйлөрүнөн уялганын сезишет.

13-18 жашка чейин гана жоготуу, таарынуу сезимдерин баштан кечирип, өспүрүмдөр ажырашуунун себептерин жана кесепеттерин, ар бир ата-эне менен болгон мамилесинин сапатын жетиштүү элестете алышат.

Ажырашууда ата-энелер кандай ката кетиришет:

1. Ата-эне балага эч нерсе түшүндүрбөйт

Ар кандай себептерден улам: баары бир эч нерсе түшүнө албайт, анткени, кичинекей дагы, же бул жөнүндө сүйлөшүү кыйын, оор жана түшүнүксүз болгондуктан, же ал баарын түшүнүшү керек, кичинекей эмес.

2. Балага өтө кенен түшүндүрүлүп, аны чоңдордун мамилесине сүйрөп барышат

Ата-эненин уктоочу бөлмөсүнүн эшиги балдар үчүн жабык болуш керек. Ата-энелердин ортосундагы бардык кыйынчылыктар, кубанычтар, көйгөйлөр жана чыр-чатактар менен болгон мамилени ата-энелер талкуулап, чечиши керек.

Эгер бул натыйжа бербесе, анда, мисалы, психологдон жардам сураганыңыз акылдуулукка жатат

3. Мурунку жубайы (же жубайы) балдардын көзүнчө түздөн-түз жана кыйыр түрдө талкууланат же соттолот.

Муну менен чоңдор баланы берилгендик чырына тартышат, ал баары бир апасына же атасына чыккынчы катары сезилет. Эгерде мамилени бузуу ачууланууну, таарынычты жана ооруну басаңдатпаса, анда балаңызга, келечектеги өнөктөштөрүңүзгө жана өзүңүзгө оорчулук келтирбөө үчүн психолог менен иштешүүнүн мааниси бар.

4. Бала башка ата-энеге окшош деп жемеленет

Бала эки ата-энесинин канынан жаралган,турган турпаты,кулк мунозу менен экооно окшош экени табигый нерсе. Жакшылык менен жамандыкта. "Сен атаңдай…." деп кайталап, эне уулун өзү үчүн жана жакын адамы үчүн катуу уятка калтырат.

5. "Соккуну жумшартууга"аракет кылып, балага ашыкча көңүл буруу

Адатта, күнөө ата-энени ашыкча кам көрүүгө, "эркелетүүгө", баланын бардык каалоолорун аткарууга түртөт. Бул анын дүйнөнүн сүрөтүн бурмалайт, же өзүн "жакыр-бактысыз" сезүүгө көнүп калат же аны колдоно баштайт.

6.Балдардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын түрдөн жоготуп, өз жашоосуна гана көңүл буруңуз

Бул, адатта, жоготуу азабы, келечек алдында коркуу, өз жашоосунда боштук сезими пайда болушу менен байланыштуу. Бул сезимдер журум-турумун өзүн башкача нукта көрсөтүшү мүмкүн:

-мүмкүн болушунча тезирээк башка өнөктөш табууга аракет кылып;

-жаңы хоббилерди, жаңы иш-аракеттерди, баарлашууну активдүү издөөдө;

-азаптуу чындыктан депрессиялык чегинүүдө.

Тилекке каршы, балага баарынан мурда эмоционалдык күч "жетишпейт". Жана бул учурда психологдун жардамы абдан пайдалуу болушу мүмкүн.

7.Ажырашууга байланыштуу баланын ар кандай сөздөрүнө, аракеттерине же сезимдерине ашыкча эмоционалдык реакция.

Оору, коркуу же ачуулануу ата-энелерге адекваттуу колдоо көрсөтүүгө тоскоол болобу, маанилүү эмес. Эгерде ажырашуу чоңдор үчүн өтө оор тема болсо, анда балдар психологуна кайрылсаңыз болот, аны менен бала ага ылайыктуу формада ажырашууну тушунуу менен кабыл алууга жана ошого ынанууга жардам берет. Көпчүлүк учурда бул балага жардам берүүнүн эң жакшы варианты, анткени ал ата-энени интуитивдүү түрдө "коргойт" жана чоңдор тынч жооп берсе дагы, өз тажрыйбаларын өзү чечүүгө аракет кылат.

8. Баланын эмоционалдык абалына чоң маани бербейт.

Эгерде бала кайгырса, депрессияга кабылса, ийримдерге мурунку кызыгуусу жок катышып жатса, эгер коркуу пайда болсо, социалдык активдуулугу азайса, демек,адиске кайрылуунун мааниси бар.

Ата-энелерге сунуштар:

-Бала өз курагында түшүнгөн жөнөкөй сөздөр менен сүйлөңүз. Бала түшүнө албай турган белгисиз акылдуу сөздөрдү жана терминдерди колдонуу тынчсызданууну жана ал тургай дүрбөлөңдү жаратат.

-Бала канчалык улуу болсо, сүйлөшүүңүз ошончолук ачык болушу керек. Ажырашуу жөнүндө суйлошуу жагымсыз, бирок убактылуу көрүнүш катары сүйлөшүңүз. Өспүрүм балаңыздан оор мезгилди баштан кечирүү үчүн жардам сураңыз. Балдар аны жакшы көрүшөт жана кошумча жоопкерчиликти кубаныч менен алышат.

-Чынчыл сүйлөө керек. Сезимдериңизге басым жасаңыз, бирок ашыкча болбоңуз. Бала менен сүйлөшүүдө негизги ой атам менен апам дагы деле уулун же кызын сүйөт, кам көрөт, тарбиялайт, бирок алар мындан ары чогуу жашашпайт.

-Балага калп айтпаш керек, атамдын же апамдын жоктугун "башка шашылыш иштер"деп түшүндүрүш керек. Балдар интуицияны мыкты өздөштүрүшкөн жана үйдө болуп жаткан кырсыктын чыныгы себептерин билишпесе дагы, сиздин калпыңызды жакшы сезишет.

-Балаңызга терс эмоцияңызды көрсөтпөшүңүз керек: көз жашыңызды жана ачууланууңузду .

-Эксперттен жардам суроодон уялуунун кажети жок. Ажырашуу чоңдордун психикасы үчүн өтө чоң стресс жана катаал сыноо. Көбүнчө тажрыйбалуу психологдун жардамысыз сиз да, бала да аны көтөрө албайсыз.

-Балдарга көбүрөөк убакыт бөлүңүз, стресс көзөмөлдөн чыгып, баланын катуу депрессиясына же психикалык бузулушуна айланып кетпесин.

-Дем алыш күндөрүн мурункудай бүт үй-бүлөңүз менен өткөрүүгө аракет кылыңыз. Албетте, жолдошуңуз менен мамилеңиз жакшы болсо. Мындай шартта баланын жаңы жашоого көнүшү оңой болот.

-Балаңа жамандык кылба. Аталык тарбиясыз калган баланы катуураак жана катаал тарбиялоо керек деп ишендирген кеңешчилерди укпаңыз .

-Аракеч менен ажырашуу жагдайы өзүнчө тушундуруу зарыл. Ал орой, үй-бүлө мүчөлөрүнө карата зордук-зомбулук болсо, анда, албетте, бул учурда оң образын түзүү кыйын.

-Балага атасы ооруп жаткандыгын, ошондуктан аны менен байланыша албай тургандыгын билдирүү керек.

-Уулду аракеч атага салыштырууга болбойт же аны аракеч атанын тарбиясына берем деп коркутууга болбойт. Бул баланын коркуу сезимин, агрессияны, ачуулануунуу жана ата-энени жек көрүүнү шарттайт.

-Эгерде атасы агрессивдүү алкоголик болбосо, анда аны менен баланын жолугушуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө ойлонсоңуз болот. Ичкилик ичкен эркектердин көпчүлүгү балдарына мээримдүү, боорукер жана сезимтал болушат.

-Ажырашуу, албетте, бала үчүн оор жаракат, бирок кээде ата-энеси ким катуу кыйкырат же эшикти тарс жаап коет деп атаандашкан, көптөн бери тил табыша албаган, сый-урмат жок үй-бүлөдө жашагандан көрө жакшы. Келечекте бала үчүн ажырашуунун кесепеттери көбүнчө жетишсиз агрессивдүү чөйрөдө жашоого караганда анча оор эмес.

-Эгерде атасы баласы менен байланышса, бул ото  маанилүү. Эгер байланыш жок болсо,анда башка эркек туугандар менен байланышты орнотуу зарыл(таята. таяке ж.б.).Себеби бала гендердик озу сыяктуу адамдар менен байланышта болгондо, келечекте эркектик мамилени туура тузгонго ага жардам берет.

-Ажырашкандан кийин балдар менен ата-энелер кандай мамиледе болушат, мурунку жубайлар кантип макулдашканына жараша болот. Бала башаламандыкты сезбеши үчүн, эне менен ата ажырашкандан кийин баарлашуу тартибин туура түзсө жакшы болмок. Эки ата-эне тең өз сөзүн айта алышы керек .

-Мурунку жубайлар чогуу эс алуу үчүн айына жок дегенде бир күн таба алышса жакшы болмот. Балага атасы же апасы менен сүйлөшүү гана эмес, кээде экөө менен тең болушу керек.

-Бала менен жолуккан мезгилде, мурунку жубайы тууралуу сураганга болбойт ? Балаңыз менен жолугушууларда ажырашуу темаларын талкуулоодон алыс болуңуз.

Эгерде мурунку күйөөсү менен аялы конструктивдүү диалог түзө албаса, жана ажырашкандан кийин бала менен баарлашуунун тартиби жөнүндө өз алдынча сүйлөшсө, бул бала үчүн кошумча стресстин себеби болушу мүмкүн жана апанын жаңы дуйносуно болгон кастыкты, агрессивдүү мамилени жана ал тургай жек көрүүчүлүктү күчөтүүгө түз жол. Ажырашуу балдардын жашоосун олуттуу өзгөртөт. Ошондуктан ал үчүн маанилүү болгон нерсени мүмкүн болушунча озгортпой бирдиктүү сактоо маанилүү:

-жашаган жери,

-мектеп же бала бакча,

-башка балдар менен болгон мамилелер (аталаш тууганддары, классташтары, достору, короодо достору),

-башка чоңдор менен болгон мамиле (чоң ата, чоң эне, таеже жана таякелер, машыктыруучу, мугалим).

Жалпысынан күнүмдүк жашоо, жашоо ритми ага тааныш бойдон калуусу маанилүү. Ага болгон ата-энесинин мамилеси дагы мурункудай туруктуу болуш керек.

Бала өзгөрүүлөргө туруштук берүү үчүн (жана бул ар дайым стресс), жоготуу (бүтүндөй үй-бүлө, ал баланын кыялында гана болсо дагы) убакытты жана жакындарынын колдоосун талап кылат. Көңүл буруу, түшүнүү, сабырдуулук. Кичинекей бала же өспүрүм апасы менен атасы, чоң энеси жана чоң энеси менен сагынганын, канчалык кайгырганын жана баары чогуу жашаса жакшы болмок.

Ата-эненин ажырашуусу балага кандай таасир этет жана анын кийинки тагдыры кандай болот – алдын ала айтуу мүмкүн эмес. Бала апасы менен атасы чогуу болбогон бул жаңы дүйнөдө жашай алаарына ынанышы керек, ал тургай мындай шартта ал бактылуу боло алат. Балага үй-бүлө үй-бүлө болууну токтотпой турганын жеткирүү маанилүү-азыр ал бир аз башкача болот

Баланын психикасы өзүн-өзү айыктыруунун эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Бул үчүн ылайыктуу шарттарды түзүү гана керек.

## Адабияттар

1. Авдеева Н. Н., Хаймовская Н. А.үй-бүлөдө жана балдар үйүндө төрөлгөндөн үч жашка чейинки балдардын өзүн-өзү жана мээримдүүлүгүн өнүктүрүү. - М., 2003. — 152с.
2. Боулби Джон. Байлануу. Гардарики, 2003. – 477с.
3. Боулби Джон. Эмоционалдык байланыштарды түзүү жана бузуу. - М: академиялык долбоор, 2004. – 232 б.
4. Гельмут Фигдор травма менен үмүттүн ортосунда ажырашкан ата-энелердин балдары:травмалар жана умуттор. ПСИХОАНАЛИТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨ. Немис тилинен которгон Диана Видра Москва," илим", 1995
5. Гельмут Фигдор Ажырашуу кыйынчылыктары жана аларды жеңүү жолдору, Москва психологиялык-социалдык институту, 2006
6. Нартова-Бочавер С.К., Несмеянова М.И., Малярова Н.В., Мухортова Е.А. "бала ажырашуу каруселинде" - Ажырашкандан кийин үй-бүлөдө пайда болгон кырдаалдар боюнча психологиялык колдонмо. Авторлордун - психологдун, социологдун, философтун жана психотерапевттин негизги багыты - ата-эненин бала менен баарлашуусу.

***Абдымамунова Д.З.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Рысбеков А.Р.,*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# СТРЕССТИН АДАМ ЖАШООСУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация**

Стресс адамдын күнүмдүк жашоосунда чоң роль ойнойт. Адам стресстик кырдаалда болууга көнүп калган, кээде денеси кандайдыр бир кыжырданууну сезип жаткандыгын байкабай калат. Стресстин мүнөзү-бул өзгөчө оор шарттарда иш-аракет кылуудан келип чыккан психикалык чыңалуунун өзгөчө абалы. Бирок адамдар нерв системасын арзандатууга көнбөгөндүктөн, алар ар дайым чыңалган абалда болушат. Психика "көйгөйлөрдү издөөгө" ушунчалык көнүп калгандыктан, алар ыңгайлуу шарттарда да өзүнөн-өзү пайда боло баштайт. Бул макалада стресстин мүнөзү жана алардын адамдын психикасына жана жашоосуна тийгизген таасири каралат.

**Негизги сөздөр:** стресс, чыңалуу, психика, ден-соолук.

# ВЛИЯНИЕ СТРЕССА НА ЖИЗНЬ ЧЕЛОВЕКА

**Аннотация**

В повседневной жизни человека стресс играет большую роль. Данный человек привык к тому, что его организм находится в состоянии стресса. Он зачастую даже не осознает, когда его организм реагирует на раздражение.

Сама по себе природа стресса представляет собой особое состояние психического напряжения, обусловленное выполнением деятельности в особенно сложных условиях. Но из-за того, что люди не привыкли разгружать свою нервную систему, они пребывают в напряженном состоянии всегда. Психика настолько привыкла «искать проблемы», что они начинают возникать сами по себе, даже в комфортных условиях. В данной статье будут рассмотрены природа стрессов и их губительное влияние для психики и жизни человека.

**Ключевые слова:** стресс, напряжение, психика, здоровье.

# THE IMPACT OF STRESS ON A PERSON'S LIFE

**Annotation**

Stress plays a significant role in a person's daily life. A person is used to being in stressful situations, sometimes he does not even realize when his body is experiencing any irritation. By itself, the nature of stress is a special state of mental stress caused by performing activities in particularly difficult conditions. But due to the fact that people are not used to unloading their nervous system, they are always in a tense state. The psyche is so used to "looking for problems" that they begin to arise on their own, even in comfortable conditions. This article will examine the nature of stress and its detrimental effect on the human psyche and life.

**Keywords:** stress, tension, psyche, health.

Стресс түшүнүгүнүн автору Ханс Селие (1907-1982). Алар "стресс" түшүнүгүн 1936-жылы адаптация синдромун сүрөттөөдө киргизген. Адаптациялык синдром – адамдын күчү жана узактыгы боюнча олуттуу жагымсыз таасирлерге-стресстерге пайда болгон адаптациялык жоопторунун жыйындысы. Стресстерге төмөнкүлөр кириши мүмкүн: психикалык же физикалык жаракат, инфекциялар, климаттын өзгөрүшү, радиоактивдүү нурлануу жана башкалар.

Стресстин таасиринин оордугуна жараша, таасири оң да, терс да болушу мүмкүн. Оң жактарына "психиканын эс тутум реакциялары" кириши мүмкүн, башкача айтканда, адамды социалдык чөйрөгө ылайыкташтырган өзгөчө коргонуу, андан ары жашоо үчүн, биздин учурда, социалдашуу үчүн жардам бере турган коргонуу жоопторун иштеп чыгууга жардам берет. Психологиялык стресссиз иштей албаган көптөгөн адамдар бар, мисалы, жумушта жогорку жоопкерчилик жөнүндө сөз болгондо. Адам жөн гана тапшырманы аткаруу үчүн стресске дуушар болушу керек. Ооба, бул милдеттерди аткарууга жардам берет жана кийинчерээк адамды эс алдырат. Бирок келечекте кандай из "түбөлүк эмгекчинин" психикасын чагылдырат? Анткени, стресс кумулятивдүү таасирге ээ, ал адатты калыптандырат. Бул жерде стресс ар кандай оорулардын негизги булактарынын бири экенин эстен чыгарбоо керек. Стрессти баштан өткөрүү жана башкаруу көптөгөн адамдардын

көйгөйлөрүнүн борбордук, негизги кубулуштарына кирет. Стресс XX кылымдагы оору деп аталат.

Демек, психикалык стресс деп коркуу, ачуулануу, депрессия сыяктуу эмоциялар менен коштолгон жүк менен колдо болгон ресурстардын дал келбестиги түшүнүлөт. Стресс ден-соолукка өтө зыян. Көп учурда психологиялык стресс, алып келет гана эмес, мындай ооруларга сыяктуу депрессия, бирок ошондой эле мөөнөтүнөн мурда өлүмгө. Онкологиялык оорулар, гипертония, ар кандай жүрөк-кан тамыр оорулары – дал ушул оорулар стрессти жаратат. Ошондой эле ВИЧ-инфекциясын жуктургандардын СПИД оорусуна өтүшүнө себеп болот.

Акыркы тогуз жылда алардын жашоосундагы стресстик кырдаалдар дээрлик эч качан болбойт же сейрек болот деп айткан, кыргыздар стресс абалга 11% га өстү (29% 2010-жылы жана 40% 2019-жылы). Ошондой эле, кээде кыйынчылыктарга жана стресске кабылгандардын саны 52% дан 35% га чейин кыскарган. Ошол эле учурда стресске кабылган кыргыздардын абалы көп учурда бир аз өзгөргөн (15% 2010 – жылы жана 17% 2019-жылы), ал эми анда туруктуу жашагандар 3% дан 8% га чейин көбөйгөн. Статистика, тилекке каршы, көп нерсени каалайт.

Адамдар стресске жана аны башкарууга жол бербөө жөндөмүнө карата бир нече түргө бөлүнөт: бирөө туруктуу стресс жөн гана зарыл, ансыз алар өздөрүн ыңгайсыз сезишет, өтө тынч жашоо алар үчүн жалкоо жана уйкулуу көрүнөт; башкалары тынч жана тынч жашоосуз өз жашоосун элестете алышпайт, ал эми анын көнүмүш жолундагы кичинекей өзгөрүү аларды кулатат; Башкалары болсо стресс менен да, стресссиз да тынч жашай алышат.

Дени сак адам үчүн стресс алардын калыбына келтирүү жөндөмдүүлүгүнөн ашпаса, коркунуч туудурбайт. Негизги коркунуч-бул алардын чыңалган абалын байкабай, аны өткөрүп жибербөө жана өнөкөт стресске алып келүүчү багынбоо.

Стресстин көп кездешкен белгилерине төмөнкүлөр кирет: физикалык (тамактануунун бузулушу, кан басымынын жогорулашы, баш оору); жүрүм-турумдук (ичкиликке берилүү, никотинге берилүү, сырткы келбетине кызыгуунун жоголушу); эмоционалдык (депрессия, агрессивдүүлүк, суицид тууралуу ойлор).

Стресстин себептери ар кандай болушу мүмкүн. Бир адам үчүн тууганынын өлүмү, оору жөнүндө кабар, экинчиси үчүн климаттын өзгөрүшү, жумуштагы анча – мынча кыйынчылыктар.

Ошентип, адам башкарылбашы керек стресс, кийинчерээк чогуу адамдын психикалык жана физикалык ден-соолугуна чоң зыян келтире турган кичинекей өзгөрүүлөргө дуушар болбошу керек. Дал ушул биз психологиялык абалыбызды башкарып, тышкы дүйнөдөн кыжырданууга "жол бербөөгө", Олуттуу симптомдордун пайда болушуна жол бербөөгө жана стресстик абал менен күрөшүүнү жеңилдетишибиз керек.

Стресс баарынан мурда иммундук системаны бузат. Дайыма стрессте жүргөн адамдар тез эле өң-келбетинен ажырап, жүдөп, арыктап, ооруп калышат. Себеби, стресс кандагы ак клеткалардын (лейкоциттердин) жашоосуна жолтоо болуп, натыйжада иммунитетти түшүрөт. Себеби, лейкоциттер иммунитетти коргоочу клеткалар болуп саналат.

Стресс ар кандай ооруну козгойт. Ал эми ооруну дарылоодо көпчүлүгү антибиотиктерди колдонушат. Мындай учурда иммунитетке доо кетет. Дайыма диета кармап, ачка жүрүү, семиздик же өтө арыктык да иммунитетти түшүрөт. Ошондуктан, өз маалында, бирок өлчөмү менен тамактануу, семирбөө жана өтө арыктабай бир калыпта жүрүү керек. Дене тарбиялык көнүгүүлөрдү аткаруу зарыл, жөө басуу да пайдалуу. Белгилей кетчү нерсе - спирт ичимдиктерди жана алкоголду ашыкча колдонуу ар кандай ооруларды гана пайда кылбастан, иммунитетти жоет, демек стресске алып келет.

Муундардын какшап оорушу да стресске кабылтат. Айрыкча өнөкөт ооруларга кабылуу адамды түздөн түз стресске тушуктурат. Демек, дайыма иммунитетти көтөргөнгө аракет кылуу зарыл. Стресс өөрчүп кетсе, адамдын жашоосуна зыян келтирет. Ал дарыгердин жардамысыз жашай албай калат. Стресс күчөп кетсе олдоксон кыймыл-аракетке, агрессияга, оройлукка, ар нерсени тобокелчиликке салууга, бардык жакындар менен мамиленин

бузулушуна, аша чапкан эмоционалдуулукка, акырында өз өмүрүнө кол салууга чейин алып барат.

Узак убакыт жалгыздыкта жашоо, жалгыздыкты самоо да стресске себеп болот. Бул дартка чалдыккандар көңүлү суз тартып, болбогон нерсеге тынчсызданып, абдан кабатыр болушат. Бат жинденип, өзүн өзгөлөрдөн төмөн коюп, эч ким менен сүйлөшкүсү келбей калат. Өзүнө болгон ишеним жоголуп, күч-кубаты азайат. Ызы-чууну сүйбөй, бат чарчайт. Жалгыздыкты самайт. Түнкүсүн уйку басат, же тескерисинче уйкусуздук менен жабыр тартат. Бирөөгө бат таарынат, дайыма башы ооруйт, жөнү жок ыйлагысы келип, өзүн алсыз сезет.

Стресске кантип кабылбоо жана андан кантип арылуу керек? Биринчиден, бардык окуяларды, көйгөйлүү маселелерди жеңил кабылдап, ар нерседен кабардар болуп туруууга аракет кылуу шарт. Кандай гана милдет жүктөлбөсүн аларды дайыма так аткарып, жакын адамдар, достор, кесиптештер менен мамилени көзөмөлдөп туруу зарыл. Дайыма позитивдүү ой жүгүртүп, кайгылуу, капалуу маалыматты туура кабыл алганды үйрөнүү керек. Нервге өтө таасир этүүчү жумуштарда иштегендер көңүлдүү эс алууга, үй-бүлө менен бирге убакыт өткөрүүгө, сейилдөөгө жана башка ушул сыяктуу рухий да, дене тарбия жактан да күч бере турган нерселерге убакыт табуу керек.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. Гринберг Д. стрессти башкаруу. 7-басылышы. - Санкт-Петербург.: Петир, 2002. – 46 б.
2. Немов Р. С., психологиянын жалпы негиздери. Кн. 1, агартуу. - М., 1994. – 231 б.
3. Адаптация синдрому жөнүндө очерктер. М.: Медгиз, 1960. - 255с. - 84 б.

***Кудаярова Б.А.**, окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Султанбаев Н.Р.**, магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# БАЛДАРДЫ ЗОМБУЛУКТАН САКТООДО ЖАНА КОРГООДО ПРОКУРАТУРАНЫН РОЛУ

**Аннотация**

Бул макалада прокуратура тарабынан балдардын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо боюнча актуалдуу маселелер каралды. Балдарды тарбиялоого мүмкүнчүлүгү бар жакын туугандарынын жана башка жарандардын катаал мамилелеринен коргоонун баалуулугу жөнүндө. Көзөмөлдүн аныкталган үч багыты жөнүндө: үй-бүлөнүн конституциялык укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо; балдардын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө мыйзамдуулуктун бузулушун четтетүү; жашы жете электердин кылмыштуулугу менен күрөшүүнү күчөтүү жана балдарды зомбулуктан коргоонун башка аспектилери.

**Ачкыч сөздөр**: прокуратура, балдардын укуктарын коргоо, балдар, жашы жете электер, балдарга карата зомбулук.

**Аннотация**

В данной статье рассмотрены актуальные вопросы защиты интересов и прав детей прокуратурой. О ценности защиты детей от жестокого обращения близких родственников и других граждан, имеющих доступ к их воспитанию. Об определенных трех направлениях надзора: защита конституционных прав и интересов семьи; устранение нарушений законности во всех сферах жизнедеятельности детей; усиление борьбы с преступностью несовершеннолетних и другие аспекты защиты детей от жестокого обращения.

**Ключевые слова:** прокуратура, защита прав детей, дети, несовершеннолетние, жестокое обращение с детьми.

Акыркы жылдары Кыргызстан укуктук мамлекет түзүүгө багыт алган, балалыкты бүткүл адамзаттык жана бөлүнгүс баалуулук катары тааныйт. Жашоонун бардык тармактарында жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо артыкчылыктуу. Кыргыз Республикасы БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясын сактоого милдеттенме алган, өзүнүн умтулуусун мыйзам менен бекемдеген: Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси.

Биздин Жалал-Абад облусубузда бүткүл калкынын үчтөн биринен бир аз ашыгы он сегиз жашка чыга элек болгон учурунда, үй-бүлөнү жана балдарды ар тараптуу колдоо, аларды толук кандуу тарбиялоо жана коомдо жашоого даярдоо - программалык милдет болуп саналат. Бирок, декларацияларды ишке ашыруу үчүн нормативдик таануу дагы эле жетишсиз.

Башка чаралар менен катар прокурордук көзөмөл да бар. Прокуратура көзөмөлдүн үч багытын так аныктады: үй-бүлөнүн конституциялык укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо; балдардын жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө мыйзам бузууларды жоюу; жашы жетпегендердин укук бузууларына каршы күрөштү күчөтүү.

Областтык прокуратура жана жергиликтүү прокурорлор билбеген жана чечүү боюнча иштебеген бир дагы маселе болбошу керек. Прокурорлор коомдук коркунучтуу абалдагы балдарды, өз балдарына жакын туугандарынын болгон мамилеси кээде акылга сыйбаган учурларда коргоого тийиш.

Балдардын турак жай укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын текшерүүдө, ата-энелер же камкорчулар мыйзамды жана камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдарды айланып өтүп, кызыкдар органдарды адаштырып жана балдардын кызыкчылыктарына каршы турак жайдын ээлигинен ажыраткан фактыларды аныктоого болот.

Прокуратура жашы жетпегендерди корголушуна социалдык-укуктук кепилдиктерине чоң маани бериши керек. Облуста балдарды коргоонун уюштуруу-укуктук жана аткаруу системасы түзүлүп, жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды

тарбиялоочу үй-бүлөлөргө даярдоонун, өткөрүп берүүнүн жана окутуунун тартиби иштелип чыгып, кабыл алынышы керек.

Үй-бүлө кризиси, салттуу үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушу мамлекеттен жардамга муктаж кароосуз калган балдардын санынын көбөйүшүнө шарт түзөт. Өкүнүчтүүсү – ата-энелердин балдарга болгон зордук-зомбулуктары. Ата-энелердин балдарын ур-токмокко алуу, кыйноо жана башка катаал мамиле жасоо фактылары бар, алар жаш кезинен, алсыздыгынан улам чоңдордун оройлугуна, ырайымсыздыгына туруштук бере алышпайт.

Балдардын кароосуздугунун күчөшү, балдардын ачууланышы - үй-бүлөдөгү кыйынчылыктардын кесепети, мында ата-энелер өздөрүнүн күчүн, эрезеге жеткендигин пайдаланып, балдарга болгон ээнбаш мамилесинен пайдаланып, балдарды ар кандай укук бузууларга, кылмыштуулукка түртүшөт.

Балдарга карата зордук-зомбулук кылмыш катары квалификацияланат. Бул ата-энелердин, тарбиячылардын жана башка адамдардын баланын физикалык же психикалык саламаттыгына зыян келтирген аракеттери (же аракетсиздиги). Мыкаачылык уруп-сабоо менен эле чектелбейт. Мазактоо, кордоо, кемсинткен салыштыруу, негизсиз сын - мындан кем эмес травма келтириши мүмкүн. Мындай иштер жыл сайын тергелип, кылмыш жоопкерчилигине тартылган ата-энелердин ар бир онунчусу эркинен ажыратылат. Ишенгим келет, калган бардык ата-энелер соттун гумандуулугун баалашып жана мамлекет, укук коргоо органдары экинчи балдарды кордоого жол бербейт деп ойлонушат.

Өз балдарына каршы кылмыш жасаган ата-эне деп баласынын материалдык жактан камсыз болушу үчүн жоопкерчилик сезими жок ата-энелердин (балдарды багууга акча каражаттарын, алименттерин төлөөдөн кыянаттык менен качу) аныктоого болот. Бул өспүрүмдөрдү ээн-эркин кылмыштарга түрткөн шарттардын бири болот. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун жалпы түзүмүндө башкалардын менчигине ээлик кылуу кылмыштары басымдуулук кылат жана алардын көбүн түзөт.

Балдардын кызыкчылыктарын коргоо боюнча прокурордун иши көп кырдуу: аталыкты аныктоо фактысын өлгөндөн кийин аныктоо, ата-энесин дайынсыз жоголду деп таануу, баланы ата-энесинин камкордугусуз калган деп таануу, дайынсыз жоголду деп таануу жөнүндө сотторго арыздар, баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсияны туура эмес эсептелгенине каршы пикирлер, балдарга турак жай берүү жөнүндө доо арыздар. Арыздарды жана дооматтарды беруу, прокурор тарабынан балдардын кызыкчылыгында протесттерди киргизуу - аткаруу бийлигинин айрым кызмат адамдары тарабынан өз милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгынын натыйжасы экендиги талашсыз.

Текшерүүлөр көбүнчө балдардын уктарынын бузулушу боюнча арыздардын негизинде жүргүзүлөт. Жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды социалдык жактан коргоонун кошумча кепилдиктери жөнүндө мыйзамдар, билим берүү жана турак-жай менен камсыз кылуу жаатында аткарылбай жатат.

Балдардын иштери боюнча комиссиялар прокурордун көңүл буруусунун объектиси бойдон калууда, алар алдын алуу системасынын башка субъекттери менен бирге балдардын уктарын коргоо боюнча иштерди жүргүзүүгө милдеттүү. Аларга укук коргоо функциялары кенен берилген, алардын ичинен эң маанилүүсү - жашы жете электерди көзөмөлсүздүктүн жана укук бузуулардын алдын алуу системасынын мекемелеринде балдардын тарбиялануусун, окутуусун, багуу жана жашы жете электерге кандай мамиле кылынып жатканын контролдоо. Балдардын иштери боюнча комиссиялар бул мекемелердин ишин координациялоого жана контролдоого чакырылган. Демек, Балдардын иштери боюнча комиссиянын жана алардын кызмат адамдарынын статусун төмөндөтүү, алардын уктук статусун калыбына келтирүү боюнча прокурорлор тарабынан активдүү аракеттерине алып келет.

Прокуратуранын мындай уктук позициясы жер-жерлерде баланын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кыйла натыйжалуу көзөмөлгө алууга өбөлгө болот деп ишенебиз.

## Адабият

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5 май, 2021 ж;
2. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси, 10 июль 2012 ж;
3. БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясы, 20 ноябрь 1998 ж;
4. Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө мыйзам, 2020-жылдын 24-августу № 143;
5. Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү ЖОБО, 24 июль 2017-ж.

***Алимов Ш.К.,*** *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# ИСЛАМДЫН ГЛОБАЛИЗАЦИЯ ШАРТЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДА ОНҮГҮҮСҮ ЖАНА АНЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК КЕСЕПЕТТЕРИ

**Аннотация**

Макалада акыркы убактардагы жүз берип жаткан дүйнөлүк глобализациялык өзгөрүүлөрдүн алкагында Ислам дининин орду, өнүгүүсү жана анын тигил же бул эл жана мамлекеттердин географиялык, маданий жана диний багыттагы агымдардын таасири алдында бөлүнүп-жарылып, ички өз ара келишпөөчүлүк көз караштарга кабылып жаткандыгы жөнүндө баяндалат.

Ошондой эле Ислам дининин кылымдар бою эң күчтүү диндердин бири болуп, прогрессивдүү өнүгүү жолунда дүйнөдөгү 2 миллиард калкттын же болбосо адамзаттын 25 пайызынын жүрөгүнөн орун алганына карабай, айрым деструктивдүү кыймылдардын тийгизген тескери таасиринин кесепетинен “экстремистик, террористик ислам” – деген, батыш коомчулугунда ой-пикирлерди жараткандыгы көрсөтүлөт.

Макаланын негизги максаты болуп, Ислам дининин глобализация шартындагы Кыргызстандагы орду, онүгүүсү жана анын кыргыз идеологиясына, мамлекеттин коопсуздугуна тийгизген таасири эсептелет.

**Негизги сөздөр:** Конституция, ислам, демократия, светтик, этнос, жарандар, Борбордук Азия, көчмөндөр, бутпарастык, отпарастык, теңирчилик, шаманчылык

# РАЗВИТИЕ ИСЛАМА В КЫРГЫЗСТАНЕ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ И ЕГО ИДЕОЛОГИЧЕСКИЕ ПОСЛЕДСТВИЯ

**Аннотация**

В статье рассматривается место и развитие исламской религии в рамках последних глобальных изменений и под влиянием того факта, что отдельные народы и государства разделены по географическим, культурным и религиозным течениям и подвергаются внутренним разногласиям. Отмечено также, что, несмотря на то, что Ислам на протяжении веков являлся одной из сильнейших религий и наступательно развиваясь покорил сердце 2 миллиарда или 25 процентов населения планеты, но из-за негативного воздействия определенных деструктивных движений о нем создано в западном обществе мнение об «экстремистском, террористическом исламе».

Основной целью статьи является – место и развитие ислама в Кыргызстане в условиях глобализации и его влияние на кыргызскую идеологию и государственную безопасность.

**Ключевые слова:** Конституция, ислам, демократия, светское, этнос, граждане, Центральная Азия, кочевники, буддизм, зороавстризм, тенгрианство, шаманизм

# THE DEVELOPMENT OF ISLAM IN KYRGYZSTAN IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION AND ITS IDEOLOGICAL CONSEQUENCES

**Annotation**

The article describes the development of the Islamic religion in the framework of recent globalization changes and the fact that individual peoples and states are divided under the influence of geographical, cultural and religious trends and are subject to internal disagreements.

It is also shown that, despite the fact that Islam has been one of the strongest religions for centuries and has taken a place in the hearts of the planet's population on the path of progressive development, due to the negative impact of certain destructive tendencies, it created in Western society an opinion about "extremist, terrorist Islam."

The main purpose of the article is the place and development of Islam in Kyrgyzstan and its influence on the Kyrgyz ideology and state security.

**Keywords:** Constitution, islam, democracy, secular, ethnos, citizens, Central Asia, nomads, buddhism, zoroastrianism, tengrism, shamanism

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын отуз жылдан ашып бараткан тарыхына саресеп салсак, демократиялык өлкө катары атаандаштарынын арасында алдына ат салдырбай өнүгүп баратканына күбө болобуз.

Дүйнөлүк прогрессивдүү өлкөлөр арасында “Кыргызстан демократия аралы” – деп, жөн жайынан айталып келбесе керек. Өлкөбүздүн баш мыйзамында “Кыргызстан – ... демократиялык... светтик... мамлекет... Кыргызстандын элин баардык этностордон турган Кыргыз Республикасынын жарандары түзөт” – деп көрсөтүлгөн. [1] Кыргызстанда жашаган элдердин басымдуу пайызы (83%) мусулмандар болгондуктан Ислам динин тутунушат.

Ошондуктан Ислам дини мамлекеттен ажыратылган болсо да, официалдуу түрдө катталган жана мыйзамдык негизде өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

"Тарыхын билбеген, келечегин билбейт" – деген сөз бар эмеспи. Эмне үчүн Кыргызстанда Ислам дини калыптанып калган, кантип пайда болгон? – деген суроолорго жооп табуу үчүн тарыхка көз салалы.

Ислам дини а дегенде арап улутундагы элде пайда болуп, башка элдерге, өлкөлөргө анын арасында Борбордук Азияга тароосунун эң баштапкы этабы 709-712 жылдарга таандык деп айтылат. Бул убактагы көптөгөн, узака созулган жортуулардын артынан Ислам учурдагы Өзбекстан менен Түркмөнстан жана аларга жакын жерлердеги мамлекеттерге тарап, андан ары уланып көчмөн түрк урууларын мусулмандыкка киргизген. [2] Ислам бийликтегилер үчүн жаңы диний принциптердин негизинде өкүмдарлыгын орнотуп, бекемдөө куралына айланган. Буга карабастан, мурунку, исламга чейинки ооз эки ишенимдер да паралелдүү түрдө жашап келе берген, айрыкча Борбор Азиянын көчмөн элдеринде кеңири тараган болчу.

Ислам келгенге чейин Борбор Азия аймагында ар түрдүү культтар: бутпарастык, отпарастык, христиандык, теңирчилик, шаманчылык сыяктуу түрдүү ишенимдер биргелешип тынч жашап келген. Мындай мүнөздөмө Улуу Жибек Жолунун тилкесинде жашаган элдердин активдүү соода-сатык алакасынан улам берилген.

Араптар тарабынан күч менен таңуулаган Ислам, көп кудайларга табынуусун уланткан жергиликтүү калктын жаңы динге тез кирүүсүн шарттай албады. Бирок анын аркасы менен келген диний саясат, калыптанып калган жергиликтүү үрп-адаттар менен каада-салттарды эске алууга мажбур болуусу, зомбулукка караганда көбүрөөк пайда алып келе баштаган. Мисалы, мечитке келгендерге белгилүү өлчөмдө акча бериле баштаган, сүннөткө отурган кайырдиндер салыктан бошотулган, соодагерлерден салык алынбай калган. Мындай жумшак күч мөмөсүн тез берип, Борбор Азиянын бардык калкы акырындап исламды өз каалоосу менен, согушсуз кабыл алуусуна түрткү болгон.

Исламга кирүүдө "башаламан" коомдун көйгөйлөрүн чечүү үчүн патриархалдык урууларды саясий жана экономикалык туруктуулукка, бирдиктүү моралдык ыкмаларга алып келүү муктаждыгын жараткан. Ошентип, Борбордук Азияга тараган Ислам өзүнө, исламдын мамлекет куруучулук принциптери менен бирге байыркы ишенимдердин элементтери менен салттарын сиңирип алган. Бул диндин ушундай өзгөчөлүгүн бүгүн "Салттуу ислам" деп атап калышты. Мындай шартта диндин илгерки же фундаменталдык идеологиясы негизги ролду ойнобостон, исламга чейинки жергиликтүү салттар жана ишенимдер менен жуурулушкан Ислам биринчи планга чыккан. Салттуу исламдын формаларына ыйык жерлерге, арбактарга табынуу жана жалгыз кудайга ишенүү менен бирге ооз эки кудайчаларга жана башка улуттук ырым-жырымдарга ишенүү кирет.

Тарыхыбызда белгилүү болгондой, күндөн-күнгө күч алып тарап келе жаткан Ислам, кереметтүү Ала-Тоо аймагын жердеген, карапайым кыргыз эли үчүн жаңы бир өзүнчө цивилизациянын жалыны катары каптады. Дин, бийликте тургандардын куралы катары соода-сатык жана мамлекеттер аралык мамилелердин механизми болгондуктан, көчмөн кыргыздардын аткаминер, журт башындагы бийлери үчүн көктөн күткөнү, жерден табылгандай кучак жайып тосуп алышты. Бирок, байыркы ооз-эки ишенимдер менен, илгерки салт-санааны карманган карапайым элге анча жага берген эмес.

Ошентип, Кыргызстанда Ислам дини таркалып, анын суннит багытындагы ханафий мазхабы орноп калды. [3] Мына ошондон бери, кылым карыткан көчмөн кыргыз эли ислам динин тутунуп, Кыргызстандагы башка улуттардын өкүлдөрү менен бирге момун мусулман болуп күн кечирип келет.

# ЧУНКУРЧАК ТОПОНИМИНИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

**Аннотация**

***Изилөөнүн предмети.*** Топонимдин курамын түзгөн бир муундуу *чук-ур жана чак* деген кыргыз-түрк тилдик катмарга тиешелүү морфемаларга этимологиялык анализ жүргүзүү болуп эсептелет. ***Изилдөөнүн максаты*** топонимди тектеш тилдердеги лексикалык бирдиктер менен салыштырып, анын ички маңызын тилдик фактылардын негизинде ачып берүү болуп саналат. ***Изилдөөнүн методдору. Салыштырма-тарыхый ыкманын*** *тутумундагы* ***этимологиялык талдоо*** *менен кошо* ***семантикалык анализ*** пайдаланылды. ***Изилдөөнүн баалуулугу*** болуп топонимге биринчи жолу тарыхый-салыштырма методдун негизинде этимологиялык талдоо жүргүзүү. Лексика-семантикалык жана структуралык-сөз жасоочу моделдер аныкталып, тарыхый-лингвистикалык жол аркылуу топонимдин калыптануу өзгөчөлүгү көрсөтүлөт**.** ***Алынган натыйжалар***. Топонимдин баштапкы формасы *чук* (cuk) -“суу топтолгон оюк жер”. Бул уңгу сөзгө *ур*-“куруу, согуу, чабуу” манилерди билдирген уңгу морфема жалганып *чукур* сөзү келип чыккан. Чукур (cukur)-казылган жер, жер бетиндеги оюк, бөксө, кемтиги бар жер, түп жагы терең жер. Ак, аак байыркы кыргыз тилинде “кичине, чакан, майда” дегенди түшүндүргөн. Жыйынтыгында, чуңкур жана *ак* деген уңгу сөздөрдүндүн ортосуна */ч/* тыбышы эпентеза аркылуу пайда болуп, Чуңкурчак термини байыркы доорлордо эле келип чыккан. ***Изилдөөнүн практикалык мааниси*** катары кыргыз тил илиминдеги этимология, семасиология, лексикология тармактарында лингвистикалык негиз болуп бере алат. ***Сунуш.*** Бир муундуу уңгу сөздөрдөн куралган жер-суу аттарын изилдөөдө алардын алгачкы турпатын (формасын) ачып берүү менен бирге тилдин тарыхын окуп-үйрөнүү максаттарын аткарууга багытталышы керек. Ошондо гана илимий иште ынанымдуу жыйынтыктар болуп, тил илимине салым кошот деп айткыбыз келет.

**Негизги сөздөр:** Чункур, чак , аак, оюк, Алтай, эпентеза, этимон.

# ЭТИМОЛОГИЯ ТОПОНИМА ЧУНКУРЧАК

**Аннотация**

**Предмет исследования** является этимология топонима чункурчак, которое образовано от односложные корневых морфем чук-ур и чак относящиеся к кыргызско-тюркскому языковому слою. **Цель исследования** установить этимологию топонима кыргызского языка путем этимологического анализа, сопоставляя с лексическими единицами других родственных языков в контексте теории лингвоэтногенетического единства тюрко-кыргызских народов. **Методы исследования** рассматривается с помощью приемов этимологического анализа, сравнительного метода и метода реконструкций. **Научная ценность** заключается в том, что впервые проводится этимологический анализ названного топонима на основе историко-сравнительного метода. Определены лексико-семантические и структурно-словообразовательные модели, показаны особенности формирование топонима путем историко-лингвистического изучения. **Полученные результаты** показывает, что начальная форма топонима является чук (cuk)-“впадина, где задерживается вода”. К основе чук присоединяясь морфема ур – обозначающее “ударять, бить, строить, действие”, образует слово чукур. Чукур (cukur)-“яма, ров, рытвина, углубление, пещера”. Ак, аак в древности обозначал “маленький, мелкий, некрупный, небольшой”. В результате проведенного анализа выявлено, что между односложными корневыми словами **“чук-ур” и “чак”** произошел паратаксис и звук **“ч”** появился как протетический перед слогом **“аак, ак”.** Таким образом, в языке кыргызов появился корневое слова **“чак”,** которое в переводе обозначает **“небольшая впадина“.** Исходя из этого, местные жители называли ту местность, где было много небольших впадин Чункурчаком. **Практическая значимость** состоит в том, что эти основы могут служить лингвистической основой в кыргызском языкознании, в том числе для проведения исследовательских работ в сферах этимологии, семасологии, лексикологии. **Рекомендации исследования.** Исследование таких односложных корневых морфем помогает для раскрытия первоначального значения топонима, так как необходимо для изучения историю кыргызского языка. Только тогда будут убедительные результаты в научных исследованиях, которое вносить значительный вклад в языкознании.

**Ключевые слова:** Яма, маленькая впадина, маленький, выемка, Алтай, эпентеза, этимон.

# ETYMOLOQY OF THE TOPONYM CUηKURCAK

**Annotation**

The subject of the study is the etymology of the toponym Chunkurchak, which is formed from the monosyllabic root morphemes chuk-ur and chak related to the Kyrgyz-Turkic language layer. The purpose of the study is to establish the etymology of the toponym of the Kyrgyz language by etymological analysis, comparing it with lexical units of other

related languages in the context of the theory of linguoethnogenetic unity of the Turkic-Kyrgyz peoples. Research methods are considered using the methods of etymological analysis, comparative method and reconstruction method. The scientific value lies in the fact that for the first time an etymological analysis of the named toponym is carried out on the basis of the historical-comparative method. The lexico-semantic and structural-word-formation models are determined, the features of toponym formation by means of historical-linguistic study are shown. The results obtained show that the initial form of the toponym is chuk (cuk) - “a depression where water is retained”. The morpheme ur, which means “to hit, beat, build, action”, is added to the base chukur, forming the word chukur. Chukur (cukur) - “pit, ditch, rut, deepening, cave”. Ak, aak in ancient times meant “small, small, medium-sized, small”. As a result of the analysis, it was revealed that parataxis occurred between the monosyllabic root words “chuk-ur” and “chak” and the sound “ch” appeared as a prosthetic one before the syllable “aak, ak”. Thus, the root word “chak” appeared in the Kyrgyz language, which means “small depression” in translation. Based on this, the locals called the area where there were many small depressions Chunkurchak. The practical significance lies in the fact that these foundations can serve as a linguistic basis in Kyrgyz linguistics, including for research work in the fields of etymology, semasiology, lexicology. Study recommendations. The study of such monosyllabic root morphemes helps to reveal the original meaning of the toponym, as it is necessary for studying the history of the Kyrgyz language. Only then will there be convincing results in scientific research, which will make a significant contribution to linguistics.

**Key words:** Pit, small hollow, small, notch, Altai, epenthesis, etymon.

***Киришүү.*** Топонимдер кандайдыр бир доордун күбөсү. Анткени жер-суу аталыштары аркылуу белгилүү бир жердин, тоонун, дарыянын кайсы тилде аталганын, анын алгачкы мааниси кайсы тилге таандык, эмненин негизинде пайда болгондугун, ал аталыш эмнени туюндургандыгы маанилүү. Бир катар жер-суу аттары ошол жердин түзүлүш өзгөчөлүгүнө (ландшафт) жараша аталса, айрым топонимдер ошол жерде кайсы эл же уруу ээлик кылып тургандыгына же биринчи жолу ким ал жерде отурукташкандыгына байланыштуу ат коюулат. Ал жер-суу аттары илимде топоним деп аталат. Топоним грек тилинен которгондо topos «орун, жер» жана onyma «ат, ысым» деген уңгу сөздөрдөн туруп, жердин географиялык аталышын билдирет. Демек, топонимдер кандайдыр бир аймактын атын далилдөөчү тарыхый документ. Ошол себептен, жер-суу аттарын окуп - үйрөнүү тарыхый-лингвистикалык жактан зарыл маселелерден. Себеби, Чаткал өрөөнүнүн жер-суу аттарына илимий иликтөө иштерин жүргүзүү кыргыз тарыхы жана география илими үчүн гана салым кошпостон, кыргыз тил илими үчүн абдан маанилүү. Анткени, жер-суу аттарынын жаралуу тарыхы-ошол элдин тилинде камтылган. Тарыхты жана географиялык аттарды тилсиз сактап калуу мүмкүн эмес. Себеби, элдин тарыхы менен тилдин тарыхы тыгыз байланышта.

Албетте, бул сөздөрдүн сематикасы боюнча айрым сөздүктөрдөгү аныктамаларды эске албаганда, илимий-изилдөө иштери жокко эсе. Жергиликтүүлөрдүн айтымына караганда, Чуңкурчак өрөөнү катуу жер титирөөдөн кийин пайда болгон. Аймактын түштүк тарабындагы Шаркыратмадан башталган жер көчкү Чаткал дарыясын бөгөп, тескейдеги Кара-Терекке өтүп токтогон. Чаткал дарыясы буулуп, Шабыр көлү пайда болгон. Натыйжада, 2170 м. бийиктикте ар кандай көлдөр: Аккөл (жакшы көл), Көккөл (коркунучтуу көл), Казан көл, Камыштуу көл, Тартма көл ж. б. у. с. көлдөр пайда болгон.

Каныш-Кыя жана Коргон-Сай айылдарынын ортосундагы ашуу да Чуңкурчак ашуусу деген аталышка ээ. Жаратылыш кырсыгынын негизинде ушундай аталыш пайда болгон болсо керек деп божомолдошот.

Ошол себептен, топонимдин табышмактуу аты кандай шартта, эмненин негизинде пайда болгон деген суроо бизди кызыктырбай койбойт. Албетте, бул суроого илимдин талабына ылайык жооп берүү максатында илимий-изилдөө иштери жүргүзүлөт.

***Макаланын максаты.*** Чуңкурчак топониминин түпкү тегин тарыхый-лингвистикалык жактан чечмелеп, ачып берүү болуп эсептелет. Маселени ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн этимологиянын (*элдик жана илимий*) ыкмалары колдонулат. Бул ыкмалар топонимдин тарыхый маанисин аныктаганга көмөк көрсөтөт. Анткени уңгу сөздөрдүн жандырмагы байыркы кыргыз тилинин тереңине чөгүп жатат. Андыктан ***салыштырма-тарыхый*** ыкманын негизинде топонимге ***этимологиялык*** анализ жүргүзүлөт. Мындай жер-суу аттары тил илиминде проблемалуу маселерди жараткандыктан, лингвистикада дайыма ***актуалдуу*** маселе бойдон кала берет. Ошондуктан топонимдин аталышы биздин ***иштин объекти*** болуп эсептелет.

***Материалдар.*** Белгиленген проблеманы чечүү үчүн төмөнкү илимпоздордун эмгектерине таянабыз: А. А. Акматалиев [6. с. 603], А. Оморов [2. с. 206], Юдахин. [21. 226], Л. С. Сулайманова [19. с. 26], К. Кадыркулов С. [5. 33], К. Конкобаев [6. 112], Г. П. Стариков, Е. И. Старикова [7. с. 191], Б. М. Юнусалиев [8. с. 38], С. У. Умурзаков [9. 1980], Д. Исаев [10. 1977], В. Я Бутанаев., А. Оморов [11. 2015], Н. Р. Жапаров К. К . [12. 2011], М. С. Шамшиева [13. ]2009, К. З. Зулпукаров [14. 2016], Н. Р. Акматов [15. 2009].

Негизги материал катары эсептелген топонимдин аталышына ***салыштырма ыкма*** жана ***этимологиялык приемдору*** аркылуу баа берилет.

***Макаланын жаңылыгы*** болуп топонимге биринчи жолу тарыхый-салыштырма методдун негизинде этимологиялык талдоо жүргүзүү. Лексика-семантикалык жана структуралык-сөз жасоочу моделдер аныкталып, тарыхый-лингвистикалык жол аркылуу топонимдин калыптануу өзгөчөлүгү көрсөтүлөт.

***Натыйжалар жана талкуулар.*** Кыргыз тилиндеги татаал сөз чункур (чуңкур)- эки бөлүктөн турат-чукур- I “казылган жер, оюк, бөксө” [1. 747]; II чак (аак) “майда, кичине, кичинекей, чоң эмес” [2. 206].

Байыркы түрк тилинде бул сөз үңүр түрүндө айтылган [3. 626 ]. “Ал үң этишине –үр мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Азыркы кыргыз тилинде үңү этиши бар, үң этиши ага туура келет. Бирок – кыр мүчөсү этиштен зат атооч жасоочу мүчө катары активдүү колдонулбайт. Бул мүчөнү *чуку* деген этиштен келип чыккан чуңкур//чукур сөзүндөгү –ыр мүчөсү менен салыштырууга болот: чуку-р” [4. 241].

Ырас, топонимдин баштапкы формасы *чук* (cuk) -“суу топтолгон оюк жер”. Чук уңгу сөзүнө *ур*-“куруу, согуу, чабуу” манилерди билдирген сөз жалганып, *чукур* сөзү пайда болгон. Байыркы кыргыз тилиндеги ***чук-ур*** уңгу сөздөрү тыбыштык өзгөрүүлөргө кабылып, протезалык ыкма аркылуу ***/ң/***тыбышы, кийин экинчи ирет ***чуңкур жана ак*** морфемаларынын курамына ***ч/*** тыбышы эпентезалык ыкма аркылуу келип түшүп, ***Чуңкурчак*** сөзү келип чыккан. Чуңкурчак (cukurcak)-майда, кичине, чакан, чоң эмес, терең эмес чукурлар. Бул уңгу морфемалар түрк тилинде эмес, нукура кыргыз тилиндеги *төл* сөздөр, анткени түрк мамлекетин түптөгөндөр кыргыздар болгон.

К. Качкынбаевдин “Ак калпак Кыргыз, өз уя” аттуу китебинде “Кыргыздар аскердик мамлекет – Ордо – Турук түзүп жоо чапкан эл катары 2200-3000 жыл мурун эле белгилүү. Ал эми Түрк эли деген түшүнүк алгач 1400 (б. з. 600 – ж.) жыл мурун пайда болгон, анткени бир насилдүү элден (Кыргыз элинен) дагы бөлөк туруктар (ордо – аскер мамлекеттери) бөлүнүп чыккан, каганат чачылганда. Түрк деген сөз Кыргыздар түзгөн аскердик Турукка таандык болуп, - Турукка кирген, *сөзгө турган кайраттуу, туруктуу кыргыздар дегенди түшүндүрөт*” деп белгилеген [5. 48].

Ошол себептен, чук-ур бир муунду уңгу сөздөрдөн куралган сөз кыргыз-түрк тилдеринде бирдей мааниге ээ. хак. чуңкур-“терең, аң”, туркм. чукур- “казылган жер, ой, зындан”, тат. чокыр-“аң, оюк”. Ошондой эле алт. чохыр, к-калп. шункыр, узб. чукурча, каз. шукур, азерб. чухур,

К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” Чуңкурчак “углубление, впадина, котловина”; чупчуң-курчак кыл-“разрушить до основания” [6. 377].

Л.С.Сулайманованын монографиясында “Чуңкурчак-углубление, впадина, котловина” [7. 171].

К. Кадыркулов “Ак калпак кыргыз, өз уя” аттуу китебинде “Чуңкурчак-чоң курчак-башы аскалар, мөңгүлөр менен курчалган, короолонгон тоодогу чоң төрлөр” [5. 33].

К. К. Конкобаев “Чак в топонимии он присоединяется к существительному (напр. Чуңкурчак-чуңкур-“впадина”-чак “небольшая впадина”) и глаголу (напр., Чаңырчак+чаңыр-“брать”, “кричать”+чак-“шумная река”) означает уменьшительность деген пикирди айткан [8. 112].

Автор Чункурчак топонимине берген анализинде *чак* кыргыз тилинде чоң эмес чукурчаны билдирерин айтып, чындыкка бир аз болсо да жакындашкан. Бирок, эмненин негизинде келип чыкканын түшүндүргөн эмес.

Иликтөө көрсөткөндөй, жогоруда берилген анализдер боюнча Чуңкурчак “чукур, терең,; чуңкур, ойдуң; абдан чоң чуңкур, төр, жайлоо” деген маанилерди туюндурарын аңдаса болот. Ошого карабастан, бул этимологиялык талдоолор бизди канаттандырбайт, анткени илимдин талабына толук жооп бербейт.

Көрсө, топонимдин экинчи *чак* компоненти байыркы кыргыз тилинде *аак* сөзүнүн негизинде пайда болуп, “майда, чакан, кичине, кичинекей, чоң эмес” деген семантикалык маанилерди туюнткан. Мисалы, Ак булак “майда, кичине, чоң эмес”; Баркырак “кырак, майда, чакан, кичине кырлар” деген мааниде.

А. Оморов “Улуу Кыргыз каганатынын аймагындагы жер-суу аттары” деген китебинде “Ак-Балык-Тельбес дайрасынын оң куймасы, 1,5 км. жогору жагында Тельбес кыштагы жайгашкан. Дайра узундугу-3,0 км. Шор термини боюнча *“аак”-майда, “палык”-балык деген түшүнүк, демек “майда* балык дайрасы деген түшүнүк” деп чечмелейт [2. 36].

Ушул эле китептин 274-бетинде “кичине, майда, чакан, чоң эмес” деген маанини туюндурган топоним (Сибирь) шор тилинде “Чулчак” дайрасы да билдирери айтылган. Топоним түрк тилинде *чулчак кичинекей дайра* дегенди мааниде [2. 274].

Г.П.Стариков жана Е. И. Старикова “Тоолуу шор кыргыздардын географиялык топонимдик кыргызча сөздүгү” аттуу китебинде “*Чулчак*-Кызас дайрасынын сол куймасы. Мрасс дайра бассейинине кошулат. Дайра башаты деңиз деңгээлинен 700 м. Бийиктикте жайгашкан Абакан бөксө тоосунун батыш жантайыңкы бетинен пайда болгон өзөндөр жана булактар жыйындысынан башталат. Топоним түрк тилинен *чулчак-кичинекей дайра* дегенди билдирет” [9. 191].

Демек, азыркы Чаткал жер-суу аталыштары Сибирь, Алтай топонимикалык системасынын курамына кирген байыркы катмар болуп эсептелет. Ошондой аталыштардын бири - бул Чуңкурчак аталышы.

Б. М. Юнусалиев “Кыргыз элинин Алтай тоо кыркаларын жердеген уруулар менен генетикалык жана тилдик байланышы биринчи кезекте кыргыз жеринде сакталган топонимдер аркылуу чагылдырыларын айтып, көпчүлүк жер-суу аттары Кыргызстанга Алтайдан кыргыз уруулары тарабынан алынып келингенин” белгилейт [10. 38].

***Корутунду.*** Иликтөө көрсөткөндөй, топонимдин аталышы “кичине, чакан, майда” чункурчалар жайгашкан аймак дегенди түшүнүктү туюндуруу үчүн Чуңкур жана *ак* деген уңгу сөздөрдүндүн ортосуна */ч/* тыбышы эпентеза аркылуу пайда болуп, Чуңкурчак термини биздин доорго чейин эле пайда болгон. Ошондуктан Чаткал өрөөнүндөгү Чункурчак топониминен тышкары, Кыргызстандын аймагындагы Чуңкурчак аталышындагы жер-суу аттары да майда чукурларга байланыштуу келип чыккан. Табышмактуу топонимдин баштапкы формасын лингвоэтимологиялык метод аркылуу чечмелеп берүү кыргыз тил илиминдеги бир муундуу уңгу сөздөрүнүн жаралуу тарыхын окутууда гана салым кошпостон, жалпы эле география илимин окуп-үйрөнүүдө өтө маанилүү. Ошону менен бирге, Кыргызстандын жер-суу аттарын окуучулардын аң-сезимине сиңирүүдө жана патриоттук сезимин ойготууда салым кошот деген ойдобуз.

## Адабияттар


1. А.Акматалиев. Кыргыз тилинин сөздүгү. –Б.: 2016. 206, 774-746.
2. А.Оморов Улуу Кыргыз каганатынын аймагындагы жер-суу аттары
3. Древнетюрский словарь. – Л.: Наука, 1969. 626.
4. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Фрунзе.: 1988. 241.
5. Кадыркулов К. Ак калпак Кыргыз, өз уя. –Б – 2023. 33. 48.
6. Юдахин К. К. Кыргызча-орусча сөздүк. Изд-во “Совет. энцикл”. М.: 1985. 377.
7. Сулайманова Л. С. Народные географические термины в топонимии Кыргызстана. Б.: 2009. с. 171.
8. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. Изд-во Ак. наук Кирг. ССР. Ф-1980. 112.
9. Стариков Г. П., Старикова Е. И. Тоолуу шор кыргыздардын географиялык топонидик кыргызча сөздүгү. Которгон Асыкбек Оморов. –Б.: “Турар” 2017. 191.
10. Юнусалиев Б. М. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе. 1971. 38.

***Мырзабаева Н.С.,*** *т.и.к.,доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы*
***Салибаева Ж.С.***, *окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы*

# МУНДУЗ УРУУЛАРЫНЫН ТАРАЛУУ ТАРЫХЫ

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз элинин көчмөн доордон атадан балага айтылып келген рухий мурастарынын бири мундуз урууларынын санжырасы туралуу баяндалат. Чындыгында адамзаттын тарыхында ооз эки муундан-муунга өтүп келген санжыра аркылуу белгилүү инсандардын, уруу башчыларынын өмүр таржымалы ирээти менен айтылып келгендиги маалым. Анткени кыргыз деген аталыш өзүнүн тарыхын ушул өңүттө сактап калган. Атап айтканда азыркы күндө кыргыздын кырк уруусунун айрымдары өз атын жоготпой жашап келет же таптакыр жок болуп кеткендери да кездешет. Кыргыздардын XV–XVI-кылымдарда калыптанган уруулук бирикмесинин жана этносаясий түзүлүшүнүн бир бутагынын аталышы Сол канатка теги байыркы ири уруулардын бири Мундуз уруусу да кирген. Изилдөөлөрдө Мундуз урууларынын келип чыгышы, таралуу ареалына жана эн тамгаларына сереп салынды. Белгилей кетсек, кыргыз урууларында ар бир уруунун өзүнө гана тиешелүү эн тамгалары болгон. Ар бир эн тамгада уруунун аң-сезими, диний ишеними, дүйнө таанымы чагылдырылган.

**Түйүндүү сөздөр:** санжыра, этногенез, мундуз, нике.

# ИСТОРИЯ РАСПРОСТРАНЕНИЯ ПЛЕМЕН МУНДУЗОВ

**Аннотация**

В данной статье рассказывается о генеалогии племен Мундуз-одного из духовных наследий кыргызского народа, передаваемого от отца к сыну с кочевых времен. На самом деле известно, что в истории человечества рот передавался из поколения в поколение через генеалогию в порядке жизнеописаний известных личностей, вождей племен. Потому что кыргызское название сохранило свою историю в этом аспекте. В частности, в настоящее время некоторые из сорока кыргызских племен не утратили своих названий или даже полностью вымерли. Название одной из ветвей племенного объединения и этнополитического устройства кыргызов, сформировавшейся в XV–XVI веках, восходит к одному из древнейших крупных племен левого крыла-племени Мундуз. В исследованиях рассматривалось происхождение, ареал распространения и клейма племен мундузов. Отметим, что в кыргызских племенах у каждого племени были свои собственные клейма. В каждом клейме отражено сознание племени, его религиозные убеждения, мировоззрение.

**Ключевые слова:** генеалогия, этногенез, мундуз, брак.

# THE HISTORY OF THE SPREAD OF THE MUNDUZ TRIBES

**Abstract**

This article tells about the genealogy of the Munduz tribes -one of the spiritual legacies of the Kyrgyz people, passed down from father to son from nomadic times. In fact, it is known that in the history of mankind, the mouth was passed down from generation to generation through genealogy in the order of the biographies of famous personalities, tribal leaders. Because the Kyrgyz name has preserved its history in this aspect. In particular, at present, some of the forty Kyrgyz tribes have not lost their names or even completely died out. The name of one of the branches of the tribal association and the ethnopolitical structure of the Kyrgyz, formed in the XV–XVI centuries, goes back to one of the oldest large tribes of the left wing-the Munduz tribe. The research included an overview of the origin, distribution area and branding of the Munduz tribes. It should be noted that in the Kyrgyz tribes, each tribe had its own brands. Each brand reflects the consciousness of the tribe, its religious beliefs, and worldview.

**Keywords:** genealogy, ethnogenesis, munduz, marriage.

Көчмөн элдердин арасында санжыра уруктун, уруунун, элдин келип чыгышын басып өткөн жолун, алардын белгилүү өкүлдөрүнүн урук,уруу башчыларынын ысымдарынын тизмеси, кыскача өмүр баяны аркылуу ооз эки тарыхты түзөт. Башкача айтканда уруунун, уруктун жылнаамасы, анын башкалардан айырмасы тарыхты жекече инсандардын генеалогиялык таблицасы менен баяндалат. Санжыра илимде XIX кылымдан тартып орус окумуштуулары тарабынан кагаз бетине түшүрүлө баштаган. Аны адегенде В.В. Семенов-Тянь-Шанский, Н.А.Аристов, Н. Гродеков, Ч.Валиханов жүзөөгө ашырышкан. Санжыраны кагаз бетине түшүрүүгө жергиликтүү элдин өкүлдөрү да белсемдүү киришкен.Аларга XVI кылымда жазылган “Маджму ат-Таварих”(“Тарых жыйнагы”) деген Сейф-ад-дин

Аксыкентинин кол жазмасы да кирет. Анда башка материалдар менен катар кыргыздардын Ак уулдан тартып Аналхакка чейинки 20-23 атанын тизмеси берилген. Ошондой эле О. Сыдыков, А.Сыдыков, Н.Дублицкий, С.М.Абрамзон, Я.Винников, Тоголок Молдо жана башкалардын изилдөөлөрү менен Кыргыз Илимдер Академиясында кол жазма фондусунда сакталып турган материалдарында кездешет. Кыргыздар жөнүндөгү элдик тарыхтын көбү XIX- кылымда эле жыйналган, жарыяланган. Тактап айтканда революцияга чейинки Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыздардын жана башка элдердин тарыхы, этнографиясы боюнча кээ бир белгилүү эмгектер жарыкка чыга баштаган.Алардын катарына В.В.Бартольдду, И.Я.Бичуринди , С.М.Абрамзонду, А.Н.Бернштамды, Н.А.Аристовду жана башкаларды киргизүүгө болот.Тарых илимин изилдөөдө жогорудагы илимпоздордун ичинен Николай Александрович Аристовду өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Автор көптөгөн тарыхый жана этнографиялык фактыларга өзүнүн пикирин билдирүү менен, кыргыз этногенези боюнча илимге жаңы тарыхый маалыматтарды киргизген.Падышалык администрациянын чиновниги Н.Ф. Ситнячковский өзүнүн төмөндөгүдөй пикирин билдирген: «Жергиликтүү элдердин урууларга бөлүнүүсү биз үчүн кээ бир учурларда өтө пайдалуу, анткени алар көпчүлүк учурда ич ара дайыма бири бири менен кастык мамиледе болушат… Ич ара күрөш мурда Кокон хандыгына, эми Кыргызстанда колониалдык саясатты жүргүзүүдө бизге да жардам берет» .

Н.Аристовдун пикири уруулук түзүлүштүн пайда болуусуна төмөнкү шарттар өбөлгө түзгөн:

а)уруулардын табигый жол менен көбөйүсүнүн натыйжасында алар сөзсүз түрдө майда бөлүктөргө бөлүнүүгө тийиш болушкан. Анын натыйжасында уруулардын саны көбөйгөн.

б)урууларга бөлүнүүнүн жана биригүүнүн дагы бир себеби болуп экономикалык жана саясий факторлор, өзгөчө коңшулаш элдердин басып алуусу, ошондой эле уруулар ортосундагы карама каршылыктар эсептелинген.

Кыргыз тарых илиминде актуалдуу маселелерден болгон кыргыз урууларынын (уруктарынын ) эзелтеден сакталып келе жаткан эн тамга белгилери алардын байыркы теги, келип чыгышы, таралуу ареалы, этникалык тарыхты иликтөөдөгү маанилүүлүгү этногенетикалык жана этномаданий байланыштарды аныктаган башка тектеш элдердеги параллелдери каралат. Урук уруу үй - бүлөлүк жана жеке колдонуудагы белги тамгалар түрк-монгол тилдеринде “тамга” деп аталып (“тавро”, “клеймо”, “печать”), өтө баалуу тарыхый булак болуп саналат [1.]

Эн тамга түшүнүгү байыркы заманда «клеймо», «мөөр», «тавро», «менчиктик белги» маанисинде колдонулган. Таандыктын белгиси, белгилүү уруу жайгашкан жердин чеги, аймагы, ээлиги, арасы деген түшүнүктү берген. Өздүктү туюндурган мындай менчик белгилер, эн тамгалар асаба-тууларга, кандайдыр бир буюмга, малга (жаныбарлардын терисине күйгүзүлүп басылган), кул-күңдөргө да коюлган. Эзелтен эн тамгалар жолдуулукту, бийликти, көз карандысыздыкты, жамандыктан сактоочу касиетти жана күч-кубаттуулукту туюндурган. Белгилүү окумуштуулар Н.А.Аристовдун жана Д.Н.Соколовдун пикиринде, тамгалар уруулук ишеним же жамандыктан коргоочу күч-кубатка эгедер рухтардын сүрөттөлүштөрү катары колдонулуп, кийин ал уруулук жана үй-бүлөлүк менчик тамгага айланган деп эсептешет. Тамгалардын келип чыгышы азыркы мезгилге чейин толук изилдене элек. Айрым окумуштуулар эн тамгаларды урууга тийиштүүлүктү түшүндүрөт десе, экинчилери, ал басылган тамга менчик ээлигин, ошол нерсе, мал жана башкалар анын менчиги экенин түшүндүрөт дешкен.Эн тамга белгилери этногенезисти, этникалык тарыхты,этникалык маданиятты иликтеп үйрөнүүдө тарыхый жазма булактар, жер-суу, уруу- урук, эл аталыштары, элдик оозэки чыгармалардын маалыматтары менен катар негизги булактардын бири болуп эсептелет. [2.]

Даректүү жазма булактардын жоктугуна жана алардын өтө сейрек кездешкен шарттарында эн тамга белгилери айрым этникалык топтордун миграциялык ареалын ж.б. маалыматтарды аныктоого көмөк берери шексиз**.**[3. ] Бул маанилүү тарыхый булак көчмөндөрдүн миграциялык ареалын алардын этникалык-маданий байланыштарын да

чагылдырат.Евразиянын талаа аймактарында эн тамга белгилери б.з.ч.1-миң жылдыктан белгилүү болуп келет**.** Уруулук эн тамга белгилери түрк-монгол,угро-фин, иран тилдүү үй-бүлөөдөгү сүйлөгөн элдерде эзелтеден сакталып, айрым ареалдарда, өзгөчө кыргыздарда байыртадан туруктуу колдонулуп келди.

Көчмөн шартка ыңгайлашкан кыргыз коомундагы эн тамга белгилеринин өзгөчө маанисин этникалык аталыштар (этнонимдер) да чагылдырары шексиз. Мисалы, кош тамга (мунгуш), жагалмай тамга (мунгуш), ача тамга (жору), кайчы тамга (жору), кош бычак (багыш), жогору тамга (кытай), төмөн тамга (кытай), кылыч тамга (басыз), керки тамга (басыз), жаа тамга (азык), ай тамга (саруу), жогору чекти (багыш), төмөн чекти (саяк), үчөк (басыз), үч ок тамга (канды), жогор тон (мундуз), томөн тон (мундуз) ж.б. белгилей кетчү маселе, эн тамганын аталышына байланышкан этнонимдердин басымдуу бөлүгү уруулук ири топтордун (фратриалдык топтор) аталыштары катары маалым.Эн тамгалар туурасындагы алгачкы тарыхый маалыматтарды кытай тарых жазма булактарынан жолуктурабыз. Ошондой эле кыргызга таандык эн тамгаларды таш бетиндеги петроглифтерден да кеңири көрүүгө болот. Алар байыркы түрк тилдүү элдерде, анын ичинде, кыргыздарда уруунун, элдин өздүк белгисин же гербин туюндурган.

Кыргыз элинде “Ынтымак жакшы ырк жакшы, ынтымактуу журт жакшы.”, “Эли журтуң болбосо, ай — күнүңдөн не пайда”, “ Ата журтуң — алтын бешик”, ” Жети атасын билбеген жетесиз кул “деген накыл кептердин төркүнү узун. Улуу Манас эпосунда айтылгандай алгачкы кыргыз мамлекети уруу бирикмелери пайда болгондо түзүлгөн.Эгерде Манаска чейин эле 32 хан бабалары өткөн болсо, кыргыз мамлекттүүлүгү байыркы деп айтууга толук негиз бар.Кыргыз уруусу күчтүү болгондуктан тектеш уруулар айланасына топтолгон. Мисалы ошол Манас эпостон үзүндү келтиребиз:

Курама курап журт кылдым

Кулалы таптап куш кылдым- деп айтылат.

Акыркы кездери элдин оозеки тарыхын, уруулар санжырасын биле жүрүүнүн да маанилүү экендигинде талаш жок.Уруучулук аң-сезим тарыхый өнүгүштөн артта калган элдерге мүнөздүү көрүнүш. Бирок, кыргыз элинин улут катары калыптаныш пайдубалы уруучулукта жатат.Ал биздин өзгөчөлүгүбүз. Башка элдер классикалык үлгүдөгү бүтүн улут болуп уюган. Демек, мамлекеттүүлүккө биригүүдө *көчмөн уруулары* деген аталышты өзгөртүп *талаа уруулары* деп аталышып жүрүшөт. Кыргыздарды өзүнчө этнос катары жок болуп кетүү коркунучунан мына ушул - жети атасын так атап, ата-баба санжырасын аздектеген уруучулук аң-сезим сактап калган. Көчмөндүк доордогу ошол уруучулук аң-сезим, уруулук түзүмдүн аркасы менен биз бүгүн кыргыз деген бир улут катары өз мамлекетибизге ээ болуп отурабыз. Салтка ылайык кыргыз коомундагы ар бир адам өзүнүн жети атасын билүүгө тийиш болгон.XIX-кылымдын аягында Кыргызстанга келген орус изилдөөчүсү мындай деп жазган: «Бейтааныш адам жөнүндө бир нерсе билүү максатында: “Сенин жети атаң ким болгон”, деп сурашат. Бул суроого абдан так жооп беришке кыргыздын ар бир баласынын кудурети жетет». «Ким өзүнүн жети атасын билбесе, эл безери», деп окутат кыргыздын адеп кодекси деп жазып кеткен.Жети атаны сүрүштүрүү салты уруу ичиндеги *никелик* мамилелерди жөнгө салып, элдин генеалогиялык тазалыгын сактап калуу жана биологиялык популяциясына, өсүп-өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Бул адат боюнча жети муун өтмөйүнчө никеге турууга тыюу салынган. Муну илим жети муундук экзогамия деп аташат. Бул отуруктaшкан элдерден айырмаланып, кыргыздарда никенин жана урпак-тукумду өстүрүүнүн өзүнчө маданияты иштелип чыккандыгын айгинелейт. Ушундан улам жети атасын сүрүштүрүү салты келип чыккан. Анын баштапкы негиздери урук ичиндеги экзогамиялык талаптарга байланышса, кийин коомдо мыйзам сыяктуу турмуштук кодекске айланган.Ата-бабаларыбыз жети атасын сураса жеткиликтүү билбей, санжырага таң болуп, баштары маң болуп тургандарды: «жети атасын билбеген жетесиз, андан суроо сурап нетесиз», мындайлар жүргөн жерде: «эл бийлээр кыйын болбойт, ордолуу жыйын болбойт» дешип киши катары көргөн эмес. Тарыхын билбегендер кайсаңдаган кайсак делип, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп журт алдында сөзгө жыгылган. Аталарыбыз андайлар менен «жети атасын билбеген

кул» деп, сүйлөшпөй да коюшкан.Себеби, санжыранын сыры, касиети тарыхтын түпкүрүнө кетип, осуят, мурас катары калтырылган руханий казынабыздын ачкычы. Санжыра-араптардын "чажара" сөзүнөн алынган. Бизче которгондо "дарак" дегенди түшүндүрөт. Эл, уруу, урук, тууралуу ооз эки баян.

Адыгине(бий) улуусу,
Тагай андан кичүүсү.
Саруу элдин каруусу,
Мундуз элдин мүдүрү.
Саяктан чыгат саяпкер,
Басыз болот камчысы.
Жетиген элдин желеги,
Черик кыргыз чебери.
Ичкилик элге кереги,
Бугу болот бууданы.
Тагайдан чыгат тулпары,
Солтодон чыгат сопулар.
Тейиттен келет кокуйлар,
Кайыптар кыргыз кадыры.
Дөөлөстөн чыгат, дөө-шаасы,
Кытай элдин кырааны,
Моңолдор болот сырттаны.
Азык келсе аш келет
Аңдатпай туруп тап берет
Найман нагыз кыргыздар,
Көрүнбөгөн жылдыздар.[4.]

Кыргыз санжырасында мифтик, уламыштык багыты күчтүү болуп, ыр формасында (мис., Балык акын айткан вариант) кара сөз түрүндө ( Чодо, Мусакожо ) айтылган. Белек Солтоноев, Осмонаалы Сыдык уулу, Бала ырчы, Тоголок Молдо, Талип Молдо, Актан Тыныбеков санжыраларын жазып калтырышкан. Ар элдин, уруу – уруктун, ар бир адамдын, санжырасы айтылган, өзгөчө тарыхтагы белгилүү адамдарга карата ата-тек сүрүштүрүлгөн. Санжыра тарыхка жакын, бирок аны чыныгы реалдуу нерсе – тарыхый чындык деп түшүнүүгө болбойт. Анын көркөм структурасы уламыш, легенда, кошок, арман ырларды да камтыйт. Бул жанр дээрлик дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде айтылса да, кыргыздарда өзгөчө кеңири тараган жана өркүндөгөн.

Көрүнүктүү тарыхчыбыз, Осмонаалы Сыдык уулу белгилегендей: «Жүрөгүндө оту бар жигиттер үчүн тарыхты билүү керек». Тегин жерден тарыхый бабабыз Мухаммед Абулгазы Бахадур хан «Түрктөрдүн санжырасы» аттуу эмгегин түрк элдеринин энчисине калтырып кетпегендир.Тактап айтканда, «кыргыз санжыраны сактап келген, ал эми санжыра кыргызды сактап келген» - деген Дастан агайыбыздын сөзүндө да калет жок. Абдан таамай айтылган сөз. Себеби биз чабылып-чачылып, тарыхтан жок болуп кетээрде кайрадан санжыра сүрүштүрүп, баш кошкон элбиз. Андыктан бүгүн санжыраны, жети атаны билүү элди урууурууга, кокту-колотко бөлүү эмес, кыргыздын башын бириктирүүчү «улуттук идеология» экендигин түшүнүү.Жети атаны билүүнүн дагы бир тарбиялык касиети, байыртан жети муундун бардык өкүлдөрү – салттан четтеп, ушак айтуу, уурулук жасоо, ала жипти аттоо, айбанчылык жолго баруу, мекенге кыянаттык кылуу сыяктуу чеки иштерге барышкан эмес. Анткени, жети атаны сураша келгенде санжыра, тарыхты чегип билген адам, аа сенин чоң атаң - ууру, бабаң - башкесер, чоң энең начар аял эле, же тетирисинче сенин бабаң - баатыр, жетең - билимдүү, энең эл оозуна алынган жанда жок колунан көөрү төгүлгөн зайып эле деп, анын кимдин тукуму экендигин баалап, жети атасы аркылуу анын кимдигин, кандай атанын урпагы экендигин аныктап коюшкан.Жети атаны билүүнүн экинчи бир касиетине токтолсок, кыргыз 1800 жылдык тарыхын билген, же 74 муундун санжырасын сактап, айтып келген санжыргалуу, тек-жайы тереңге кеткен, даңкы далайга таанымал даңазалуу эл болгон. Бир

муунга орточо 25 жылдан эсептегенде жети муунга чейинки эле санжыраны билген адам 175 жылдык ата-бабаларынын басып өткөн тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын, нарк-насилин билген. Андай адамдар ата-бабаларыбыздын адаты, расими, согуш иши, дини, өнөрү деги кайсы темада сүйлөшпөсүн: манасчылары, акындары, баатырлары, сынчылары, олуялары, чеберлери, кыскартып айтканда кыргыздын тарыхы тууралуу өтө кызыктуу маек жүргүзүшкөн. Мындай сөздүн усталарын эл урматтап, калк кадырлаган. Ал эми жети атасын билбегендерди ошол себептүү тегин билбеген «кул» - дешкен. Алар сабатсыз, караңгы, түркөй, өтө начар адамдар катары эсептелинген. Анткени, кыргыздарда жети атаны билүү катуу талабын койгону кыргызды - санжыра, бабаларынын рух күчү сактап келген. Бүгүнкү күндө да бул касиетибизди жоготуп, аны баалабай коюу бир сөз менен айтканда түркөйлүк болоор эле.Айрым чалагайым санжырачылар эскиден айтылып келген санжыраны бузуп, бурмалап, уруулардын келип чыгуу, таралуусун оюна келгендей "чыгармачылык " кылып да жиберишүүдө.

Сол канат – кыргыздардын XV–XVI-кылымда калыптанган уруулук бирикмесинин жана этносаясий түзүлүшүнүн бир бутагынын аталышы. Ферганалык автор Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Тарыхтар жыйнагы» («Мажму ат-таварих») кол жазмасында Сол канатка (Куу уул) басыз, кушчу, мундуз, чоңбагыш, саруу, кытай уруулары киргизилген. Сол канатка ошондой эл жетиген, төбөй уруулары да кирет. Сол канат уруулук бирикмеси (ошондой эле оң канат) XV-кылымдын 2-жарымында кыргыздардын өз алдынча эл катары түзүлүп бүткөндүгүн ырастаган жана алардын этносаясий курамын чагылдырган. XVII–XVIII-кылымда оң канат, сол канат уруулары биригип, Тагай деп аталган бир саясий конфедерацияны түзүп турушкан. С.М. Абрамзондун пикири боюнча да, XVI кылымда эле, бир кыйла кийинки мезгилдегидей, кыргыздар оң канатка (оң) жана сол канатка (сол) бөлүнүшкөн. [5.] Кыргыз тарыхчыларынын алдыңкы катарында турган Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде кыргыздардын калмактар менен болгон согушун баяндап: «калмактар менен кармашта кыргыздан нечен азаматтар курман болушкан. Алардын ичинде кыргыздын «багышынан» атактуу баатырлар Аккочкор менен Конко болгон» - деп жазган жери бар. [6.] Ал эми белгилүү окумуштуу тарыхчы А.В.Затаевич өзүнүн илимий иликтөө эмгегинде «У предшественника хана Гайша (Тейит) Шырдакбека были два сына, Аккочкор и Канкы.Они оба пали в битве кыргызов с калмаками, дело было лет 275 тому назад. Шырдакбек – бывший хан после Гайши» деп көрсөтөт.Окумуштуу Затаевичтин бул жазган күнүнө салыштыра келип, бул окуялар 1675-85- жылдарга туура келерин тапса болот. [7.] Ошентип, «Мундуз» уруусу тууралуу Мундуз-бий менен Эшимкандын бир тууган экендигин “мундуз” уруусунун акылман аксакалдары айтып да келишет. Илимий маалыматтар да муну тастыктап турат. Кыргыздын улуу ойчулу Атбашылык Тоголок Молдонун: «Манастын атасы Жакып (Йакуб-бий) кыпчактын белдүү тобунан. Эшимкан Манастын небереси Сейтектин тикелей урпагы, Анжиянда хан болуп туруп, Арпа, Ак-Сайга чейин кыргыздарды коргоп турду. Эшимкандын бир тууган иниси Мундуз-бийден таркаган урпактары «мундуз» уруусу болуп, алар Манастын тикелей урпактары болушат» - деген тарыхый айткандары жазылып калган.Тоголок Молдонун айтканын кыргыздын дагын бир ойчулу Үсөйүн-ажы: «Шырдакбек XVII кылымдын аягында өткөн кыпчак элинен чыккан баатыр, Анжиян-Арка аймагындагы кыргыз элинин акылман башкаруучусу болгон» - деп толуктайт.ыплас саясаттын курч мизине туш болгон «мундуз» уруусунун эли да өз тегин айта албай “Манастын тикелей урпактары” деген баалуу сыймыктан да куру келе жатышат деп эскерет.Эшимкан менен Мундуз-бий Сейтектин урпагы дедик. Эшимкандан Тейиткан, андан Курманбек, андан Сейиткан, андан Шырдакбек. Кан Шырдактын Баткенде сепили болуп, анын биринчи аялынан Каражан менен Сарыжан. Каражан-Сарыжан уулдарынан торайгыр, кожомүшкүр, жартыбаш, таз, шерден, омонок, кармыш, алтыке, жаманаң уруктары чыгат.Кан Шырдактын Курманбек чоң атасынан калган Көк-Арт дарыясынын боюнда ордосу болуп, өзү Нарында да сепил курдурат, калмактар менен согуш уланып жаткан. Шырдак ушул тарапта жүрүп «бугу» элинен да үйлөнүп андан да эки уулдуу болот, Аккочкор менен Конко деген. Кан Шырдак өтүп сөөгү Нарын тарапта коюлуп, ордо бийлигин аялы жүргүзүп

калат. Ал эненин аброю эл арасында жогору болуп, аны «Багыш эне» дешип, Кан Шырдактын экинчи аялынан урпактары «Багыш» уруусу аталып, алар «баш бабабыз Аккочкор» дешет. «Багыш» эли Баткендеги тогуз уруу кыпчактар менен аталаш бир туугандар болгон мезгилинде карым-катнашта болушуп, тамаша катары «коңкобай» деген сөз да ошол Коңкодон улам айтылып, азырга чейин эл оозунан арыла элек. Тарыхчы А. Мокеевдин изилдөөлөрү боюнча, XV – XVIII кк. ичинде Теңир-Тоого (Тяньшанга) алтайлык кыргыздардын көчүп келишинин жана алардын айланасында теңиртоолук эски уруулардын консолидациялашуусунун натыйжасында кыргыз элинин калыптануу жараяны башталган, жана бул доор кыргыз элинин өз алдынча саясий, социалдык жана этникалык өнүгүүсүнүн маанилүү этабы болгон.[8.]Тарыхчы Т. Асановдун белгилегени боюнча, Теңир-Тоодогу кыргыз эли эң башында «Отуз уул» жана «Он уул» болуп бөлүнүшкөн жана бул XV кылымга туура келген. Кийинки кылымдын биринчи жарымында саясий, экономикалык, демографиялык, географиялык жана этникалык себептерден улам жана Моголстандын кыргыздар тарабынан ээлениши менен отуз уулдар «Оң канат» жана «Сол канат» болуп экиге ажыраган.[9]Тарыхчы О.Каратаев, С.Эралиевдин «Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк» деген эмгегинде «мундуз» сөөгү (уругу - О.К.) кыпчактар менен генетикалык жалпылыкта каралат. Телеуттардын санжыраларында тоңгон муздан бүтүп төрөлгөн эгиз балдарга Чулум мундуз, Коткор мундуз деген ат берилгендиги эскерилет.[10.]

Акыркы кездери кыргыз элинин генеалогиясын, этногенезисин изилдеген эмгектерде, оозеки санжырада кыргыздын сол канатын түзгөн уурунун бири- Мундузуруусу жөнүндө учкай гана жөндүү маалымат берилген. Мундуз – алтай уруусу. Кээ бир окумуштуулар «Мундуз» этноними огуз уруусунун Бугдуз атынан чыккан деп эсептешет. Мундуздар да кыргыз-огуз уруулары менен кошо батышка көчүп кетишкен болушу толук мүмкүн. Мундуз буга чейин Тянь-Шанда жашаган. XI—XII кылымдарда алар Караханид каганатынын курамына кирген. Мундуздардын кээ бирлери ошол мезгилде да Түндүк Кавказга чейин жеткен, бул жерде орто кылымдарда мундуз жерлеринин аттары табылган. Мундуздар кыргыздардын курамында Кыргызстандын ар кайсы аймактарында компакттуу жашашат. Аларды *ай тамгалуу мундуз* деп аташкан, бул уруунун тектүү теги жөнүндө айтылат.Мундуздардын кээ бирлери ошол мезгилде да Түндүк Кавказга чейин жеткен, бул жерде орто кылымдарда мундуз жерлеринин аттары табылган. Мундуздар кыргыздардын курамында Кыргызстандын ар кайсы аймактарында компакттуу жашашат. Аларды ай тамгалуу мундуз деп аташкан, бул уруунун тектүү теги жөнүндө айтылат. Бирок алардын бир тобу *кончу жок мундуз* деп аталып калган. Демек, Моголстандагы мундуздар *кончи* (түз маанисинде булгаары өтүк жасоочулар) же сагарачы (сөзмө-сөз, булгаарыдан жасалган усталар; булгаары буюмдарын жасоочулар) уруулук бирикмесинин курамына кирген деп болжолдоого болот. Бул бирикмени Тагаиддер уругу көзөмөлдөгөн.«Мундуз» сөзүн Махмуд Кашгари төмөндөгүдөй маанилерде чечмелейт: 1. *Бат аккан (шар аккан) суу;* 2. *Жорго ат;* 3. *Жакшы эмес адам.* В.В.Радлов бул сөздү «*жөнөкөй», «жупуну»* маанисинде карайт.Мундуз - сол канаттагы теги байыркы ири уруулардын бири. Сөздүн соңундагы -з мүчөсү (-з/-с) байыркы түрк тилинде -лар мүчөсү сыяктуу көптүк маанини туюнтат.Этнонимдин параллелдери бүгүнкү алтайлыктар менен түркмөндөрдүн курамдарында бар экендиги аныкталган. Тарыхый фольклордун маалыматтарында алтайлыктардын курамындагы аттары берилери баяндалган. Кыргыздын мундуз уруусунун курамындагы «*зулум мундуз», «коткор мундуз»* аттуу уруктар алтайлыктар менен түз этногенетикалык байланыштарды аныктаары бышык.




Кыргызстанда жашаган мундуздардан саны боюнча кем эмес чоң бөлүгү Өзбекстанда калып кеткендигин жакшы билебиз. Алардын дайын болгон бир бөлүгү аталар боюнча тегин билгендердин санжырасы аркылуу изин улап, жиги чыккан жерден бири-бирине байланыштырып кошконго аракет жасалды.

Санжырачы А.Тургумбаевдин айтуусу боюнча:

«Эми чоң бала Зулумдан тарагандар: Каба баатыр, Каба баатырдын балдары Атакан, Акман, Дашман. Атакандан Карача баатыр, Таталай, Жалалбай. Булардын ичинен Жалалбайга токтоло кетели. Жалалбай жаштайынан эле арык чаап, кудук казып, суу чыгарганга маш болуп, жалаң маңдай тери менен бала-чакасын баккан адам болуптур. Карый жашап, 126 жашка чыгып көзү өтүптүр. Көзү өткөн соң ошол өзү мекен кылып жашап турган өрөөндү Жалал-Кудук деп атап коюшкан экен.

Азыркы Өзбекстандагы Жалал-Кудук району мына ошол атабыздын ысымынан калган. Ал эми Жалалбай атабыз карыганда келин-кесектер «Желимкөз аке» деп тергеп жүрүшүп, ошол боюнча андан тараган урпактарды бүгүнкү күнгө чейин Желимкөздөр деп атап келебиз» деген Абдишарип абабыздын сөзүн карманып туралы.

Ал эми Таталайдан тарагандардын бир бөлүгү Ысык-Көлдү мекендеп калышкандыгы жөнүндө тарыхый эмгектерден, элдик чыгармалардан изин табууга болот.

Эми экинчи уулу Акмандан тарагандар жөнүндө кеп салалы. Акмандын тунуулу Абакан, экинчиси Алдозбай, үчүнчүсү Абышка.

Абакандын чоң байбичеси Шайдабүдөн 5 уул: Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көкайдар. Экинчи аялы Орунбүдөн Көкчөгөз, Карагул деген балдары болгон.

«Бээ байлабастын беш уулу» деген жакшы маанидеги ылакап сөз Абакандын чоң байбичесинен төрөлгөн ушул беш балага тиешелүү. Алардын жылкысы көп болгондуктан бир келип жабыла ичкенде Шайдандын суусун соолута иччү тура. Жылкысы эпсиз көп болгондон кийин кулун байлап кымыз жасоону машакат көрүп, байлачу эмес экен. Буларды «Ак үйлүу мундуздар» деп да аташат.

Кушчудан чыккан Кубат бийдин учурунда ондон ашык кыргыз урууларынын башы биригип, үлкөн Кытайга сес көрсөтө алган деңгээлге чейин жеткени тарыхый чындык. «Кубат бий өлдү кут өлдү, кушчу, мундуз бүт өлдү» деген сездөрбекер жерден чыккан эмес.

Кийинки эле кылымдарда Жамгырчы хандын учурунда мундуз, кыпчак ж.б. уруулар аралаш турганын ушундан билсе болот сексенинчи жылдарга чейин Ханабад аталган жер азыркы Кыргызстандын Бек-Абад айылы менен Өзбекстандын Совет-Абад аталган шаарынын ортосунда орун алганын көрүп, угуп калдык, Ошол чөлкөмдө азыр да кыпчактар, азыраак санда мундуздар жашай турган.

Кенже эпостордун катарын толуктаган “Шырдакбек” эпосундагы башкы каарман Шырдакбек даана эле мундуз экендиги, анын өмүр таржымалында Ак-Талаа менен тыкыс байланышкан маалыматтар толтура жолугарын (курган коргону турат) тага журту Ак-Талаа

экендиги айдан ачык. Азыр да Тогуз-Торо, Ак-Талаанын бир канча айылдарында мундуздар жашашат, ал эми ал жактан кыпчак тууганларды табыш кыйын.

Ушул сыяктуу дагы бир изи сууп, илең-салаң байланышы калган Алдозбайдын уулу Өтөмүштүн удаалаш иниси Токтомуш атадан тарагандардын тарых таржымалы такталып, Жумгалда орун-очок алып отурукташып калышкан.

Мундуз атанын тогуз уулунун Зулум, Зуркай, Зултай, Калдык, Шыгай, Лакай, Замин, Шерзар, Зулдуз деген балдарынын ичинен Зулум менен Зуркайдан тараган- дардын санжырасы бир аз тагыраак десек болот. Буларды да бүгүнкү күндө төрөлүп жаткандарына чейин тактоо ишин улантуу зарыл. Калдыктан тарагандардын да изи белгилүү. Көңүл коюп артынан түшүпизилдесе булардын санжырасын да тактап чыгуу жеңилирээк.

Замин менен Шерзардан тарагандар Ооганстан аркылуу Бабурдун жек-жаатына кошулуп, Кытай, Индия тарапка ооп кеткендиги жөнүндө маалыматтар жазылып калса да, артынан түшүп тактала элек. Абдишарип аванын Шыгайдын тукумдары Аксыны жердеп калганы жөнүндө айтканы бар. Аксы аймагында биз болжогондон алда канча көп түтүн мундуздардын бар экендиги аныкталды. Дагы бир белгилей кете турган өзгөчөлүгү бир эле Шыгайдан эмес, ого эле кеп ар кайсы атадан тараган мундуздар бар экендигине күбө болдук. Алжөнүндө Аксы районунда жашаган мундуздар туурасында жазылган бөлүктөн толук маалымат аласыздар.

| № | **Мундуздун уулдары** | **Жашаган жерлери** |
|---|---|---|
| 1. | Зулум | Зулум менен Зуркайдан тарагандар: Ноокен, Базар-Коргон,Сузак райондорунда, Анжиян областынын Канабад, Жалал-Кудуж, Айрым райондорунда, Токмоктун Кегетисинде, Кара-Кулжа, Ажике, Алайкуу өрөөндөрүндө, Ысык-Көл Нарын облустарында, Алтайда жашашат. Ушул эки топтон тарагандарын тарых-таржымалы салыштырмалуу дурус |
| 2. | Зуркай | |
| 3. | Зултай | Зултайдан тарагандар: Жети-Өгүз, Ак-Суу, Туп райондорунда, Кеминде, Кочкордо, Нарында жайгашкан. |
| 4. | Шыгай | Шыгайдан тарагандар: Аксы районунун Мундуз-сай, Ак-суу, Кош-Дөбө, Ак-жол айылдарында жана Чаткалда турушат. |
| 5. | Лакай | Лакайдын тарагандар: Тажикстандын Гиссар, Гөлөп, Лакшы өрөөндөрундө жашашат. |
| 6. | Калдык | Калдыктан тарагандар: Тажикстандын Жерге-Тал өрөөнүндө жашашат. Калдыктын эки бала- сы бар. Кара, Чабыр. Ошол маалда Орто Азиянын кара кытай басып турган мезгил болгон. Калдыктын экинчи уулу Чабыр бала-чакасын алып, Эне-Сай жээгиндеги Абакан шаарына көчүпкетишкен. |
| 7. | Замин | Мундуз атанын өзбек аялынан тарагандар: Замин, Шердар.Замин менен Шердардын балд*ары ошол кезде Оро-Төбөдө,*Заминде, Санзар д*арыясынын боюнда, Макмал тоолорунда жайгаш*кан. Шейбани хан Самаркандан Анжиянга келип Бабур ханды кууганда, Замин менен Шердардын балдарынын жарымы Бабур хан менен Ооган жерине өтүп кетип, Жергиликтүү эл менен аралашып, Кундуз деген жерге жайгашып калгандыгы жөнүндө тарыхта айтылат. Бабур Индияга өткөндө ээрчип кеткендери Агра шаарына жайгашып калган делет. Булардын жарымы Каракалпактар менен арала- |
| 8. | Шердар | |
| 9. | Зулдуз | Уйгур аялынан туулган Зулдуздан тараган- дардын көпчүлүгү тарыхый маалыматтар боюнча азыркы мезгилде Кытайда |

Мундуз уруусунун өкүлдөрү Сузак, Базаркоргон, Өзбекстандын Айым, Избаскент, Коргонтөбө, бир аздап Кемин, Жетиөгүз, Кочкор, Жумгал, Нарын жана башка аймактарды мекендеп келишет. Негизги уруктары: өтөмүш, жараке, кансоюл, майда мундуз, сокучу, көкчелек, кызыл баш, ак баш, дарга, тогунай, азык, сапалак, баймундуз, ак үйлүү жана башкалар.

Эң көп, компакттуу жашаган мундуздар Жалал-Абад облусунун Базар- Коргон, Сузак, Ноокен, Аксы райондору болгондуктан, бул аймакта жашагандардын географиялык тартибин райондор боюнча изилдөөлөргө туура келди. Келечекте дагы да тактоолор жана изилдөөлөр улантылат.

## Колдонулган адабияттар

1. В.С.Ольховский, С.А. Яценко. Археология, палеоэкология и палеодемография Евразии.// М.: «ГЕОС». 2000. Стр.295.
2. Атаниязов С. Словарь тюркменских этнонимов. – Ашхабад, «Гылым»,1988, -180с
3. Б.И. Вайнберг, Э.А. Новгородова. Заметки о знаках и тамгах Монголии. // История и культура народов Средней Азии (древность и средние века). М.: 1976**.**
4. https://ky.wikipedia.org/
5. С.М.Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б.: 1999.
6. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв.№167
7. ТАИ инв. №201
8. Мокеев Анварбек. //Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане. – Бишкек: КТУМ, 2010.
9. Асанов Т.И.// Этнополитическая структура кыргызов в XV-XVI вв.// Диалог цивилизаций на великом шелковом пути. Материалы Международной научной конференции / Бишкек, 26-27 сентября 2001 года. Б., 2002. С.-32-37
10. О.Каратаев, С.Эралиевдин «Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк» Бишкек. "Бийиктик"-2005-ж.

***Бекташева Б.А.,** доцент*
*МНУ имени К.Ш.Токтомаматов*
***Авазова Э.А.,** доцент*
*МНУ имени К.Ш.Токтомаматов*

# ГРАММАТИКА ТЕКСТА И ГРАММАТИКА ПРЕДЛОЖЕНИЯ

**Аннотация**

В статье будут рассмотрены основные концепции и термины, связанные с грамматикой текста и грамматикой предложения. Будут представлены примеры правил и структур, используемых в этих областях, а также приведены исследования и работы, в которых применяются грамматические анализы для анализа текстов и развития языковых моделей. Изучение грамматики текста и грамматики предложения является важным шагом для понимания языка и его использования в письменной и устной коммуникации.

**Ключевые слова:** грамматика, предложения, артикль, речевая деятельность, когерентность, лингвистика.

# TEXT GRAMMAR AND SENTENCE GRAMMAR

**Abstract**

The article will discuss the basic concepts and terms related to text grammar and sentence grammar. Examples of the rules and structures used in these areas will be presented, as well as research and work that uses grammatical analyzes to analyze texts and develop language models. Studying text grammar and sentence grammar is an important step in understanding language and its use in written and oral communication.

**Keywords**: grammar, sentences, article, speech activity, coherence, linguistics.

«Грамматика текста» и “грамматика предложения” понимаемые обычно как синонимы коммуникативной и системной грамматики хотя их и можно рассматривать как оппозицию, следуют в виду, что члены ее не взаимоисключают, а взаимодополняют и обусловливают существование друг друга. Без грамматики текста, сама грамматика текста опирается на грамматику предложения.

Термин «грамматика предложения» мотивирован тем, что при рассмотрении языка как систему, высшей единицей считается предложения, так что выстраивается восходящий ряд системных единиц: морфема слова (слово форма) словосочетания предложения.

Все грамматические явление изучаются максимальной рамке предложения с учетом в отдельных случаях контекста большего, чем предложение.

Грамматика текста как составная часть лингвистики текста развивалось по двум направлениям, которые вслед за Г.Сельбигом (ГДР) можно назвать внутренним и внешним. Внутренним импульсом послужила необходимость при осмыслении ряда грамматических явлений (употребляется артикля, порядка слов, временных форм, местоимений) выйти за пределы предложения, но не последовательна и не получало теоритического обоснования.

Внешним импульсом для развития грамматики текста послужило переориентация лингвистической теории, согласно которой центр внимания выдвинулся язык как речевая деятельности людей, подчиняющегося общим закономерностей сознательной, целенаправленной деятельности. Специфика речевой деятельности в том, что она носит коммуникативно- прагматический характер и что продуктом ее является текст (коммуникативный). Отсюда название коммуникативная или коммуникативно-функциональная лингвистика.

В теории текста предложение изучается прежде всего в отношении своих связей с другими предложениями, как часть целого, как компонент, “клеточка” текста. Так, наряду с системными единицами выстраивается цепочка коммуникативных единиц: текст ← союз систем (СФЕ) текс тема. Регрессивное направление указывает на то, что исходной единицей в речевой деятельности выступает текст.

Обращение к тексту как к продукту коммуникативной речевой деятельности и выявление новых коммуникативных единицу обогатило грамматику и сделало ее более «сильной», чем грамматика предложения. Прежде всего, расширять поля наблюдения, что дало возможность выявить новое свойства грамматических форм и структур, которые оставались скрыты в границах предложения; кроме того, обнаружились новые категории, возникшие из

интеграции предложений. Продемонстрируем возможности грамматики текста на ряде конкретных примеров. Первая линия развития - выявление новых свойств традиционных грамматических категорий.

Развития грамматики текста выявление новых, чисто текстовых категорий – может быть продемонстрирован на двух примерах: категории временной перспективы текста категории когерентности. И.Р. Гальперин впервые пытался перечислить и описать специфические текстовые категории грамматики. В книге «Текст как объект лингвистического исследования» названы следующие категории текста: информационность, континуум отрезков текста, ретроспекция и завершенность. Интересно сопоставление временных сеток разных типов текста, например, газетного репортажа и лирического стихотворения. Их различные очевидно; несомненно также, что при восприятие временной информации газетного текста требуется большая опора на знание мира, связь с предшествующими текстами того же типа (между текстами связь).

Когерентность – это текстовая грамматическая категория, назначение которой обеспечивать смысловую организацию текста. Как все текстовые категории, она располагает разно уровневыми средствам; специальными средствами связи (союзами, союзными словами, местоимениями и местоименными словами типа теперь, здесь) порядком следования текстом-предложений, синтаксическим параллелизмом, особым сочетанием временных, модальных, залоговых форм. К грамматику присоединяется лексика, которая с помощью повторов слова на протяжении всего текста или его части, синонимических замен, антонимом (жизнь-смерть), контрастов, тематических групп и других способов цементирует текста, а также просодия, объединяющая текста в единое целое. Важную роль играет словообразования, так как повторение одинаковых словообразовательных элементов (основ, префиксов, суффиксов) у двух и более слов, словосложение сдвиги, сращения, аббревиатуры в тексте или скрепление и передачи единого содержания.

В устной разговорной речи связность текста обеспечивается кроме языковых средств жестами, мимикой, конкретной ситуацией общения, что часто делает излишним формальное выражение когерентности. Существует множество обстоятельств психологического характера (настроение, характер) которые влияют на выбор языковых средств при организации текста как продукта речевой деятельности. Так возникло понятие прагматических парафраз или прагматических синонимов для образования разных вариантов высказывания.

У каждого типа предложения есть своя основное назначение: сообщить информацию, запросить не достающую информацию, побудить и какому- либо действию. Если для коммуникативной цели используется непосредственно соответствующий ему типа предложения, то такое высказанные чаще всего является прямым. «Сколько вам лет?» - прямое высказывание если цель его – получить ответ о возрасте адресата. Но если тип предложения используется не по – своему прямом назначению, а приобретает иную коммуникативную направленность и переносятся сферу другого типа, то высказывание становится косвенным. Возможно, например, ситуация, когда предложения «Сколько вам лет?» произносится как упрек её значением «Вы взрослый человек, а ведете себя, как ребёнок». Цель высказывания – не получит информацию, а выразить свое неодобрительное отношение. Но сделать это косвенно, завуалированно. Многие исследователи различают значение (семантику) и смысл. В прямом высказывании они совпадают, в косвенном не совпадает.

Подытоживая сказанное и осуществляя когерентность самых отмеченных фрагментов текста– заглавия и заключения. Можно перечислить следующие «сильные» стороны грамматика текста:

а) грамматика текста обладает большой объяснительной силой, чем грамматика предложения, так как она позволяет раскрыть новые свойства и функции уже известных грамматических категорий:

б) в тексте обнаруживается специфические текстовые категории реальности.

## Литература

1. English Grammar in Raymond Murphy. 2012 г.
2. Все правила английского языка С. Матвесь 2015 г.
3. Грамматика английского языка В. Каушанская 2008 г.
4. Практическая грамматика английского языка К.Н. качалова 2003 г.
5. Practical English Grammar A.J.Torhomson, A.V.Martinet 2011 г.
6. Grammar for  English Language M. Parrott 2010 г.

***Кулушова М.К.,*** *окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагыЭАУ*
***Атабабева А.Б.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагыЭАУ*
***Жумабаева Г.И.****, окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагыЭАУ*
***Мамбеталиева Г.М.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагыЭАУ*

# УЛУУ БААТЫР БАЯНЫ БОЛГОН “МАНАС” ЭПОСУНУН ИЗИЛДЕНИШИ

**Аннотация**

Байыркы замандарда өз жазуусу болуп, бирок мезгилдин өтүшү менен не бир ырайымсыз чапкындардын кесепетинен ошо жазмасын жоготуп, кийин бүт санжырасы оозеки айтылып калган элдеги баатырдык ырлардын, дастандардын, эпостордун бардыгы тең ошол санжырадан алынып, улуу баатырлардын эрдиги ырга салынып, элге кайра санжыра иретинде айтылган. Эл ичинен чыккан сөзмөрлөр ар дайым чындыкты, тарыхта болгон баатырларды жана окуяларды ырдашкан. Алар ошонусу менен улуу жана кымбат эле! Элдик оозеки дастандардагы мындай үлгүлүү салт тээ “Манас”, “Семетей”, “Сейтектерден” бери келе жаткан түбү түптүү (тарыхка негизделген) өрнөктүү салт! Кырыгз эпосторундагы эң башкы каармандардын баары тең нукура тарыхтан алынган тарыхый адамдар. Ошон үчүн В.Радлов, В. Жирмунский өңдүү дүйнөлүк маштабдагы ири окумуштулар “Кыргыз эпостору реалдуу турмушка өтө жакын турат” деп жазышкан.

**Ачкыч сөздөр:** Байыркы, жазуучу, дастан, салт, тарых, эпос, каарман.

# ИССЛЕДОВАНИЕ ЭПОСА “МАНАС”, ИСТОРИИ ВЕЛИКОГО БАТЫРА

**Аннотация**

Все богатырские песни, саги и былины народа, имевшие в древности свою письменность, но с течением времени утерявшие эту письменность из-за каких-то жестоких посягательств, а позднее вся генеалогия рассказывалась устно. Они всегда воспевали правду, героев и события истории. Они были такими большими и дорогими! Такая образцовая традиция в народных сказках - это традиция укоренившаяся (исторически) из "Манаса", "Семетея", "Сейтека"! Все главные герои кыргызских эпосов - исторические люди, взятые из реальной истории. Поэтому ученые мирового уровня, такие как В. Радлов, В.Жирмунский писали, что «кыргызские былины очень близки к реальной жизни».

**Ключевые слова:** Древний, писатель, сага, традиция, история, эпос, персонаж.

# THE STUDY OF THE EPIC MANAS, THE HISTORY OF THE GREAT BATYR

**Annotation**

All the heroic songs, sagas, and epics of the people, which had their own writing in ancient times, but with the passage of time lost that writing due to some cruel attacks, and later the entire genealogy was told orally. They always sang the truth, the heroes and events of history. They were so great and expensive! Such an exemplary tradition in folk tales is a deep-rooted tradition (based on history) from "Manas", "Semetey", "Seitek"! All the main characters in the Kyrgyz epics are historical people taken from real history. World-class scientists such as that's why Radlov V., Zhirmunsky V. wrote, that "Kyrgyz epics are very close to real life."

**Key words:** Ancient, writer, saga, tradition, history, epic, character.

Улуу баатыр баяны болгон Манас баатыр жөнүндөгү “Манас” эпосунун улуу эпос болуп калыптанышы боюнча ири окумуштуулардан баштап, жаңыдан илим дүйнөсүнө аралашкан жаштарга чейин эпостун чыгышына байланыштуу өз оюн айтууга аракет кылуу барган сайын жандана баштаган. Эпостун чыгышы чет элдик окумуштуулардын да көңүлүн өзгөчө бурган. Андай окумуштуулар адистиги боюнча ар түрдүү келип, бири фольклорист менен тилчи болсо, экинчиси тарыхчы-археолог менен жазуучулар. Адистиги ар кыл болгонуна байланыштуу ой-пикирлер да ар башка.

“Манас” эпосунун чыгыш доору жөнүндөгү маселени биринчи козгогон Ч.Валиханов болгон. Туңгуч жыйноочу жана изилдөөчү катары Валиханов “Манас” эпосун Ногой ордосу мезгилинде XIV-XV кылымдарда чыккан деп эсептеген. Мындай ойго келишине төмөндөгүлөр түрткү берген өңдөнөт. Биринчиден, Едиге, Көкчө, Кошой, Жамгырчы, Агыш,

Токтомуш, Каныкей сыяктуу каармандарды окумуштуулар тарыхый адамдар катары карап, аларды “Манас” эпосу куду турмушта болуп өткөндөй чагылдырган деп кабылдоодон улам дал ошондой пикирдин жаралышына алып келген. Экинчиден, тарыхый адамдар катары эсептелингендердин айрымдарынын аттары менен казактарда “Эр Көкчө”, “Эр Кошой”, “Тел Агыш” өңдүү эпостору да айтылат. Аталган эпосторду Ч.Валиханов Ногой ордосу менен байланыштырып, ошол мезгилде жаралган элдик чыгармалар катарында тааныган. Сагымбайдын вариантында Манастын чоң атасы Ногой деген ат менен аталат. “Ногойдон Манас, Нойгуттан Чубак”, “аргын кыргыз, көп ногой, конуп жаткан кезинде” делип эпосто уруунун аты түрүндө айтылат.

“Манас” эпосунун чыгышын атайы белсенип изилдеген казак академиги Мухтар Оморхан уулу Ауэзов да өзүнүн “Манас”-кыргыздын баатырдык эпосу” деген эмгегинде эпопеянын чыгышын өзүнчө изилдеген. Ауэзовдун аталган эмгегинде академик В.В.Бартольддун аныктамасы боюнча “Кыргыздардын улуу мамлекети” аталган мезгилдердеги, 840-жылы кыргыздардын уйгурлар менен болгон согушун - бул “Манастын” негизги окуясы ошол эле чоң казат эпостун алгачкы ядросу болушу мүмкүн деп жазган. Эпостогу кытайлардын борбору Бээжин бул ошол доордогу уйгурлардын эле шаары Бей-Тин деп эсептеп, баатыр Манастын жетекчилиги менен ошол согушта кыргыздар аны басып алгандыгын көрсөткөн. Изилдөө Сагымбайдын вариантына негизделип жазылган. Андан тышкары “XX кылымдын тирүү “Гомери” деп Ауэзов өзү атаган Саякбай менен Молдобасан өңдүү жомокчулардын “Манас” айтканын көрүп уккан. Эл аралап кыргыздын турмушунда, маданиятында “Манас” эпосунун алган ордун жашаш тарыхын сурамжылап, аларды аябай мыкты билген “тирүү энциклопедия” деп таанылган Ыбырайым сыяктуу санжырачылар менен да кеңири сырдашып баарлашкан.

Байыркы көчмөндөрдүн эски салтында кол башчылар, баатырлар каза болуп калганда, сөөгү менен кошо сырдуу жазууларды калтырып буюмдарын кошо көмүшкөн. Бул көрүнүш “Манас” эпосунда да бекем сакталганы бизге маалым. Сөзүбүз кургак болуп калбашы үчүн Манас баатырдын сөөгүнүн жашырылышына токтололу. Эр жүрөк чоролорунун баарынан айрылган чоң казатта Манас өзү да оор жарадар болуп, Таласка жетип дүйнөдөн өтөт. Теңдешсиз баатырынан айрылган кырыгыз эли анын сөөгүн ички-тышкы кас душмандардын кандуу колунан, суук көзүнөн сырткары аман сактап калыш үчүн баатырдын асыл жары, акыл шериги Каныкей менен акылман Бакай кары баш болуп Манас коюлчу жайга адам түспөлүндөгү кеп жыгачты көмүшүп, ал эми алтын табытка салынган Манас баатырдын сөөгү жашыруун көмүлгөн. Бул элдик уламышты чынга чыгарган изилдөөчүлөрдүн далилдөөсүнө караганда Тянь-Шань тоосунда Манастын үңкүрү деген үңкүр бар. Анын ичи атчан аскерлердин кошууну кеңири бата тургандай. Элдин уламышы боюнча кас-душман күчөп, бороон-чапкын менен нөшөрлүү жамгырда Манас өзү жана кырк чоросу алмаштырып минчү сайкүлүк тулпарлар дал ошол үңкүргө катылган деп айтылат. “Манас үңкүрү” кыргыздар үчүн кастарлуу жай болуп калган. Мындан башка да Манастын атына байланыштуу тоо чокулары, жер аттары учурап, окумуштуу- изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун арттырып келет.

“Манас” изилдөөчүлөрүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында баамдалган божомолдор боюнча “Манасты” туташ калыбында бир эле киши чыгарган эмес. Ал сандаган кылымдар бою, сандаган муун жомокчулардын катышуусу менен өөрчүп-өнүгүп турган. Алгач булактан куралып, анан деңизге айланган “Манас” эпосунун жаралышына 1100 жыл болгон деген божомолду да М.Ауэзов айтат. Ошондой эле ал манасчы Сагымбай чоң таланттуу акын, өз убагында сабаттуу адам катары кыргыз жергесине кеңири таркаган ар кыл китеп, кол жазмаларды, айрыкча ислам динин тараткандарды ары үзбөй, ары калтырбай берилип көп окугандыгын таанып билип, “Манас” өңдүү байыркы маданий мурастарды түзгөн жана сактап келген элдин кадимки тарыхы деп эсептегендигин түшүнгөн. Буга Сагымбайдын эпосто “Башкы тарых шааа нама” (“Шах-Наме”) деп персилердин байыркы маданий мурасын башкы тарых катары кабылдаганы кирет. Ошондой эле “Манас” эпосундагы окуяларды, көрүнүштөрдү, каармандарды, жер-суу аттарын да кадимки тарыхта болгондой баамдагандыгын, аларды дал ошондой көз караштта берилгендик менен ырдап, өзгөчө ынтаа менен чечмелегенин баалайт.

М.Ауэзов бардык кыргыз манасчыларынын эске тутуу жөндөмдүүлүгүнө таңданса, “Манас” эпосуна биринчилерден болуп көңүл бурган эр жүрөк окумуштуу-саякатчы Ч.Валиханов “Манас” эпосунун улуулугуна көзү жетип, бир олтурганда Манастын бир эле бөлүмүн жазып алуу да мүмкүн эместигин мойнуна алат. Ал байыркы дастандын башталышы “Көкөтөйдүн ашынын” мыкты бир бөлүгүн кагазга түшүргөнү бизге маалым.

М.Ауэзов “Манасты” далай уккан, кыргыздын куйма кулак карыяларынын иликтеп сурап, айтылуу Келдибек манасчы тууралуу эл ичинде кеңири тараган уламыштарга бөтөнчө ыклас койгон. Келдибек “Манас” айтканда боз үй солкулдап, айлана-тегерек дымырап уюп калчу экен. Күн алай-дүлөй бороон болуп, айыл ичин табышмактуу кол каптап, ат туягынан кара жер солкулдайт экен дешет. Бул да Манастын арбагы ырчыны колдойт экен деген белгини туюнтат. Жамакчылардын ким-кимиси болсо да түштөрүндө Манасты көрөт, аян берет, мен жөнүндө ырда деп буйрук айтат дегенге муюшкан. (М.Ауэзов Чыгармалар, II том, 1964, 105-бет). Адам ой-кыялынын күрдөөлдүү учурунда калыптанып, таасирдүү күчкө ээ болгон кайып кудуретин кыргыз эли баатырдык эпостун каарманы- Манас баатырга оштуруп, анын аян берип, ыр даарытышына ишенген ырчылар түштөрүндө Манастын өзүн эле эмес, кырк чоросу менен чогуу көрүшкөн.

Эпостун кагаз бетине түшүп сакталып калышын жана маданий казынабыздан орун алып, экинчи өмүр сүрүшүн камсыз кылууда зор эмгек сиңирген адамдардын бири – Ыбырайым Абдрахманов.1922-жылы Түркстан илим комиссиясынын тапшыруусу боюнча “Манас” эпосун жазып алуу иши колго алынган эле. Ушул жылдан тартып Ыбырайым Абдырахманов бул коомдук-саясий мааниге ээ болгон ишке биринчилерден болуп белсенип киришип, белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаков уулунун “Манасын” жаза баштайт жана өмүрүнүн акырына чейин бул багытта талыкпай эмгектенет.

Чынында Ыбырайым адегенде “Манас” эпосун жыйноонун маанисине жеткире түшүнө бербегендиктен, аны жазып алууга анча көңүлдөнбөйт. Сагымбай Орозбак уулунун “Манасын” жазуу үчүн чакырганына атайылап келбей да коёт. Эпосту жазып алуунун коомдук-саясий маанисин түшүнгөндөн кийин макул болуп ишке киришет. Манас жыйноочу С.Сооронбаев: “Ыбырайымдын бир артыкчылыгы – ал арабча абдан тез жазган адам экен. Кол жазмасы да абдан сулуу. “Манасты” Сагымбай эч качан жазып алууга ылайыктап айтып көнүкпөгөндүктөн, биз анын айтып бергенин жазып жетише албай койдук. Жалгыз Ыбырайым молдо гана анын айтканына жетишип, жазууга үлгүрүп жатты. Ыбырайымдын бул жөндөмдүүлүгү бизди таң калтырды,”-деп эскерет (“Ала-Тоо”, 1967, №11,152-бет).

Улуу эпосту жазуу иши ушундайча башталып, ага кеткен төрт-беш жыл ичинде Ы.Абдырахманов менен С.Орозбак уулу эл менен бирге көчүп, бир айылдан экинчи айылга өтүп, ал гана эмес бүтүндөй бир өрөөндөгү элди кыдырып, жер которуп жазууга туура келген. Бир жайдын ичинде 29000 саптан турган биринчи жана экинчи томду жазып алууга үлгүргөн. Бул эки томду жана кийинки жазылган үчүнчү томду Сагымбай зор чыгармачылык эргүү менен эч кыйналбастан көнүлдөнүп айтып берген. Ыбырайымдын М.Ауэзовго берген маалыматына караганда “Манастын балалык чагы”, “Каныкейге үйлөнүшү”. “Алтайдагы окуялар”, “Алмамбет менен Кошойдун жомоктору”, сыяктуу эпизоддор жакшы жазылган. Бирок “Манасты” жазып алуу иши учурунда илим комиссиясы менен анын айрым өкүлдөрү башталган ишти акырындык менен унуткарып, манасчы менен жыйноочуга эч кандай көңүл бурулбай калып кеткендиктен, бара-бара манасчыда дагы чыгармачылык эргүү бошоңдоп, кызуу киришкен иштин илеби кайтат. Жазуу иши бат-бат үзгүлтүккө учурай баштайт. Иштин мындай абалына тынчсызданган Ы.Абдырахманов бир нече ирет борборго кайрылат. Бирок анадан эч натыйжа чыкпайт. Жыйноочу менен манасчыга карата болгон мындай мамиле алардын чыгармачылык демин суутуп, көңүлдөрүн иренжиткен.

Манасчы да жыйноочу да бул ишке баш оту менен кирип иштеп, болгон күч-аракетин, билимин жумшап төрт жыл бою эл үчүн чындап эмгектеништи. Турмуш-тиричилик жактан кыйналган оор шарттарга карабастан, манасчыга тирек, демөөр болуп өзгөчө кайрат, аракет аркасында Ы.Абдырахманов Сагымбай манасчыдан 1888666 саптан турган “Манас” бөлүгүн

жазып үлгүрүп, эпостун эң сонун вариантын алып калды. Улуу манасчы өздөрүнүн эмгегин туура баамдап:

Көркөм сөздөр чыгыптыр
Акындардын сөзүнөн.
Жазган молдо Ыбырай
Жаш акты эки көзүнөн.
Айткан акын Сагымбай
Адашты акыл-эсинен.
Өзгөчө кылдык эмгекти
Көпчүлүктүн ишинен – деп жаздырган экен.

Дагы бир көрүнүктүү Кызылсуулук кыргыздардан (Чыгыш Түркстан) чыккан таланттуу манасчы Жусуп Мамайдын айтуусу менен дастандын дагы бир варианты түзүлүп, андагы кырк санынын өзгөчөлүгүнө токтолгубуз келет. "Манас" эпосунда Манас баатыр аркылуу туюнтулган кырк саны кыргыз элинин байыркы турмуш-салтынан бекем орун алып, эл байлыгынын уюткусу болгонун ал айткан нускадан окуп, жогорку ойдун төркүнүн туябыз:

Жылдан жылга, жыл өтүп,
Жылчы кылдым, күн өтөп,
Эли кетти көбөйүп
Ар кайдан келип олтуруп,
Суудай бирге кошулуп.
Кийинирээк өнөктө
Кырк уруу болуп бөлүндү
Хан Мамай кырк жыл хан болду
Эне сайга башка элден
Каш кайтарган булбулу
Кырк жылга чейин бузулбай
Жыргай жалпы ойноду.
("Манас", I том, "Шинжаң эл басмасы", 1984, 109-бет)

Балким, касиеттүү кырк санын пайда болушу андан да мурдараак учурга туура келээр. Жоокерчилик заманда өз боюна ишенип, алыс жолго аттанган жолоочу төлгөчүгө "Кырк бир кумалак " менен көрөр күнүн алдын- ала билиш үчүн төлгө тарттырып, мурдатан жыйнап, кийиз торбого салып койгон кырк каржиликти куржунга салдырып, канжыгасына байлатып, сапарга чыккан баатырлар тууралуу айтылчу байыркы уламышта алиги жортуулга жалгыз чыккан баатырды соңунан тооруп, олжоломок болгон кашкөй каракчыларга анын артынан кырк сарбаз баатыр коргоп бараткандай көрүнүп, каракчылар алардын сырткы айбатынан сестенишип, жалгыз баатырга батынып бара алышпаган дешет. Көчмөн элдердин көбүнө таандык бул уламыш кыргыз элинде да байыртадан бери айтылса керек. Ушундай мифтик жомок-уламыштар менен ашташып турган көчмөндөрдүн байыркы ишеними "Манас" эпосуна да кирип, өзүнчө жалпыланып, эбегейсиз эпостун каарманы Манас баатыр аркылуу көрүнөт. Баатыр өлсө да өлбөс өмүргө ээ анын руху бири-биринен окчун турган кыргыз элин кырк чоросу менен чогуу аралап, "Манасты" айтчу акындарга аян берип, ыр даарытчу күчкө айлаган. Бар ыкласын ага буруууга мажбурлаган. Ырчы ысмынын уламыш даңазага айланышы да ушудандыр.

Океандай терең, ааламдай кенен "Манас" дүйнөсүн айтып түгөтүү мүмкүн эмес. Бүгүнкү күндөгү манасчы Тилек Асановдун: "Манасты" айтып бүтүрөм дегендин өзү жанагы океандын жээгине келип, кумурсканын сууну түгөтө ичем дегениндей эле кеп" деген өзгөчө сөзү бар. Улуу баянды муундан-муунга сактап келе жаткан – манасчылар. Азыркы илим-билим өнүккөн мезгилде байыркы баян жаңырып, оозеки таризин жоготпой келе жатат. Ошону менен бирге мезгил агып, улуу дастаныбызды манасчылардын жаңы муундары аркалап келе жатышат. Заманбап манасчылардын көкүрөгүндө жашаган, кайыптар дүйнөсүнөн келип, эл ичине тараган улуу дастандын улуу баатыр баяны угармандардын купулуна толуп, кыргыз элинин руханий дүйнөсүн байытууга жана өркүндөтүүгө өз салымын кошуп келет жана кошо бермекчи деп ишенебиз.

## Колдонулган адабияттар

1. А.Жакыпбеков. "Теңири Манас" Б. "Кыргызстан" 1995-ж.
2. Б.Исаков "Манас" эпосун окутуу Ф.1989-ж.
3. "Манас" жана манасчылар, 2-китеп, А.Акматалиев. Б. 2004-ж.
4. Манас энциклопедиясы (I том) 1995-ж.
5. Ч.Айтматов "Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу "Манас" Ф.1984-ж.
6. Кубат Ибраимов ("Манастын жыйноочусу" 126-б.) "Ала-Тоо" журналы, №10, 1987-ж.
7. Орозбек Айтымбетов ( "Улуу баатыр баяны" 131-бет) "Ала-Тоо" журналы, №4, 1990-ж.
8. К.Жунушев ("Улуу манасчы Сагымбай" 83-бет) "Ала-Тоо" журналы, №7, 1990-ж.

***Амиракулов У.Б.** доцент*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Алиев И.Т.**, доцент*
***Салаев А.Ж.**, доцент*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

# ДЕНЕ ТАРБИЯНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА АНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

**Аннотация**

Бул макалада дене тарбиянын абалы жана өнүгүүсү талдалган. Бир топ көйгөйлөр белгиленген жана аларды чечүү үчүн натыйжалуу жолдору аныкталган. Ошондой эле бул тармактын процессин жакшыртуу боюнча сунуштар берилген.

**Ачкыч сөздөр:** дене тарбия, көйгөй, өсүү, өнүгүү, ден соолукту сактоо, кыймыл аракет, жогорку окуу жай, жалпы билим берүү мектеби.

Актуалдуулугу: Бул макаланын актуалдуулугу азыркы мезгилде студент жаштардын иштелип жаткан дене тарбия системасы студенттердин ден соолугунун начарлашы боюнча көйгөйлөрүн чече албай келейткены менен шартталат. Студент жаштардын дене даярдыгынын жана ден соолугунун начарлашы мамлекеттик маанилүү көйгөйү болуп эсептелет.

Бул изилдөөнүн максаты студенттердин ден соолугуна жагымсыз болгон таасиринин факторлорун ачып чыгуу жана алар менен күрөшүү усулдарын аныктоо болуп саналат.

Билим – бул мамлекеттик, улуттун келечегин, тагдырын чечүүчү маселе. Ошондой эле коомдун күзгүсү болуп эсептелет. Азыркы мезгилде жогорку билим берүү тармакта реформаларды өткөрүү зарыл жана бул багытта бир нече иш чаралар өткөрүлүп жатат.

Терең билимдерди алуу үчүн дене тарбиянын жана спорттун таасири өтө чоң.

Азыркы илимдин жана техниканын өсүүсү жана өнүгүүсү заманбап адамдардын сергек жашоо образын өзгөртүшкөн. Өндүрүштү автоматаштыруу менен. Жашоонун шарттарын жакшыртуу менен, теле берүүнүн жана радио каражаттарынан маалыматтардын көп келгендигинен улам иште жана үйдө адамдардын кыймыл аракеттерин азайтууга алып келишкен. Жаштардын аз кыймылдуулугунун пайда болушу башталган. Бул алардын бир гана ден соолугуна эмес, бүтүндөй организмдин өсүүсү үчүн да эң коркунучтуу кубулуш болуп калган.

Аз кыймылдуулук дене тарбиянын жаман ишмердүүлүгүнө алып келет. Ошондуктан, мамлекет улуттук генофонддун өсүүсүн оңдоого ушул тармакка өзүнүн көңүлүн биричилерден болуп буруу керек.

Илимдин жана техниканын өсүүсү жана өнүгүүсү дене тарбияга жана спортко жагымсыз таасирин тийгизишкен, ошондой болсо дагы, спорттун бардык түрлөрүн өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлүп жатат.

Изилдөөчү иштин негизги максаты:

-Заманбап дене тарбиянын системасынын теориялык аспектилерин иликтеп чыгуу;

-заманбап дене тарбиянын маңызын жана анын ролун карап чыгуу;

-дене тарбияда болгон актуалдуу көйгөйлөрдү карап чыгуу;

-дене тарбиянын азыркы көйгөйлөрүн чечүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Илимий изилдөөнүн негиздери:

Азыркы мезгилде дене маданият жана спорт облусунда ар тараптуу өзгөрүүлөрдү А.М.Мамытов, М.К.Саралаев, Ф.Х.Анаркулов ж.б. карашкан, алардын пикирлери боюнча келечектеги муундун дене тарбия суроосу ар дайым актуалдуу болуп келген, анткени дене маданияттын жана спорттун өнүгүүсү жөнүндө камкөрүүсү-мамлекеттин социалдык саясаттын түзүүчү маанилүү милдети болуп саналат.

Илимий иштин негизги изилдөө усулдары:

Макаланы жазуу процессинде жазуу усулу, салыштырмалуулук усулу жана нормативдик-укуктук усулу колдонулган. Нормативдик-укуктук усулдун жардамы менен дене маданияттын жана спорттун мыйзамдуулук базасы каралган.

Дене маданият жана спорт системасынын абалын изилдөөдө социологиялык усулу колдонулган, кайсы ушул чөйрөнү башкарууда көйгйлөрдү ачып чыгууга мүмкүндүк берген.

Практикалык мааниси – Изилдөөнүн жүрүшүндө дене маданияттын жана спорттун абалынын көйгөйлөрү иликтенип талдоого алынган. Иштелип чыккан сунуш дене маданияттын жана спорттун абалынын көйгөйлөрүн чечүүдө ишке ашырылышы мүмкүн.

Дене тарбиянын жана спорттун сырларын өздөштүрүүдө дене тарбиянын кызматкерлер гана эмес бул багытта дарыгерлер. Экономистер, психологдор, социологдор, философдор, педагогдор жана башка тармактардын окумуштуулары дагы иштешет.

Азыркы мезгилде балдардын арасында жугуштуу оорулардын азайгандыгы менен бойдун, келбеттин, акыл-эс жана дене өнүгүүсүнүн жакшырышы байкалат. Бирок бул көрсөткүчтөр, биздин жашоонун шарттарынын жакшырышы, билим берүү жана саламаттыкты сактоо органдарынын ийгиликтеринен улам жаралат. Ушундай жетишкендиктер менен ден соолугу начар балдардын саны да өсүп келүүдө.

Кыймыл аракеттердин жетишпедиги балдарды семирүүгө алып келет, аллардын саны көбөюп келе жатат. Биз билебиз, бул көрүнүш балдардын организминин өнүгүүсүнө зыянды алып келет.

Биринчиден, табигый кыймыл активдүүлүккө талаптарды камсыз кылуу керек, экинчиден, сөзсүз түрдө организмди көп тараптуу өнүктүрүү үчүн шарттарды, кыймыл активдүүлүктүн эң ыңгайлуу режимин түзүү.

Азыр биздин көптөгөн балдарыбыз өтө аз кыймылдашат, анткени өздөрүнүн көпчүлүк убактысын компьютердин мониторунун астында өткөрүшөт, уюлдук телефондор да көбөйгөн.

Биз канчалык көп өздөрүбүздүн балдарыбызды дене тарбияга көнүктүрсөк, биз ошончолук көп биздин өлкөбүзгө өзүбүздүн пайдабызды тийгизебиз.

Жаштардын ден соолугун бышыктоодо, алардын ишмердүүлүгүн жана алардын дене сапаттарын тарбиялоодо, ошондой эле аларда дене тарбия жана спорт боюнча машыгууларга кызыгууну жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү зарыл. Дене тарбия жана спорт эң туура жана пайдалуу каражат болуп эсептелет. Ушуну менен катар спорт менен машыгуу жана бышык дене соолук эмгекке жана Мекенди коргоого даяр болуу үчүн шарттарды түзүшөт.

Азыркы мезгилде мектептерде узартылган жана кыймылдуу танапис өткөрүлбөйт. Мектептерде спорттук жабдуулар жана жабдыктар жетишпейт. Алардын камсыздалышы жакшы эмес абалда. Окуу жайлар эптеп-септеп бул абалдан чыгышат жана алардын үмүттөрү бул маселе боюнча чечилишине ишеними жок.

Биздин өлкөбүздүн бардык жарандары жалпы билим берүү мектептерде окушат жана тарбия алышат. Бул жерде алар билимдердин, билгичтердин, көндөмдөрдүн негиздерин, коомдук-саясаттык негиздерди, адеп-ахлактык, эмгектик, дене өнүгүүнүн негизин алышат. Мугалимдер биздин балдарыбызды мектепте, коомдо туура алып жүрүүгө, сергек жашоо образына, өзүнүн бош убактысын туура пайдалуунуга окутуу керек.

Билим берүү системалары. Окутуучулардын жана окуучулардын жамааттары алдын ала жаман адаттардын организмге жана иш жөндөмдүүлүккө терс таасирин тийгизгендиги жөнүндө түшүндүрүү ишти өткөрүүлөрү керек. Бул жерде окутуучулардын өздөрү өлкөнүн өсүп келе жаткан муун үчүн үлгү болуу керек.

Азыркы жаштардын жашоосу жөнүндө чагылдырган теле көрсөтүүлөрдү жана радиоберүүлөрдү уюштуруу, жаштардын жашоосунун көйгөйлөрү жөнүндө макалаларды жарыка чыгаруу, эң мыкты макалага сынактарды жарыя кылуу керек.

Биз билебиз, мектепте жана жогорку окуу жайларында дене тарбияга бөлүнгөн сааттар жетиштүү эмес. Мектепте сааттардын санын 4 саатка чейин көбөйтүү керек, ал эми жогорку

окуу жайларында дене тарбия менен машыгууларды төртүнчү курска чейин өткөрүү. Бул максаттуу болмок.

Жалпы билим берүү мектептерде дене тарбия боюнча теориялык сааттарды сөзсүз киргизүү керек. Анткени, теориялык сааттарда окутуучу тамеки чегүү, албкоголь ичимдиги жана наркотикалык заттарды колдонуу организмге жаман таасирин тийгизгендиги жөнүндө, ошондой эле дене тарбиянын жана спорттун жакшы таасири жөнүндө кеңири жеткире алмак. Биздин арабызда кээ бир окутуучулар бар, кайсылар окуучулар менен болгон маекте дарыгерлерди, ички иштер органдарынын кызматкерлерин чакырышып жана жандуу диологду алар менен өткрүшөөт. Мындай иштерди колдоо гана керек.

Алгоголизм менен тамеки чегүү спорттун өнүгүү көрсөткүчтөрүнө чоң зыянды алып келишет. Дене тарбия окутуучу спортчулар менен болгон маегинде эң мыкты спортчулар алгоголдук ичимдиктерди жана тамекини чегүүнү колдонгондо, окуу-машыгуучу режимди сактабаганда чоң спорттон кеткендиги жөнүндө айтып бериш керек. Дене тарбия жана спорт алгоголизмдин жана тамеки чегүүнүн душманы болушу керек.

Келечектеги окутуучуларды окутууда аларды сөзсүз эртеменки гигиеналык гимнастикасынын жыйнагын түзүү көндөмүнө окутуу зарыл, ошондой эле окуу мезгил эмес убакытта спорт менен машыгууларга көндүрүү. Анткени эгер кыймылдык активдүүлүктү жумасында 12-14 саатка чейин жеткире алсак, анда өлкөнүн дени сак жаштарды тарбиялап алабыз.

Ушундай максатта мектептерде жана окуу жайларда жылында бир жолу дене тарбиянын жана спорттун айлыгын өткөрүү керек, кайсыларда эртеменки гигиеналык гимнастиканын, дарыялоо дене маданиятынын пайдалуулугу жөндө, адамдын организминин түзүлүшү жана аны чыңалуусу жөөнүндө ар түрдүү теориялык темалар чагылдырылышы зарыл.

Профессор Уинслоу өзүнүн «Өмүрдүн жана ден соолуктун баасы» аттуу китебинде мындай жазат: «15 жашка чейинки адамдын өлүмү коом үчүн чоң зыян. Анткени бул мезгилге чейин ал коомдун мүчөсү катары экономикалык кирешени киргизүүгө үлгүрөт, ал эми 65 жашка чейин жашаган адам эки эсе киришени алып келет».

Жаратылыш боюнча адамга 120-150 жылга чейин жашап өтүүгө мүмкүнчүлүк берилген, бирок биз аны туура эмес колдонобуз жана баалайбыз, ден соолугубузга кайдигер карайбыз, анан качан ооруп калганыбызда дарыгерге кайрылабыз. Бул жерде Н.Н.Пироговдун төмөнкү сөздөрүн эскерткибиз келет: (бир фунт эскертүү,  бир фунттан ашык дарылоо).

Ооруп калган адам дарылоо мезгилинде мамлекетке киришени алып келет, ал эми үй бүлөгө чоң зыянды. «Адам ооруйт, дарыланат, бирок эмне үчүн бардыгы оорушат»? – балким, ушундай ойлогондор бар, ушундай суроону берип. Эгерде биздин жарандарда бышык ден соолук болгондо, анда ооругандар аз болмок. Бул эң чоң жетишкендик болмок.

Базар экономикасына өткөнүбүздн улам спорттук клубдар, спорттук коомдар кыскартылган, спорттук жабдууларды жана жабдыктарды сатып алууга акчалай каражаттар бөлүнбөй калган. Кээ бир жогорку жайларда жана мектептерде бул багытта анча деле жакшы эмес.

Заманбап спорттук жабдыктарында (футболдук, волейболдук жана баскетболдук топтор) эң жаман сапат. Эгер алардын тышкы көрүнүшүн эсепке албаганда. Волейболдук, баскетболдук жана футболдук топтордун баасы 800-1500 сомду түзөт жана аларды колдонууда 10 күндө жетпей тытылып. Жыртылып жараксыз болуп калуудa.

Балким, мезгил келгендир биздин жергебизде сапаттуу спорттук жабдууларды жана жабдыктарды өндүрүү.

Биз ойлойбуз, дене тарбиянын жана спорттун келечектеги деңгээлин жогорулатуу үчүн төмөнкү иштерди аткаруу зарыл:

1.Мектептерди жана жогорку окуу жайларды спорттук жабдуулар жана жабдыктар менен камсыздоо боюнча өзгөчө көңүлдү буруу.

2.дене тарбия жана спорт менен машыгуулар жаштардын организмине жакшы таасирин тийгизгендиги жөнүндө кеңири жайылтуу максат менен пропагандалоо ишин өткөрүү.

3.дене тарбиянын жана спорттун алдынкы окутуучу-машыктыруулардын тажрыйбалык ишин жайылтуу.

4.Жогорку окуу жайларында дене тарбия машыгууларын (сабактарын) 4 курсуна чейин узартуу.

5.Мектептин жумушчу программасына дене тарбия сабактарына теориялык сааттарды киргизүү.

6.Мектептерде жана жогорку окуу жайларда жылына бир жолу дене тарбия жана спорт айлыгын жана жумасына бир жолу спорттук иш чараны өткөрүү.

7.Өлкөдө спорттук жабдууларды жана жабдыктарды чыгаруу боюнча өндүрүш – мекемени ачуу.

## Колдонулган адабияттар


1. Платонова Т.В. Физкультурно-оздоровительные технологии в режиме деятельности школы ЗОЖ/ Т.В.Платонова, Л.П.Трофимова // Первый международный научный конгресс «Спорт и здоровье», 9-11 сент. 2003 г. – СПб.: Изд-во «Олимп-СПб». –Т. 1. –б. 277-278.
2. Голов В.А. Особенности исторического развития системы управления в сфере физической культуры и спорта Республики Коми. – www.rusnauka.com/4 SVMN 2007/ П/19175. doc.htm.
3. Крупский А.К. Организация управления физической культурой и спортом в Иркутской области/А.К.Крупский, И.И.Переверзин. А.А.Сахиулин. – М.: Совет спорт, 2003. – 207б.
4. Доклад о результатах и основных направлениях деятельности Министерства по физической культуре, спорту и туризму Челябинской области на 2012 год и период до 2014 года – hup://www.chelsport.ru/htmlpages.
5. Холодов Ж.К. Теория и методика физического воспитания и спорта: учеб. пособие для вузов/Ж.К.Холодов, В.С.Кузнецов. – М.: Академия. 2006. – 480б.
6. Ведение в теорию физической культуры: учеб. пособие для институтов физ. культуры/под ред. Л.П.Матвеева. – М.: ФиС, 1983. – 128 б.
7. Бальсевич В.К. Спортивный вектор физического воспитания в российской школе/ В.К.Бальсевич. – М.: НИЦ «Теория и практика физической культуры и спорта», 2006. – 112 б.
8. Лубышева Л.И. Концепция формирования физической культуры человека/Л.И.Лубышева. – М.: ГЦОЛИФК, 1992. – 123 б.
9. Визитей Н.Н. Физическая культура личности/Н.Н.Визитей. – Кишинев: 1989. – 110 б.
10. Комплексская программа физического воспитания учаүихся 1-11 классов обүеобразовательной школы/ под ред. В.И.Ляха. А.А.Зданович. – М.: Просвеүение. 2007. – 127 б.

***Мадышева Ш.И.,*** *аспирант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Тойгонбаева Н.О.*** *аспирант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Сопубекова А.Ш.*** *аспирант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# САНАРИП БИЗНЕСТЕГИ АЯЛДАР

**Аннотация**

Бул макала болуп жаткан глобалдык өзгөрүүлөр менен бизнести киргизүүдө гендердик теңчиликти чечүүгө багытталган. Эркектер менен катар аялдар да ишти алдыга жылдырууга аракет кылышат. Тегерек столдор, аялдар бизнеси жаатындагы конференциялар түрүндө өткөрүлгөн бизнес форматтары биздин өлкөдө санариптештирүүнү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ушуга байланыштуу биз макалабызда аялдардын бизнесинин прогрессивдүү жагы эркектердики менен канчалык бирдей экендигин чагылдырууну зарыл деп таптык.

**Негизги сөздөр:** ишкер айым, гендердик теңчилик, аялдардын ишкердиги, инновациялык програма, эмгек акы.

# ЖЕНЩИНЫ В ЦИФРОВОМ БИЗНЕСЕ

**Аннотация**

Данная статья напралена пути разрешения гендернего равенства  введения бизнеса, с происходящими глобальными изменениями. На равне с мужчинами, женщины также прикладывают усилие на продвижение дела. Деловые форматы проводимые ввиде круглых столов, конференций в сфере женского бизнеса дают возможность развиваться цифровизации на территории нашей страны. В связи с этим сочли необходимым отразить в нашей статье насколько на равном идет прогрессивная сторона женского бизнеса, совместно с мужским.

**Ключевые слова:** бизнес-вумен, гендерное равенство, женское предпринимательство, инновационная программа, WAGE.

# WOMEN IN DIGITAL BUSINESS

**Annotation**

This article is aimed at resolving gender equality in the introduction of business, with ongoing global changes. Along with men, women also make an effort to advance the cause. Business formats held in the form of round tables, conferences in the field of women's business provide an opportunity to develop digitalization in our country. In this regard, we considered it necessary to reflect in our article how equal the progressive side of women's business is, together with men's.

**Key words**: business woman, gender equality, women's entrepreneurship, innovation program, WAGE.

2021-жылдан тарта Кыргыз Республикасы дүйнөлүк өнүгүүгө активдүү өтө баштады, б.а. санариптештирүү. Санариптештирүү бүгүнкү күндө жашообуздун бардык аспектилерине – экономикалык, саясий жана социалдык жашоого кирип жатат. Бүгүнкү долбоордун демилгечилеринин колдоосу коомдун укуктук жана саясий маданиятын көтөрүүдө бардык кызыкдар тараптардын күч-аракетин жана мүмкүнчүлүктөрүн бириктирүү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

Адамдардын санариптик билимин өркүндөтүүгө, ошондой эле жаратылыш ресурстарына кылдат мамиле жасоого көңүл буруу жарандардын өлкөнүн саясий жана шайлоо системалары тууралуу түшүнүгүн жакшыртат, шайлоо процессине ишенимди жогорулатат жана жарандардын аларга катышуусун жогорулатат. “Санариптик Кыргызстан-2040” улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында өлкөдө калкка жана бизнеске кызмат көрсөтүүгө байланыштуу дээрлик бардыгы “санариптештирилүүдө”. Мамлекеттик программадагы жогоруда аталган долбоорго ылайык, төмөнкү багыттар ишке ашырылууда:

1.жарандар үчүн электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү;

2.балдардын жана жаштардын санариптик сабаттуулугун өнүктүрүү;

3.мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жана маалыматтык системаларды иштеп чыгуучулардын ортосунда атаандаштык үчүн шарттарды түзүү;

4.калктын санариптик кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн жана шарттарын камсыз кылуу үчүн санариптик инфраструктураны өнүктүрүү;

5.республиканын бардык аймактарында мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарга интернетке кирүүнү камсыз кылуу;

6.Жарандардын коопсуздугун камсыздоо, алдыңкы техникалык чечимдерди колдонуу аркылуу маалыматтык технологияларды колдонууда алардын маалыматтарын коргоо («санариптик ишенимди» калыптандыруу).

Өлкөдө санариптештирүүнүн киргизилиши менен ишкерлердин саны өсүүдө. Аялдар үйдөгү өндүрүшүн баштап келе жатышат, бул процесс интернет булактарынын аркасында жайыла баштады. Бул аймакты социалдык ишкердик деп атамакпыз.

Ишкер аялдар салттуу офлайн бизнести (кызмат көрсөтүүлөр, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык кызматтар) гана карап отурбастан, өзүн-өзү өнүктүрүү доорунда санариптик тармактарды да изилдеши керек. Белгилей кетсек, финтех, medtech, edutech, азыр Борбор Азияда өнүгүп жатат, булар аялдар өздөрүн жакшы ишке ашыра ала турган тармактар.

Белгилей кетсек, Кыргызстанда аялдардын чоң пайызы социалдык ишкердик менен алектенет. Социалдык ишкердикте аялдардын саны көбүрөөк, балким, бул социалдык чөйрөгө тиешелүү жана аялдар бул көйгөйлөрдү тымызын сезишет же жеке аларга тиешелүү. Бирок бул көптөр жаңылыш ойлогондой, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга гана тиешелүү маселелер эмес. Чынында, бул маселелердин кеңири спектрин камтыйт, алар экология, билим берүү ж.б. Өз бизнесин ишке ашыра алган айымдар ар бир мүнөт сайын үйрөнүүгө даяр, аялдардын ишкердигин илгерилетүү менен алектенишет. Ушуга байланыштуу биз чындыгында санариптик технологияларсыз боло албайбыз жана оффлайн бизнес онлайн режимине өтүшү керек».

Аялдар үчүн санариптик көндүмдөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле баалуу таланттарды, экономикалык жана социалдык потенциалды жоготпоо үчүн эмгек рыногуна кайра кирүүгө жардам берүү үчүн көмөктөшүү зарыл.

Санариптик бизнесте аялдардын IT-ишкердигин колдоо, аялдардын каржылык инклюзиясын жогорулатуу үчүн санариптик көндүмдөрдү үйрөтүү жана санариптик экономикада алардын жөндөмдүүлүктөрүнө жана жөндөмдүүлүктөрүнө болгон ишенимин өнүктүрүү үчүн чакан жана орто ишканалардын санариптик трансформациясы маанилүү.

Ошол эле учурда Борбор Азия өлкөлөрүндө аялдардын ишкердигин өнүктүрүүгө тоскоол болгон жалпы көйгөйлөр бар. Ошентип, «Борбордук Азиядагы аялдардын ишкердигинин күн тартиби» WAGE аймактык программасынын алкагында бир нече тоскоолдуктар аныкталды, гендердик тоскоолдуктардын арасында аялдар үй-бүлөгө жана күнүмдүк жашоого катуу берилген кээ бир региондордо патриархалдык коомдун күчтүү таасири белгиленди. Жашы өтүп, бизнес башташат, анан кантип жылдар бою үй-бүлөсүнүн колдоосуна ээ боло алышпайт.

Аялдар үй-бүлөлүк бюджетти жана мүлктү башкаруу, жеке бизнесин өнүктүрүү жана эмгекке болгон укуктары чектелген үй-бүлөлөрдө да экономикалык жана психологиялык зомбулукка кабылышат. Аялдар үй-бүлө тарабынан жетишсиз колдоо көрсөтүшүүдө, декреттик өргүү менен бизнести айкалыштырууда кыйынчылыктар, үй-тиричилик жана балдарды тарбиялоодо эки эсе түйшүк, ошондой эле толук эмес үй-бүлөлөрдөгү балдарды тарбиялоо жана багуу менен байланышкан оорчулуктар бар. ата-энесинин ажырашуусу, эреже катары, энеси менен калат.

«Бизнеске мамлекеттик колдоо көрсөтүү программалары жөнүндө бардык маалыматты чагылдыра ала турган бирдиктүү онлайн бизнес платформасынын жоктугу, финансылык ресурстарга жетүүнүн кыйынчылыгы, мекенибизде практикада колдонулуучу сапаттуу бизнести окутуунун жоктугу, гендердик тоскоолдуктар жана башка көптөгөн нерселер толук катышууга тоскоолдук жаратат. бизнестеги аялдардын, Эл аралык жеке ишкердик борборунун (CIPE) өкүлү.

Ошондой эле ар кандай деңгээлдеги башкарууда жана ишканаларда жетекчилик кызматтарда аялдардын өкүлчүлүгүнө тоскоолдуктар бар.

Коалиция аялдардын ишкердигин өнүктүрүүдө жогорудагы тоскоолдуктарды азайтуу жана максаттарга жетүү үчүн бириккен.

Аялдар үчүн санариптик технологиялардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет жана эмгек рыногундагы позициясын жакшыртат, ошону менен бирге жумушсуздук коркунучун жаратат (аялдардын жумушу автоматташтыруу коркунучунда көбүрөөк – 70%).

Эл аралык эксперттердин баамында, эгер дүйнө жүзү боюнча 600 миллион көбүрөөк аялдар жана кыздар онлайн кызматтарга кире алса, бул ИДПнын 18 миллиард АКШ долларына өсүшүнө алып келиши мүмкүн.

Кыргызстандын өнүгүшү үчүн ата-бабалардын тарыхын билген, улуттук үй-бүлөлүк каада-салттарды жана нарк-насилдерди ыйык туткан, башка улуттун, башка диндин өкүлдөрүнүн укуктарын урматтаган, ар башка тилдерди билген, билимдүү, рухий жактан өнүккөн кыргыз жаранын калыптандыруу маанилүү. жана санариптик компетенттүүлүккө ээ. Бул жагынан алганда, жеке сектор мамлекетке караганда санариптик экономикага карай ылдамыраак бара жатканы анык. Бизнес көбүрөөк креативдүү, азыраак "бюрократиялык" жана, акыры, инновациядан акча табат. Ошондуктан, карапайым жарандар бүгүнкү күндө онлайн базарлардан азык-түлүк жана каалаган продукцияны коопсуз сатып ала алышат, мобилдик тиркеме аркылуу таксиге заказ кыла алышат, бир катар кызматтарды, анын ичинде коммуналдык кызматтарды электрондук карта же мобилдик капчык аркылуу төлөй алышат. Жана бул тизме күн сайын кеңейүүдө. Бирок бизнес дагы деле мамлекеттин катышуусусуз иштей албайт. Түзүлгөн борборлор окуу-тарбия иштерине кыргыз элинин баалуулуктары менен каада-салттарын, өлкөнүн тарыхын системалуу түрдө киргизип, үйрөтүп турат.

Биз үй-бүлөнүн муктаждыктарын аныктоого багытталган мамлекеттик деңгээлдеги “Санариптик үй-бүлөнү” түзүүнүн инновациялык багытын колдонуу менен үй-бүлөнү жана өлкөнүн калкынын күнүмдүк турмушун жөнгө салуу боюнча жаңы чечимди сунуш кылгыбыз келет. , инновациялык ыкмаларды колдонуу (Чоң маалыматтар, Жасалма интеллект, Машинадан окуу…), ошондой эле социалдык тобокелдиктин аймактарын аныктоо, мамлекеттик колдоо чараларын сунуштоо жана көрсөтүүдөн мурун оор турмуштук кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана талдоо. Бул аянтча үй-бүлөлөргө керектүү мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына түздөн-түз документтерди чогултуу менен эч кандай кезексиз кайрылууга мүмкүндүк берет. «Санариптик үй-бүлө» платформасы турмуштук оор кырдаалга туш болгон адамдарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн, үй-бүлөлөрдүн тобокелдик зонасына түшүп кетүүсүнө жол бербөөнүн жана укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүнүн комплекстүү, гендердик жана эффективдүү системасын түзөрүн массалык маалымат каражаттары аркылуу калкка жеткирүү зарыл. тобокелдиктерге тез жана натыйжалуу жооп кайтарууга жана аларды алдын алууга мүмкүндүк берүү аркылуу мамлекеттик чечимдерди кабыл алуучу адамдардын дарамети.

Ошондой эле санариптик билим берүү программалары: негизги компьютердик көндүмдөр, өз алдынча билим алуу жана өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн интернет ресурстарын кантип колдонуу керек, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр порталын кантип колдонуу керек, SEO (кантип веб-сайтыңызды илгерилетүү керек), SMM (жарнамалык көндүмдөрдүн мониторинги), графикалык дизайн ж.б.

Аймактык деңгээлде санариптештирүү доорунда “ишкер айымдарды” өнүктүрүү боюнча тренингдер өткөрүлсө, жылыштар байкалат. Катышуучулардын жакындары жана жакындары түшүнүү менен кабыл алып, демилгени колдой тургандыгы маанилүү эмес.

Биздин макалабызды бизнестеги гендердик теңчиликке буруп, бизнес чөйрөсү башка нукка бурулуп, үй-бүлөлүк бизнестин пайда болушу мүмкүн экенин баса белгилегибиз келет. Кыргызстандын “ишкер аялдарын” ишке ашыруу боюнча бейөкмөт уюмдардын программалары иштей баштады.

## Колдонулган адабияттар, булактар

1. Кулдышева Г.К., Мадышева Ш.И. -Роль и место семьи в обществе и государсвтенная программа для ее сохранения. Международный журнал гуманитарных и естественных наук. 2021. № 2-2 (53). С. 152-156.
2. Кулдышева Г.К., Мадышева Ш.И., Умирзакова М. – Семейное предпринимательство в государственно-правовом развитии. Известие ВУЗов Кыргызстана. 2022. №6-6. С.
3. https://economist.kg/novosti/biznes/2022/08/24/bez-stereotipov-i-granic-kak-zhenshhiny-delajut-biznes-v-kyrgyzstane/
4. https://kaktus.media/doc/466603_potomy_chto_jenshina._predprinimatelnicy_kr_rasskazali_o_gendernyh_barerah_v_biznese.html

***Жолдошбаев И.А.***, *магистрант*
*К.Ш. Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРДЫН УКУК КОРГОО АКТИВДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация**

Бул макалада бейөкмөт уюмдардын адам укуктарын коргоодо ойногон жана ойноп жаткан маанилүү ролу каралган. Коомчулуктардын жана айрым жарандардын, жарандар топторунун укугун коргоо аракеттеринде көпчүлүк учурларда бейөкмөт уюмдар чечүүчү ролду ойнойт, мисалы: адам укуктарынын жекече бузулушуна каршы күрөшүүдө же түздөн-түз, же "маанилүү" иштер боюнча тиешелүү сот органдарына кайрылууда, укуктары бузулган адамдарга түздөн-түз жардам көрсөтүүдө, улуттук, аймактык жана эл аралык укуктун өзгөрүшүнө жетишүүдө, мыйзамдарды жакшыртууда, калк арасында адам укуктары жөнүндө билимди жайылтууда жана аларды урматтоону өрчүтүүдө.

**Ачкыч сөздөр:** укук, мыйзам, бейөкмөт уюмдар, адам укуктары, укук бузуу, укуктук колдоо көрсөтүү, коомчулук, кызматташуу..

# ПРАВОВАЯ АКТИВНОСТЬ НЕПРАВИТЕЛЬСТВЕННЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ

**Аннотация**

В этой статье рассматривается важная роль, которую неправительственные организации сыграли и продолжают играть в защите прав человека. В усилиях по защите прав общин и отдельных граждан, групп граждан в большинстве случаев решающую роль играют неправительственные организации, например: в борьбе с индивидуальными нарушениями прав человека, либо непосредственно, либо при обращении в соответствующие судебные органы по "важным" делам, в оказании непосредственной помощи лицам, чьи права нарушены, в достижении изменений в национальном, территориальном и международном праве, в совершенствовании законодательства, в распространении знаний о правах человека среди населения и воспитании уважения к законам.

**Ключевые слова:** право, закон, неправительственные организации, права человека, правонарушение, правовая поддержка, общественность, сотрудничество.

# LEGAL ACTIVITY OF NON-GOVERNMENTAL ORGANIZATIONS

**Annotation**

This article examines the important role that non-governmental organizations have played and continue to play in the protection of human rights. In most cases, non-governmental organizations play a decisive role in efforts to protect the rights of communities and individual citizens, groups of citizens, for example: in combating individual human rights violations, either directly or when applying to the relevant judicial authorities in "important" cases, in providing direct assistance to persons whose rights have been violated, in achieving changes in national, territorial and international law, in the improvement of legislation, in the dissemination of knowledge about human rights among the population and the education of respect for the laws.

**Keywords:** law, non-governmental organizations, human rights, offense, legal support, public, cooperation.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында мамлекеттик, коомдук, укуктук уюм-мекемелер тарабынан бейөкмөт уюмдардын ишмердигине өзгөчө көңүл бурулуп, бир катар мыйзамдык чечимдер да жүзөгө ашырылмакчы болууда. Бул багыттагы маселелерди козгоодо жана кароодо, кайсы бир чечимдерди кабыл алуу аркеттеринде оң аракеттер жана терс аракеттер байкалып, алардын ишмердигине ар кандай баа берүүлөр байкалууда. Айрым биро учурларда бир беткей терс көз караштар да коомчулукка таңууланып келүүдө. Мындай шектенүүлөргө айрым бейөкмөт уюмдардын чет мамлекеттик каржылоолордун эсебинен оппозициялык багытта гана жүргүзгөн ишмердиги себеп болууда. Бирок, бейөкмөт уюмдардын ишмердик багыттары негизинен оң багытта жүргүзүлөт. Ошол себептер менен биз бейөкмөт уюмдардын ишмердиги тууралуу сөз кылмакчы болдук.

Дүйнөлүк коомчулукка белгилүү болгондой, "Ар бир адам жеке жана башкалар менен биргеликте адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин улуттук жана эл аралык деңгээлде коргоого жана жүзөгө ашырууга үндөөгө жана умтулууга укуктуу" - деп БУУнун Укук коргоочулар жөнүндө декларациясында жазылган. Биз бул беренени бейөкмөт уюмдарынын ишмердиги тууралуу сөз алдында эске салып өтмөкчүбүз. "Бейөкмөт" же "коммерциялык эмес" термини, адатта, жарандык коомдун бир бөлүгүн түзгөн уюмдардын даражасына

карата колдонулат. Мындай уюмдар жалпысынан мүнөздөлөт, анткени алардын жашоосунун максаты каржылык пайда эмес, башка нерсе. Бирок, бул "нерсе" көптөгөн максаттарды жана ар тараптуу демилгелерди жана иш-аракеттерди камтышы мүмкүн. Бейөкмөт уюмдардын чөйрөсүнө, мисалы, жаратылышты коргоо маселелеринен же адам укуктарынын конкреттүү бузулушунан келип чыккан чакан демилгелүү топтор, ошондой эле билим берүү тармагындагы кайрымдуулук уюмдары, аялдар үчүн баш калкалоочу жайлар, маданий бирикмелер, диний уюмдар, юридикалык фонддор, гуманитардык жардам программалары (тизме улана берет), жана акыры дүйнөнүн ар кайсы бурчтарында жүздөгөн бөлүмдөрү жана миңдеген мүчөлөрү бар ири эл аралык уюмдар киришет.

Бул макалада биз мындай уюмдардын дүйнө жүзү боюнча адам укуктарын коргоодо ойногон (жана ойноп жаткан) маанилүү ролун карап чыкмакчыбыз. Айрым жарандардын кадыр-баркын мамлекеттик бийликтин кол салуусунан коргоо аракеттери көрүлүп жаткан дээрлик бардык деңгээлде бейөкмөт уюмдар чечүүчү ролду ойнойт, мисалы:

-адам укуктарынын жекече бузулушуна каршы күрөшүү, же түздөн-түз, же "маанилүү" иштер боюнча тиешелүү сот органдарына кайрылуу менен;

-укуктары бузулган адамдарга түздөн-түз жардам көрсөтүү менен;

-улуттук, аймактык жана эл аралык укуктун өзгөрүшүнө жетишүү менен;

-бул мыйзамдардын мазмунун жакшыртууга көмөктөшүү менен;

-калк арасында адам укуктары жөнүндө билимди жайылтуу жана аларды урматтоону өрчүтүү менен.

Бейөкмөт уюмдардын салымы жетишилген натыйжалар жагынан гана эмес, ошондой эле биздин дүйнөдө адам укуктарын коргоого болгон оптимизм менен гана эмес, бейөкмөт уюмдар түздөн-түз мааниде жеке адамдар үчүн да, дүйнө жүзүндөгү адамдардын топтору үчүн да жеткиликтүү коргонуу каражаты болуп саналат. Алар башка көптөгөн уюмдар сыяктуу жеке адамдар тарабынан башкарылат жана координацияланат, бирок мындан тышкары, алардын күчү коомдун башка мүчөлөрүнүн өз иштерин ыктыярдуу колдоосу менен шартталат. Бул факт дүйнөдөгү адам укуктарынын абалын жакшыртууга салым кошкусу келген адамдардын көз алдында аларга өзгөчө маани берет.

Укук коргоочу бейөкмөт уюмдардын түрлөрү жөнүндө айтып кетсек. 1993-жылы Вена конференциясы деп аталган адам укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференцияга дүйнө жүзү боюнча 841 бейөкмөт уюмдун өкүлдөрү катышкан, алардын ар бири өз миссиясын адам укуктары менен иштөө катары аныкташкан. Бул көрсөткүч өзү таасирдүү болгону менен, дүйнөдө иштеп жаткан адам укугун коргоочу бейөкмөт уюмдардын жалпы санынын аздыгын гана билдирет.

Өздөрүн "укук коргоочу" деп жарыялаган уюмдардын көпчүлүгү жарандык жана саясий укуктарды коргоого умтулушат. Мындай уюмдардын эң көрүнүктүүсү, жок эле дегенде, эл аралык аренада "Эл аралык мунапыс", "Хьюман Райтс Уотч" (Human Rights Watch), "Адам укуктары үчүн эл аралык федерация"," Хьюман Райтс Фёрст" (Human Rights First) жана "Интерайтс" (InterRights) болуп саналат. Бирок, жогоруда айтылгандай, жарандык жана саясий укуктар эл аралык коомчулук тарабынан таанылган ар кандай адам укуктарынын көптөгөн даражаларынын бири гана. Мындан тышкары, жаңы укуктар бүгүнкү күндө да пайда боло берет. Эгерде биз мунун баарын эске алып, жакырчылыкка, зордук-зомбулукка, расизмге, ден соолук, үй-жайсыздык жана жаратылышты коргоо маселелерине каршы турган бейөкмөт уюмдарды бул тизмеге киргизсек, анда тигил же бул формада адам укуктарын коргоо менен алектенген бейөкмөт уюмдардын чыныгы саны дүйнө жүзү боюнча жүз миңдеп саналат.

Адам укуктары үчүн күрөшүп жаткан бейөкмөт уюмдардын ишмердиги жөнүндө дагы кошумча сөз кылсак. Бейөкмөт уюмдар адам укуктарын коргоого ар кандай багыттарда жана деңгээлдерде катышууга аракет кылышы мүмкүн жана алардын максаттарынын мүнөзүнө жараша алар колдонгон стратегиялар өзгөрөт: алар жалпы же конкреттүү, узак же кыска мөөнөттүү, жергиликтүү, жалпы улуттук же эл аралык масштабда ж. б. Бейөкмөт уюмдардын көрсөткөн жардамдарынын мүнөздөмөлөрүнө токтолсок:

Түздөн-түз жардам: Социалдык жана экономикалык укуктар чөйрөсүндө иш алып барган өкмөттүк эмес уюмдардын жалпы айырмалоочу өзгөчөлүгү адам укуктарынын бузулушунун курмандыктарына тигил же бул формада түздөн-түз жардам көрсөтүү болуп саналат. Бул гуманитардык жардам, коргонуу же жаңы кесипке үйрөтүү болушу мүмкүн. Эгерде мыйзам мыйзам тарабынан корголгон болсо, анда ал юридикалык жардам же сотко кайрылуу боюнча кеңеш болушу мүмкүн. Бирок, көпчүлүк учурларда, адам укуктарынын бузулушунан жапа чеккен адамга түздөн-түз жардам берүү мүмкүн эмес же адвокаттык уюмдун ресурстарын пайдалануунун мыкты жолу эмес. Мындай учурларда, жана алардын, көрүлө турган, көпчүлүк, бейөкмөт уюмдар келечекте укуктарын бузуу менен кырдаалды оңдоо же келечекте мындай кырдаалдардын пайда болушуна жол бербөө үчүн башка жолдорду издеп табышы керек.

Ишенимдүү маалымат чогултуу: Эгер бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүгүнүн ар кандай формалары негизделген кандайдыр бир негизги стратегия бар болсо, анда бул адилетсиздик кылгандарды "бренд" кылууга умтулуу. Көбүнчө өкмөттөр өздөрү кол койгон эл аралык келишимдер же башка укуктук стандарттар боюнча милдеттенмелерден качышы мүмкүн, анткени алардын саясатынын натыйжалары жалпы коомчулукка белгисиз. Мындай маалыматты чогултуу жана аны өкмөттөрдү "бренд" кылуу үчүн колдонуу күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу үчүн зарыл, ошондуктан көбүнчө бейөкмөт уюмдар тарабынан колдонулат. Алар коомчулукка жана өкмөттөргө кысым көрсөтүүгө аракет кылып, адамдын адилеттүүлүк сезимине чакырган иштерди аныктап, анан коомчулукка жарыялашат. Мониторингдин жана докладдардын тактыгын жакшы көрсөткөн эки белгилүү уюм - "Эл аралык мунапыс" жана Эл аралык Кызыл Крест Комитети. Эки уюм тең жалпы коомчулук арасында гана эмес, бууда да кадыр-баркка ээ, анда алардын баяндамалары өздөрүн эл аралык келишимдердин шарттарына байланыштуу деп эсептөөгө макул болгон өкмөттөрдүн ишине расмий мониторингдин бир бөлүгү катары каралат.

Кампанияларды өткөрүү жана лоббирлөө: Эл аралык уюмдар көбүнчө саясатты өзгөртүү үчүн үгүт кампанияларын уюштурушат. Кайрадан биз бейөкмөт уюмдар коюлган максатына, "объектинин" мүнөзүнө жана, албетте, колдо болгон ресурстарына жараша эң ылайыктуусун тандап алууга умтулган формалардын көп түрдүүлүгүн көрүп жатабыз. Төмөндө экспозициянын кээ бир жалпы ыкмалары келтирилген:

-Кат жөнөтүү кампаниялары - "эл аралык мунапыс" жана башка бейөкмөт уюмдар натыйжалуу колдонгон ыкма. Уюмдар дүйнө жүзү боюнча миңдеген мүчөлөрүнүн каттары менен мамлекеттик кызматкерлерди "бомбалап" жатышат.

-Адатта, мындай иш-чараларга кызыкдар болгон көчө акциялары же Медиа чагылдырылган демонстрациялар уюмдар коомдук колдоону же коомчулуктун көңүлүн бурууну жана өкмөттү "уят кылууну" каалаган учурда колдонулушу мүмкүн.

-Медиа каражаттары көбүнчө лоббисттик практикада маанилүү ролду ойной берет, бирок азыр социалдык медиа жана Интернет барган сайын маанилүү болуп баратат. Бейөкмөт уюмдар БУУнун көзөмөл органына өздөрүнүн "альтернативдүү" баяндамаларын беришет, ошону менен тигил же бул өлкөдөгү адам укуктарынын реалдуу абалынын жалпы сүрөтүн түзүшөт.

Колдоо көрсөтүүлөрүнөн же коомчулуктун наразычылыгынан тышкары, бейөкмөт уюмдар чиновниктер үчүн расмий эмес жолугушууларды же брифингдерди да өткөрүшү мүмкүн. Эгер буга чейин дисктер, плакаттар же факс колдонулган болсо, анда электрондук почта өнөктүктөрү жана петиция, Интернет сайттары, блогдор жана социалдык тармактар буга кызмат кылат.

Жалпысынан, коомчулуктун же башка күчтүү институттардын (мисалы, башка өкмөттүн) колдоосу канчалык чоң болсо, өнөктүк ошончолук өз максаттарына жетет. Бейөкмөт уюмдар мындай колдоого дайыма эле кайрылбаса да, кеңири элдик кыймылдын өкмөтүнө каршы мобилизациялоо мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү алардын үнүн угуу үчүн жетиштүү болот.

Көпчүлүк адвокаттык бейөкмөт уюмдар, жок дегенде, өз иш-аракеттеринин бири катары, коомчулукка маалымдоо же билим берүү иштери менен алектенишет. Алардын колдоосунун

негизин жалпы коомчулук түзөрүн түшүнгөн бейөкмөт уюмдар жеке адамдарга адам укуктарына байланыштуу маселелер боюнча мүмкүн болушунча көбүрөөк маалымат жеткирүүгө аракет кылышат. Адамдар бул маселелерди жана адам укуктарын коргоо ыкмаларын канчалык жакшы билишсе, алардын аткарылышы ошончолук жогору болот, бул өз кезегинде адам укуктары бузулган учурда колдоону мобилизациялоого көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Так ушул колдоо, реалдуу же потенциалдуу, бейөкмөт уюмдардын укуктук чөйрөнү жакшыртуу ишиндеги ийгиликтеринин негизинде жатат.

Ийгиликтүү активдүүлүктүн мисалдарын келтирсек.“Турак жай укуктары жана көчүрүү борбору” уюму - бул адвокаттык уюм 1994-жылы түзүлгөн жана анын иши турак жай укуктарын коргоого жана дүйнө жүзү боюнча мажбурлап көчүрүүнүн алдын алууга багытталган. Борбор эл аралык укуктук документтерди жетекчиликке алып, "турак – жай" башыңдын төбөсүнөн да көп экенин түшүнөт. Борбор "жер калкынын болжол менен жарымы татыктуу турак жайга ээ эмес, бирок бул укук адам укуктары боюнча эл аралык документтерде кепилденген"деп баса белгилейт. Татыктуу турак-жайга болгон укуктарын коргоо боюнча иштеринде борбор жана анын дүйнө жүзүндөгү өнөктөштөрү талдоо, пропагандалоо, билим берүү жана сотто иштөө үчүн кадрларды даярдоо менен төмөнкү маселелер боюнча алектенишет: мажбурлап чыгаруу; мүлктү коргоо; жер алууга мүмкүнчүлүк; суу менен камсыздоо жана канализация;аял жана турак жай укуктары; соттук-укуктук коргоо; калыбына келтирүү жана кайтаруу; катастрофалык окуялардын турак жай укуктарына тийгизген таасири.

Өз мезгилинде "Турак жай жана көчүрүү борбору Италияга каршы" документинде белгиленген акыркы маанилүү чечимдеринин биринде Европа Кеңешинин Социалдык укуктар боюнча комитети (кайра каралган Европалык социалдык хартияны көзөмөлдөгөн) Италия цыган-рома этникалык тобунун калкынын укуктарын бузуп, алардын лагерлерин бузуп, өлкөдөн кууп чыкканын айткан. Италиянын эмес, Евробиримдиктин башка мамлекеттеринин жарандары болгон цыгандардын этникалык тобунун өкүлдөрүн өлкөдөн массалык түрдө чыгаруу бир мезгилде олуттуу көбөйгөн. Цыгандардын татыктуу турак жайга, социалдык, укуктук жана экономикалык коргоого, жакырчылыктан жана социалдык сүргүндөн коргоого карата укуктарын басмырлоо жана бузуу, ошондой эле көчмөн рома үй-бүлөлөрүнүн коргоо жана жардам берүү укугу бузулган. Италия ошондой эле цыгандарды бөлүп-жарууга жана өтө канааттандырарлык эмес жашоо шарттарында жашоого алып келген саясатты жүргүзгөндүгү үчүн сынга кабыл болгон.

Швейцариядагы экологияга кам көрүү маселелери боюнча бир мисал. Бир мезгилде бир нече ири химиялык заводдор Базельге (Швейцария) жакын жердеги Бонфолдогу мурдагы чопо карьерге 114000 тоннадан ашык уулуу химиялык өндүрүш калдыктарын ташташкан. Бүгүнкү күндө таштандыларды таштоо мыйзамга каршы келет, бирок ошол учурда карьерди толтуруу башталганда, мыйзам мындай полигондорго тыюу салган эмес. Уулуу таштандылар ошол жерде калып, аймакты жана айлана-чөйрөнү органикалык жана органикалык эмес булгоочу заттардын аралашмасы менен ууландырууну улантууда. Ошол учурда "Гринпис" уюмунун 100гө жакын активисттери Бонфолдогу химиялык полигондун аймагын ээлеп алышкан жана ал жерге уулуу калдыктарды таштаган химиялык компаниялар аны тазалоо үчүн бардык жоопкерчиликти өзүнө алышын талап кылышкан. Активисттер химиялык компаниялар адамдардын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө коркунуч туудурбай тургандай кылып тазалоого милдеттенмейинче полигондун аймагында кала беришерин айтышты. Полигондун аймагын басып алуу химиялык ишканаларды жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү жана "Гринпис" менен жолугушууга мажбурлады жана натыйжада алар акыры келишимге кол коюшту. Тазалоо техникалык-экономикалык негиздемеси белгилүү мөөнөттө иштелип бүтүшү керек жана тазалоо иштери ошол эле жылы башталышы керек болду. Ишканалар ошондой эле тазалоо процессине жергиликтүү жамааттардын жана экологиялык уюмдардын катышуусуна макул болушту жана таштандыларды таштоонун натыйжасында жер астындагы суулардын жана ичүүчү суунун булганышы жөнүндө жергиликтүү бийликке

маалымдоого милдеттеништи. Ушул аракеттерден кийин "Гринпис" полигондун аймагында акциясын токтоткон.

Ошол эле рома цыгандарынын укуктары боюнча Европа борбору дискриминацияга каршы ишмердигинен мисал. Борбор рома жамааттарына карата адам укуктарына байланыштуу маселелер Европадагы жана андан тышкаркы саясий күн тартибинде так көрсөтүлүшүн көздөйт. Кылдат изилдөөлөрдү жүргүзүү менен Борбор цыгандарга карата адам укуктарынын абалы, айрыкча алар дуушар болгон зомбулук, аларга карата басмырлоонун структуралык формалары жана экономикалык жана социалдык укуктарга жетүүдөн баш тартуу жөнүндө кеңири маалымат берет. Борбор өзүнүн саясий мамилелерин жана сот процесстеринин стратегиясын иштеп чыгуу менен маалымдуулукту жогорулатуу менен рома жамааттарына карата Адам укуктарынын абалын жакшыртууга умтулат. Жүргүзүлгөн кампанияларда цыган-рома этникалык тобунун өкүлдөрүнө карата зомбулук жана жек көрүү, билим берүү тармагында сегрегация, мажбурлап чыгаруу жана стерилизация көрүнүштөрү аныкталган. Борбордун адам укуктары боюнча билим берүүдөгү иши, биринчи кезекте, ром активисттеринин улуттук теңдик үчүн күрөшүндө укуктарын кеңейтүүгө багытталган. Бул үчүн практика уюштурулат, илимий изилдөө иштерине стипендия берилет, семинарлар уюштурулат жана "Өз укугуңду билүү жана алар үчүн күрөшүү: цыгандардын укугун коргоочулар үчүн колдонмо" сыяктуу окуу куралдары жарыяланат.

"Глобал Уитнес" уюму тууралу – бул экологиянын жана адам укуктарынын бузулушуна алып келген жаратылышты пайдалануу жана коррупцияга байланыштуу чыр-чатактарды аныктоого багытталган өкмөттүк эмес уюм. Бул уюм ырайымсыздык фактыларын ачыкка чыгарууга жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга умтулат. Анын кампанияларынын биринин көңүлү "канга боёлгон алмаздар" же "талаштуу алмаздардын" айланасындагы чыр-чатактарга бурулган: алмаздар мыйзамдуу жана эл аралык деңгээлде таанылган өкмөттөргө баш ийбеген куралдуу топтордун жана топтордун көзөмөлүндөгү аймактарда жатат. Бриллианттар бул өкмөттөргө каршы куралдуу күрөштү каржылоо же БУУнун Коопсуздук кеңешинин чечимдерине каршы туруу үчүн колдонулат. "Глобал Уитнес" бул жаратылыш ресурстары Африкадагы чыр-чатактарга акча төлөп, миллиондогон адамдардын өлүмүнө жана жер которушуна алып келгендигине жетиштүү далилдерди топтоду. Аль-Каида сыяктуу террордук топтор бриллианттарды өз ишин каржылоо үчүн, ошондой эле арам акчаны адалдоо каражаты катары колдонушкан. "Глобал Уитнес" башка бейөкмөт уюмдар менен биргеликте тынымсыз лоббисттик акцияларды активдүү жүргүзүп, натыйжада алмаз казуу тармагын көзөмөлдөө үчүн глобалдык кампания башталган. 2000-жылдын май айында алмаз казып алуучу жана соода кылган өлкөлөрдүн өкүлдөрү, алмаз өнөр жайынын өкүлдөрү, ошондой эле "Глобал Уитнес", Түштүк Африканын Кимберли шаарында жолугушуп, "Кимберли процесси" деп аталган уюмду түзүштү жана 1-жылдын 2003-январынан баштап алмазды сертификаттоонун эл аралык тутумун түзгөндүгүн жарыялашкан. Бул схемага ылайык келишимге катышкан өлкөлөр саткан бардык бриллианттар сатып алуучулар өнүмдөр чыр-чатаксыз аймактардан келгенине ишениши үчүн сертификатталууга тийиш. "Глобал Уитнес" бул системанын сакталышын расмий түрдө көзөмөлдөйт жана анын эрежелерин бекемдөө жана натыйжалуу аткаруу үчүн кампанияны улантууда. Бул кампаниянын дагы бир максаты – бриллианттар эч качан чыр-чатактар үчүн "отун" эмес, өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болушу. 2003-жылы" Глобал Уитнес алмаз чыр-чатактарына каршы күрөшкө кошкон салымы үчүн Нобель тынчтык сыйлыгына талапкерлердин бири болгон.

1996-жылы Тузладагы (Босния жана Герцеговина) майыптар маселеси менен алектенген бейөкмөт уюм транспорттук көйгөйлөр тууралуу коомчулукка маалымдоо кампаниясын жүргүзүүнү чечкен. "Лотос" деп аталган бул уюм адамдардын көңүлүн ушул маселелерге бурууну максат кылып, майыптар коляскасы үчүн атайын унаа токтотуучу жайларды түзүү, коомдук унааларга жеңил кирүү, тротуарларга жана жолдорго ыңгайлуу кирүү сыяктуу конкреттүү милдеттерди белгиледи. Иш-чаралар шайлоо кампаниясынын алдында бир жума

бою өткөрүлдү. Натыйжада, калктын маалымдуулугу жогорулап, Тузладагы бардык тротуарлар майыптар коляскасы үчүн пандустар менен жабдылган.

Кыргызстандын шартында көптөгөн бейөкмөт уюмдар, коммерциялык эмес уюмдар да эгемендүүлүктү алгандан бери төмөнкү багыттарда жаратмандык менен ишмердик жүргүзүшүүдө: билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо, спорт, жарандардын жана коомчулуктардын укугун коргоо, мекен коргоо, экология, тарых, туризм, интернационалдык достук, эл аралык кызматташуу, искусство, элдик чеберчилик, гендердик кыймыл ж.б. Бул багыттарда бейөкмөт уюмдардын ишмердиги, жарандарыбыздын активдүү бөлүгүнүн коомдук ишмердиги чындап мактоого татыйт. Бирок, Кыргызстандагы айрым бейөкмөт уюмдар чет мамлекеттердин республиканын ички иштерине кийлигишүүсүнүн куралы болуп калууда. Айрым бейөкмөт уюмдардын ишмердигинин Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна тийгизген терс таасирин атайын кызматтар белгилөөдө. Кыргызстан көз карандысыз мамлекет. Бирок, анын саясатына дээрлик бардык чөйрөлөрдө активдүү кийлигишкен чет өлкөлөр тарабынан каржыланган өкмөттүк эмес уюмдардын болушу республиканын эгемендигине терс таасирин тийгизет, анткени мындай уюмдар алардын ишмердигинин демөөрчүсү болгон мамлекеттердин кызыкчылыктарын илгерилетет.

Жалпылап айтканда, Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдардын ишмердигинин чордонунда өлкөнүн, коомчулуктун, жарандардын кызыкчылыгы болуп, жалпы өнүгүү жараянына жаратмандык менен жардам берүү максаты болушу шарт. Ошол ишмердикте айрым терс күчтөрдүн, идеялардын таасиринен арылуу зарыл. Эл аралык, чет мамлекеттик уюм-мекемелер менен жаратмандык багыттарда, өлкө пайдасына, эл пайдасына кызматташуу абзел. Учурда мындай ишмердиктерге республикалык, жергиликтүү деңгээлдерде мисалдар көп, анын ичинде бейөкмөт уюмдардын укук коргоодогу, мыйзам чыгаруудагы активдүүлүгү да. Кыргызстанда ошол эле республикалык, жер-жерлердеги денгээлдеги курултай жыйындарынын мыйзамдуу макамга ээ болушу бейөкмөт уюмдарынын ири долбоорунун жүзөгө ашуусунун жаркын мисалы болгон.

Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдар да адам укуктарынын бузулушуна каршы күрөшүүдө, же түздөн-түз, же "маанилүү" иштер боюнча тиешелүү сот органдарына кайрылууда, укуктары бузулган адамдарга түздөн-түз жардам көрсөтүүдө, улуттук, аймактык жана эл аралык укуктун өзгөрүшүнө жетишүүдө, мыйзамдарды жакшыртууда, калк арасында адам укуктары жөнүндө билимди жайылтууда жана аларды урматтоону өрчүтүүдө маанилүү оң роль ойношсо болот. Мыйзамдарыбыз ага толук жол беришет.

## Колдонулган адабият


1. БУУнун Укук коргоочулар жөнүндө декларациясы..
2. №111 1999-ж. 15.11. КР Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзамы (№44 28.03.2023-ж. редакциясында).
3. Андреева О.С. Неправительственные организации и политические изменения в мировом сообществе. / Известия Алтайского Государственного университета. - 2010.-№4-3.-43-47 с.
4. Миносян Г., Восканян А. Зарубежные НПО – Механизм влияния на внутреннюю политику в СНГ. Журнал “Обозреватель», №3, 2013 г.
5. Мишкевич М.М. Неправительственные организации и их роль в решении социально-гуманитарных проблем. Управление в социальных и экономических системах: материалы XIX международной научно-практической конференции. -Минск, 2010. -354-355 с.
6. Создание некоммерческих организаций в Кыргызской Республике. /Авт. -сост. Н. Идрисов – Б.: 2011. -87 с.
7. Андреева О. С. Неправительственные организации и политические изменения в мировом сообществе // Известия Алтайского государственного университета. – 2010. – № 4–3. – С. 243–247.

***Кабаева Р.А.,*** *магистрант*
*К.Ш. Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# КЫРГЫЗ БАЛДАР АДАБИЯТЫНА СЕРЕП

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз балдар адабиятына сереп кылынуу аракети көрүлгөн. Учурда кыргыз балдар адабияты үч катмардан турат, алар: балдарга арналган элдик оозеки чыгармалар, эл акындарынын балдарга арналган чыгамалары, совет доорундагы жана азыркы мезгилдеги акын-жазуучулардын балдарга арналган чыгармалары. Кыргыз балдар адабияты дүйнөлүк балдар адабиятына тийиштүү бардык жанрларды камтыйт: жомокторду, тамсилдерди, ырларды, дастандарды, аңгемелерди, повесттерди, поэмаларды, романдарды, фэнтези жанрын. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда балдарга арналган басылмалардын бардык түрлөрү чыгарылат: адабий-көркөм басылмалар, ар кандай таанымал жанрларды камтыган чыгармалар топтому, маалымдамалар, иштиктүү басылмалар, балдар үчүн илимий-популярдуу басылмалар, сүрөттүү басылмалар. Кыргыз балдар адабияты дүйнөлүк балдар адабиятына мүнөздүү бардык касиеттерге ээ. Бирок, бир катар жанрларды мындан ары өнүктүрүү зарыл, жаңы чыгармалардын санын арттыруу керек. Азыркы кыргыз акын-жазуучулары балдар адабиятына жаңыча көз караш менен карашы керек. Бүгүнкү күндөгү балдар адабиятындагы заман талаптарына ылайык фэнтези жанрын өнүктүрүү зарыл, илимий-популярдуу басылмаларды, сүрөттүү басылмаларды көбөйтүү керек.

**Ачкыч сөздөр:** кыргыз, балдар адабияты, элдик оозеки чыгармалар, эл акындары, акындар жана жазуучулар, адабий чыгармалар.

# ОБЗОР КЫРГЫЗСКОЙ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

**Аннотация**

В этой статье представлен обзор кыргызской детской литературы. В настоящее время кыргызская детская литература состоит из трех частей: кыргызский детский фольклор, детские произведения народных поэтов, произведения для детей поэтов-писателей советского и современного периодов. Кыргызская детская литература включает в себя все жанры, относящиеся к мировой детской литературе: сказки, басни, песни, эпосы, рассказы, повести, поэмы, романы, жанр фэнтези. Сегодня в Кыргызстане выпускаются все виды изданий для детей: литературно-художественные издания, сборники произведений различных популярных жанров, справочники, деловые издания, научно-популярные издания для детей, иллюстрированные издания. Кыргызская детская литература обладает всеми свойствами, присущими мировой детской литературе. Однако необходимо дальнейшее развитие ряда жанров, необходимо увеличение числа новых произведений. Современные кыргызские поэты и писатели должны по-новому взглянуть на детскую литературу. Необходимо развивать жанр фэнтези в соответствии с современными требованиями в современной детской литературе, увеличивать количество научно-популярных изданий, иллюстрированных изданий.

**Ключевые слова:** кыргыз, детская литература, фольклор, народные поэты, поэты и писатели, литературные произведения.

# REVIEW OF KYRGYZ CHILDREN'S LITERATURE

**Annotation**

This article presents an overview of Kyrgyz children's literature. Currently, Kyrgyz children’s literature consists of three parts: Kyrgyz children's folklore, children's works of folk poets, works for children of poets-writers of the Soviet and modern periods. Kyrgyz children's literature includes all genres related to world children's literature: fairy tales, fables, songs, epics, short stories, novellas, poems, novels, fantasy genre. Today, Kyrgyzstan produces all kinds of publications for children: literary and artistic publications, collections of works of various popular genres, reference, business publications, popular science publications for children, illustrated publications. Kyrgyz children's literature has all the properties inherent in world children's literature. However, it is necessary to further develop a number of genres, it is necessary to increase the number of new works. Modern Kyrgyz poets and writers should take a fresh look at children's literature. It is necessary to develop the fantasy genre in accordance with modern requirements in modern children's literature, to increase the number of popular science publications, illustrated publications.

**Keywords:** Kyrgyz, children's literature, folklore, folk poets, poets and writers, literary works.

Ар бир өлкөнүн, улуттун балдар адабиятынын башаты, албетте, улуттук фольклор болот, тактап айтсак, анын оозеки элдик чыгармалары. Кыргыз балдар адабиятынын да башаты улуттук фольклор.

Улуттук фольклорго кирген элдик оозеки чыгармалар мазмуну боюнча бүгүнкү күндө педагогикалык мааниде тарбиянын төмөнкү түрлөрүнө ылайык келет:

-акыл-эс тарбиясы;
-адеп-ахлак тарбиясы;
-эстетикалык тарбия;
-эмгек тарбиясы;
-жарандык тарбия;
-экологиялык тарбия;
-укуктук тарбия;
-экономикалык тарбия ж.б.

Балдарды аталган багыттарда тарбиялоо улуттук фольклор чыгармаларынын мисалында социетардык, институционалдык, социалдык-психологиялык, инсандар аралык деңгээлдерде жүзөгө ашырылат.

Кыргыздын балдарга арналган элдик оозеки чыгармалары жанрларына карата балдар адабияты жаатында белгилүү адис Мукаш Түлөгабыловдун классификациясы боюнча төмөнкү тартипте ажыратылат:

-ыр: 1) бешик ырлары; 2) дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар; 3) жайдары (беймарал) маанайдагы ырлар; 4) эмгек ырлары; 5) насаат ырлары; 6) тиричилик ырлары; 7) тарыхый ырлар;

-жамак: (кенже жанр): 1) жаңылмач; 2) табышмак; 3) апыртма (калп); 4) макал; 5) ылакап;

-жомок: 1) уламыш; 2) болумуш; 3) тамсил; 4) жөө жомок; 5) дастан (эпос).

Булардын айрымдары ич ара бөлүнөт, мисалы:

-бешик ырлары: а) алдей; б) салбилек; в) тайбөбөк (тушоо кесүү);

-дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар: а) өсүмдүктөр жөнүндө; б) макулуктар жөнүндө; в) айбанаттар жөнүндө; г) мезгил-маал; д) жөрөлгө;

-жайдары (беймарал) маанайдагы ырлар: а) теребел; б) саякаттама (санак); в) оюн; г) эликтөө;

-жөө жомок: а) кереметтүү; б) айбанаттар жөнүндө; в) тиричилик жөнүндө;

-дастан (эпос): а) улуу (эпопея); б) кенже;

-кенже дастан: а) баатырдык; б) турмуштук; в) тарыхый.

Ар бир өнүккөн өлкөдө, маданияты жана адабияты өнүккөн өлкөдө жаш муундарды окутуу-тарбиялоодо балдар адабияты өзгөчө мааниге жана орунга ээ. Улуттук балдар адабияты тек фольклор, т.а. оозеки элдик чыгармалар, менен гана чагылдырылбайт. Бүгүнкү кыргыз балдар адабиятында элдик акындардын, азыркы замандагы акындардын жана жазуучулардын фонду абдан көлөмдүү. Анда камтылган чыгармалар балдар адабиятына мүнөздүү бардык касиеттерге ээ, анын ичинде өнүктүрүүчү, гедонисттик жана тарбиялык мүнөздөргө.

Бүгүнкү кыргыз балдар адабиятында балдарга арналган элдик оозеки чыгармалар менен бирге элдик акындардын чыгармалары да окутулат, мисалы Молдо Кылычтын “Канаттуу”, “Бүркүттүн тою”, “Буудайык” сыяктуу чыгармалары, Токтогул Сатылгановдун “Турумтай менен торгой”, “Жетимдер жөнүндө”, “Насыят”, “Санат”, “Терме”, “Үлгү ырлар”, “Тойпондогон жаш балдар”, “Кандай сонун балалык”, “Балалык” аттуу чыгармалары, Барпы Алыкуловдун “Жетим”, “Жетим кыз”, “Мектеп жөнүндө ыр”, “Пионер”, “Биз жаштар”, “Жаштардын максаты”, “Санат”, “Терме”, “Балдарга насыят”, “Ач көз”, “Жалганчы”, “Желөпкө”, “Өзү каар, тили заар кыз”, “Болбос жигит”, “Бул куштардын санаты”, “Жырткычтар” аттуу чыгармалары, Калык Акыевдин “Кыргыз жери”, “Баары кыргыз жеринде”, “Эли сонун кыргыздын”, “Достук”, “Акылман ата”, “Ач карышкыр” деген чыгармалары, Осмонкул Бөлөбалаевдин “Кыргызстан”, “Кыргыз байлыгы”, “Биздин эл”, “Эмгек”, “Мекен”, “Дем алышта”, “Бир тууган”, “Чыныбай мерген”, “Гүлдана” аттуу чыгармалары, Тоголок Молдонун “Үркөр-үркөр топ жылдыз”, “Жүгүрүп-жүгүрүп жүн таптым”, “Каак-каак каргалар”, “Турумтай”, “Торпогум”, “Каркыра менен Түлкү”, “Бөрү менен Түлкү”, “Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы”, “Эшек менен булбул”, “Иттин доолдай тиктирем дегени”, “Телибай тентек”, “Кемчонтой”, “Жанбакты”, “Жер жана анын балдары”, “Куштардын аңгемеси”, “Ала-Тоо” аттуу чыгармалары, Алымкул Үсөнбаевдин “Иниме”, “Эки жаш”, “Эсенге”, “Койчунун баласы”, “Акылбек”, “Кичинекей саяпкер”, “Кыз бала экен

жылкычы", "Пионер менен каркыра", "Эшектен жолборс", "Байкобул абышка", "Көзөлшаа", "Жолборс минген киши" аттуу чыгарамалары.

Кыргыз балдар адабиятында элдик акындардын балдарга арналган чыгармаларынан сырткары советтик доордогу жана андан кийинки жылдардагы, азыркы мезгилдеги акын-жазуучулардын чыгармалары да жаш муундарды окутууда, тарбиялоодо активдүү колдонулат, мисалы: Алыкул Осмоновдун "Балдар менен турналар", "Балдар үчүн", "Түлкү менен каздар", "Чымын-чиркейлер ырлары", "Жетим козу", "Калпычы Канымгүл", "Китептин душманы", "Бак тигели", "Кара чыйырчык", "Бүкөн", "2" менен Эмилбек", "Куштар кетти", "Толубай сынчы", Кусейин Эсенкожоевдин "Саякатчы бала", "Үчүнчү шар", "Канатуулар сыры", "Родинанын уулу", Жоомарт Бөкөнбаевдин "Тилегим", "Чептен эрдин күчү бек", Шүкүрбек Бейшеналиевдин "Чыныгы достук", "Кычан", "Ак тайлак", "Мүйүздүү козу", "Карлыгач", "Аманат", "Табышмакчы Чынара", Чыңгыз Айтматовдун "Чыпалак бала", "Эрте келген турналар", "Атадан калган туяк", Исабек Токтогуловдун "Кирпи", "Өрдөгүм", "Аң улоо", "Сагызган", "Көктөмдү", "Дарбыз", "Гүлдөр", "Гүлнар неге ыйлады?", "Жүндөш менен дөңгөч", "Ак тайлак", "Тоголонгон күн", "Ким билет", "Бакыт менен Балтек", "Жылгаяк", "Жылан менен куркулдай", Бек Жылдыздын "Текреӊ чал", "Жылдыз курттун канаты", "Бул кимдин үйү", "Сарала көпөлөк кайда жашынып калды?", "Ийнеликтин канча көзү бар?", "Мыймый самын менен жуунганда", "Мыймый мурутун алдырса...", "Чегирткенин кулагы", "Аселдин сыйкырдуу көпөлөктөрү" аттуу чыгармалары, Каныбек Жунушевдин "Күн чубак" жана Чынара Термечикованын "Бакчадагы баламын" аттуу ыр-жомок жыйнактары ж.б.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда балдарга арналган бардык басылмалардын бардык түрлөрү чыгарылат: адабий-көркөм басылмалар, т.а. бир жанрдагы топтомдор, өз алдынча бир темадагы моно басылмалар, ар кандай таанымал жанрларды камтыган чыгармалар топтому; маалымдамалар, т.а. сөздүктөр, илимий негиздеги жана мазмундагы реалдуу нерселерди баяндаган энциклопедиялар; иштиктүү басылмалар, т.а. оюндар, ар кандай кызыктыруучу нерселер, техникалык жана ушул мүнөздөгү жасалгаларды баяндаган, б.а. балдардын бош убактысын уюштурууда пайдалуу нерселер; балдар үчүн илимий-популярдуу басылмалар, т.а. балдар үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү тил менен жазылган ар кандай илимдер жөнүндө китептер, адамзаттын, илимпоздордун жетишкендиктери жөнүндө китептер; сүрөттүү басылмалар, т.а. панорамалык китептер, контурлуу сүрөттөрдү түстүү боёктор менен толтуруп боёо китепчелери, плакаттар, карточкалар, маалыматты виртуалдык кабыл алуу үчүн комикстер. Айрымдары жетиштүү көлөмдө, айрымдары сейрек көлөмдө чыгарылат.

Кыргыз балдар адабияты дүйнөлүк балдар адабиятына тийиштүү бардык жанрларды камтыйт: жомокторду, тамсилдерди, ырларды, дастандарды, аңгемелерди, повесттерди, поэмаларды, романдарды, фэнтези. Жанрлар боюнча кошумчалап кетсек, кыргыз балдар адабиятында алгачкы фантастикалык жанрдагы чыгармаларды Кусейин Эсенкожоев XX кылымдын 30-жылдарында эле жараткан: "Саякатчы бала", "Үчүнчү шар" аңгемелери. Өз мезгили үчүн, азыр деле бул аңгемелер жаш окурмандар үчүн абдан кызыктуу.

Корутундубузда кыргыз балдар адабияты дүйнөлүк балдар адабиятына мүнөздүү бардык касиеттерге (тарбиялык, өнүктүрүүчү, гедонисттик) ээ экендигин жогорудагы маалыматтар менен тастыктап кетебиз. Кыргыз балдар адабиятынын келечеги кең, мүмкүнчүлүктөрү да көп. Бирок, бир катар жанрларды мындан ары өнүктүрүү зарыл, адабий чыгармалардын санын арттыруу керек. Учурдагы кыргыз акын-жазуучулары жаңыча көз караштa балдар адабиятына атайын көңүл буруусу абзел. Бүгүнкү күндөгү балдар адабиятындагы заман талаптарына ылайык фэнтези жанрын өнүктүрүү зарыл, илимий-популярдуу басылмаларды, сүрөттүү басылмаларды көбөйтүү керек.

Заман талаптарына ылайык кыргыз акын-жазуучулары тарабынан да Джон Рональд Руэл Толкиндин "Хоббит, же Тигил жакка жана кайра", "Шакек өкүмдары" сыяктуу, Клайв Стейплз Льюистин "Нарния өлкөсүнүн хроникалары", "Каспиан ханзаада" сыяктуу, Джоан Роулингдин "Гарри Потер жана философиялык таш", "Гарри Потер жана каргышка калган бала" сыяктуу чыгармалардын жазылуу убактысы келгени качан. Кыргыз балдар адабиятында да ушундай мааниде жаңы чыгармалар пайда болушу зарыл.

## Колдонулган адабият

1. Жолдошбаев А.С., Паязова А.М. Балдар адабияты жана көркөм окуу. Жалал-Абад, 2018.-116 б.
2. Жолдошбаев А.С. Мамбеталиева Г.М. Детская литература и выразительное чтение. Жалал-Абад, 2019.-120 с.
3. Жунушев К. Күн чубак: ырлар жана жомоктор.-Б: “Кутаалам”, 2017.-132 б.
4. Термечикова Ч. Бакчадагы баламын.-Б. Глобал принт, 2021.-32 б.
5. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. Бишкек, 1991.-272 б.
6. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: Кыргыз акын-жазуучуларынын балдарга арнап жазган чыгармаларынын негизинде түзүлгөн хрестоматия: 1-бөлүк, поэзия. Б.: “Бийиктик плюс”, 2016.-512 б.
7. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: Кыргыз акын-жазуучуларынын балдарга арнап жазган чыгармаларынын негизинде түзүлгөн хрестоматия: 2-бөлүк, поэзия. Б.: “Бийиктик плюс”, 2016.-512 б.
8. Андижан мамлекеттик университетинин филология кафедрасынын ага окутуучусу Г. Бечелованын “Кыргыз балдар адабияты” сабагы боюнча лекциялары. 2010-ж.

***Akmatova A.,** docent, (Ph.D.)*
***Shaiyrbek k. M.**, master student,*
*Osh State University*

# PECULIARITIES OF ADJECTIVAL PHRASEOLOGICAL UNITS BELONGING TO WOMAN IN THE KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

**Abstract**

The study of phraseological units is an important means of enriching our speech, mastering the lexical norms of the language. As you know, phraseological units can contain different parts of speech, but with adjectives have the greatest expressiveness. This research is devoted to the meanings, structures and peculiarities of adjectival phraseological units with the word woman in the Kyrgyz and English languages. Our task was to select adjectival phraseological units, to compare their meaning and structure in two languages.

**Keywords**: Adjectival phraseological units, research, expressiveness, peculiarities

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ АЯЛ СӨЗҮНӨ ТААНДЫК СЫН АТООЧТУК ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК БИРДИКТЕРДИН СТРУКТУРАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация**

Бул макалада англис жана кыргыз тилдериндеги фразеологизмдерди колдонуунун өзгөчөлүктөрү каралды. Фразеологиялык бирдиктерди изилдөө кепти байытуунун, тилдин лексикалык нормаларын өздөштүрүүнүн маанилүү каражаты болуп саналат. Белгилүү болгондой, фразеологиялык бирдиктер кептин ар кандай бөлүктөрүн камтышы мүмкүн, бирок сын атоочтор менен келгенде эң чоң экспрессивдүүлүккө ээ. Бул изилдөө кыргыз жана англис тилдериндеги аял сөзүнө тиешелүү болгон сын атоочтук фразеологиялык бирдиктердин түзүлүшүнө жана өзгөчөлүктөрүнө арналган. Биздин милдет эки тилдеги аялга тиешелүү болгон сын атоочтук фразеологиялык бирдиктердин маанилерин жана түзүлүшүн салыштыруу болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** Сын атоочтук фразеологиялык бирдиктер, изилдөө, экспрессивдүүлүк, өзгөчөлүктөр

The study of phraseological units is an important means of enriching our speech, mastering the lexical norms of the language. As you know, phraseological units can contain different parts of speech, but with adjectives have the greatest expressiveness. This report is devoted to the meanings, structures and peculiarities of adjectival phraseological units belonging to woman in the Kyrgyz and English languages. Our task was to select adjectival phraseological units, to compare their meaning and structure in two languages.

For example, it seems to be composed of simple words, but the meaning of phraseological units does not correspond to the lexical meaning of the word, they are special expressions that have a certain degree of expressiveness and express our thoughts in a different way. Let's pay attention to the examples: Stone-faced, blue face, black cheeks, white side, open hands, wrinkled hands, watery heart, and so on. From these examples we can see that the liver is solid (or stone), the color of the face, the different positions of the hands, the cheek is black. We do not understand concepts. Those words are separated from their lexical (neutral) meanings, give completely different concepts, and turn into special expressions that figuratively express the thought.

We think that phraseologies are the only valuable source that reflects the culture, agriculture, customs, rituals, morals, and the way of life in general are intertwined with phraseology. Phraseology includes a long process of cultural development of the population mentality, way of life and history of a particular nation. toward People's attitudes work, handicrafts, crafts, which includes a wide range of cultural principles, stereotypes, archetypes (ME Darbanov, cognitive-linguistic content of the concept of "Man", Bishkek, 2020).

In this work we tried to compare the meanings, structures and peculiarities of adjectival phraseological units belonging to woman in the Kyrgyz and English languages.

We have tried to identify thematic types of several adjectival phraseological expressions that express positive and negative qualities, group examples with their structural patterns, using dictionaries, and identify thematic types of adjective phrases denoting and expressing a woman's

imaginative behavior, character, her justice, honesty, age, health, place in society, beauty, etc., which are systematized and divided into the following groups.

1.Adjective phrases denoting a woman's negativity, cruelty, deceit, cunning; 2.Characteristic only for women and girls; 3.Phraseologisms that give ten general qualities of women; 4.Phraseologisms that express women's dexterity, excellence, and rest; 5.Phraseological expressions that describe a woman's appearance; 6.Phraseological expressions of female relations-A)Phraseologisms denoting ten relations, B)Phraseologisms expressing negative attitudes; 7.Phraseological expressions expressing age features

The adjective phrases mentioned only for women are grouped from dictionaries, their meanings and thematic types are defined and divided into seven groups. Examples of their *structural patterns* were grouped and their similarities and features were identified in comparison with the English language in the following way and is summarized the structural patterns and examples of adjective phraseology:

1)Adjective + adjective-78; 2) Phraseologisms of the type of noun + "no" (word);

3)Adjective + noun phraseology-66; 4). Noun + phraseological idioms-19;

5)Adjective + adjective + adjective phraseology of the word "no" -2;

6)adjective + noun + verb-4;

7).noun + noun + adjective-8;

8)noun + noun + noun-1;

9)adjective + adjective + noun-2;

10)noun + noun + noun + verb -1;

11)noun + noun + verb -8. etc.

As a result, 222 adjective phraseologies were grouped, most of which were adjective + adjective (78), adjective + noun (66) adjective phraseology. Comparisons were also made between these adjective phraseologies in the Kyrgyz language, their structure patterns in English and its translation methods. We got the meaning of "embarrased in front of others", we could not find a phraseological unit in English that gives such a meaning.

White hand, white hair - refers to women who do not work hard, do not do any chores at home, look only at themselves, adorn themselves and put on make-up - Sissy English translation (Beloruchka-Russian); The tongue is roasting-tapping hard to speak, eloquent. [1,90]. Woman of mile long tongue (Chatterbox) - It comes here as a phraseological unit in both languages, Kyrgyz and English.

In this article, we have made a semantic analysis of the lexical devices, phraseological units and proverbs provided by the female concept in English based on the works of Chingiz Aitmatov "Jamila". This analysis was conducted in English and Kyrgyz. The English translation belongs to Fainna Glagoleva [Chingiz Aitmatov, Selected Stories, 2000].

"Э, ботом, бул кандай тыкчыңдаган келин эле! Эшик төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, **тили менен тимеле буудай кууруйт**!" (198-б)The neighbours would come to complain: “What kind of a daughter-in-law do you have? She‘s only just come to live with you, and **her tongue’s already a mile long!** ”(p.11)

-Тили менен тимеле буудай кууруйт!" тили узун, тили кулач деген маанидеги фразеологиялык бирдик англис тилине которуудa her tongue’s already a mile long! деп мааниси жактан тили узун, тили кулач,тили эки карыш деп семантикалык жактан туура адекваттуу которуу болгон десек болот.

**Аял деген кудай этегинен айтып,** үйүнө береке турса, башка эмнени тилемек эле. Мына, жыйган-тергенибизди биз чал-кемпир кошо ала кетмек белек...(199-б) **A woman’s happiness** lies in bearing children and living in a house of plenty.”(p.12)

Аял деген кудай этегинен айтып - балалуу болуп деген маанидеги фразеологиялык бирдик англис тилине A woman’s happiness деп котормонун маданий аспектисинде алып караганда тарыхый сөздөрдү которууда коннотативдик денгээлин эске алуу менен жалпы мааниси берилген.

Oh, my dear, what a stubborn woman this is! Not even a day after seeing the door, she is roasting wheat with her tongue!" (p. 198) The neighbors would come to complain: "What kind of a daughter-in-law do you have?" She's only just come to live with you, and her tongue's already a mile long! "(p.11)

-Тили менен тимеле буудай кууруйт!" phraseological unit with the meaning of "her tongue's already a mile long!" is a semantically correct and adequate translation of "her tongue's already a mile long!"

What else would he pray for if the god woman spoke from his side and blessed his home. Here is a gift that we collected and would take with us to the old woman...(p.199) A woman's happiness lies in bearing children and living in a house of plenty."(p.12)

A woman's happiness is a phraseological unit that means to have a child. In the cultural aspect of the translation into English. A woman's happiness is given a general meaning in the translation of historical words, taking into account the connotative level.

As a result of the analysis and examples, we that many phraseological units related to women were identified their similarities and differences in English and Kyrgyz languages

## Bibliography


1. Осмонова, К. Конкобаев " Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү" [Текст] /*– Б.:* Имак Офсет, *2015*. – 800 б.
2. Осмонкулова, А., Акунова А.Р.,"Өнөр алды кызыл тил" (ЖОЖдун студенттери үчүн түзүлгөн фразеологиялык минимумдун түшүндүрмө сөздүгү) [Текст] / А. Осмонкулова, А.Р.Акунова. – Б., 2007. – 160 б.
3. М.Давлетов, Ж.Султангазиева, "Классикалык изилдөөлөр", 5-том, Бишкек-2017;
4. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Грамматика киргизского языка. Фрунзе. 1980.
5. Осмонова Ж, К.Конкобаев, Ш.Жапаров Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү, Б. КТМУ,2001.
6. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю. Толковый словарь русского языка – М., 2010г. Источник: http://ozhegov.textologia.ru/
7. Chingiz Aitmatov, Selected Stories, 2000, The English translation belongs to Fainna Glagoleva

***Zhoroeva A.**, docent,*
***Akmatalieva A.,** master student,*
*Osh State University*

# THE BASIC PRINCIPLES OF ICT APPLICATION IN ENGLISH CLASSROOM

**Annotation**

This article is devoted to actual problems of using basic principles of computer information technologies (CIT) in teaching English. The article talks about the benefits of KMT in effective learning, to make the teacher's classes more interesting and useful for students, in conducting tests and checking them, in organizing students' independent work, in increasing students' knowledge of the correct selection and use of information. In addition, the article contains information on the importance of assessing the quality of materials obtained from educational electronic sources, according to traditional and innovative criteria.

**Key words:** computer information technologies, multimedia, Internet resources, didactic games, educational programs, e-learning, traditional and innovative criteria.

**Аннотация**

Бул макала актуалдуу маселе болгон компьютердик маалыматтык технологияларды (КМТ) англис тилин окутууда колдонуунун негизги принциптерине арналган. Макалада КМТны колдонуунун эффективдүү сабак өтүүгө, окутуучунун ишин кызыктуу кылууга жана окуучуларга жугумдуу билим берүүгө, тесттерди алууга, текшерүүгө, өз алдынча иштерди уюштурууга, окуучулардын маалыматты туура тандоо жана колдонуу билимин арттырууга кошкон салымы тууралуу кеп болот. Мындан сырткары макалада окутуучунун электрондук булактардан алынган материалдардын сапаттуулугун салттуу жана жаңычыл критерийлерге ылайыктуу баалоосунун маанилүүлүгү тууралуу маалымат камтылат.

**Түйүндүү сөздөр:** компьютердик маалыматтык технологиялар, мультимедиа, интернет булактары, дидактикалык оюндар, окуу программалары, электрондук окуулуктар, салттуу жана инновациялык критерийлер.

Introduction. Nowadays information and communication technologies are intensely integrated into all spheres of our life, including the educational process. They are extensively used in classrooms, no school event can do without multimedia presentations, and no lesson can do without innovative educational resources.

Traditional forms of education considerably hold up behind the modern perception of information: students study the necessary material abstractly, preferring to peep the browse news on social networks during class. The practical lesson is chiefly intended at the passive material offered by the teacher, memorizing the rules without taking into account the abilities, inclinations and interests of learners. We believe that in the modern educational process it is essential to apply appealing non-standard forms of education, which allow learners to regain their lost interest in learning a foreign language.

Discussion and results. It is natural often teachers ask themselves the question: Is it really necessary for a teacher to be educated in computer technology and to improve skills in using information technology? The purposes of using information technologies at school are multiple, but the main goal is to make easy the teacher's work in all respects and, at the same time, to raise the quality of teaching to the new level d required by the modern world. Besides it using ICT in the classroom reinforces students' motivation for learning, arouse their interest to cognitive activity, assists them focus on the learning process; owing to ICT we achieve more effective and modern methods of teaching, affords an individual approach to each student without time and other costs; managing ICT makes the learning process more various and exciting and saves time on preparation for lessons and tracing learning outcomes; obviously ICT use contributes to the shaping of information literacy students and assists to attain a new level in planning and organizing the educational process. In addition, it is important to keep in mind that one of the vital tasks of today's educators is to expand students' information literacy, to teach them how to use information technology, to facilitate them acquire a style of thinking appropriate to the information society[ 2:138].

Almost any situation information technology can be used in any type of lesson and at any point in the lesson. *For.eg.* While explaining new material with the help of ICT, it is possible present to

students a new topic effectively, indicate the problem; bright multimedia presentations can accompany the speech of the teacher, illustrating it with video and audio materials, pictures, diagrams. In arranging students' independent work, information technologies allow organizing both individual and group work. In the classroom, students can search and select information, prepare creative tasks and create multimedia products. In assessment and control of learning ICTs offer the opportunity to conduct tests and independent work in a modern form (interactive online tests, quizzes) and quickly check and record the results in databases.

Келишимди токтотуу өзгөчө учурларда орундуу болууга тийиш. Бирок, келишимдин шарттарын тарап олуттуу бузган учурда, келишимди бузуунун негизги жолу, мындай баш тартууга даттануунун белгилүү бир мөөнөтүн киргизүү менен, аны аткаруудан бир тараптуу баш тартуу сунушталат. Өз кезегинде, эгерде тарап бир тараптуу баш тартууга же даттанууга болгон укугун жүзөгө ашырууда адилетсиз иш-аракет кылса, экинчи тарап зыяндын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси. 1996 8-майы № 15.Б. Академия. 2023-жылдын 11-апрелиндеги № 86 Мыйзамынын редакцияларына ылайык) II бөлүк.
2. Арабаев Ч.И... Кыргыз Республикасынын жарандык укугу. Биринчи бөлүк: Окуу куралы, 2010. - 459 б;
3. Книга Е.В. Досрочное прекращение обязательств на выполнение проектных и изыскательских работ // Вестник ПАГС. 2014. № 3 (42). С. 54-58.
4. Заменгоф З.М. Изменение и расторжение хозяйственных договоров. М., 1967.
5. Грибанов В.П. Осуществление и защита гражданских прав. М., 2000.
6. Кузнецов Д. Расторжение договора и отказ от договора в гражданском законодательстве [Электронный ресурс] // Право и экономика. 2004. № 9. Доступ из СПС «Гарант».

***Тлеубаева М.А.,*** *преподаватель*
*МНУ имени К.Ш.Токтомаматова*

# РОЛЬ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА ИНФОРМАТИКИ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

**Аннотация**

На сегодняшний день в Кыргызстане во всех школах, колледжах/училищах, высших учебных заведениях (во всех направлениях) преподается предмет информатики. В нашей стране уже на протяжении более 20 лет ведется преподавание и изучение информатики. Если в школах при преподавании предмета информатики основная ставка делается на практические занятия, то в средне-профессиональных и высших образовательных учреждениях особое внимание уделяется ни только практическим занятиям, но и теории, учитывая базовые элементы. В статье рассматриваются цели, подходы к внедрению информационно-коммуникационных технологий в общее образование, рассматриваются компетенции и ценности, необходимых развивать в процессе преподавания и изучения информационных технологий.

**Аннотация**

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда информатика предмети бардык мектептерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында (бардык багытта) окутулат. Биздин республикада 20 жылдан ашык убакыттан бери информатиканы окутуу жана үйрөнүү иштери жүргүзүлүп келет. Эгерде мектептерде информатика сабагын окутууда практикалык сабактарга негизги көңүл бурулса, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында практикалык сабактарга гана эмес, негизги элементтерди эске алуу менен теорияга да өзгөчө көңүл бурулат. Макалада жалпы билим берүү тармагына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүүнүн максаттары, ыкмалары талкууланат, маалыматтык технологияларды окутуу жана үйрөнүү процессинде калыптанышы керек болгон компетенциялар жана баалуулуктар каралат.

**Annotation**

Today in Kyrgyzstan, the subject of informatics is taught in all schools, colleges / colleges, higher educational institutions (in all directions). In our country, for more than 20 years, teaching and learning of informatics has been carried out. If in schools, when teaching the subject of informatics, the main focus is on practical classes, then in secondary vocational and higher educational institutions, special attention is paid not only to practical classes, but also to theory, taking into account the basic elements. The article discusses the goals, approaches to the introduction of information and communication technologies in general education, considers the competencies and values that need to be developed in the process of teaching and studying information technologies.

XXI век – считается веком новых информационных технологий. Соответственно современные технологии с каждым днем все больше и больше входят в систему образование, вкладывая свою долю заслуги, влияя на преподавания многих предметов и методов их преподавания.

Все это требует полной компьютеризации школ, колледжей/училищ, высших учебных заведений, для соответствия мировому требованию. К сожалению, до сих пор в нашей стране остро ощущается нехватка компьютеров в школах, особенно в сельской местности.

Несмотря на это, молодежь и их родители стремятся учится (обучать), получать образования отвечающее требованию современного рыночного труда. А на рынке труда сегодня востребованы кадры с хорошим знанием новых современных информационных технологий.

Одним из первых приоритетных направлений развития молодежи ни только нашего государства, но и администрации нашего ВУЗа - считается организация эффективного использования компьютерных технологий и сети интернет.

Цель – включение информационно-коммуникационных технологий на все этапы образовательного процесса с целью усовершенствование общего образования, через внедрение новых методов обучения используя новых информационных технологий, интерактивных методов и интернет технологий.

Вышесказанное вынуждает пересматривать заранее подготовленные учебные программы и образовательные стандарты. Нынче многие дети школьного возраста большую часть времени проводят за компьютером, планшетом, гаджетом или хотя бы за телефоном. Т.е., новое поколение детей школьного возраста в иных случаях уже в школу приходят с большим

понятием и умением пользования новых технологий. А использование интернета, мобильной связи стало привычным явлением.

Для того, что в дальнейшем обучать таких детей в первую очередь сами преподаватели должны соответствовать их знанию, проходить дополнительные курсы, повышении квалификации, производить обмен опытом и так далее. А так же принять все возможные меры включать ИКТ, ИТ (и т.д.) на все ступени образования.

Предметный стандарт по предмету «Информатика» как и другие предметы утверждается приказом министра образования и науки Кыргызской Республики со стороны каждого учебного заведения.

Сегодня новые информационные технологии, интернет технологии, играют важную роль во всех структурах страны. Повсеместно ведутся электровизация, цифровизация, систематизация. Во всех учреждениях ведутся электронный оборот информаций. Именно по этому XXI век – век новых информационных технологий.

В системе образования информационно-коммуникационные технологии в дальнейшем должны глубже проникать в процесс системы обучения и стать неотъемлемой ее частью. Преподавания курса информатики состоит их трех основных частей: поиска информации, обработка данных и передача данных. Современные методы преподавания должны включать в курс информатики всех этих трех частей для обучения школьников и студентов.

## Использованная литература:

1. Сайт Правительства Кыргыской Республики https://www.gov.kg
2. Сайт Министерство образования и науки https://edu.gov.kg/
3. Рустамов Х.Ш., Хайриев Ф.Н. Методология и особенности электронного обучения // Вопросы науки. Нет. 2020. № 9 (57). С. 69-7
4. Ахмедов Б.А. (2021). Кластерные методы развития мышления студентов информатики. Академии, 3(66), 13-14.

***Касымов Т.М.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Кабаева Р.А.***, *магистрант*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ОКУТУУДАГЫ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН МААНИСИ

**Аннотация**

Бул макала башталгыч класстардын окуучуларын окутуудагы балдар адабиятынын маанилүүлүгүнө арналган. Балдар адабияты өзүнүн кызыктуу мазмунун менен окуу техникасын арттырат, көркөм окууга үйрөтөт. Балдар адабияты жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүүгө жардам берет. Балдар адабияты курчап турган дүйнө тууралуу маанилүү булактардын бири болуп берет. Балдар адабияты коммуникативдик жөнөмдөрдү өнүктүрөт. Балдар адабияты адабий тексттерди кабыл алуу жөндөмдөрүн арттырат. Балдар адабияты окууга болгон кызыктырууну арттырат, адабият жанрлары менен тааныштырат. Балдар адабияты башталгыч класстардын окуучуларын окутууда жана тарбиялоодо зор мааниге ээ окутуу куралдарынын бири.

**Ачкыч сөздөр:** Балдар адабияты, көркөм адабият, башталгыч класстар, окуучулар, сабак, тематика, чыгарма, функция, жанр, усул.

# ЗНАЧЕНИЕ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ОБУЧЕНИИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация**

Эта статья посвящена важности детской литературы в обучении учащихся начальной школы. Детская литература своим увлекательным содержанием развивает технику чтения, учит художественному чтению. Детская литература способствует нравственному воспитанию подрастающего поколения. Детская литература является одним из важнейших источников об окружающем мире. Детская литература развивает коммуникативные навыки. Детская литература развивает навыки восприятия литературных текстов. Детская литература повышает интерес к чтению, знакомит с жанрами литературы. Детская литература-один из инструментов обучения, имеющих большое значение для обучения и воспитания учащихся начальной школы.

**Ключевые слова:** Детская литература, художественная литература, начальная школа, ученики, урок, тематика, произведение, функция, жанр, метод.

# THE IMPORTANCE OF CHILDREN'S LITERATURE IN TEACHING PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Annotation**

This article is devoted to the importance of children's literature in teaching primary school students. Children's literature develops reading techniques with its fascinating content, teaches artistic reading. Children's literature contributes to the moral education of the younger generation. Children's literature is one of the most important sources about the world around us. Children's literature develops communication skills. Children's literature develops the skills of perception of literary texts. Children's literature increases interest in reading, introduces genres of literature. Children's literature is one of the teaching tools that are of great importance for the education and upbringing of primary school students.

**Keywords:** Children's literature, Fiction, elementary school, students, lesson, subject, work, function, genre, method.

Кенже класстардын окуучуларын окутууда балдар адабиятынын маанисин ачууда эң актуалдуу суроолорго жооп берели. Сабатсыз баланы окутууга алган мугалим үчүн китеп кандай негизги мааниге ээ? Мугалим ар бир окуучусун жакшы окурман кылышы керекпи?

Мугалим үчүн китептин ролу өтө чоң. Биринчиден, балдар китеп бизге канчалык маанилүү экенин түшүнүү керек. Китепке болгон муктаждык менен жашоону байланыштырыңыз. Улуу жазуучулар менен тааныштыруу, балдарга китептин канчалык маанилүү жана улуу экенин, аны кантип сактоо жана сүйүү керектигин үйрөтүү. Тематикалык сабактардын жана көргөзмөлөрдүн мисалында балдарды окууга кызыктыруу, интригалоо жана материал менен таанышууга кызыктыруу шарттарын түзүү, андан кийин окуу техникасын жана сүйлөөнүн экспрессивдүүлүгүн практикалоо балдарга китепти түзүүгө катышууга мүмкүнчүлүк берет, балдар үчүн бул абдан кызыктуу иш.

Биз экинчи класстын окуучулары менен көп учурда кошумча уюштурабыз. Класстан тышкаркы адабияттар менен таанышуу сааттары, алар бул сабактарды абдан жакшы көрүшөт. Биз класста отурабыз, китепканадан жаңы, белгисиз китепти алып, кезек менен окуйбуз, сүрөттөрдү карап, анан талкуулайбыз, ар ким өз оюн айта алат, анан китеп боюнча чыгармачылык иш жасайбыз. Кээде биз аларга кичинекей китепти жасоого тапшырма беребиз, алар аны кылдат даярдык менен аткарышат. Алар автордун да, иллюстратордун да ролун аткарып, китебин сыймыктануу менен тартуулашат.

Китептин негизги функциялары кандай? Балдар китебинин өзгөчөлүктөрү эмнеде? Балдар китептеринин кандай түрлөрү балдарга гана багытталган? Адабияттын негизги функциялары кандай?

Ошентип, балдар адабиятынын эң маанилүү функцияларынын бири-бул функция көңүл ачуу. Ансыз башкалардын баары ойго келбейт: баланы кызыктырбай туруп, аны өнүктүрө да, тарбиялай да албайсың.

Бардык мугалимдер билим берүү функциясын эң маанилүү деп эсептешет. Эмне кылуу керек, бала бойго жеткен, бирок башында эч нерсе жок өспүрүмгө айланбасын? Албетте, ага керектүү китептерин окуп бергиле! Анткени, аларда адеп-ахлак алиппеси камтылган, алардын ичинен бала эмне жакшы, эмне жаман экенин үйрөнөт.

Анча популярдуу эмес, бирок балдар адабиятынын эстетикалык функциясы андан кем эмес: китеп чыныгы көркөм табитти ойготушу керек, бала сөз искусствосунун мыкты үлгүлөрү менен тааныштырылышы керек.

Ал эми бул учурда, албетте, чоң кишинин жана мугалимдин ролу чоң, ал баланын дүйнөлүк жана улуттук адабияттын кенчтерин түшүнүүдө жетекчинин ролун ойной алат. Ал тургай, алгач окуу үчүн арналган эместери да. Мындай тымызын жана эмоционалдык ортомчулуктун мисалын Алыкул Осмоновдун "Эки метр Эсенкул" ырында эң сонун көрсөтүлгөн:

Партасына олтурса,
Башы чыгат Эсенкул,
Бардыгынан бөлүнүп,
Чачы чыгат Эсенкул.

Катар сапка турганда,
Мойну чыгат Эсенкул,
Башкалардан коржоюп,
Бою чыгат Эсенкул.

Биздин балдар айткандай:
Эки метр Эсенкул.
Мындай шылдың болуунун,
Себептери мына бул:

Ата-энеси ээрчитип,
Окууга алып келгенде,
Биринчиге өткөндө,
Билбей калган Эсенкул.

Экинчиге келгенде,
Эки жыл калган Эсенкул,
Үчүнчүгө чыкканда,
Үч жыл калган Эсенкул.

Сая кетип далай жыл,
Ылдый болгон Эсенкул,
Окуусу өспөй, мойну өсүп,
Шыргый болгон Эсенкул.

Катуу айттым түшүнсөң,
Мени кечир Эсенкул,
Окуусу өспөй, мойну өскөн
Эки метр Эсенкул.

Балалык тажрыйба эң күчтүү, эң маанилүү! Бул маанилүү жана тескери жараян: балдар адабиятын окуп, чоңдорго жакшы балдар, алардын көйгөйлөрү жана кызыкчылыктарын түшүнө баштайт. Кээде ал чоңдорго унутулган баланы табууга жардам берет.

Балдар адабиятынын таанып-билүү функциясы талашсыз: окумуштуулар жети жашка чейин адам 70% билим алат жана 30% гана кийинки өмүр бою алат деп аныкташкан! Көркөм адабиятка карата таанып-билүү функциясы эки аспектке бөлүнөт: биринчиден, илимий-көркөм прозанын атайын жанры бар, анда адабий формада балдарга тигил же бул билимдер тартууланат. Экинчиден, таанып-билүүчүлүк багыты жок чыгармалар да баланын дүйнө, жаратылыш жана адам тууралуу билим чөйрөсүн кеңейтүүгө салым кошот.

Балдар китебинде иллюстрациялардын ролу чоң. Ошентип, мектепке чейинки балдар үчүн мисалдардын көлөмү 75% кем болбошу керек. Балдардын оюнда "китепте сүрөттөр же сүйлөшүүлөр жок болсо, анда анын кереги бар?" деген суроо болот. Эстутумдун алдыңкы түрлөрүнүн бири – көрүү. Китептин сырткы көрүнүшү бала кезинен эле анын мазмуну менен тыгыз байланышта болот. Мисалы, Тоголок Молдонун "Абышка менен кемпирдин көмөчү" жомогун сүрөттөрсүз элестетүү кыйын жана кызыксыз болуп калат. Ал тургай, бойго жеткен окурман, балдар жөнүндө сөз жок, алар анын китепти сырткы дизайны менен таанышуудан баштайт.

Балдар адабияты менен иштөөдө балдардын адабиятты кабылдоо психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске албай коюуга болбойт. Бул идентификация - адабий каарман менен идентификация. Чыныгы дүйнөсүнө өзү окуган китептердин дүйнөсүн кошуу менен окурман өзүнүн жашоосун, руханий тажрыйбасын байытат.

Көркөм адабиятты тандоодо жана кабыл алууда анын компенсациялык функциясы чоң роль ойнойт. Адам кандай китептерди жактырганынан, чыныгы чындыкта эмне жетишпей жатканын толук көрүүгө болот. Балдар, андан кийин өспүрүмдөр жана жаштар, курчап турган жашоонун жөнөкөйлүгүн жеңүүгө умтулуп, кереметти эңсеп, адегенде сыйкырдуу жомокторду, андан кийин фантазия менен фантастиканы тандашат.

Ал эми тескери процесс барбы!? Балдарга арналган китептердин ичинен биз жок дегенде экөөнү жана чоңдордун маданиятынын фактысын, илхамдын булагы, изилдөө жана талаш-тартыштын предмети деп атасак болот. Буга Кусейин Эсенкожоевдин, Бек Жылдыздын чыгармалары мисал боло алат.

Окуу деген эмне? Окуу максаттары кандай болушу мүмкүн? Кесипкөй мугалим окуу процессинин кайсы сапаттарын унутпашы керек? Окуу-бул оозеки иш-аракет, ал эми сүйлөө - бул адамдардын баарлашуусунун бир түрү, жана эң негизги түрү, аны акылдуу адам гана толук өздөштүрөт, демек, окуу – бул дагы адамдардын баарлашуусунун бир түрү. Китепти ачып, мыкты маектешти таба аласыз.

Биз ар дайым классыбыздын балдарына китеп окуу жөнүндө айтып беребиз. Алар китепти үн чыгарып окуп, сөз байлыгын көбөйтүшөт, кооз сүйлөгөндү үйрөнүшөт. Кесипкөй мугалим окуу процессинин кайсы сапаттарын унутпашы керек? Туура окулуп жаткан нерсе көркөм ыргагы аныкталат. Окууну түшүнүүнү шарттаган нерсе - окуу ылдамдыгы. Мындай ылдамдык убакыт бирдигинде окулган басма белгилеринин саны менен өлчөнөт.

Акыркы мезгилдеги усулдук адабиятта окуу аң-сезими автордун ниетин түшүнүү, бул долбоорду ишке ашырууга жардам берген көркөм каражаттарды билүү жана окууга болгон

өз мамилесин түшүнүү катары каралат. Экспрессивдүүлүк - оозеки тил аркылуу угуучуларга чыгарманын негизги идеясын жана ага болгон өз мамилесин жеткире билүү.

Бардык аталган сапаттар бири-бири менен байланышкан жана өз ара шартталган. Графикалык белгилердин туура айтылышы болбосо, тексттин айрым бирдиктерин түшүнүү мүмкүн эмес, ар бир бирдиктин маанисин түшүндүрбөстөн, алардын байланышын түшүнүү мүмкүн эмес, ал эми тексттин айрым компоненттеринин ички байланышы болбосо, чыгарманын идеясын түшүнүү болбойт.

Өз кезегинде, чыгарманын жалпы маанисин түшүнүү анын айрым элементтеринин туура окулушуна жардам берет, ал эми текстти туура окуу жана түшүнүү окуунун экспрессивдүүлүгүнө негиз болот. Эркин сүйлөө, окуу темпи болгондуктан, белгилүү бир шарттарда экспрессивдүүлүктүн каражаты болуп калат. Демек, кесипкөй мугалим окурмандын даярдыгы бир эле учурда окуу чеберчилигинин бардык төрт сапаты боюнча иштөө менен курулушу керектигин так түшүнүшү керек. Бул ыкма сабаттуулук мезгилинде ишке ашырылып жатат.

Жалпылап айтсак, балдар адабияты өзүнүн кызыктуу мазмунун менен окуу техникасын арттырат, көркөм окууга үйрөтөт. Балдар адабияты жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүүгө жардам берет. Балдар адабияты курчап турган дүйнө тууралуу маанилүү булактардын бири болуп берет. Балдар адабияты коммуникативдик жөнөмдөрдү өнүктүрөт. Балдар адабияты адабий тексттерди кабыл алуу жөндөмдөрүн арттырат. Балдар адабияты окууга болгон кызыктырууну арттырат, адабият жанрлары менен тааныштырат. Балдар адабияты башталгыч класстардын окуучуларын окутууда жана тарбиялоодо зор мааниге ээ окутуу куралдарынын бири.

## Колдонулган адабият

1. Жолдошбаев А.С., Паязова А.М. Балдар адабияты жана көркөм окуу. Жалал-Абад, 2018.
2. Жолдошбаев А.С. Мамбеталиева Г.М. Детская литература и выразительное чтение. Жалал-Абад, 2019.
3. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. Бишкек, 1991.
4. Осмонов А. Түлкү менен каздар. Бишкек, 2015.

***Касымов Т.М.,*** *ага окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*
***Кабаева Р.А.,*** *магистрант,*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН КӨРКӨМ ОКУУСУ ЖӨНҮНДӨ

**Негизги мазмуну**

Бул макалада мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдардын көркөм окуусунун бир катар маселелери каралган. Көркөм окуу – балдарга оозеки кепти көркөмдөө каражаттары, усулдары жана ыкмалары менен таанытат, оозеки кептин көрктүүлүгүн, уккулуктуулугун жана мукамдуулугун кантип камсыздоого болот экендигин үйрөтөт. Кайсы бир адабий чыгарманы окуу, баяндоо – абдан баалуу дидактикалык ыкма. Ошол ыкманын натыйжалуулугун көркөм окуу камсыз кылат.

**Ачкыч сөздөр:** көркөм окуу, балдар, окуучулар, мугалим, мектеп, китеп, ыр, аңгеме, жомок, текст, интонация, тембр, мимика, окуу техникасы.

# О ВЫРАЗИТЕЛЬНОМ ЧТЕНИИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО И ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются вопросы выразительного чтения детей дошкольного и школьного возраста. Выразительное чтение-знакомит детей со средствами, методами и приемами изобразительного искусства устной речи, учит, как обеспечить красоту, слышимость устной речи. Чтение, повествование любого литературного произведения – очень ценный дидактический метод. Эффективность этого метода обеспечивает художественное чтение.

**Ключевые слова:** выразительное чтение, дети, ученики, учитель, школа, книга, стихи, рассказ, сказка, текст, интонация, тембр, мимика, техника чтения.

# ABOUT EXPRESSIVE READING OF PRESCHOOL AND SCHOOL-AGE CHILDREN

**Annotation**

This article discusses the issues of expressive reading of preschool and school-age children. Expressive reading-introduces children to the means, methods and techniques of the visual art of oral speech, teaches how to ensure the beauty, audibility of oral speech. Reading, narration of any literary work is a very valuable didactic method. The effectiveness of this method ensures artistic reading.

**Keywords:** expressive reading, children, students, teacher, school, book, poems, story, fairy tale, text, intonation, timbre, facial expressions, reading technique.

Көркөм окуу – өзгөчө чеберчилик. Мүмкүн болсо, бул чеберчиликке эрте жаштан үйрөнүш керек. Кичинекей балдар ата-энеси билген ырын баштаары менен сүйүнүп аягына чейин өздөрү толук айтууга аракеттенгенин баарыбыз билебиз. Ырды жаттоо кичинекей бала үчүн мажбур түрдө болбошу керек. Ырды жаттоо баланын ата-энеси, тарбиячылары тарабынан оюн түрүндө сунушталуусу зарыл: жаңы, кызыктуу, сонун нерсе катары. Муну менен баланын көңүл буруусу, эске тутуусу, тили өнүгөт. Ата-энеси, тарбиячылар эмоционалдык түрдө балага эс алып отурганда, көчөдө сейилдеп жүргөндө, көңүлүн алам дегенде ыр айтып беришсе, бала кызыгып угат, таң калат, аркасынан кайталайт жана ырды кайталоо менен өзүнө сүйүнөт. Көркөм окуу мектепке чейинки жаштагы балдарга жана алардын ата-энесине, тарбиячыларына эстетикалык рахаттанууну алып келет. Ырды айтып берүү, жаттоо – чындыгында абдан жагымдуу нерсе.

Кичинекей балдар ырларды алардын ритмине, т.а. ыргагына, ылайык оңой жатташат, эстеп калышат. Ырды жаттоо аракеттери бир нече баскычтардан турат. Ал баскычтар адамдын жеке мүнөздөрүнө ылайык аткарылат. Эс тутуму жакшы адамдар ырды бир нече жолу окугандан кийин эле эстеп калышат.

Ырларды окуп берүүдө, жаттатууда ата-энелер жана тарбиячылар төмөнкү тартиптеги талаптарды аткаруусу зарыл:

1. Текст менен таанышуу. Текстти 3-5 жолу окуп чыгуу. Аталышына көңүл буруу. Ар бир саптын маанисине көңүл буруу. Шашпай окуп чыгып, туура паузаларды кармануу жана ар бир сөздү, ар бир тыбышты сезүү. Белгилүү саптарда эмоционалдык чыңалууну сезүү. Чыгарманын сюжетине көңүл буруу, логикалык байланыштарды аңдоо. Логикалык паузаларды белгилөө. Ар бир үтүрдөн кийин кыска паузаларды кылуу. Чекит жана көп чекиттерден кийин паузаны бир аз узартуу. Психологиялык жактан маанилүү жерлерин белгилөө максатында ошол сүйлөмдөрдүн алдында же алардан кийин паузаны кармоо. Ырдын жазылышынын максатын билиш үчүн анын тарыхы менен алдын ала таанышуу. Муну менен биз ырдагы элестерди автор менен бирге туура чагылдыра алабыз. Ырдын каармандарынын кыймыл-аракетин, алардын себебин, ырдагы сезимдерди алдын ала аныктоо зарыл.

2. Ырды аны менен таанышуудан пайда болгон сезимдер менен окуңуздар: каармандарды, көркөм элестерди, ырдын мүнөзүн так чагылдыруу максатында.

3. Ырды балдарга окуп берүүдөн, айтаардан мурун сиздер чыгарманын мазмунун түшүнө алдыңыздарбы? Сиздердин жана автордун сезимдери туура келдиби? – деген суроолорго жооп табуу зарыл.

4. Ырды жакындарыңыздарга окуп бериңиздер. Алар да окуп беришсин. Анткени, сиздер жана алар окуган саптарда кандай айырмалар бар экенин аныктоо менен ырдын туура ыңгайын табуу абзел.

5. Ырды бир нече бөлүккө бөлүү зарыл. Анткени, ырды бөлүктөрү боюнча жаттоо оңой болот.

6. Ырды так, уккулуктуу, сезимдер менен айтканга жетишкенче жаттоо зарыл.

7. Ырды көркөм окуу талаптарына ылайык айтуу зарыл: туура демде, тийиштүү паузалар менен, шашылбай, аптыкпай. Туура эмес дем, шашылуу, аптыгуу – үнүңүздөрдү, ырдын ыргагын бузушат.

Көркөм окууда интонация, тембр, мимика, кол жаңсоолор деген нерселерди эске алуу абдан маанилүү, алар көркөм окууга кошумча эмоциялык көрк беришет.

Интонация - латынча үндү бийик чыгарып сүйлөө; кептин ыргактык- обондук жагы, үндүн жогорулап-төмөндөп турушу; сөздү сүйлөөнүн ыңгайы, т.а. сүйлөгөндүн сөз болуп жаткан нерсеге сезимин, мамилесин үн менен билдирүүсү.

Тембр – французча үндүн добушунун мүнөзү, негизги үнгө коштолуучу обертондордон көз каранды болот (обертон – немисче үндүн кошумча басымдары). Интонация жана тембр көркөм окуунун абдан маанилүү каражаттары. Автордун сезимдерин үндүн тембри менен көрсөтүүгө аракет кылыңыздар. Ырдагы автордун сөзүн интонация көрсөтөт (үндүн жогорулашы, төмөндөшү менен). Текстти угармандарга туура жеткирүү үчүн окурман аны өзүнө сиңирүүсү зарыл.

Мимика (ымдоолор) жана кол жаңсоолор. Көркөм окуунун бул кыймыл-аракеттик каражаттары интонация жана тембр менен биргеликте угармандардын көңүлүн бурдурганга жардам беришет. Мимика чыгарманын авторунун жана аны тартуулап жаткан окурмандын чыгармадагы окуяларга болгон мамилесин коштоп туруусу зарыл. Туура эмес же ашыкча мимика угармандарда ыргылжың абалды пайда кылып, чыгармадан алаксытат. Мимика үн, сезим деген нерселер менен бир ыргакта кетүүсү зарыл. Беттин, жүздүн кыймыл-аракети, оюну – актёрдук чеберчилик. Бир эле мезгилде үнгө, мимикага басым кылуу оңой аракеттерден эмес. Чыгарманы окуп жаткан адамдын кол жаңсоолору да текстке ылайык болушу керек. Ашыкча кол жаңсоолор чыгарманын маанисине карама-каршы келип, мазмунун өзгөртүп, көркөм окуу жараянын маскарапоздукка айландырып жибериши мүмкүн.

Мектепке чейинки курактагы балдар ыр менен бирге кара сөз менен жазылган жомокторду, аңгемелерди да абдан жакшы көрүшөт. Көңүлүнө жаккандарын бир нече ирет кайталап окуп берүүсүн суранышат. Улам кийинки айтып берүүдө эмоциялык коштоолордун

сапаттуулугун, туруктуулугун талап кылышат. Мындайда ата-энелер, тарбиячылар балдардын өтүнүчүн аткарып берүүгө мажбур, бирок, алар менен бирге жаңы жомокторду, аңгемелерди айтып берүүсүн унутпасын. Анткени, балдардын дүйнө таанымы мындан ары да өнүгүүсү абзел, жаңы кызыгууларды туудуруу зарыл. Жогоруда айтылып кеткен талаптар жомокторго, аңгемелерге да туура келишет.

Көркөм окуу – ата-эненин, тарбиячынын жана балдардын биргелешкен мээнетинен жаралуучу ишмердик. Ата-эне, тарбиячылар балдардын көркөм окуу жөндөмдүүлүгүн ырааттуу тарбиялоосу зарыл. Ата-эне, тарбиячылар балдарга өз убагында адабият дүйнөсүнүн, китеп дүйнөсүнүн кереметтүүлүгүн ачып берүүгө милдеттүү. Жогорудагы талаптарды аткаруу менен биз баланы туура, так, мазмундуу, көркөм сүйлөөгө үйрөтөбүз. Сөздүн тактыгы менен ойдун тактыгы удаа болушат.

Мектепте көркөм окуу биринчи класстан башталып, он биринчи класска чейин уланат. Орто мектептин 5-8 класстарында окуучулар ар кандай жанрдагы чыгармаларды окуунун өзгөчөлүктөрү менен, окуу чеберчилиги жана теориясы менен таанышып, класстан класска өтүүдө окуу чеберчилигин арттырышат. Көркөм окуу эне тил сабагынан башталып, адабий окуу, адабият сабактарында улантылат жана бышыкталат. Мындан сырткары, көркөм окуу чеберчилиги атайын ийримдерде өнүктүрүлөт (сахналык чеберчилик ийриминде, адабий ийримде ж.у.с.). Бирок, мугалим ар бир сабакта туура жана так сүйлөө, көркөм окуу иштерин такай тартипте жүргүзүп келет.

Текстти окуу төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт жана төмөнкү багыттарда жүргүзүлөт:

-окуу техникасынын үстүндө иштөө (окуу ылдамдыгы, темпи, окуу динамикасы ж.у.с.);

-чыгарманын мазмуну жана маанисин түшүнүү үстүндө иштөө.

Мугалимдердин текстти окуп берүүсү. Окуучуларды текст менен таанышып чыгуусун суранаардан жана текстти көркөм окууну баштоодон мурун мугалим текстти өзү окуп берип, текст тууралуу өзүнүн түшүнүгүн билдирүүсү керек. Албетте, мындан кийин окуучулар өздөрү текст менен таанышууга, өз алдынча түшүнүүгө, текстти өздөрүнүн түшүнүгү менен сунуштоого туура келет. Бирок, мугалимдин текстти окуп бериши - кийинки сабактарга жакшы үлгү жана түрткү берет. Муну менен бирге, тийиштүү сабактарда окула турган чыгармалардын тексттерин автордун же атайын мыкты окуп берүүчүлөрдүн аудио жазууларын угузуп берсе болот. Мындай аудио жазуулар бүгүнкү күндө Интернетте кеңири.

Сүйлөө, айтуу жана эстөө жөндөмдүүлүгү үстүндө иш алып баруу. Мугалим ар дайым окуучулардын сөздөрдү, тыбыштарды туура кабыл алуусуна, сүйлөө-айтуусуна тийиштүү көңүл буруп, байкоого алуусу зарыл. Тексттердин угумдуулугу табигый мүнөздө болушу үчүн мугалим, окуучу аны жаттап, эстеп калыш керек. Ушул себеп менен мугалим өзүнүн, балдардын эс тутуму үстүндө иштеп, аны жакшыртып, текстти эстеп калуу ыкмаларын көрсөтүшү керек.

Текстти мазмуну боюнча талдоо. Окуучуга түшүнүктүү, мазмуну боюнча жакын чыгарманын үзүндүсүн тандайбыз. Ошол үзүндүнү окуучуга үндү чыгарып көркөм түрдө окуп беребиз. Андан соң окуучудан бул текстте эмне жөнүндө айтылып жаткандыгын, бул текст кандай маанайда экендигин суроо керек. Мүмкүн болушунча мугалим окуп берген текстте интонациялар бир-эки ирет алмашуусу зарыл. Окуучу интонациялардын алмашканын байкап калышы керек. Муну менен окуучу мугалимдин, тексттин үлгүсүндө көркөм окуу чеберчилигин аңдайт. Мугалим окуучуга чыгарманын каармандары тууралуу, ал каармандардын сезимдеринин абалы тууралуу суроо бериши зарыл. Көркөм окуунун натыйжасында окуучулар окулган текстти туура түшүнүшүп, эмоционалдык түрдө туура кабыл алышат. Көркөм окуунун биринчи сабактары кызыктуу балдар ырлары, балдар жөнүндө ырлар темасында жүргүзүлсө, анда окуучулардын кабыл алуусу үчүн абдан ыңгайлуу болот. Ушундай ырлардын мисалында окуучулар чыгармаларды, тексттерди көркөмдөтүп окууга оңой үйрөнүшөт.

Көркөм окууга киришүү. Чыгарманын, тексттин мазмунун жогоруда айткандай талдагандан кийин окуучуга текстти көркөмдөп окуп берүүнү сунуштайбыз. Ал окугандан кийин мугалим окуп бериши керек. Салыштыруудан натыйжасы чыгарылат. Соңунда

окуучуну мактап коюуну унутпайбыз жана ошол эле мезгилде бир аз кемчиликтерин белгилеп кетебиз. Сунушталган, тааныша турган текстти мугалим окуучу менен бирге интонациянын ар кандай ыңгайларында окуп көрүшү да керек. Бир нече ирет кайталоолордон кийин көркөм окуу сабагынын төмөнкү натыйжалары чыгарылат:

-биз бүгүн көркөм окууну үйрөнүүдө тексттин маанайын туура аныктоо зарыл экендигин билдик;

-үндү чыгарып окууда биз ошол маанайды угармандарга туура жеткире алышыбыз керек.

Көркөм окуу боюнча кийинки сабактарда башталгыч класстардын мугалими ийгиликке жетишүү максатында сабагын мурункудан кызыктуу өткөрүшү зарыл. Мисалы, кайсы бир ырды же монологду мультфильмдин же көркөм фильмдин каарманы сыяктуу окуп берсе, анда ошол ыр же монолог башталгыч класстардын окуучулары үчүн абдан кызыктуу болот. Бул идея балдарды кызыктырат, сүйүнтөт жана көркөм окууда интонациялардын түрдүүлүгү менен тааныштырат, актёрдук чыгармачылыктын негиздеринен кабар берет.

Ушул нукта балдарга үй тапшырмасы иретинде атайын дептер ачтырып коюу пайдалуу болот. Ал дептерге балдар окулган чыгармадан же тексттен келип чыккан, пайда болгон маанайын, оюн, байкоолорун, талдоолорун жазышат.

Окуучуларды көркөм окууга үйрөтүүдө тексттеги негизги сөздөр тууралуу. Тексттин мазмунун камтыган негизги сөздөрдү аныктоо, бөлүп чыгаруу маселеси кенже класстардын окуучулары үчүн кыйындыкка турат. Аларга жардам берүү үчүн мугалим тексттин белгилүү бир бөлүгүн окуп берүүдө, текст менен тааныштырууда негизги сөздөрдү баса белгилеп туруусу зарыл. Тексттин кайсы бир бөлүгүн окуп жатып бул жерде кайсы сөз мазмуну боюнча негизги экендигин сурап коюш керек. Окуучу тексттин ошол бөлүгүн окуп жатканында ага негизги сөздү баса белгилеп кетүүсүн сунуштайбыз. Негизги сөздөрдү аныктоо, текст мазмунун ачууда маанисин туюу - сөз чеберчилигин тарбиялайт, угармандардын көңүлүн тартат, кеп максатынын ажарын ачат.

Көркөм окуу сабактарынан алынган көндүмдөрдү текшерүү. Көркөм окуу сабактарынан алынган көндүмдөрдү текшерүүнүн эң жакшы жолу – кайсы бир чыгарманы класста же театралдык ийримде сахналаштыруу. Сахналаштырууну уюштуруу үчүн балдарга кызыктуу пьесаны же ролдорго бөлүштүрүп аткаруу үчүн ыр түрүндөгү чыгарманы тандоо зарыл. Класстагы бардык окуучуларга ролдорду берип, сахналаштыруу оюнуна тегиз катыштырууга аракет кылыш керек. Каармандардын сөздөрүн көркөм окууну сиңдирүү үчүн сахналаштыруунун ар кандай ыңгайларын тандаңыздар. Сахналаштыруу оюнунун натыйжасында окуучулардын көркөм окуу көндүмдөрү бышыкталат, балдардын көркөм окууга кызыгуулары артат. Балдар сахналаштырылган оюндарды абдан жакшы көрүшөт, сүйүнүп катышат.

Жогоруда айтып кеткендей, көркөм окуу – өзгөчө чеберчилик, балдар адабиятынын мазмунун, ажарын ача турган каражат, усул, ыкмалар жыйындысы. Ошол себеп менен көркөм окуу чеберчилиги да тийиштүү окуп-таанууну талап кылат.

## Колдонулган адабият жана булактар:


1. Жолдошбаев А.С. Паязова А.М. Балдар адабияты жана көркөм окуу: окуу колдонмосу, Жалал-Абад, 2018.-116 б.
2. Жолдошбаев А.С., Мамбеталиева Г.М. Детская литература и выразительное чтение: учебное пособие. Жалал-Абад, 2019.-120 с.
3. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: Кыргыз акын-жазуучуларынын балдарга арнап жазган чыгармаларынын негизинде түзүлгөн хрестоматия: 1-бөлүк, поэзия. Б.: “Бийиктик плюс”, 2016.-512 б.
4. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: Кыргыз акын-жазуучуларынын балдарга арнап жазган чыгармаларынын негизинде түзүлгөн хрестоматия: 2-бөлүк, поэзия. Б.: “Бийиктик плюс”, 2016.-512 б.

***Бакытбекова М.Б.,*** *окутуучу*
*К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ*

# KONUK EVLERİNİN SÜRDÜRÜLEBİLİR TURİZME ETKİSİ; CALAL-ABAD ÖRNEĞİNDE

**Özet**

Günümüzde turizmin sürdürülebilirliği, bölgenin doğal kaynaklarının, kültürel mirasının ve sosyal istikrarının korunmasını sağlamak için öncelikli bir kalkınma yönü haline gelmektedir. Bu çalışma sürdürülebilir turizmin desteklenmesinde bölgedeki konuk evlerinin rolüne odaklanmaktadır. Çalışma, konuk evlerinin çevresel, sosyokültürel ve ekonomik açıdan etkilerini analiz ederek sürdürülebilir turizm deneyimleri yaratmaya katkısını değerlendirmektedir. Konaklama işletmelerinin çevresel performanslarını iyileştirmek, sosyo-kültürel girişimlerde bulunmak ve bölgenin ekonomik kalkınmasına katkıda bulunmak amacıyla alabilecekleri önlemler tartışılmaktadır. Çalışmanın sonuçları, turizmin ve bir bütün olarak bölgenin sürdürülebilir kalkınmasına katkıda bulunan işletmelerin gelişme stratejisinde önemli bilgileri sağlar.

**Anahtar kelimeler:** Calal-Abad, sürdürülebilir turizm, konuk evi.

# IMPACT OF GUEST HOUSES ON SUSTAINABLE TOURISM; IN THE CASE OF CALAL-ABAD

**Abstract**

Today, the sustainability of tourism is becoming a priority development direction to ensure the preservation of the region's natural resources, cultural heritage and social stability. This study focuses on the role of guest houses in the region in supporting sustainable tourism. The study evaluates the contribution of guest houses to creating sustainable tourism experiences by analyzing their environmental, sociocultural and economic impacts. Measures that accommodation establishments can take to improve their environmental performance, take socio-cultural initiatives and contribute to the economic development of the region are discussed. The results of the study provide important information in the development strategy of enterprises contributing to the sustainable development of tourism and the region as a whole.

**Key words:** Calal-Abad, sustainable tourism, guest house.

Sürdürülebilir turizm, çevresel, sosyal ve ekonomik etkileri göz önünde bulundurarak turizm faaliyetlerini sürdürülebilir bir şekilde yönetme amacını taşır. Bu yaklaşım, doğal kaynakları koruma, yerel kültürleri destekleme ve toplulukları etkileme konularında dengeli bir turizm modelini benimser. Sürdürülebilir turizm unsurlarını işletmelerde uygulayarak işletmelerininin gelişmesine ve uzun dönem hayatta kalmasına aşağıdaki adımlara önem verilmelidir:

**Çevre Dostu Uygulamalar:** Turistik yerlerde ve konaklama birimlerinde enerji ve su tasarrufu sağlamak, atık yönetimini geliştirmek ve çevre dostu uygulamaları teşvik etmek.

**Yerel Ekonomiyi Destekleme:** Yerel işletmeleri ve ürünleri desteklemek, yerel halka ekonomik fayda sağlamak ve turizm gelirinin toplulukla paylaşılmasını sağlamak.

**Kültürel ve Doğal Mirası Koruma:** Turistik yerlerde kültürel ve doğal mirası koruma çabalarını desteklemek, turistlere bu konuda bilgi vermek ve saygılı davranışları teşvik etmek.

**Topluluk Katılımı:** Yerel toplulukların turizm yönetimine katılımını sağlamak, onların görüşlerini almak ve sürdürülebilir turizm politikalarını birlikte oluşturmak.

**Eğitim ve Farkındalık:** Hem turistlere hem de yerel halka sürdürülebilir turizm konularında eğitim vermek, bilinç oluşturmak ve sürdürülebilir turizme yönelik farkındalığı artırmak.

**Ulaşımı ve Altyapıyı İyileştirme:** Turistik bölgelere erişimi kolaylaştırmak için sürdürülebilir ulaşım modlarına ve altyapı geliştirmeye odaklanmak.

**Sürdürülebilir İş Modelleri:** Turizm işletmelerinin sürdürülebilir iş modellerini benimsemelerini teşvik etmek, karlılığın uzun vadeli sürdürülebilirlikle uyumlu olmasını sağlamak.

Bu adımlar, sürdürülebilir turizmin teşvik edilmesine ve daha dengeli bir turizm modelinin oluşturulmasına yardımcı olabilir.

Günümüzde zaman talebi olan eko ve etno turizmle beraber geceleme için turistlerin isteklerinden biri konuk evleridir. Konuk evleri, genellikle turistlere konaklama imkanı sunan küçük işletmelerdir. Bu tesisler otellerden farklı yapan özelliği daha kişisel ve sıcak bir atmosfer sunar. Konuk evleri, ev sahiplerinin evlerini veya özel mülklerini konuklara kiralamalarıyla işleyebilir. Bu

tür konaklama yerleri, genellikle daha yerel ve özgün bir deneyim sunma amacı taşırlar. Misafirlere ev ortamında konaklama, kişisel ilgi ve daha sıcak bir atmosfer sunarak farklı bir seyahat deneyimi sağlama eğilimindedirler.

Konuk evleri, sürdürülebilir turizmin gelişiminde önemli bir rol oynar. Çünkü bu tesisler genellikle yerel toplulukları destekler, çevreye duyarlı uygulamalar benimser ve kültürel etkileşimleri teşvik eder. Konuk evleri, sürdürülebilir turizmin temel prensiplerini uygulayarak, doğal kaynakların korunmasına katkıda bulunur ve yerel ekonomiye olumlu etkiler sağlar. Aynı zamanda, konuk evleri misafirlerine çevre dostu seçenekler sunarak bilinçli turizmi teşvik eder.

Konuk evleri sürdürülebilir olabilmek için şu önlemleri alabilir:

**Çevresel Duyarlılık:** Enerji ve su tasarrufu sağlamak için yenilenebilir enerji kaynaklarını kullanma, atık yönetimini geliştirme ve doğal kaynakları koruma amacıyla çevre dostu uygulamalar benimseme.

**Yerel Topluluk Katılımı:** Yerel toplulukları destekleme, yerel halkın ekonomik fayda sağlamasını teşvik etme ve kültürel etkileşimi teşvik ederek yerel kültürleri koruma.

**Sosyal Sorumluluk:** Adil çalışma şartlarına uyum, yerel işe alımları teşvik etme, cinsiyet eşitliğini destekleme gibi sosyal sorumluluk projelerine katılım.

**Misafir Bilincini Artırma:** Misafirlere çevresel ve sosyal sorumlulukları anlatan bilgi sunma, yerel kültür ve doğal çevre konusunda farkındalık oluşturma.

**Eğitim ve Yetenek Geliştirme:** Personeli sürdürülebilir turizm konusunda eğitme, çevre dostu uygulamalara adapte olmalarını sağlama.

**Sürdürülebilir Gıda ve Malzeme Kullanımı:** Yerel ürünleri tercih etme, çiftçilere destek olma ve tek kullanımlık malzemeleri en aza indirgeme. Bu önlemler, konuk evlerinin sürdürülebilir turizm ilkelerini benimsemesine ve uygulamasına yardımcı olabilir.

Bu unsurlar, konuk evlerinin sürdürülebilir bir iş modeli oluşturmasına katkıda bulunabilir. Bu sayede hem çevresel etkiler azaltılır, hem de yerel topluluk ve misafirlerle daha pozitif bir etkileşim sağlanabilir.

Şimdilik sürdürülebilir turizmi geliştirme ve uygulama sistemi uluslararası Travelife organizasyonu ele almaktadır. Travelife Sürdürülebilirlik Sistemi 2007 yılında oluşturuldu. Bu, turizmin ve turizm endüstrisinin sürdürülebilir gelişimini teşvik etmeye adanmış bir girişimdir. Girişim, İngiliz Turizm Birliği (ABTA) ve Hollanda merkezli kar amacı gütmeyen bir kuruluş olan Avrupa Eko ve Tarım Turizmi Merkezi (ECEAT) - Projeler tarafından ortaklaşa yönetiliyor. Travelife, turizm endüstrisinde sürdürülebilirlik prensiplerini benimsemeyi amaçlayan bir projedir. Travelife, seyahat acenteleri, oteller ve diğer konaklama tesisleri gibi turizm işletmelerine sürdürülebilir turizm standartlarını uygulama konusunda rehberlik eder ve belgelendirme sağlar.

Travelife Sürdürülebilir Projesi, çevresel, sosyal ve ekonomik etkileri değerlendiren bir dizi kriter içerir. İşletmeler, bu kriterlere uygunluk sağlamak için çeşitli çabalar göstermelidir. Örneğin, enerji ve su tasarrufu, atık yönetimi, doğal kaynak koruma, yerel topluluklara katkıda bulunma, sosyal sorumluluk projelerine katılım gibi alanlarda standartları karşılamak için çaba gösterirler.

Travelife belgesi, bir işletmenin sürdürülebilir turizm standartlarına uygunluk düzeyini gösteren bir işaret olabilir. Seyahat edenler, bu belgeyi gördüklerinde o işletmenin çeşitli sürdürülebilirlik kriterlerini benimsemeye çalıştığını anlayabilirler. Bu, turistlerin daha sürdürülebilir seyahat seçeneklerini tercih etmelerine ve bu yönde bir talep oluşturmalarına katkıda bulunabilir.

Travelife sürdürülebilir Turizm Kriterleri, konuk evleri gibi turizm işletmeleri için de geçerli olan bir dizi standart belirler. Bu kriterler genellikle çevresel, sosyal ve ekonomik sürdürülebilirlik alanlarını kapsar. Ancak, bu kriterler zaman içinde güncellenebilir, bu nedenle en güncel bilgileri Travelife'nin resmi kaynaklarından almanız önemlidir.

Ancak, genel olarak, Travelife Sürdürülebilir Konuk Evi Kriterleri şunları içerebilir:

**Çevresel Performans:**

Enerji verimliliği ve kullanımı

Su yönetimi ve tasarrufu

Atık yönetimi ve geri dönüşüm uygulamaları

Doğal kaynakların korunması

**Topluluk Katılımı:**

Yerel topluluklara sosyal ve ekonomik katkılar

İnsan haklarına saygı

Kültürel mirası koruma ve teşvik etme

**Yönetim ve İşletme:**

Sürdürülebilirlik politikaları ve stratejileri

Personel eğitimi ve iş sağlığı güvenliği

Misafir bilgilendirme ve eğitimi

Travelife belgesi almak isteyen konuk evleri, bu kriterlere uygunluğu kanıtlamak ve sürdürülebilir turizm standartlarını karşılamak için belirli süreçlere tabi tutulurlar. Bu belge, işletmenin sürdürülebilir turizme olan taahhüdünü ve başarılı bir şekilde bu standartları karşıladığını gösterir. Ancak, belgenin alınması ve korunması sürekli bir çaba gerektirir.

Kırgızistan'da son yıllarda ekonominin bir dalı olan turizmi geliştirmek için yeterli çabalar yapılmaktadır. Ayrıca Calal-Abad bölgesinde bir çok işler yapılmaktadır. Devlet memurlar, Destinasyon Calal-Abad turistik organizasyonu ve turistik işletmeler (onun içinde konuk evleri de bulunmaktadır) hep birlikte bölgenin sürdürülebilir turizm gelişme stratejisi üzerinde çalışmaktadırlar. 2023 yılında Travelife sisteminin kriterlerini tamamlayarak Destinasyon Calal-Abad turistik organizasyonu Sürdürülebilir bir organizasyon belgesini kazandı. Bundan sonra bu belgeyle organizasyon üyeleri olan konuk evlerini sürdürülebilir yönetim modelini kurmada, turizmi geliştirmekle beraber çevreyi korumada yol ışığı görevini yapacaktır.

## Kaynakça;

1. Metin Kozak, 2020 Sürdürülebilir Turizm, Detay Yayıncılık, Ankara .
2. Дудашвили С.Д. Туристические ресурсы Кыргызстана. Бишкек, 2004.
3. John Swarbrooke,2000 , Sustainable Tourism Management, CABI Publishing, UK,P.13
4. KOZAK, N, Otel İşletmeciliği, 2008, 2.Baskı,Detay Yayıncılık,Ankara
5. GÜRBÜZ.A, Turizmin sosyal çevreye etkisi üzerine bir araştırma, *Teknoloji*, Yıl 5, (2002), Sayı 1-2, 49-59
6. KOZAK, N, Genel Turizm, 2012, 2.Baskı,Detay Yayıncılık, Ankara

## İnternet Aktarmalar;

1. https://www.travelife.info/index_new.php?menu=about_travelife&lang=ru
2. https://jalal-abad.com/
3. https://www.abta.com/
4. http://www.eceat.org/
5. https://www.unwto.org/
6. https://www.helvetas.org/ru/kyrgyzstan/how-you-can-help/follow-us/press-releases/GRINTUR-Ustoychivyy-turizm-v-Kyrgyzstane-povyshaet-tverdost-duha-lyudey-i-ustoychivost-prirody_pressrelease_7913
7. https://www.gov.kg/ru/p/sustainable_development

***Омошев Т.Т.,*** *к.п.н., профессор*
*МНУ имени К.Ш.Токтомаматова*
***Сулайманова Д.К.,*** *к.э.н., доцент*
*МНУ имени К.Ш.Токтомаматова*

# ОПТИМИЗАЦИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОГО РОСТА ПОКАЗАТЕЛЕЙ СУБЪЕКТОВ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА РЕГИОНА

**Аннотация**

В статье рассмотрены вопросы функционирования экономических процессов аграрного сектора в современных условиях. А также даны анализы (за 2014-2018 гг.) состояния сельского хозяйства Кыргызской Республики: темпы роста физического объема продукции сельского хозяйства, охоты и лесного хозяйства; доля посевных площадей сельскохозяйственных культур по всем категориям хозяйств; удельный вес сельского хозяйства, лесного хозяйства и рыболовства. Рассмотрены приоритетные вопросы по решению аграрных проблем и перспективы развития сельского хозяйства Кыргызской Республики.

**Ключевые слова:** аграрный сектор, сельское хозяйство, развитие, перспектива, производство, продукция, повышения, растениеводство, животноводство, рынок, оптимизация.

# РЕГИОНДОГУ АЙЫЛ ЧАРБА СУБЪЕКТТЕРИНИН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШҮН ОПТИМАЛДАШТЫРУУ

**Аннотация**

Макалада азыркы шарттарда айыл чарба тармагындагы экономикалык процесстердин иштеши талкууланат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын абалына талдоо (2014-2018-жылдар үчүн) берилген: айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын физикалык көлөмүнүн өсүү темпи; чарбалардын бардык категориялары учун айыл чарба есумдуктерунун айдоо аянттарынын улушу; айыл, токой жана балык чарбасынын үлүшү. Айыл чарба проблемаларын чечүүнүн артыкчылыктуу маселелери жана Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн перспективалары каралды.

Негизги сөздөр: айыл чарба сектору, айыл чарбасы, өнүгүү, перспективалар, өндүрүш, продукция, өсүш, өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы, рынок, оптималдаштыруу.

# OPTIMIZATION OF ECONOMIC GROWTH INDICATORS OF AGRICULTURAL ENTITIES IN THE REGION

**Annotation**

The article discusses the functioning of economic processes in the agricultural sector in modern conditions. And also analyzes (for 2014-2018) of the state of agriculture of the Kyrgyz Republic are given: the growth rate of the physical volume of agricultural, hunting and forestry products; share of sown areas of agricultural crops for all categories of farms; share of agriculture, forestry and fisheries. Priority issues for solving agricultural problems and prospects for the development of agriculture in the Kyrgyz Republic were considered.

**Key words:** agricultural sector, agriculture, development, prospects, production, products, increases, crop production, livestock production, market, optimization.

